*"ШАЙТАНДЫН ТУЗАГЫ"* БЕСТСЕЛЛЕРИНИН АВТОРУ

# ДЖОН БИВЕР

# УРМАТ-СЫЙ ҮЧҮН СЫЙЛЫК

Бул унутулган жакшылыктын күчүн ачкыла

Кымбаттуу досум,

Урмат-сый биздин күнүмдүк жашообузда дээрлик жок болуп бараткан касиет болсо да, ал дагы эле жүрөгүбүздү козгоп, бизди шыктандырган күчкө ээ. Урмат-сый деген түшүнүк биздин замандын эң атактуу кинотасмаларынын сюжетине жуурулуп, суктантат жана мактоого арзыйт. Бирок, бүгүнкү жашообузда Кудайдын планынын толуктугун кабыл алуу үчүн, бул маанилүү ачкыч кандай орунду ээлеп турат?

Урмат деген сизге Кудай сиздин алууңузду каалаган чоң сыйлыктарды алып келет. Жалпысынан алганда, унутулуп калган бул принциптин жаңы идеясы, Кудай белгилеген жана жашооңуз үчүн каалаган нерселердин бардыгын алууга жардам берет.

Урматты түшүнүү, кабыл алуу жана колдонуу аркылуу сиз Кудайдын баалуулуктар системасын ачып жана урмат-сыйдын Автору болгон Кудайдын жүрөгүнө ого бетер жакындайсыз.

Мен сизге **MessengerX.com** сайтынан бул темадагы мультимедиа ресурстарын изилдеп, аларды башкалар менен бөлүшүүнү сунуштайм.

Жашооңузду иш-аракеттер менен толтуруңуз, ичиңиздеги улуулукту ойготуңуз!

Сиз менен биргеликте,



MessengerX.com

Джон Бивер
JohnBevere@ymail.com

MESSENGER
INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

“Урмат-сый үчүн сыйлык”, Кудай өзгөчө маани берген жана Ыйсанын жолдоочулары катары биздин жүрөгүбүздөн куюлуп турушу керек болгон сапаттар тууралуу бардык суроолоруңарга жооп берет.

– Джойс Майер

“Урмат-сый үчүн сыйлык” деген китепти окугандан кийин, мен китептин автору Джон Бивердин өзүн китепте берилген маселени мыкты түшүнгөн библиялык мугалим жана өзгөчө таланттуу жазуучу катары сыйлагым келет. Урматтоо биздин жүрөгүбүздүн маселеси экенин ырастап, Джон окурманды адамдык мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүн ачып берген саякатка алып чыгып, ар бирибизди мол сыйлыктарга алып бара турган бул маанилүү рухий принциптерди чагылдырган жолдор менен жашоого шыктандырат.

– Брайан Хьюстон

«Урмат-сый үчүн сыйлык» китебин биринчи жолу окуганда, мен жыйындарга, никелерге, үй-бүлөлөргө жана ишканаларга олуттуу таасир эте турган шедеврди кармап турганымды түшүндүм. Бул азыркы жана келечектеги жашоодо абалга, алга жылууга жана ийгиликке карата ачкыч. Джон Бивер, бул сиздин азыркы учурдагы эң мыкты ишиңиз!

– Джентэзин Франклин

ДЖОН БИВЕР

# УРМАТ-СЫЙ ҮЧҮН СЫЙЛЫК

ДЖОН БИВЕР

# УРМАТ-СЫЙ ҮЧҮН СЫЙЛЫК

Бул унутулган жакшылыктын күчүн ачкыла

**Honor’s Reward,** by John Bevere, Kyrgyz
© 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Originally published in English as Honor’s Reward

Additional resources in Kyrgyz by John and Lisa Bevere are available
for free download and video streaming at
**MessengerX.com** and on the **MessengerX** App
To contact the Author: JohnBevere@ymail.com

This book is a gift from Messenger International and is
NOT FOR SALE

**«Урмат-сый үчүн сыйлык»,** Джон Бивер, кыргыз тилинде
Автордук укук © 2021 Messenger International
MessengerInternational.org
Алгач англис тилинде «Honor’s Reward» деген аталышта жарыяланган.

Бекер жүктөп алуу жана агым үчүн
**MessengerX.com** сайтында жана **MessengerX** колдонмосунда Джон менен
Лиза Биверлердин кыргыз тилиндеги кошумча булактары бар
Байланыш үчүн автордун электрондук почтасы: JohnBevere@ymail.com

Бул китеп «Мессенджер Интернэшнл» эл аралык уюмунун белеги
жана САТУУГА БОЛБОЙТ.

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store бул АКШда жана башка өлкөлөрдө катталган Apple Inc компаниясынын соода
белгиси.
Google Play жана Google Play логотиби Google LLCтин соода белгилери.

# МАЗМУНУ


1 Сыйлыктар 9

2 Жарым-жартылай сыйлык же сыйлыгы жок 19

3 Толук сыйлык 29

4 Кеп лидерде эмес 39

5 Бийлик 49

6 Катаал бийлик 63

7 Жарандык жетекчилерди сыйлоо 73

8 Светтик лидерлерди урматтоо 89

9 Үйдөгү лидерлерди урматтоо 99

10 Жыйындагы лидерлерди урматтоо 115

11 Кош урмат 131

12 Бирдей деңгээлдегилерди урматтоо 149

13 Бизге ишенип берилгендерди урматтоо 163

14 Үйдөгү урмат-сый – балдар 177

15 Үйдө - аялды урматтоо 189

16 Баарын сыйлагыла 201

17 Кудайды даңктоо 209

Колдонмо 225

# 1-бөлүм

# Сыйлыктар

Урмат-сый. Жыйырма биринчи кылымда бул дээрлик жок болуп бара жаткан касиет, бирок ошого карабастан, анда биздин жүрөгүбүздү козгоого жөндөмдүү болгон күч бар. Урмат-сыйды көрсөтө билген фильмдердин каармандары көзүбүзгө жаш алдырат, анткени биз мында кайраттуулуктун жана курмандыктын бар экендигин көрөбүз. Улуу блокбастерлердин баарында кадырлоо жана урмат-сый түшүнүгү дээрлик ар бир сюжетке жуурулушкан. Биз кинодогу кайталангыс касиетти кубануу менен кол чаба кубаттайбыз, бирок биздин жашообузда мунун баары кайда? Кадимки эле жашоонун бир бөлүгү болуп калышы керек болгон нерсе, күтүүсүздөн эле биздин муунга жат нерсе болуп калды.

Мен Кудайдын уулдары менен кыздарындагы урмат-сый кантип калыбына келгендигин көргүм келет. Ал Теңирден жакшылык алуунун эң маанилүү ачкычы болуп саналат. Дал ушул себептен улам, биздин жаныбыздын душманы баарына ээ, бирок ал чыныгы урматтоо күчүн калтырып койгон. Сый-урмат өзү менен кошо улуу сыйлыктарды алып келет: ал сыйлыктар, Кудай ар бир адам үчүн даярдаган сыйлыктар. Алар биздин жашообузда да улуу күчкө ээ.

Сиз урматтоого татыктуу баардык нерсенин Автору болгон, Кудайдын жүрөгүнө жакындата турган сапардын башында турасыз. Мен бул ачыкка чыккан чындыктар сиздин жашооңузга терең жана практикалык таасирин тийгизсин деп сыйынам. Көптөгөн адамдар бул сабактарды өтө кеч үйрөнүштү. Мына ошондуктан да, элчи Жакан минтип эскертет:

"Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды толук алышыбыз үчүн, өзүңөргө сак болгула".

– Экинчи Жакан 1:8.

Жакан бул сөздөрдү жазганда улгайып калган эле, ал жарым кылым артка кылчайып караган ("Кларктын комментарийлери", Abingdon Press; 1977; Accordion 6.6). Биздин эле жыргалчылыгыбыз үчүн, ал бүгүн да бизге эскертип турат. Жакан сыноолордун жылдарында топтолгон тажрыйбага ээ болгон. Ал узак жана бактылуу өмүр сүргөн адамдардын катарына кирген. Ишенимдүүлүк жана күчтүүлүк менен ал сыяктуу каармандардын ишенимдүү басып өтүп келген жери - уникалдуу. Мен муну «чоң аталардын» же «чоң энелердин майлоосу" деп атайм: качан алар сүйлөгөндө, акылдуулар угушат.

Жыйырма беш жыл бою мен бул Кудайдын адамдарынын айрымдары менен баарлашуудан ырахат алдым. Булар өз өмүрүндө эң жакшы кызмат кылган жана чыккан тепкичинен ишти билүү менен артка кылчая ала турган кабарчылар. Алар кээ бир жалпы сапаттарга ээ болгон тажрыйбалуу ардагерлер, биз алардын үчөөнү карайбыз. Биринчиси, алар инстинкт менен жүрөктөрүн эң маанилүү нерселерге арнашат. Алар бош нерселерге убакыт коротпойт. Экинчиси, алар маанилүү нерселерди бир нече сөз менен гана айтышат. Үчүнчүдөн, алар салмагы бар гана сөздөрдү тандашат жана айтышат. Алардын өтө сейрек кездешүүчү фразалары, артында ушунчалык узун жана окуяларга бай өмүр жолу жок башка бирөө айткан сөздөргө караганда алда канча маанилүү. Бир убакта мен бул тажрыйбалуу ардагерлердин айткан бир же эки сүйлөмү жөнүндө айлар бою ойлоноорумду байкадым.

Жогоруда айтылгандардын баарын эске алганда, элчи Жакан ушул бир сүйлөмдө көп нерсени айткан деп айтууга болот. Чынында, мен көп жылдар бою анын шыктандыруучу сөздөрүнүн үстүнөн ойлонуп көрдүм жана дагы деле алардан ачылыштарды алууну улантып жатам. Келгиле, анын эскертүүсүнүн ар бир сөз айкашын өзүнчө карап көрөлү.

## Өз мурастарыңарды жоготпогула

Ал «Өзүңө сак бол» деген сөз менен баштаган. Жакан ар бирибизди өзүбүздү текшерүүдө жана өзүбүздү байкоодо этият болууга үндөйт. Анын

сөздөрү өжөрдүк менен айтылгандай сезилет, бирок ошол эле учурда Жакандын кабары үстүртөн кабыл алынбашы керек, бул жөнүндө олуттуу ойлонуу керек.

Биз эмненин үстүнөн эмгектенген болсок, ошолорду жоготпош үчүн, өзгөчө этият болушубуз керек. Көрсө, биз жигерденген мээнет менен алганды жоготуп алышыбыз мүмкүн экен. Элестетсеңиз, фермер кол куушурбастан, талыкпай иштеп жатат. Ал күндүн ысыгында иштейт, топуракты таштан, түшүмгө тоскоол болгон бардык таштандылардан тазалайт. Талааны тазалагандан кийин, жерди айдап, себүүгө даярдай баштайт. Себүүнү бүткөндөн кийин да ал күнү бою иштейт, үрөн өсүп чыгышы үчүн жагымдуу шарттарды түзөт: жерди семиртет, отоо чөптөрдү жулуп, үрөндөрдү сугарат. Үрөндөр жер бетине өсүп чыкканда да дыйкан талааны зыянкечтерден коргоо үчүн ишин уланта берет. Бирок, элестетип көрсөңүз, оруу-жыюу башталардан бир нече жума мурун, ал күтүлбөгөн жерден чарчап калат да, баарын таштап коёт. Ал бекер эле иштеген болот, анткени эң акыркы учурда ал бүт түшүмүн жоготот. Же, балким, бороон келе жатат, бирок дыйкан эскертүүнү көрүп деле, аны да тоготпойт. Катачылыгы ага бардык кыйынчылыктарды алып келет. Акыркы чечүүчү учурда чечкинсиздигин көрсөткөндүктөн, убакытты, акчаны, энергияны, пайдасыз чыгымдарга короткон болот.

Кандай бизнесмен компанияны куруу үчүн бир нече жылын сарптап, аны акыр-аягы бир нече туура эмес чечимдер үчүн жоготуп коймок эле? Бул да трагедия. Эки учурда тең туура эмес чечимдерден улам, оор эмгектин бардык натыйжалары бир заматта жок болуп кетет.

Мына ошондуктан, Ыйык Жазуу бизди кайра-кайра оң жакка чакырат: «Акырына чейин чыдаган» (Мт 10:22; 24:13; Марк 13:13). Анан дагы: «Баштапкы ишенимибизди акырына чейин бекем сактаганда гана Машайак менен катышыбыз болот” (Эвр. 3:14) жана дагы: «Ким жеңип чыгып, Менин иштеримди аягына чейин аткарса” (Аян 2:26) тизме жана да улана берет. Машайакчылык жөн эле кыска аралыкка чуркоо эмес, бул чыдамкайлыктын чуркоосу. Ошондуктан, чуркообузду кантип баштаганыбыз эмес, аны кантип аяктаарыбыз маанилүү. Кандайча бүтөрүбүздү биздин чечимдерибиз аныктайт, эмнени тандайбыз жана чечимдер эреже боюнча бүткүл жолдун жүрүшүндө калыптанат.

## Жашоону аныктоочу көз ирмемдер

Менин уулдарымдын биринде бир жолу ушундай окуя болгон. Ал мага такыр жакпаган нерсени кылгысы келди. Ал менин анын иш-аракеттерин жактырбай турганымды билчү, бирок ошентсе да, ал өзү үчүн чечим кабыл алууга жашы жеткендиктен, акыркы сөз анда болмок. Убакыт өттү, ага берген кеңешимди мен айткандай кылбаганын билдим. Биз аны менен жолугуштук да, анын кылгандарын талкуулоого отурдук. Мен ага: «Тандоону сен кылышың керек болчу, бирок мен учурдан пайдаланып сага үйрөткүм келет» деп түшүндүрдүм.

Жаш падыша Рехабам, кошулгандан көп өтпөй, аксакалдарынан: «Сенин атаң биздин мойнубузга оор моюнтурук салган, эми сен атаң жүктөгөн оор жумушту, мойнубузга салган оор моюнтурукту жеңилдет, ошондо биз сага кызмат кылабыз» (1 Падышалар 12: 4) дегенди укту.

«Рехабам падыша атасы Сулайман тирүү кезинде анын алдында жүргөн карыялар менен кеңешип: «Бул элге эмне деп жооп берейин? Кандай кеңеш бересиңер?» – деди. Алар ага: «Эгер сен ушул күнү бул элге кул болуп, аларга кызмат кылсаң, аларды ыраазы кылсаң, аларга жакшы сөздөрдү айтсаң, анда алар түбөлүккө сага кул болушат», – деп айтышты” (1 Пад. 12:6, 7).

“Бирок ал карылардын айткан кеңешин четке какты. Ал өзү менен бирге өскөн, алдында кызмат кылган жаштар менен кеңешти. Аны менен бирге өскөн жаштар ага мындай дешти: «“Атаң мойнубузга оор моюнтурук салган, сен аны жеңилдет”, – деп айткан элге: “Менин чыпалагым атамдын белинен жоонураак. Атам силердин мойнуңарга оор моюнтурук салып эзген болсо, мен аны андан бетер оорлотом. Атам силерди камчы менен жазалаган, а мен силерди тикенек менен жазалайм”, – деп айт» (1 Падышалар 12: 8,10,11).

Жаш падыша Рехабам досторунун кеңешине баш ийип, кесепеттүү натыйжаларга алып келген. Анын атасы Сулайман курган падышачылык чачыранды болуп, падышачылыктын алтыдан беш бөлүгү темир муштумдан үзүлгөндүктөн, Ысрайылдын он эки уруусунан ону тынымсыз кылынган. Бир туура эмес чечим анын бүт жашоосунда көрүнүп турду.

Анан уулума: “Кел, кайра артка баралы. Балким, көп жылдар бою ханзаада Рехабам жана анын достору атасы Сулайман менен анын аксакалдарынын кеңешин шылдыңдап четке кагышкандыр. Алар падыша сарайынын жашыруун бөлмөлөрүндө бир-бирден стакан шарап ичип,

акылсыз жана модалуу эмес деп эсептеген кеңештерин шылдыңдап, тамашалашкандыр. Балким, Рехабамга ар кандай ойлор келген чыгар: «Мен ханзаада болуп турганда унчукпайм, бирок падыша болгондон кийин, бул акылсыз карылардын бир да кеңешин укпайм.” Ал ханзаада болуп турганда, анын чечими Аксакалдардын акылмандыгын этибарга албоо жана баалабоо эч нерсеге турган эмес болчу. Ал оюн эчак эле башталганын жана бир күнү өзүн акылдуу деп эсептеп, ал таптакыр келесоо болорун түшүнгөн эмес. Маанилүү чечим кабыл алуу үчүн, ал акылдуу кеңештерди угууну маанилүү адатка айландырган жок.»

Анан мен уулума: «Баарыбыздын жашообузда маанилүү чечимдерди кабыл алуу керек болгон учурлар болот. Алар ачык китептин тесттерине окшош, бирок экзаменди тапшырдыкпы же өтпөй калдыкпы, ал бүткүчө түшүнө албайбыз. Уулум, сен бул жолу менин кеңешиме кулак салбадың жана бул сага эчтекеге турган жок. Бирок, маанилүү чечимди кабыл ала турган күн келет. Эгерде сен буга чейин акылдуу кеңештерди угууну адатка айландырсаң, анда сен аларды оңой ээрчип, чоң сыйлык ала аласың».

Келгиле, менин уулумдан четтеп, башка мисалды карап көрөлү. Ысрайылдын уулдары Кудайдын сөзүн угууну өзүлөрүндөгү адатка айландырышкан эмес. Ал аларды кулчулуктан бошотту, бирок алар дайыма нараазы болуп, Ага каршы чыгышты. Кээде алардын жүрүм -туруму дээрлик байкалбай калган, дээрлик жазаланбаган учурлар болгон. Алардын козголоңу эч нерсеге арзыбаган учурлар болгон. Бирок, алар кайра-кайра мүнөздүү жүрүм-турумдарды иштеп чыгышкан. Акыр-аягы, маанилүү чечимдерди кабыл алуу зарыл болгон учурлар болгон. Аларга Кудай алдын ала белгилеп койгон Ханаан жерин байкаштырып келүү үчүн он эки чалгынчы жиберилген. Чалгынчылар терс отчёт менен кайтып келишти, алар чоочуп кетишти жана бүт жамаат мурдагы адатынча эле арыздана баштады, бирок алардын бул жолку жүрүм-туруму аларга абдан кымбатка түштү. Алар эми эч качан убада кылынган жерге кире алышмак эмес жана өмүрүнүн акырына чейин ээн талаада тентип жүрүшкөн. Чечүүчү учурга келгенде алар көптөн бери иштеп келген нерселеринин бардыгын жоготушту. Алардын жоготконун эми эч нерсе кайтара албайт болчу. Өз сыйлыгын көрүшкөнүнө карабай, алар аны ала алышкан эмес, Рехабам өмүрүнүн аягына чейин он урууну жоготкондой эле, андан кийинки бардык муундардын өмүрүн да жоготкон. Кары-жаш үчүн бул жерде абдан маанилүү сабак бар: биз

Кудайды жөн эле укпашыбыз керек, биз Анын жүрөгүн багындырышыбыз керек. Ошондо биз Анын көрсөтмөсүн жөн эле мыйзам катары кабыл алып койбостон, андагы акылмандыкты көрөбүз. Жаш ханзаада Рехабам эч качан атасынын жана аксакалдардын жүрөгүн багынта алган эмес. Ысрайылдыктардын улуу мууну Кудайдын эмне кылып жатканын көрө алышпады, Анын жүрөгү алар үчүн эмнени эңсеп жатканын түшүнүшпөдү, ошондуктан бардыгын жоготушту.

Эми тыйындын экинчи жагына карап көрөлү. Ыйык Жазууда адамдар Кудайдын жүрөгүн көрүп, акылмандык менен маанилүү чечимдерди чыгарууну адат кылган мисалдар бар. Жашоо үчүн маанилүү учурлар келгенде, алар туура чечимдерди кабыл алып, чоң сыйлыктарды алышкан.

Эмгегиңиздин үзүрүн жоготпоонун эң оңой жолу - Кудайдын кеңешин урматтоону адат кылып алуу. Күн сайын биз тандоо жана чечим чыгарышыбыз керек болгон жагдайларга туш болобуз. Артка кылчайып, өтө маанилүү болгон көз ирмемдерди көрө турган күн келет, бирок эгер биз Кудайга жаккан адатты калыптандыра алсак, анда биз туура иш кылабыз жана кийин сыйлыгыбызды көрөбүз.

## Сыйлыктар

Келгиле, Жакандын кийинки ойлоруна өтөлү жана муну түшүнүүбүздү жеңилдетүү үчүн, аятты бүт бойдон карап көрөлү: «Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды толук алышыбыз үчүн, өзүңөргө сак болгула» (2 Жакан 8). Байкасаңар, Кудай Өзүн издегендерге сыйлык берет (Эвр. 11: 6ны карагыла). Биз бул чындыкты жүрөгүбүздүн түпкүрүндө тамырлатышыбыз керек. Чынында, Ал бергенди жакшы көрөт. Ал өзүн Ыбрайымга кантип таанытты? «Бул окуялардан кийин, Теңир Ыбрамга көрүнүш аркылуу мындай деди: «Коркпогун, Ыбрам, Мен сенин калканыңмын, сенин сыйлыгың абдан чоң» (Башталыш 15: 10).

Ал: «Мен сенин ... сенин сыйлыгың абдан чоң» деп айтты. Мына сага, кандай гана башталыш?! 18-Забурда (9,12-аяттарда.) мындай деп айтылат: «Теңирдин буйруктары адилет, жүрөктү кубантат. ...Аларды сактагандарга чоң сыйлык «56-забурдан Мындай деп окуйбуз: «Мага ырайым кылуучу Кудайды, бардыгынан жогору турган Кудайды чакырып жатам. Мага пайда келтирүүчү жана сыйлык берүүчү Кудай!»

Кудай сыйлык берет жана Ал балдарына сыйлык берүүнү жакшы көрөт. Төрт уулдун атасы катары мен бул ырахатты жарым -жартылай татып көрдүм. Мен балдарымдын көздөрү ыраазычылык менен жаркыраганын көрүүнү жакшы көрөм, алар өзүлөрүнүн туура тандоосу үчүн сыйлык алганда, канчалык сүйүнгөндөрүн көрүүнү жакшы көрөм. Анткен менен, мен жаман жүрүм-турумду сыйлоо эң акылдуу чечимден алыс экенин түшүндүм. Сыйлыкка татыксыздарды, аны жакшы иштери менен ала албагандарды сыйлоо менен, сыйлыктын күчүн жок кылып жибересиңер, ал эми сыйлоо – бул пайдалуу нерсе. Менин балдарым менин аларды жакшы көрөрүмдү билишет, бирок жылдан жылга алар сүйүү менен ыраазы болуунун айырмасын түшүнүүгө үйрөнүштү. Кудай ар бирибизди сүйөт, Анын сүйүүсү жеткилең. Ошентсе да, бул - биздин жүрүм-турумубузга толугу менен нааразы боло турган мындай учурлар болбойт дегенди билдирбейт. Кудай Өзүнө жаккандарды, Анын насааттарын уккандарды сыйлайт. Эскертүү Жакан мындай дейт: «Сыйлыкты толук алуу үчүн.» Мен бул аяттын үстүнөн ой жүгүртүп жаткан мезгилимде сөз толугу менен мага түзмө-түз секирип келгендей болду. Мен ойлодум: «Эгерде толук сыйлык болсо, анда жарым-жартылай сыйлык да бар, ал тургай андай сыйлык такыр жок». (Эсиңизде болсун, биз азыр куткарылуу жөнүндө эмес, сыйлык жөнүндө айтып жатабыз.) Мен ойлонууну улантып жатып, Жакан негизинен эки окуя жөнүндө айтып жатат деген жыйынтыкка келдим. Биринчиси: Машаяктын сот тактысынын орду. Пабыл мындай дейт:

> «Ошондуктан биз кайраттуубуз, денеден чыгып, Теңирдин жанына барууну артык көрөбүз».
>
> – 2 Кор. 5:8

Биз билебиз, Пабыл бул жерде бүт адамзатка кайрылган эмес, анткени эгер ишенбеген адам денеден чыгып кетсе, анда ал Теңир менен жашабайт, бирок тозокко түшөт. Катуу угулушу мүмкүн, бирок бул чындык. Ыйса бул дүйнөгө бизди соттоо үчүн эмес, куткаруу үчүн келген. Дүйнө бизди түбөлүк өлүмгө берген Адамдын айынан айыпталган болчу (Жакан 3:17, 18 карагыла). Ким Ыйса Машаякты кабыл алса гана, бүт өмүрүн Ага арнаса гана, жердеги денелерин таштап кеткенде, Теңирдин алдында жашайт. Пабыл ишенгендерге кайрылуусун улантууда:

> Денебизде жашап жатсак да, денебизден чыгып кете турган болсок да, Теңирге жагууга аракеттенип жатабыз. Анткени денеде жашап жүргөндө кылган жаман же жакшы иштерибизге жараша тиешебизди алуу үчүн, баарыбыз Машайактын сот тактысынын алдына келишибиз керек.
>
> – 2 Корунттуктар 5:9, 10

Ар бир ишенген адам Машаяктын Сотунун алдына келет. Ошол күнү ар бирибиз жер жүзүндө кыска убакыттын ичинде кылган иштерибизге жараша алабыз. Азыркы англисче котормо мындай дейт: «ар бирибиз татыктуулугубузга жараша алабыз». Биз күнөөлөрүбүз үчүн соттолбойбуз, анткени Ыйсанын каны күнөөнүн жазасын алып салуу менен бизди күнөөдөн жууп салган. Жерде кандай жашаганыбызга жараша сыйлык алабыз же, тескерисинче, аны жоготобуз. Биздин иштерибиз, сөздөрүбүз, ойлорубуз, ал тургай ниеттерибиз да Анын Сөзүнүн жарыгында сыналат. Биз жашообузду курган убактылуу нерселер жок болуп кетет, биз алар үчүн эч кандай сыйлык албайбыз жана түбөлүктүүлүк өлбөс сыйлыкка айланат (1 Кор. 3:14, 15ти карагыла).

Биз бардыгын жоготобуз же сыйлык алабыз. Чынында, баары төмөндөгүдөй болуп көрүнөт:

“Ал эми кимдин иши күйүп кетсе, ал зыян тартат. Өзү куткарылат, бирок оттон чыккандай куткарылат” же Ыйса Машаяк менен тактыда түбөлүккө отурабыз (1 Кор. 3:15ти карагыла; Аян 3:21). Айырмасы абдан чоң. Биринчи учурда, биз таптакыр сыйлык албайбыз; экинчисинде, биз толук сыйлык алабыз, ал эми жарым-жартылай сыйлык ортодо калат. Сот отурумунда чыгарыла турган чечим «түбөлүк сот» деп аталат (Эврейлер 6:1, 2 карагыла), бул эч кандай өзгөрүү, түзөтүү болбойт дегенди билдирет. Ошондуктан, биз “Машаяктын айкаш жыгачына карата кандай иш-аракет кылганыбыз түбөлүктүүлүктү кайда өткөрөрүбүздү аныктайт” деген тыянак чыгарсак болот. Ишенгендер катары биздин жашообуз түбөлүктүүлүктү кантип өткөрөрүбүздү аныктайт.

Ошондуктан, Жазууда түбөлүк сот жана сыйлык жөнүндө эмне деп жазылганын так билүү абдан маанилүү. Бул билим Машаяктын эң жөнөкөй же баштапкы окутуусу катары сүрөттөлөт. Башталгыч класстарда пайдубал окуу, жазуу, математика ж.б.у.с. кирпичтер менен куюлат. Башталгыч билими жок, жазууну, окууну, саноону, көбөйтүүнү жана кемитүүнү билбей туруп, орто мектепте же институтта окууну элестетүү

мүмкүнбү? Мүмкүн эмес. Бирок, көптөгөн ишенгендер Машаяктын окуулары жөнүндө алгачкы билимге ээ болбостон туруп эле, Машаяктык жашоосун куруугa аракет кылышат. Бул суроо ушунчалык маанилүү болгондуктан, мага бул маселенин бардык деталдарын майда-чүйдөсүнө чейин сүрөттөгөн «Түбөлүктүүлүккө жетектелгендер» деген китепти жазууга түрткү болду. Мен бул китепти окууну сунуштайм.

## Жердеги жашоо

Биз Кудайга жаккан адаттар Сотто сыйлык убадасына ээ экенин аныктадык, бирок алардын батасы бизге жердеги жашообузда эле жетет. Биз:

> «...ал эми такыбаалык бардык нерсеге пайдалуу, анда азыркы жана келечектеги жашоо үчүн убадалар камтылган” дегенди окуйбуз».
>
> – 1 Тим. 4:8

Эгерде биз Атабыздын нускамаларын аткара турган болсок, анда Ал бизди азыр да, анан да, сыйлап турганды каалайт. Анын көрсөтмөлөрүн аткарсак, анда-санда бизге сыйлык бергиси келет. Бизге: «Ошентип, адил адамга жер үстүндө өз тиешеси берилет” (Накыл сөздөр 11:31) деп айтылган. Асманда гана эмес, жерде дагы. Анан биз: «Адил адамдар жакшылык менен сыйланышат», - деп окуйбуз (Накыл сөздөр 13:22). Жакып баса муну белгилейт: «Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла! Ар кандай жакшы нерсе, ар кандай жеткилең белек жогорудан, жарыктын Атасынан келет» (Жакып 1:16, 17).

Жакшы нерселер Кудайдан келет. Кудайга кандайдыр бир жаман жана кыйраткыч нерсени жармаштырбагыла, Ал жалаң гана жакшыны берет. Теңир сени бул жерде жана азыр белектери менен сыйлагысы келет. Анын сыйлыгы терс натыйжаларга алып келбейт.

Бизге: «Теңирдин батасы - байытат жана кайгы алып келбейт» (Накыл сөздөр 10:22) жана «Ишенимдүү адам батага бай» (Накыл сөздөр 28:20) деп айтылат. Батага бай деген “толук сыйлык” дегенди билдирет.

Мен элчи Жакандын сөздөрүн тереңирээк ойлонууну улантып жатып, мындай деп ойлодум: «Биз толук сыйлык алышыбыз керек, же жарым-жартылай же таптакыр сыйлык албайбыз, демек, бул сыйлыктардын

баары биздин жердеги жашообузга да тиешелүү деп ойлоо акылга сыярлык». Эгерде сиз Ыйса Машаяктын жашоосун жакшылап карасак, бул чындык экени айкын болот. Ал жерде жүргөндө, адамдар менен жолукканда, кээ бирлери жарым -жартылай сыйлык алышкан, кээ бирлери таптакыр эч нерсе алышкан эмес, кээ бирлери толук сыйлык алышкан.

Келгиле, ар бир ишти өзүнчө карап көрөлү жана тигил же бул иштин кандайча пайда болгонун байкап көрөлү, ошондо Анын биз үчүн эмнелерди даярдаганын көрөбүз.

# 2-БӨЛҮМ

# Жарым-жартылай сыйлык же сыйлыгы жок

Назаретте убада кылынган Машаяктын келишин чыдамсыздык менен күтүп жатышкан; Ысрайыл Анын келишине даяр болчу, алар эмне болуп жатканын кылдаттык менен карап турушту, анткени убакыт келип, мезгил болуп калган болчу. Кудайдын эли азыркы машаякчыларга окшош болчу, анткени көбүбүз Анын экинчи келүү мезгилинин алдында жашап жатканыбызды билебиз. Ыйса бизге анын убактысын жана мөөнөтүн билерибизди, бирок күн менен саатты биле албашыбызды айткан. Ошондуктан, ысрайылдыктардын Машаяктын биринчи келүү мезгилин билиши таң калыштуу эмес. Даниел өзүнүн китебинде убакыт алкагын так аныктап берген (Дан. 9:24-26) жана мыйзамдын чечмелөөчүлөрү акылман кишилерге наристе Машаякты кайдан издөө керектигин айтышкан (Мт. 2:4тү карагыла). Алар убактысы келгенин билишкен, бирок Машаякка ээ болушкандан кийин адамдардын кызыктай реакциясын көрөбүз:

> Ал жерде эч кандай керемет көрсөтө алган жок, болгону бир
> нече оорулууларга колун коюп, аларды айыктырды.
>
> – Марктан Жакшы Кабар 6:5

«Ал жерде эч кандай керемет көрсөтө алган жок» деген сөздөргө көңүл буруңуздар. Бир нече жыл мурун бул Жазууну окуп жатып, мен бул сөз айкашына такалып калдым.

Мен минтип ойлодум: «Коё турсаңыз, «Ал жерде эч кандай керемет жасаган жок» деп жазылган эмес,» Ал жерде эч кандай керемет жасай алган эмес» деп ачык жазылган. Эгерде ал «жасаган эмес» деп жазса, мен эч кандай көңүл бурмак эмесмин, анткени сөз Анын жеке каалоосу жөнүндө болуп жатканы түшүнүктүү болмок. Бирок, бул жерде "жасай алган эмес" деп жазылган, бул демек, Ыйсанын аракетин эмнедир кармап турган, Анын иш-аракеттерин түзмө-түз чектеген нерсе жөнүндө айтылып жатат. Башка котормолордо да бул чындыкка басым жасалат жана такталат. Мисалы, кеңейтилген котормодо: «Ал жерде эч кандай керемет көрсөтүүгө жөндөмсүз эле» деп жазылган.

Анда суроо туулат: эмне үчүн Ыйса Назаретте эч кандай керемет жасай алган эмес? Аны эмне кармады? Башка шаарларда Ал укмуштуудай кереметтерди жасаган: сокурлар көрүшкөн, дүлөйлөр уга башташкан, аксактар басa баштаган, өлгөндөр кайра тирилген. Бул жазылган мисалдардын а йрымдары гана. Көп учурда биз Жакшы Кабарларда Анын көптөгөн о оруларды жана дарттарды айыктырганын көрөбүз. Айырмасы эмнеде? Эмне үчүн Ал Өзүнүн кичи мекенинде бир нечесин гана айыктырган? Б из жоопту буга чейинки аяттардагы Назарет шаарынын тургундарынын сөздөрүнөн табабыз:

> Анда бул кайдан? Ага кандай акылмандык берилген жана мындай кереметтер кантип Анын колдору менен жасалат? Ал Мариямдын уулу, Жакыптын, Жүйүттүн жана Шымондун бир тууганы жыгач уста эмеспи? Анын эже-карындаштары да бул жерде, биздин арабызда эмеспи? Анан Ал тууралуу кызыгышты. Ыйса аларга минтип айтты: кадыр-баркы жок пайгамбар болбойт, бирок ал өз өлкөсүндө, туугандарында бааланбайт.
>
> – Марк. 6:2-4

Келгиле, эмне болуп жаткандыгын карап көрөлү. Ыйса Өзү өскөн шаарга кайрылып келет жана ишембиде Кудайдын элинин жыйналышына келет. Баары синагога чогулушту. Күтүлбөгөн жерден Ыйса ордунан туруп, төмөнкү сөздү окуйт: «Теңирдин Руху Менин үстүмдө, анткени Ал Мени майлады» (Лука 4:18).

Адамдар болуп жаткан сөздү билгендиктен, аны түшүнүштү. Алар бул үзүндүнү пайгамбарчылык китептердин бири болгон Ышайа пайгамбардын китебинен, келе жаткан Машаяк жөнүндө айтканын

көп жолу угушкан. Ушундай эле түрдө бизге тоодогу насаат же болбосо, «Асмандагы Атабыз» деген сыйынуу тааныш болгондуктан, биз андан ары эмне болоорун эң сонун билебиз.

Ыйса сөзүн минтип улантты: «...жакырларга Жакшы Кабар таратууга ... жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга боштондук жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга, Теңирдин ырайым кылуу жылын жарыя кылууга жиберди» (Лука 4:18-19).

Эми чогулгандардын баары түшүнө алышпаган бир гана нерсе бар эле: эмне үчүн Ыйык Жазууну тажрыйбалуу раввиндер эмес, алардын айылындагы эле бул билимсиз жаш жигит окуп жатат?

Анан күтүлбөгөн жерден эле бомба жарылгандай болуп, Ыйса китепти жаап, минтип жар салат: «Бүгүн Ыйык Жазуу аткарылды» (Лука 4:21), андан кийин Ал башка шаарларда жасалган улуу кереметтер жөнүндө айтат жана ушуну менен Анын күчтүү пайгамбарчылык кабары аяктайт.

Эмне? Ал баарын олуттуу айттыбы? Алар баарын туура уктубу? Ал чынында эле Ышайа пайгамбарчылык кылгандардын бири экенин айтты беле? Абсурд! Акылсыздык! Укмуштуудай ишенбестик менен адамдар бири-бирине: «Бул Ыйса! Ал эмне кылып жатат деги? Ал эмне деп жатат?»

Кээ бир энелердин: «Мындай болушу мүмкүн эмес! Ал менин уулум менен бир класста окуган» деп айтканын элестетип атам.

Дагы бир кадыр-барктуу айым: «Анын үй-бүлөсү биздин жаныбызда жашайт. Ал Бенжамин менен ойногон!” деп кошумчалашы мүмкүн.

Башкалар: «Ал бизге күнүгө тамактана турган үстөл жасап берген! Ал бизге отургучтарды жасап берген! Бул жыгач устанын уулу!” дешип жатты.

Ал эмнени айтып жатат: «Теңирдин Рухy менин үстүмдө», Ал Өзүн ким деп ойлойт?»

Бүгүн биз: “Ал менин балам менен футбол ойногон! Же менин кызым менен математикалык класста бирге окуган!» деп айтмакпыз. Байыркы Келишим боюнча өздөрүнүн түшүнүгүнө таянып, алар Машаяктын кантип келери жөнүндө жеке ойлоруна ээ болушкан. Бул жерде Ышайанын дагы бир тааныш үзүндүсү бар:

> Анткени бизге наристе төрөлдү, бизге Уул берилди.
> Бийлик кылуу Анын ийнинде,.. Дөөттүн тагында жана анын
> падышачылыгында Анын бийлиги жана тынчтык ... бүгүнкү
> күндөн тартып, түбөлүккө.
>
> – Ыш. 9:6, 7

Кудайдын эли улуу Падышаны, табияттан тыш акылман жана күчтүү жеңүүчү катары келе турган Падышаны күтүп жатышкан. Алар Андан Рим эзүүсүнөн бошотуп, көз карандысыз улутту түзөрүн күтүшкөн. Ал Дөөттүн тактысын алып, түбөлүктөн түбөлүккө падышалык кылат. Ал эми, Ыйса эл арасынан кадимки киши болуп келип, алар менен бир мектепте бирге окуп, башка балдар менен көчөдө ойноп-күлүп, Өзүнүн атасы менен эмерек жасап, ошондой эле мафиянын (салык жыйноочулардын), сойкулардын курчоосунда чоңойгондуктан, анан албетте Аны менен чогуу чоңойгондор сокур болуп калышкан да. Алар түшүнө алышпады, акылдарына сыйдыра алышпады. Алар бардык жерде: «Машаяктын келишин биз минтип элестеткен эмеспиз!» — деп кыйкырып жатышты.

Ыйса Машаяктын кичи мекениндеги адамдар «Бизге Уул берилди» деген пайгамбарчылык менен анын толук аткарылышынын ортосунда, «Анын бийлигинин жана дүйнөнүн көбөйүшүнө чек жок» деп айтылгандай, түшүнүшкөн жок, б.а. Машаяктын экинчи физикалык келиши бир нече миң жылдарды талап кылат.

Бул окуя Ыйык Жазуунун башка жерлери менен бирге түшүнүү кыйын болгон бир чындыкты ачып берет: көп учурда Кудай бизге керектүү нерселерди бизге жакпаган ороо менен жөнөтөт. Эмнеге? Ошентип, биз Анын Кудай экенин билебиз жана Анын иш-аракеттерин алдын ала биле албайбыз. Акылыбыз менен жооп таба албайбыз, Аны жана Анын белектерин чын жүрөктөн издөө керек.

Ыйык Жазууну адамдын чектелген түшүнүгү менен чечмелөө мүмкүн эмес. Кудайдын Рухунун деми болушу керек. Ал гана бизге акылман кеңештерди берет жана аны кантип туура колдонууну көрсөтөт.

## Чукул контраст

Мен дагы бир мисал келтирейин. Фарисейлер да, башкалар сыяктуу эле, күчтүү Машаякты - жеңүүчүнү, Кудайдын элин римдиктердин эзүүсүнөн бошоткон баатырды издешкен. Алар Анын келишин чыдамсыздык менен күткөн лидерлер эле; алар да Иерусалимде орнотулган жаңы падышачылыкты башкарабыз деп ойлошкон. Ошентип, Галилеядан билимсиз киши Ыйса келгенде, алар Аны шылдыңдап күлүштү, анткени Ал алардын Мессия жөнүндөгү түшүнүгүнө туура келбейт эле.

Ыйсага дайыма көп суроолорду беришкен. Бир жерден биз муну окуйбуз: «Фарисейлер Кудайдын Падышачылыгы качан келе тургандыгын сураганда, Ыйса мындай деп жооп берди: «Кудайдын Падышачылыгы көзгө көрүнбөй келет. “Мына, ал бул жерде” же “Тигине, ал тиги жерде”, – деп, эч ким айта албайт. Анткени Кудайдын Падышачылыгы силердин ичиңерде» (Лука 17:20, 21).

Фарисейлер дагы эле Ышайанын Машаяктын жердеги Падышачылыгы жөнүндөгү пайгамбарчылыгына кайрылышат. Алар да Кудайдын Рухунун жетекчилигине таянуунун ордуна, Ыйык Жазуудан өздөрүнүн чечмелөөлөрү боюнча Анын бейнесин тартып, Машаякты издешет. Алар Кудайды жүрөгү менен эмес, акылы менен таанышкан.

Салыштыруу үчүн, Машаяк менен жолугушууну каалаган дагы бир адамды карап көрөлү. Анын аты Шымыйон болчу. Лука мындай дейт:

> “Ошол убакта Иерусалимде Шымыйон деген адам жашачу. Ал Ысрайыл элинин сооронор мезгилин күтүп жүргөн, Кудайдан корккон, Ыйык Рухтун жетеги менен жашаган адил адам эле. Ага Ыйык Рух тарабынан: «Теңирдин Машайагын көрмөйүнчө, өлбөйсүң», – деп алдын ала айтылган эле. Ал Ыйык Рухтун жетеги менен ийбадатканага келди. Мыйзамды аткаруу үчүн, ата-энеси Наристе Ыйсаны ийбадатканага алып келишкенде, Шымыйон Аны колуна алып, Кудайды даңктап, мындай деди...”
>
> – Лука 2:25-28.

Жалпысынан Шымыйон кийинки сөздөрүн отуз күнгө араң келген баланы Машаяк деп жарыялоосу катары түшүндүрсө болот. Эми эң кызыктуу бөлүгү келет. Мына, отуз эле күндүк баланы Машаяк деп тааныган адам. Ошол эле учурда Назареттин баары Аны тааныбайт. Ал отуз жашка чыкканда жана адамзаттын тарыхында эч ким көрбөгөн кереметтерди жана жышаандарды көрсөтө баштаганда, фарисейлер Ага күлүшөт! Эмнеге? Анткени Кудай – Рух, Аны жана Анын жолдорун тааныгандар Аны Руху аркылуу таанып, чындыкты ачып бериши керек. Шымыйон менен башкалардын ортосунда чоң айырма бар жана биз бул айырманы ачык көрүшүбүз керек. Ыйык Рухтун ачылышы бизге эмне үчүн көп адамдар Кудайдан толук мурас ала албай турганын түшүнүүгө жардам берет.

# Урмат

Биринчиден, келгиле, Ыйсанын үйүндөгүлөрүнүн Анын кызматына жасаган мамилеси жөнүндө айткан сөздөрүн карап көрөлү. Ал: «Ыйса болсо аларга: «Пайгамбарды өз жеринде, өзүнүн туугандарынын арасында, өз үйүндө гана сыйлабайт», – деди»,- деп айткан (Марк 6:4).

Урмат – мына негизги сөз. Алар Аны урматташкан жок.

Урмат-сый грек сөзү - time («ти-ми» деп айтылат), мен бул сөзгө жана ага байланыштуу башкаларга көп изилдөө жасадым.

Мен көптөгөн грек сөздүктөрүн, комментарийлерин жана башка китептерди карап чыктым, алардан грек тили боюнча изилдөөлөрдү таптым. Мен ошондой эле, грек тилин мыкты билген адамдар менен сүйлөштүм, алардын бири Грецияда жашайт, анын үй-бүлөсү ишенгендердин төртүнчү мууну. Дагы бир кызматчы Улуу Британияда жашайт. Эми мен силерге бардык изилдөөлөрүмдү бириктирген аныктама бергим келет.

Убакыттын (урмат-сыйдын) эң жөнөкөй жана сөзмө-сөз аныктамасы “баалуулук”. Эгер кайсы бир грекке time деген сөздү айтсаң, ал «баалуу, кымбат, маңыздуу» нерсени, мисалы, алтынды элестетет. Ойлонуңуз – ар кандай нерселер салынган кутуга алтын салбайсыз, балким, ага сыйлуу орун табасыз. Ар-намыстын башка аныктамалары «жогору баалоо, кадырлоо, коркуу, урматтоо».

Кээде сөздү жакшыраак түшүнүү үчүн анын карама-каршы маанисин эске алуу керек. Урмат-сый сөзүнүн антоними – сыйлабастык. Грек сөзү atimia. Анын кээ бир аныктамалары: «сый жана урмат көрсөтпөө», «кадимки, катардагы бирөөдөй, малайдай мамиле кылуу». Эгер грекке сыйлабастык десең, ал жөнөкөй, жеңил, оңой эле буу болуп келип-кетүүчү нерсени ойлоп калат. Урматтабоонун күчтүүрөөк түрү уят жана кемсинтүүчү нерсе катары кабыл алынат.

Грек сөздүктөрүн жана түшүндүрмөлөрүн изилдеп чыккандан кийин, урмат-сый иш-аракет, сөз, ал тургай ой түрүндө да көрүнөөрүн түшүндүм. Бирок, чыныгы урмат дайыма жүрөктөн чыгат. Ошондуктан да, Кудай мындай дейт:

> «Бул эл Мага оозу менен жакындайт, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс. Үйрөнүп алган адамдык эрежелерин алар Менден коркуу деп эсептешет».
>
> – Ыш. 29:13

Байкасаңар, Кудай: «Алардын Мага болгон урмат-сыйы» дейт. Чыныгы урмат Кудайдан корккон жүрөктөн чыгат. Бул абдан маанилүү жана биз буга кийинчерээк дагы кайрылабыз.

Ыйса Назареттиктер Аны урматтабаганын, башкача айтканда, Өзүнүн кичи мекенинде Ага баа жана маани беришпегенин айткан. Алар Аны Кудайдын эркин аткаруу үчүн жиберилгенин билишкен эмес. Тескерисинче, алар Андан жөнөкөй адамды, жөнөкөй гана кошуна баланы көрүштү. Ошондуктан, алар жарым-жартылай гана сыйлык алышты. Ыйса ал жерде эч кандай керемет көрсөтө алган эмес. Ал жерде олуттуу эч нерсе болгон жок: балким, бир нече адам баш оорусунан, дагы бир нечеси артриттен айыгып, бир нече адам бел оорусунан кайра айыгып кеткендир.

Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө. Ыйса – Кудайдын Уулу, Адам Уулу, чексиз Ыйык Рухка толгон – оорулууларды жана шайтандын ээлигине кабылгандардын баарын айыктыруу үчүн жиберилген. Бирок, Ал Өзүнүн тапшырмасын аткара албайт, анткени Кудай ал шаарда жашагандардын баарын айыктырууну каалабагандыктан эмес, алар Ага тиешелүү урмат көрсөтпөй, Аны өздөрү чектеп койгондуктан улам ошондой болот. Алар ага карапайым жергиликтүү жигиттей мамиле кылышкан. Ошондуктан, алар өтө аз, жарым-жартылай гана сыйлык алышкан (бир нече гана оорулуулар айыгышкан).

## Эч кандай сыйлык жок абал

Жакшы Кабарлардан биз дагы Ыйса үйдө болуп жана көптөгөн окутуучуларды жана Ыйык Жазуунун окумуштууларын окуткан бир мисалды табабыз.

Бул кызматчылар Ыйсаны угуш үчүн Галилея менен Жүйүт жеринин бардык шаарларынан келишкен. Андан ары биз муну окуйбуз: «Теңирдин күчү оорулуулардын айыгуусу аркылуу көрүнүп жатты” (Лука 5:17).

Оорулуулар деген сөзүнө көңүл буруңуз – сөз ошол жерде болгон адамдар жөнүндө болуп жатат. Эми мен силерге чындыкты айтып коёюн: Кудай эч качан эч нерсени ысырап кылбайт. Ыйса адегенде төрт миң, андан кийин беш миң адамды тойгузганын эстегиле. Эки учурда тең эч нерсе жоголбошу үчүн бардык калдыктарды чогултууга катуу көрсөтмө берген.

Биздин көптөрүбүз ошол жерге таштап коймок болгон же таштанды челекке ыргыта турган нерселерди Ал чогулткан. Муну Ыйык Жазуунун бардык жеринен, Кудайдын иштеринде көрүүгө болот. Ал эч качан, эч нерсени текке кетирген эмес.

Ошентип, эгерде Теңирдин күчү фарисейлердин жана мыйзам окутуучулардын айыгуусунан көрүнсө, бул алардын жок дегенде бирөөсүнө, балким, көбүнө айыгууга зарыл болгон дегенди билдирет. Эми мен силерге өз тажрыйбамдан айтып берейин. Келгиле, биздин замандагы абалды элестетип көрөлү. Залга бир нече жүз кишини чогулткула, мынчалык чоң топто кеминде он киши, балким андан да көп түрдүү оорулар менен ооруган адамдар болот. Аларды айыктыруу үчүн Кудайдын күчү бар, бирок алардын бири да айыккан жок.

Кийинчерээк бир нече адам шал досун төшөгү менен алып келишти. Алар эшиктен кирүүгө аракет кылышкан, бирок ишке ашкан эмес, анткени өтмөктүн баарына эл толуп калган. Анан алар башкача жол менен жарып өтүүгө аракет кылышты. Багынгандын ордуна, алар чатырга чыгып, шыптын бир бөлүгүн жулуп алып, шалды Ыйсанын так эле бут алдына түшүрүштү. Анан муну окуйбуз: «Ыйса алардын ишенимин көрүп, ага: «Адам, сенин күнөөлөрүң кечирилди», – деди. Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер өз ара: «Кудайга акарат келтирген бул ким? Күнөөлөрдү бир Кудайдан башка ким кечире алат?» – дешти» (Лука 5:20, 21).

Луканын жазганына көңүл бурсаңар, фарисейлер «талкуулап сүйлөй башташкан». Келгиле, бир аз тереңирээк казып көрөлү. Бул жетекчилер бири-биринин кулагына шыбырап жатыштыбы? Же алар чакан топторго чогулуп, Ыйсанын сөздөрүн талкуулай башташтыбы? Кырдаалды тактоо үчүн, биз Матайдын Жакшы Кабарына кайрылышыбыз керек. Ал алардын «өз ара сүйлөшүшкөнүн» жазган (Матай 9:3). Демек, окутуучулар Ыйсаны өз ойлору менен гана урматтабаганын көрөбүз. Алар эч кандай уяттуу, сындаган, орунсуз сөздөрдү айтышкан жок, алар өз ойлору менен гана ойлошкон. Марк да алар «жүрөктөрүндө ойлонушкан» деп жазган (Марк 2:6). Ыйса алардын ойлоруна кандай жооп кайтарганын уккула:

> “Ошол замат Ыйса руху менен алардын оюн билип: «Эмне үчүн ушинтип ойлоп жатасыңар? Шал оорулууга кайсынысын айткан оңой: “Күнөөлөрүң кечирилди” дегенби же “Ордуңан туруп,

> төшөгүңдү ал да, баргын” дегенби? Бирок Адам Уулунун жер үстүндө күнөөлөрдү кечирүүгө бийлиги бар экенин билишиңер үчүн, – деди да, анан шал оорулууга – Сага айтамын: Ордуңан туруп, төшөгүңдү ал да, үйүңө бар», – деди”.
>
> – Марк 2:8-11

Заматта шал оорулу ордунан туруп, төшөктөрүн алып, бардык кызматчылардын көзүнчө үйдөн чыгып кетти. Ыйык Китепте бул жердеги насаатчылардын жана окутуучулардын баары «таң калып, Кудайды даңктап: «Биз мындайды эч качан көргөн эмеспиз!» — деп айтышканы айтылат. (Марк 2:12).

Алар таң калышты, бирок алардын бири да айыккан жок! Алар эч кандай сыйлык алышкан эмес, анткени алар жөн гана ойлорунда Ыйсаны урматташкан эмес. Бул учурда сөз жана иш эмес, үн чыгарып айтылбаган ойлор роль ойногон. Эсиңерде болсун, урматтоо жана урматтабоо иш менен да, сөз менен да, же ой менен да көрсөтүлүшү мүмкүн, бирок чыныгы урмат дайыма жүрөктөн чыгат.

Көптөгөн фарисейлер, мыйзам окутуучулар, китепчилер Ыйсаны урматтабоо адатын мурунтан эле калыптандырышкан. Алар Аны шылдыңдашты, жек көрүштү жана көп жолу эл алдында маскаралоого аракет кылышты. «Мыйзам окутуучулар менен фарисейлер Ыйсаны айыпташ үчүн шылтоо издеп... карап турушту» (Лука 6:7). Дагы бир жерде биз муну окуйбуз: «Алар Ыйсаны көзөмөлгө алып, адил адамдай көрүнгөн өз кишилерин жашыруун жөнөтүштү. Аны сөзүнөн кармап, башчылардын жана соттун колуна өткөрүп берүү үчүн...» (Лука 20:20). Бул жерде мындай эскертүүлөрдүн саналуусу гана, бирок чындыгында алар көп. Көрдүңөрбү, бул адамдар Ыйсаны урматтабай эле тим болбостон, жадагалса, Анын кадыр-баркына шек келтиргиси келген.

Назареттиктер Машаякты урматташкан эмес жана азыраак жарым-жартылай сыйлык алышкан. Фарисейлер болсо ойлорунда Ыйсаны жаманатты кылышкандыктан, эч кандай сыйлык алышкан эмес. Эми ошол сыйлыкты толугу менен алган адамдарды карап көрөлү, алардын сыйлыгы кандайдыр бир деңгээлде урматтоо принцибине байланыштуу болуп жүрбөсүн.

# 3-БӨЛҮМ

# Толук сыйлык

Кызматынын башталышында Ыйса Капернаумга келип, дароо римдик офицерге, жүз башыга жолугат, ал Машайактан өзүнүн шал оорусунан катуу кыйналып жаткан кулун айыктырышын суранат.

Ыйса макул болгон: «Мен келип, аны айыктырам» (Мт. 8:7).

Бирок, жүз башы мындай деди: «Теңир! Үйүмө кирүүңө мен татыксызмын. Сен бир ооз сөз айтсаң эле, менин кулум айыгат (Матай 8:8).

Коё турсаң, «татыксыз»? Бул жеңүүчү жеңилген менен сүйлөшүп жатат! Рим Израил элин басып алган. Эмне үчүн Римдик офицер жүйүт устага: «Сен менин үйүмө келишиңе татыксызмын» дейт? Бул АКШнын Аскер-деңиз флотунун полковниги Иректык сантехникке: “Мен сенин үйүмө келишиңе татыктуу эмесмин” дегенине эле окшош. Бул киши Ыйсаны кантип урматтап жатканын көрдүңөрбү? Мына, Рим жүз башысы бул жыгач уста чындыгында Ким экенин билет. Ал Ыйсага маанилүү адам катары мамиле кылат жана абдан урматтайт. Андан ары жоокер мындай деп түшүндүрөт: «Анткени мен да бийлик астындагы адаммын, бирок менин кол астымда да аскерлер бар. Алардын бирине: “кет”, – десем, кетет; дагы бирине: “кел”, – десем, келет; кулума: “муну кыл”, – десем, кылат» (Матай 8:9).

Алгач келгиле, бул офицердин наамына токтололу. Рим легионунун алты миң аскери жана бүт легиондун үстүнөн бир командири болгон. Алты миң легиондо алтымыш жүз башы бир башчыга баш ийген, ар бир жүз башыда жүздөн жоокер болгон. Ал Ыйсага анын сураганы кандайча

жана эмне себептен улам ишке ашарын түшүндүрөт. Анын жоокерлери аны урматтап, ага баш ийишкен, анткени ал өзүнүн бийлигине баш ийип, өз командирине чест берип турган. Ал өз кезегинде Римдин күчү менен бекемделген өзүнүн командачылыгынын колдоосун сезгенди жакшы көрчү. Жөнөкөй тил менен айтканда, мындай деп айтса болот: “Мен бийликке ээмин, анткени мен өз өлкөмдү жана өзүмдүн буйругумду сыйлайм, бийликке урмат көргөзөм. Ошентип, мен кыла турган нерсе сөз гана айтсам болду, ошондо менин көл алдымда тургандар менин бардык буйруктарымды токтоосуз аткарышат».

Анын биринчи сөзүнө көңүл бурсаңар: «Анткени мен дагы». Ал Кудайдын Ыйсанын үстүнөн бийлигин тааныйт, анткени бул жоокер аскер дүйнөсүндө бийликке ээ болгондой эле, көзгө көрүнбөгөн рухий Падышачылыкта Ыйсанын да бийлик жүргүзөрүн билген. Ошон үчүн жөнөкөй гана буйрук берүү керектигин жана оору ошондо баш ийүүсү керектигин түшүнгөн. Ал үчүн кол алдындагылар буйрукту канчалык тез кабыл алганы таптакыр маанилүү эмес. Ыйса кандай жооп кайтарганын карагыла:

Муну угуп таң калган Ыйса Өзүнүн артында келе жаткандарга мындай деди: «Мен силерге чындыкты айтып коёюн, Ысрайыл жеринен да мындай ишенимди таппадым. Матай 8:10

Түшүнүп жатасыңарбы? Ыйса бул римдик жоокердин Чөмүлдүрүүчү Жаканга караганда көбүрөөк ишенимге ээ экенин жарыялайт! Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө. Чөмүлдүрүүчү Жакан Израилден болот эмеспи. Андан ары карайлы: жүз башы Ыйсанын энеси Мариямга караганда көбүрөөк ишенимге ээ болгон. Ыйса Ысрайылда жашаган отуз жыл бою бул жүз башыдай ишенимге эч качан жолукпаганын айткан. Анан да Ыйса эч качан апырткан эмес.

Рим гражданы жана азыр израилдик оккупациянын тарабында турган Рим армиясынын жоокери чыныгы сыйлыкка ээ болууда.

Мен ишенген адаммын, силерди да ишенет деп үмүттөнөм, анткени ишенимсиз Кудайга жагууга мүмкүн эмес (Эвр. 11:6). Ыйык Жазууда: «Демек, ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз – Кудайдын сөзү» (Рим. 10:17) деп айтылат.

Чөмүлдүрүүчү Жакан бул римдик жүз башыга караганда Ыйык Жазууну көбүрөөк уккан, бирок ошого карабастан, жүз башы көбүрөөк ишенимге ээ болгон деп эсептейм. Менин оюмча (жана балким, мен

туура болсом керек) Мариям, Ыйсанын энеси, он эки шакирти жана Ыйса билген башка көптөгөн ысрайылдыктар римдик жоокерге караганда Кудайдын Сөзүн көбүрөөк уккан, бирок римдик жоокердин ишеними тигилердин баарынын ишенимине караганда алда канча көбүрөөк болгон. Анын ишенимин эмне мынчалык чоң кылган? Ыйсага болгон урмат-сыйы жана анын бийлик жөнүндөгү түшүнүгү. Луканын Жакшы Кабарынын 17-бөлүмүнөн (5-10) биз ишенимди Кудайдын Сөзүн угуу эле жаратпастан, ал сөзсүз түрдө урмат-сый жана бийликти таануу менен коштолушу керектигин көрөбүз.

Бийликтин маңызын барктап, түшүнгөндүктөн бул адам өзүнүн сыйлыгын толук алды. Бийликке болгон мамилеси анын жүрөгүндө урмат-сый бар экенин көрсөтүп турат. Демек, анын мотивациясынын түбүндө намыс турган.

## Баш тартпаган аял

Марктын Жакшы Кабарынын жетинчи бөлүмүндө биз Ыйсага жардам сурап келген грек аял, туулгандан сирофиникиялык аялдын окуясын окуйбуз. Ыйык Жазууда анын кызынан жинди кууп чыгышын ал тынбастан сураганы айтылат. Бул деген Ыйса анын биринчи өтүнүчүн укпай, экинчисин да укпай койгонун билдирет. Кыязы, ал ага көп жолу кайрылган. Ал аны карап да койгон жок окшойт. Бирок, ал сурай берди. “Ал үмүтүн үзгөн жок, анан акырында мындай жооп алды: Бирок, Ыйса аялга: «Адегенде балдар тойсун. Анткени балдардын нанын тартып алып, иттерге ыргыткан жакшы эмес», – деди” (Марк 7:27).

Бул аятты өзүңүз каалагандай чечмелесеңиз болот, бирок мааниси бирдей эле. Ыйса аны ит деп атаган! Мен бул аял америкалык болбой калгандыгына абдан кубанычтамын. Болбосо, Ыйсага ушундай жаман сөздөрдү угууга туура келмек. Ал мындай кордук үчүн жарылып кетмек: «Эмне! Сен мени ит деп жатасыңбы? Сен деги кандай кызматчысың? Сен эмнеге мени кордойсуң? Мен жардам сурап келдим, анан алганым ушулбу? Ооба, бул жерде расизм жыттанып жатат! Мен грек, сен еврей болгонуң үчүн эле, сен мени ит деп айтууга укугуң бар деп ойлойсуңбу!? Бул кордоо! Сен бул жерде жардамчыларың менен отурасың да, анан кызы үчүн Сага жалынып-жалбарып келген муктаж аялга көңүл бурбайсың! Сен насааттап айтып жаткан сүйүүң кайда? Анан, албетте, бул жерде эл жок, таң калтыра турган эч ким жок, бир гана Сен жана Сенин

жардамчыларың бар, азыр мен Сенин ким экениңди көрүп турам. Сен эки жүздүү экенсиң, мага жетишет! Мен бул жерден кетем!» демек.

Эгерде ал жаңжал кыла баштаганда, анда анын кызы эч качан айыгып кетпейт эле. Ал эч кандай сыйлыксыз кетип калмак. Бирок, аял өзүн таптакыр башкача алып жүрдү. Тескерисинче, ал Аны менен макул болду жана ушул абалда ал өз сыйлыгын алды: «... «Ооба, ошондой, Теңир! Бирок иттер да балдар жеген нандын үстөлдүн астына түшкөн күкүмдөрүн жешет», – деп жооп берди. Ошондо Ыйса ага: «Ушул сөзүң үчүн үйүңө бара бер. Сенин кызыңдын ичинен жин чыгып кетти», – деди» (Марк 7:28, 29).

Мен Ыйсанын бул бутпарас аялдын ишенимине суктанып, жылмайып, башын чайкап жатканын көрүп турам. Кантип Ал андан баш тарта алмак эле?

Ал аялга кызын жин таштап кеткенин айтат, ал үйүнө барып, кызын боштондукта табат!

Эгерде ал пассивдүү же таарынчаак болгондо, сыйлыкка болгон бүткүл үмүтүн жоготмок. Ал Ыйсанын ким экенин билген жана өзүнүн урматтоосунан бир секунд да оолактабаган. Ал өжөрлүк менен жардам сурай берген, мейли, кордолгондой көрүнгөнүнө карабай, кетип калган жок, сөгүнүп-сагынган жок. Ал туруктуулугу үчүн толук сыйлык алды.

Кызыктуусу, эки учурда тең биз Ыбрайым менен түзүлгөн келишимге кирбеген бутпарастардын укмуштуудай ишенимин көрөбүз. Жүз башы менен грек аял ишеними менен Ыйсаны таң калтырышкан. Алар жөн гана көбүнчө биздин коомубузда өтө көп четке кагылган, көңүл бурулбай жаткан принциптерди түшүнүп, айласыз кырдаалдын ортосунда, алар экөө тең сый-урмат көрсөтүп, сыйлыгын толук алышкан.

## Урматтоо принциби

Эгер Жакшы Кабарга кылдаттык менен карасаңар, адамдардын толук же жарым-жартылай, такыр эле сыйлык албаган башка көптөгөн мисалдарын көрөсүңөр. Ар бир мисал уникалдуу болуп саналат жана өз жолу менен берилген урмат-сыйдын даражасын чагылдырат. Кээ бирөөлөр Ыйсага жетиштүү урмат-сый жана кадырлоо көрсөтпөсө, башкалары Аны чын жүрөктөн урматташкан, үчүнчүлөрү ачык эле сыйлабастык кылып жана урмат көрсөтүшпөгөн. Текстте урмат жөнүндө

ачык айтылбаса да, принцип дагы деле иштейт, бул рухий мыйзам, ал жөнүндө Кудай мындай деген:

> Мени даңктагандарды Мен даңктайм, ал эми Мени кордогондор уятка калышат.
>
> – 1 Падышалар 2:30

Урмат-сый - бейиштин маанилүү ачкычы. Мага жогорудагы аятта айтылган «урмат принциби» жагат. Кудайды урматтагандарды Ал да сыйлайт. Бул принцип ушундайча иштейт. Ыйсаны урматтагандардын баары, көрсөткөн урматтарына жараша, асмандан керектүү-муктаж болгон нерселерди алышкан. Бул тууралуу ойлонуп көргүлөчү: кулу айыгып, кызы боштондукка чыкты, бирок андан тышкары, азырга чейин алардын тандоосун, ишенимин даңазалап жаткан биз барбыз!

Ыйык Китептин англисче котормосунда: «Мен Мени даңктагандарды даңктайм». - *Болжолдуу котормо.*

Бул принцип Пасах майрамынын алдындагы эпизоддо өзгөчө айкын чагылдырылган. Ыйса Бетаниядагы пес оорулуу Шымондун үйүндө болчу. Ыйса бардыгы менен дасторкон үстүндө отурганда, Ага абдан кымбат май куюлган алебастр идиш менен бир аял келди. Бул кымбат жыпар жыттуу майдын баасы карапайым жумушчунун бир жылдык эмгек акысы эле. Ал Ыйсанын бутуна көз жашын төгүп, аларды чачы менен аарчыды, анан идишти ачып, Ыйсанын башына бардык майды куйду.

Ал Ыйсаны мол майлоо менен урматтаган, бирок үйдөгүлөрдүн баары эле кубанган жок: «Ошондо кээ бирөөлөр ачууланышып, өз ара: «Жыпар жыттуу майды мынча ысырап кылуунун эмне кереги бар эле? Аны үч жүздөн ашык динарийге сатып, жакырларга таратып берсе болмок да», – дешти» (Марк 14:4).

Сыртынан караганда, алардын аргументтери кыйла жүйөлүү жана ынанымдуу көрүнүшү мүмкүн. Машайакчылар жакырларды ойлоп, ошол эле учурда ошол жерде болуп жаткан дагы бир көрүнүштү коё беришти. Аларда асман менен жерди жараткан Кудайды даңктоого, Анын Уулу Ыйсаны урматтоого мүмкүнчүлүктөрү бар болчу. Устат аларды кантип катуу жемелеп жатканын уксаңар:

> Аны жөн койгула; эмнеге аны уялтып жатасыңар? Ал Мага жакшылык кылды. Анткени жакырлар, качан кааласаңар,

> ар дайым жаныңарда болот, силер аларга жакшылык кыла аласыңар; бирок Мен силерде дайыма эле боло бербейм. «Бул аял колунан келгенин кылды. Мени көргө коюуга даярдаш үчүн, алдын ала денемди майлады. Силерге чындыкты айтып коёюн, бул Жакшы Кабар дүйнөнүн кайсы гана жеринде таратылбасын, бул аял эске алынып, анын кылганы жөнүндө да айтылат».
>
> – Марк 14:6-9.

Мына сага! Анын аны кантип мактаганын уктуңарбы силер? Ыйсанын убагында көптөр улуу иштерди кылышкан, бирок Ал ага окшотуп эч кимди сыйлаган эмес. Ыйса анын жакшы жана сонун урматтуу иш-аракети Жакшы Кабар таратылган бардык жерде айтыларын, ошол убакта гана эмес, түбөлүккө муундан-муунга чейин айтыларын пайгамбарчылык кылган.

Ал Устатты сыйлагысы келди, бирок ага май куюп, өзү Устататтын урматына ээ болду. Урмат-сый принциби дайыма кабыл алынат жана иштей берет. Кудай мындай дейт: «Мени урматтагандарды Мен урматтайм, ал эми Мени баркка албагандарды уятка калтырам» (1 Шемуел 2:30). Ал уятка калат. NIV котормосунда уят деген сөз колдонулат, ал «кимдир бирөө башка бирөөнүн көңүл буруусуна жана урматтоосуна татыксыз абал» дегенди билдирет. Кудай Аны урматтабагандар Анын көңүл буруусуна татыксыз деп эсептейт. Алардын муктаждыктарына жана сыйынууларына көңүл бурбайт деп да айта алабыз.

Ыйсанын: «Мен жибергенди кабыл алган адам Мени кабыл алган болот», - деп айтканын уккула (Жакан 13:20). Ыйса айткандай, бирөөнү кабыл алуу Аны урматтоо дегенди билдирет. Ошентип, Ыйса: «Мени урматтаган адам Мени жиберген Атамды сыйлайт», - дейт. Ошондуктан, Ал бизге: «Уулун урматтабаган адам Аны жиберген Атаны да урматтабайт» (Жакан 5:23) деп айткан.

Ыйсаны урматтагандар, өзүлөрү аны билбей туруп эле, Атаны да урматташкан. Ыйса: «Адамдардан даңк кабыл албайм» (Жакан 5:41) деген; Ал жүрөгү менен, ойлору менен Атага бардык даңкты берген. Ал али даңазалана элек болчу. Бирок, Ал даңкталаар замат: Атасы дароо мындай тапшырма берген: «Кудайдын бардык периштелери Ага табынышсын» (Эвр. 1:6) жана дагы: «Оо, Кудай, Сенин тактың түбөлүктүү, Сенин Падышалыгыңдын таягы – адилеттик таягы» (Эвр. 1:8; Флп. 2:8—10 ду

карагыла). Ал даңкталгандан кийин, Ага да Атага табынгандай табынышкан.

Бирок, Ыйса жер бетинде жүргөндө, Ал Адам Уулу катары жашап жана кызмат кылган. Филипиликтерге жазылган катта (2: 6, 7) Ыйык Китептин кеңейтилген котормосу мындай дейт: «Ал Кудайдын бейнеси болгонуна карабастан... кул кейпин кийип, адамга окшош болуп, сырткы көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты (бардык артыкчылыктарынан жана тиешелүү болгон кадыр-баркынан баш тартты)». Адам катары жүрүп, Ал Өзүнө көрсөтүлгөн урмат-сыйдын баарын Атасына берген. Ошондуктан, Ал айыктырган адамдарга дайыма: «Эч кимге айтпа, сак бол, өзүңдү ыйык кызмат кылуучуга көрсөт жана аларга күбөлөндүрүү катары Муса буйруган белекти бер», деп айткан (Матай 4:8). Анан дагы бир жолу окуйбуз: «Ыйса аларга катуу айтты: карагыла, эч ким билбесин» (Мф. 9:30), ушуга окшош сөздөрдү биз Жакшы Кабардын бардык жеринен кездештиребиз.

Ыйсанын жерде Атасы менен болгон мамилеси болгондуктан, ар бир адам үчүн Атасын урматтоонун эң жакшы жолу – Анын Уулуна туура мамиле кылуу. Ошол үчүн Анын бутуна кымбат баалуу май куюп, Өзүн сыйлаган аялды Ал эч качан жекирген эмес. Ал Өзүн урматтагандарды эч качан ашкерелеген эмес, тескерисинче, Ал Атасы менен болгон байланышын урматтагандыктары үчүн аларды даңктаган. Ал Өзү үчүн сый-урмат издебегенин, тескерисинче, Өзү жиберилген адамдар үчүн сый-урматтын принцибин түзгөнүн түшүнгүлө.

## Урматтын агымы

Айкаш жыгачка кадалганга чейин эле Ыйса Ал кеткенден кийин Анын кызматы кандай улана тургандыгы жөнүндө терең тыянак чыгарган:

> “Сага айтып коёюн, “Теңирдин атынан Келе Жатканга даңк!”
> деп айта турган убакыт келгенге чейин, Мени көрбөйсүң».
>
> – Лука 13:35

Башкача айтканда: «Теңирдин атынан Келгенге даңк!” деп айткан Мен сага жиберген адамдарды таанымайынча, Мени көрбөйсүңөр”. Же болбосо: «Менин ысымым менен жибергендерди урматтамайынча, Мени тааный албайсыңар» деп айтса болот. «Токтой тургула да, бул жерди ойлонуп көргүлө. Ыйса Ал жибергендерди таанып, урматтаганыбызда гана пайда болоорун айткан. Эмне үчүн? Ыйса бул

суроого Ыйык Жазуунун башка жеринде жооп берет. Мындай сөздөрдүн бири: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мен жиберген адамды кабыл алса (урматтаса), ал Мени кабыл алган (урматтаган) болот. Ал эми Мени кабыл алган (урматтаган) адам Мени жиберген Кудайды кабыл алган (урматтаган) болот» (Жакан 13:20).

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен, урматтоо принцибин жашообузга кантип колдонсо болору жөнүндө Ыйсанын андан ары эмне деп айтканын карагыла:

> Сени кабыл алган Мени кабыл алган болот, ал эми Мени кабыл алган Мени жибергенди кабыл алган болот; ким пайгамбарды пайгамбардын атынан кабыл алса, пайгамбардын сыйлыгын алат; ал эми ким адил адамды адил адамдын атынан кабыл алса, ал адилдердин сыйлыгын алат. Ким бул кичинекейлердин бирине шакиртинин атынан бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге бир чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыгын жоготпойт.
>
> – Матай 10:40-42

Маанисин өзгөртпөстөн, бул аяттарда кабыл алуу жана ичүү деген сөздөрдүн ордуна урмат деген сөздү коёюн. Ким силерди урматтаса, ал Мени урматтайт, ал эми ким Мени урматтаса, ал Мени Жибергенди сыйлайт; ким пайгамбарды пайгамбардын атынан урматтаса, пайгамбардын сыйлыгын алат; Ал эми, ким адил адамды адил адамдын атынан урматтаса, ал адилдердин сыйлыгын алат. Ал эми, ким бул кичинекейлердин бирин шакиртинин атынан бир чөйчөк муздак суу менен гана сыйласа, силерге чындыкты айтып коёюн, ал өз сыйлыгын жоготпойт.

Бул аяттардагы көрсөтүлгөн сый-урматтын түзүлүшүн жакшыраак түшүнүү үчүн, эки негизги нерсеге көңүл буруу керек. Биринчиден, Кудайдын Падышалыгында бийлик түзүмү бар. Ал Атадан башталып, Ыйсага, - Ал Кимди жиберип жана бардык бийликти берген болсо, Ошого барат.

Тирилгенден кийин Ыйса: «Асмандагы жана жердеги бардык бийлик Мага берилди»,-деп айткан (Мт. 28:18). Ал Жыйындын Башчысы жана Ал Падышалыкты Атасына өткөрүп бере турган күн келет, Ал бардык душмандарды Өзүнүн бут алдына түшүрөт (1 Кор. 15:24-26).

Падышалыктагы бийлик иерархиясынын кийинкиси болуп пайгамбар турат. Ыйса бул сөздөрдү Жаңы Келишимге ээ болбогон адамдарга айтканын унутпагыла. Алар биз билген терминологияны жана сөз

айкаштарын билишкен эмес, ошондуктан, Ал алар түшүнө турган тилде сүйлөдү. Байыркы Келишимдеги пайгамбарлар Теңирдин өкүлдөрү катары иш кылышкан (Чыг. 4:16,7:1).

Эврейлерге жазылган кат (1:1,2) мындай деп ырастайт: «Буга чейин ата-бабаларыбызга пайгамбарлар аркылуу ар кандай жолдор менен сүйлөп келген Кудай акыркы күндөрдө бизге Уулу аркылуу сүйлөдү. Ал аркылуу Кудай ааламды жараткан жана Аны баарына мураскор кылып дайындаган». Жаңы Келишимде Ыйса өлгөндөрдүн арасынан тирилип жана асманга көтөрүлгөндө: “Ал бирөөлөрдү элчи, бирөөлөрдү пайгамбар, бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратуучу, бирөөлөрдү Жыйын башчысы жана окутуучу кылып дайындады” (Эф. 4:11).

Эгерде Ыйса бүгүн бизге кайрылса, анда Ал мындай деп айтса керектир эле: «Ким Элчини Элчинин атынан урматтаса, Элчинин сыйлыгын алат; Ал эми ким пастордун атынан урматтаса, ал пастордун сыйлыгын алат». Ошол эле нерсе пайгамбарларга, Жакшы Кабар таратуучуларга жана окутуучуларга да тиешелүү болот.

Матайдан Жакшы Кабар онунчу бөлүмүндө Ыйса пайгамбарларды (же башкача айтканда, жетекчилерди) урматтоодон адил адамдарга өтүп, андан соң «кичинекейлерди» урматтоо менен аяктайт. Ал ишенгендер тигил же бул жол менен туш болгон бийликтин бардык деңгээлин камтыйт жана биздин камкордукка же бийликке баш ийген адамдар менен аяктайт. Биз тигил же бул жол менен кесилишкен ар бир адам, тигил же бул тизмеленген топко кирет.

Ошентип, биз экинчи негизги пунктка келдик. Биз өзүбүздөн жогору тургандарды сыйласак, сыйлык алабыз. Биз менен бир деңгээлдегилерди сыйласак (теңдеш катары), сыйлык алабыз. Акырында, эгерде биздин колубузда тургандарды сыйласак же.

Камкордук кылсак, биз сыйлык алабыз. Биз эмне деп айтканыбыз эстегиле: «Менин атымдан жибергендерди урматтаганга чейин Мени көрбөйсүңөр». Эгерде бул сөздөрдү Матайдын Жакшы Кабарындагы саптар менен айкалыштырсак, анда биз үч деңгээлдин ар бири асмандан укмуштуудай сыйлыктарды тартып жатканын табабыз. Мындан тышкары, бул сыйлыктар ар дайым өздөрү менен бирге Ыйсанын ким экендиги жөнүндө улуу ачылыштарды алып жүрөт. Мына ушунун өзү китептин калган бөлүгү үчүн биздин фокусубуз (көңүл чордону) болот.

# 4-БӨЛҮМ

# Кеп лидерде эмес

Биринчи үч бөлүмдө биз Теңирден бир нерсе алгыбыз келгенде урмат-сый канчалык маанилүү роль ойнорун аныктоо үчүн, Ыйык Жазуудагы көптөгөн аяттарды карап чыктык. Кыскача кайталай турган болсок: элчи Жакан бизди тырышчаактык менен толук сыйлыкка умтулуп жашоого үндөйт. Ал «толук сыйлыкка» умтулуу зарылдыгын баса белгилеп жаткан соң, демек, сыйлыктын жарым-жартылайы да бар, ошондой эле сыйлыктын таптакыр жок болуу ыктымалдыгы да бар. Ыйсанын кызматында биз Ага болгон мамилесине (б.а. Ага канчалык урмат көрсөткөнүнө) жараша толук сыйлык алгандар да, жарым-жартылай сыйлык алгандар да, эч кандай сыйлык албагандар да болгонун көрдүк.

Кетээр алдында Ыйса: «Мен кетем, силер Менин атымдан Кимди жиберсем, Ошону урматтамайынынаңарча, Мени көрбөйсүңөр»,— деп айткан (Лука 13:35, автордун фразасы). Ошентип, Ыйса бизге эгерде биз жол башчыны урматтай турган болсок, Кудай жолбашчы аркылуу бергиси келген сыйлыкты аларыбызды айтат. Бирок, биз башка ишенгендерге да, акыр-аягында биздин бийлигибиздин алдында тургандарга да урмат көрсөтүшүбүз керек. Биз алгач ким бийликке ээ болсо, ошолорго кайрылабыз, андан кийин гана кийинки бөлүмдөрдө калган эки деңгээлге токтолобуз.

## Биздин күндөрдөн мисалдар

Мен жеке өзүм көп кыдырып, Жакшы Кабарды тараткан кызматчыларды билем. Биринчиден, мен жубайлар Т. Л. жана Дейзи

Осборндордун командасын белгилегим келет. Биз Лиза экөөбүз алар менен сексенинчи жылдардын ортосунда көп жолу кызмат кылуу сыймыгына ээ болдук. Ошол күндөрү мен сегиз миң мүчөсү бар жыйында иштечүмүн. Менин милдетим насаатчылардын конокторун тосуп алуу болчу. Осборндор бизге ар кандай иш-чараларга келишчү, ошондуктан алар менен тез-тез баарлашууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Биз дос болуп, кат жазышып, бири-бирибизге чала баштадык. Эки жолу Т. Л. мага кийим-кече менен посылка жөнөттү, биз аны менен бирдей өлчөмдө киебиз. Ал алиге чейин менин ишенимдеги каармандарымдын бири.

Ошол убакта, Т. Л. жана Дейзи миллиондогон адамдардын жанын куткарууга алып келишкен эле. Алар дүйнө жүзү боюнча, телевидение аркылуу эмес, ачык аймактарда өткөргөн крусейддерде ал иштерди кылышкан. Алар крусейддердин көбүн Африкада өткөрүшкөн. Чогулуштарга 50 миңден 250 миңге чейин адамдар келишкен.

Ар бир жолугушууда көптөгөн сокурлардын көзү ачылган. Жыйналышка сокур болуп келген адамдар, ал жактан көздөрү көрүп кетип жатышты! Бирок, бул айсбергдин үстү гана. Жүздөгөн дүлөйлөр угуп кетишти; көп адамдар айыккыс оорулардан айыгып кетишти; кызматка замбилдер менен алынып келинген көптөгөн майыптар төшөктөрүн өзүлөрү көтөрүп, ден соолугун чыңдап кетишти. Осборн бир тууган жолугушууларында, өзгөчө Африкада болгон айыктыруу кереметтерин сүрөттөгөн көптөгөн китептерди жазган.

Анын таржымалдарынан эсимде калган эң таасирдүү окуялардын бири - Африкадагы жолугушуулардын учурунда Дейзиге кайрылган аял жөнүндө. Ал башынан бери төшөккө оролгон өзүнүн өлүк баласын колуна кармап турган. Апасы баласын Дейзиге берип, котормочу аркылуу анын тирилүүсү үчүн сыйынуусун суранат. Дейзи жуурканга оролгон наристенин кичинекей денесин алып, жөнөкөй гана сыйынуу менен сыйына баштады.

Бир нече секунддан кийин ал наристенин кыймылдап баштаганын сезип, анын жөтөлүп, чүчкүргөнүн укту. Жуурканды ачып караганда, ал эркек баланын ага типтирүү жана баёо көздөрү менен карап жатканын көрдү.

Дейзи баланы жаап, апасына берди. Апасы жуурканды көтөрүп, анын жүзүнө карап, сүйүнүп кыйкыра баштады. Дейзи уялып, баласынын жөтөлүп, чүчкүргөнүн укканда аял эмнеге минтип кыйкырбаганына таң калды. Эмнеге ал жуурканды көтөрүп, наристени караганда гана мынчалык катуу сүйүнө баштады?

Дейзи котормочу аркылуу аялдан бул тууралуу сурады. Ошондо эне минтип жооп берди: «Балам бир көздүү төрөлгөн эле. Экинчи көздүн ордунда бош көздүн оюгу гана бар эле. Эми азыр аны ачып караганымда, мен анын эки сулуу көздөрү менен мени карап турганын көрдүм!

Биздин тирилген Куткаруучубуз Ыйса Машаяктын атынан алар жасаган улуу иштердин башка да көптөгөн укмуштуу окуялары бар.

Менин дагы бир досум бар, ал Африкада, өзгөчө Эфиопия менен Суданда көп жолу крест жортуулдарын жасаган. Анын жыйындарына 50 миңден 200 миңге чейин адам келип, алардын жүздөгөнү айыгып, көзү азиздер көрүп, дүлөй кулактар ачылган.

Бир нече жыл мурун ал мага эң б и р укмуштуу окуяны айтып берди. Ал жолугушууларды өткөргөн Афри к анын райондорунун биринде «маймыл адам» деп аталган киши б ар эле. Ага жиндер ушунчалык көп кирип алгандыктан, аны эч ким ба шкара алган эмес. Ал бак-дарактардын арасында жашачу, дайыма жылаңач, төрт буту менен басчу. Анын колдору буттарындай катуу жана туурулга н эле. Аны бир нече жергиликтүү тургундар аяп, байлап, жыйынга алып келишкен. Досум мага минтип айтты:

«Джон, мен көп адамдарга насаат айтып жаткан элем, күтүлбөгөн жерден бул кишинин асманга 8 фу т тай секирип барып жана күтүлбөгөн жерден жерге кулап түшкөнүн көр д үм. Ал кыймылдаган жок. Мен ал өлгөн экен деп ойлодум. Бирок, а л эртеси күнү костюмун кийип, мага сахнага чыгып, Кудай аны кантип эркиндикке чыгарганы тууралуу күбөлөндүрдү. Бул «маймыл адам» болчу.

Бул окуядан кийин эл он миңден ж үз миңге чейин көбөйгөнүн, анткени ал жердегилердин баары “ маймыл адамды” таанышкандыгын айтты. Бул адамдардын баары туткунду жиндердин күчтөрүнөн бошоткон Кудайдын Сөзүн уккусу келген.

Мен мындай кереметтерди көргөн аялдар менен эркектердин, өзгөчө Африканын окуяларын чексиз айтып бере бермекмин. Бирок, кеп мына ушунда, ошол эле кызматчылар Америкага же Батыш өлкөлөрүнө кайтып келүүдө; Ошол эле адам, ошол эле насаат, ошол эле майлоо, ошол эле кызмат ыкмалары, анан алардын кызматтарында бир нече эле адамдар баш оорудан, бел оорусунан жана артриттен айыгышат. Эмнеге? Бардыгы урмат деген түшүнүктүн айланасында! Кээ бир өлкөлөрдө мен айткан досторума чоң урмат-сый менен мамиле кылышат. Аларды Теңир жиберген адамдар катары карашат жана аларга падышалардай мамиле кылышат.

## Сен Кудайдын адамысың да, туурабы?

Бир нече жолу Африкада, Кения, Зимбабве, Ангола жана башка өлкөлөрдө кызмат кылдым. Ал жерден мени тосуп алгандагы мамилелерден мага ыңгайсыз да болду (алардын уятына эмес, мен жөн эле ыңгайсыз болдум). Мага маңдайында падыша тургандай мамиле кылышты. Мени эң мыкты мейманканаларга жайгаштырышты жана бул алар үчүн чоң каржылык курмандык экенин билем. Алар менин бардык буюмдарымды, атүгүл Ыйык Китепти да көтөрүп жүрүштү. Мага эң жакшы тамактарды беришти, эң жакшы адамдар мага кызмат кылышты.

Бир нече миңдеген аудиторияга насаат айткандан кийин мени кондиционерленген бөлмөгө алып барышкан учур эсимде (мындай жолугушууларда кондиционери бар бөлмөлөр сейрек кездешет).

Бир нече адамдардын курчоосунда турган бир аял жаныма кызмат кылуу үчүн келди. Чөгөлөп, башын ийип, ал чоң чылапчынды кармап турду, ошол учурда дагы бир аял колун жууш үчүн кумураны кармап келди. Колумду жуугандан кийин дагы бир аял келип

сүлгү менен колумду кургатты. Алар мага артыкча урмат көрсөтүүү менен, эң жакшысын арнашты.

Аял менин алдымда чөгөлөп турганда, өзүмдү абдан ыңгайсыз сезип, минтип ойлодум:

«Мен колумду өзүм жууйм; муну кылуунун кереги жок.» Бирок Ыйык Рух мага катуу эскертти:

«Баш тартуу жөнүндө ойлоп да койбо. Алардын сага кызмат кылышына мүмкүнчүлүк бер.

Урмат-сый көрсөтүү менен табынуунун айырмасы бар. Түбөлүк жана кылымдардан кылымдарга биз Кудайыбызга, Теңирибизге жана Падышабызга гана сыйынабыз. Бирок, биз сый-урматка татыктуу адамдарды түбөлүккө жана кылымдан кылымга сыйлайбыз. Бул Кудайдын Падышачылыгындагы тартип.

Эсимде, 1990-жылдары мен абдан белгилүү элчинин жетекчилерине насаат айтуу артыкчылыгына ээ болгонмун. Бул кишинин карамагындагы бардык жыйындарында беш миллионго жакын адам болгон. Анын жыйындары Африка континентинин он сегиз өлкөсүндө жайгашкан. Жыл сайын февраль айында ал бардык ага кайтаруучуларды чогултат (алар алты миң, бул чогулуштарда кайтаруучулардын жардамчылары жок).

Ал Америкадан жана башка континенттерден лидерлерди алар үчүн насаат айтууга чакырат. Бул бүтүндөй токсонунчу жылдардагы эң күчтүү кызматтардын бири болгондугу эсимде. Мен башка дүйнөдөн келген адамдай эле насаат айттым. Кудайдын катышуусу абдан күчтүү болчу.

Жолугушуулардын учурунда бир адам мага жогоруда айтып кеткенимдей эле кызмат кылды. Ал кеткенден кийин жетекчи мени карап: “Сага жаңы эле кызмат кылган адамды көрдүңбү? Ал бүткүл өлкөнүн эл аралык машайакчылар бирикмесинин башчысы болуп саналат»,- деди.

Мен таң калдым. Бир аз өзүмө келип, ишенбей минтип кобурадым: «А мунун баарын мен үчүн жасадыбы?» Мындай маанилүү кызматта отурган адам мага оңой эле кызмат кыла аларына ишене албадым. Аны менен бирге болуу мен үчүн абдан сыймык, андан да жакшыраагы ага мага кызмат кылууга мүмкүнчүлүк берүү.

Ошондо бул улуу элчи мени кунт коюп карап: «Сен Кудайдын кишисисиң да, туурабы?» — деди. Мен ошондо ойлодум: «Биз америкалыктар жөн гана түшүнбөйбүз.»

## Кабарчыны кандай кабыл алышат

Жыйырма жылдан ашык убакыттан бери мен жер кыдырып Кудай Сөзүн насааттап жүрөм. Мен ар дайым өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, түрмөлөрдө жана аскерий базаларда кызмат кылуу эң оңой деп эсептейм, анткени ал жакта көптөгөн кереметтер жана жышаандар болуп жатат; ал жерде насаат айтуу оңой жана Кудайдын күчтүү катышуусу бар. Эмнеге? Анткени, ал жакта көбүнчө кадыр-барк, бийликти терең урматтоо бар.

Эсимде, бир күнү мен кептин баары кызматчы катары менде эмес, кептин баары эл мени кандай кабыл алганында экенин көрдүм. Мен АКШнын түштүк-чыгышындагы жыйындардын биринде насаат айтмакмын. Ошол эле аймакта бир жарым миңдей күчөтүлгөн тартиптеги эркинен ажыратылган адамдар отурган абак бар болчу. Жыйындын улук кайтаруучусу да түрмөдөгү ыйык кызмат кылуучунун жардамчысы болгон. Ал менден жекшемби күнү эртең менен туткундарга насаат айтууну суранды. Алардын кызматы эртең мененки саат 8де, ал эми жыйындагы кызмат саат 11де башталды. Эки жолугушууга тең өз

убагында келүүгө жетиштүү убакыт болду. Мен кубануу менен макул болдум.

Жекшемби күнү эртең менен жыйналышка жүздөн ашык туткун келген. Сыйынуу укмуш болду: эркектер чын жүрөктөн ырдашты. Жыйындын аягында даңктоо тобунун башчысынан анын мөөнөтү канча деп сураганга чейин мен күчөтүлгөн тартиптеги абакта экенимди таптакыр унутуп калыпмын. Анын көздөрү ушунчалык тунук, жүзү шайыр болуп тургандыктан, мен андан эки-үч жыл деген жообун угам деп ойлогом.

Ал мага өзгөчө токтоолук жана кичи пейилдик менен карап туруп: «Таксыр, мен үч өмүр бою эркимен ажыратылгам» деди. Сөзсүз эле мен шок болдум. Ал мага айтып жеткис сый-урмат менен мамиле кылды. Мен алардын ар биринен дал ушундай мамилени сездим. Абактагылар башка шаардан бир кызматчынын келип, Ыйса жөнүндө айтып бергенге убакыт тапканына абдан кубанышты. Алар мага укмуштуудай сый көрсөтүштү, ошондуктан алардын кабыл алуусу мени абдан таасирлентти.

Микрофон колума тиери менен, мен башка дүйнөнүн адамындай окутуп, насаат айта баштадым. Майлоо ушунчалык күчтүү болгондуктан, күчкө толуп, командасын чемпиондук оюнга даярдап жаткан футбол машыктыруучусундай сахнаны айланып чуркап жүрдүм. Эркектер кыйкырып жиберип жатышты. Бул сонун убакыт болду!

Мен бир саат насаат айттым, андан кийин Ыйык Рух аудиторияга түшүп, кийинки бир жарым сааттын ичинде укмуштуудай окуялар болду. Адамдар куткарылып, Ыйык Рухка толуп, айыгып, толук убакыттагы кызматка чакырууну угуп жатышты.

Жолугушуунун аягында мени поезддерде коштоп жүргөн жардамчым келип, микрофонду алып, көзүнө жаш ала, кумарланган үнү менен: «Эгер мен ушул аймакта жашасам, бул менин жергиликтүү жыйыным болмок», - деди. Залда кубанычтын катуу кыйкырыгы көтөрүлүп, кишилер аябай сүйүнүштү.

Биз саат 10.30да абактан чыктык. Кайтаруучу, менин жардамчым жана мен абдан толкунданып калдык. Биз баарыбыз пастордун жыйынында күткөн сонун жолугушуунун башталышын күтө алган жокпуз. Мен: «Биз ушундай укмуштуудай жолугушууга катышкандан кийин, кийинки жолугушуу дагы да укмуштуудай болушу керек» дедим. Мен жөн гана биз кирээрибиз менен, биздин үстүбүздөгү даңк ошол жыйындагы жолугушууга дароо барарын билчүмүн.

Ошондогу окуяны эч качан унутпайм. Жыйынга киргенде мен араң эле сүйлөп калдым. Атмосфера ушунчалык оор жана эзгендей болгондуктан, насаат айтуу укмуштуудай кыйын болду. Мен дайыма ойлонуп жаттым:

«Бул кандайча, эки саатка жетпеген убакыт мурун башка дүйнөдөн келген адам катары насаат айтып, кызмат кылып жүрдүм эле. Эмне болуп жатат?». Эч кандай түшүнө албай, өзүмдүн ичимде эч нерсени өзгөртө албай, жылый албай жаттым. Мен өчүп калгандай болдум. Менин жашоомдогу майлоонун агымы күтүлбөгөн жерден чектелип калды. Ал кезде мен урмат-сый принцибинен кабарым жок болчу. Мен жөн эле үйрөнүп жаткам. Бирок, азыр мен аны баары билишин каалайм!

Абактагы чогулуштун окуясы ушуну менен эле бүтпөйт. 16 жылдан кийин менден Небраска штатындагы Омахадагы чоң жыйынга насаат айтууну суранышты. Ал жерде мени кандай мамиле күтүп турганын билген жокмун. Биринчи кызматта, жыйындын толук убакыттуу кызматчысы үн чыгарып кызмат кылып жатканын көрдүм Мен анын ошол түрмөдөгү жекшемби күнкү эрте мененки даңктоо тобунун жетекчиси экендигин тааныдым. Мен шок болуп калдым жана өзөгүмө чейин титиреп кеттим. Мен андан: «Ал жерден кантип чыгып кеттиң? Сен үч өмүр бою эркинен ажыратылган жана ырайым кылууга укугуң жок эмес белең?" деп сурадым.

Ал мага ошол кезде элестетүү кыйын болгон өзүнүн боштондукка чыгуу керемети жөнүндө айтып берди. Ал мага мындан он алты жыл мурун жолугушуу учурунда чогулуштун ортосунда ага айткан пайгамбарчылык сөзүмдү эстетти. Ал жолугушууда өзү үчүн айтылгандардын баарын кагазга түшүрүп алган. Түрмөдөгү кызмат тасмага түшүрүлгөн болчу. Ошентип, ал чогулушта ага карата айтылгандардын баарын кагазга түшүрүп алган. Ошол жылдар бою ал күндөлүк жазган. Ал мага күндөлүгүн карап чыгууга берди, мен түрмөдө ага айтканымдын баарын окуп чыктым. Кудай ага мен аркылуу анын Кудайдын Падышачылыгында толук убакыттагы кызматчы болорун айтты жана анын түрмөнүн төрт дубалындагы кызматы, болгону түрмөнүн дубалдарынын сыртындагы андан аркы кызматка даярдануу эле. Мен бул сөздөрдү анын үч өмүр бою эркинен ажыратылганын билгенге чейин айткам. Чогулушка чейин анын абалын билбегениме абдан сүйүндүм, антпесе өкүмдүн катаалдыгын билип туруп, мындай сөздөрдү айтуу мага кыйын болмок.

Ошол түрмөдөгү жолугушууда Кудайдын кыймылы канчалык күчтүү

болгонун көрө аласыңар, бирок бир саатка жетпеген убакыттан кийин, жыйындагы кийинки жолугушууда атмосфера укмуштуудай оор болуп, мен толугу менен оту жок калдым. Эптеп гана насаат айта алдым. Ошол күнү мен, кеп такыр мен жөнүндө эмес экендигин, бирок кептин баары менин Кудайдан жиберилген кызматчы катары кабыл алынган-кабыл алынбаганымда экенин түшүндүм. Камактагылар мага урмат-сый менен мамиле кылышты. Жыйынга келгендер өзүлөрүнүн бүт кебете-кешпири менен: «Мунун баарын баарыбыз уктук, бул жерде биз ушунча көп кызматчы-коноктордуу көрдүк, сиз чындап эле жаңы бир нерсе айта аласызбы?» деген ойду айтып турушту. Ар кандай кызматтардын ортосунда эбегейсиз чоң айырма бар, бирок түз маанисинде бардыгы бир сөзгө - сый-урматка байланыштуу.

## Таарынтып жатышканда да сыйла

Мага Ыйык Жазуудан дагы бир нече аяттарды көрсөтүп берүүгө уруксаат эткиле, алар кызматчылардын ким экени эмес, жетекчинин кандай кабыл алынганы жөнүндө экенин ачык-айкын көрсөтүп турат. Байыркы Келишимде Элкан деген киши болгон. Анын Анна жана Феннана аттуу эки аялы болгон. (Кош аялдуулук жок болгонуна абдан кубанычтамын. Бир эле аялым бар экенине абдан сүйүнөм.)

Феннананын балдары болгон, Аннада бала болгон эмес, ал тукумсуз эле. Ошол жылдары аялдар күйөөсүнө болгон сүйүүсүн бала, өзгөчө эркек бала төрөп берүү менен көрсөтүшкөн. Эмнеге? Анткени, эркектин тукумун улантуу абдан маанилүү болчу. Ар жылы бүт үй-бүлө Кудайга курмандык чалыш үчүн Шилого жөнөшчү. Феннана балдарын төрөй берген, Анна болсо бир да бала төрөп Теңирдин алдына алып келе алган эмес. Анна абдан капа болду, анан андан тышкары, Фенна да аны кыйнай баштады. Ыйык Жазууда: «Теңир Аннага бала бербегени үчүн, күндөшү аны дайыма капа кылып, аны наалыганга түртчү», - деп айтылат (1 Шемуел 1:6). Феннанын ага алып келген азаптуу кордугун элестете аласыңбы: «Ии курбум, кимибиз күйөөбүздү көбүрөөк сүйөт экенбиз? Мен ага ушунча бала төрөп бердим го? Сенин балдарың кайда? Сен аял эмессиң, ал тургай жарым-жартылай да аял эмессиң. Мүмкүн күйөөң сени уктоочу бөлмөдө такыр байкабай жаткандыр? Сен ага жийиркеничтүүсүң го балким? Албетте, ал мени сүйөт да». Ал аны дайыма кыйначу.

Акыры, бир күнү Анна баарынан чарчады. Ал ийбадатканага барып, бардык азаптардан алыс болууну чечти Теңирдин алдында соорончу тапкысы келди. Ал кайгыга батып, Теңирге сыйынып, ыйлап жатты. Анна жүрөгүнөн сүйлөп жатты, эриндери гана кыймылдады, бирок үнү угулган жок. Ал Теңирге ант берди. Анын курсагын ачып, бала берсе, анда ал бул баланы өмүр бою Кудайга арнайт.

Анна ичинен сүйлөп жаткан, анын эриндери гана кыймылдап, үнү чыкпагандыктан, Эйли аны мас деп ойлоду. Эйли ага: «Масың качан тарайт? Соолук», – деди (1 Шем. 1:13,14). Дагы бир жолу кайталайм, Анна америкалык эмес болчу. Болбосо, Эйли эң жагымдуу эмес сөздөрдү укмак. Сыягы, ал: «Бул ыйык кызматчы эмне деген адам? Мен Кудай алдында жүрөгүмдү төгүп, орозо кармап жүрсөм, ал мени аракеч деп айыптайт. Жок, андай болушу мүмкүн эмес, мен туура эмес уксам керек. Мага ал ушинтип айтып жаткандай туюлду. Жок, ал дал ушундай деди. Кандай таш боор жана сезимсиз. Кандай уятсыз. Кантип ал ыйбадатканадагы негизги адам боло алат? Ага сөгүш жарыялап, кызматтан алып, бошотуп жиберүү керек”.

Ал оңой эле ачуусу келип, ага кыйкырып жиберсе болмок: «Сен мени мас дедиңби? Мен орозо кармап, жашоомдогу муктаждык үчүн жүрөгүмдү Кудайга төгөм, а сен мени мас деп айыптап жатасың! Сен ал тургай, кимдир бирөө Кудайды чындап издеп жатканын көрө албайсың! Сен кандай дин кызматкери болмок элең?! Анан да, бул эмне деген ыйбадаткана? Жолдошума баарын айтам, биздин бутубуз мындан ары бул жерде болбойт! Биз башка ыйбадатканага барабыз!»

Эгерде Анна ушундай кылса, эч кандай сыйлык алмак эмес. Ал эч качан балалуу болбой жана Кудайга карата жүрөгүн катуулантып алмак. Кудай анын сыйынууларын укпай калды деген ой менен өлмөк. «Мен орозо кармадым, ынтаа-ыкылас менен сыйындым, бирок Кудай жооп берген жок» деп. Бирок, Анна башкача кылган. Ал өзүн таарынткан жетекчиге мындай деп жооп берди: «Жок, мырзам, мен кайгыга баткан аялмын. Мен шарап же башка күчтүү ичимдик ичкен жокмун, бирок, Теңирдин алдында жан дүйнөмдү төктүм. Кулуңду ыймансыз аял деп эсептебе» (1 Шемуел 1:15, 16).

Анын ага көрсөткөн сый-урматын көрүп жатасыңар. Анна аны «кожоюн» деп атап, өзүн «кул» деп атаган. Ал ага чоң урмат-сый менен жооп берди, аны сыйлады. Ошондо Эйли ага: «Тынчтык менен бар, Ысрайылдын Кудайы сураганыңды берсин», – деди (1 Шемуел 1:17).

Кийинки үч айдын ичинде Анна кош бойлуу болуп калды. Ыйбадатканада сыйынганына бир жылга жетпей, ал уулу Шемуелди төрөдү. Ал Израилге кайра жаралуу алып келген адам болуп калды. Анна эмнени каалап, эмнени тилегенин ал өзүнө катуу айткан башкы ыйык кызматчыны урматтагандан кийин алган жана Кудай ал кызматчы жөнүндө мындай деген: «Мен ага: “Уулдарыңдын мыйзамсыз иштерди кылып жатканын көрүп туруп, аларды тыйбаганың үчүн – ушул күнөөң үчүн сенин тукумуңду түбөлүккө жазалайм”, – деп айткам. Ошондуктан, Эйлинин тукумуна ант бергем, Эйлинин тукумунун күнөөсү курмандыктар менен да, нан курмандыктары менен да түбөлүккө жуулбайт» (1 Шемуел 3:13, 14).

Мына сага! Өзүң жана үй-бүлөң жөнүндө Кудайдан мындай сөздөрдү эч кимдин угушун каалабайсың. Түбөлүккө кечирим болбойт! Антсе да, Анна бул адамды урматтаганы үчүн, Теңирден сыйлык алат. Кеп Эйлинин кандай болгондугунда жана эмне кылганында эмес, Анна бийлик жагынан өзүнөн жогору турган адамга кандай мамиле кылгандыгында. Биз өзүбүздөн жогору тургандарды урматтасак, аларга Теңир берген сыйлыкты алабыз.

# 5-Бөлүм

# Бийлик

Пайгамбардын же жетекчинин сыйлыгы тууралуу сөздү улантуудан мурун, биз бийликтин өзүнүн маанилүүлүгүн жана баалуулугун эске алышыбыз керек. Бул чындык биздин жүрөгүбүзгө орнотулганда, биз өзүбүздөн жогору тургандарды чын жүрөктөн жана күчтүүрөөк сыйлай алабыз.

Келгиле, урмат-сый деген сөздүн маанисин эстеп көрөлү: “баалоо, маанилүү, кымбат нерсе катары кабыл алуу”. Эгерде сый-урматтын объектиси бийлик адамы болсо (так ушундай окуя тууралуу кийинки бөлүмдөрдө сөз кылабыз), анда сый-урмат кылуу, ал тургай коркуу менен урматтоо деген мааниге ээ. Уэбстер сөздүгүндө (1828-ж. басылышы) урмат-сыйга мындайча аныктама берилет “сыйлоо, урматтоо; урматтоо жана баш ийүү менен мамиле кылуу, тиешелүү милдеттерди аткаруу». Бул аныктамадан биз бийликке баш ийүү чыныгы сый-урмат экенин көрөбүз.

Бийликти сыйлайбыз деп, бирок ошол эле учурда баш ийүүдөн жана тил алчаак болуудан качуу өзүбүздү алдагандык болуп саналат. Бийликти урматтоо - демек, бийликке баш ийүү; бийликти сыйлабоо – демек, ага баш ийбөө. Рим жүз башысы эсиңизде болсун: ал бийликти тааныган жана ага баш ийген адам болгон. Бул анын жүрөгүндөгү терең табияттын бир бөлүгү болчу. Кийинчерээк ал Ыйсаны абдан урматтап, сыйлыгын толук алган.

## Бийликтин төрт деңгээли

Кудайдын Падышачылыгында берилген бийлик менен эч кандай байланышы жок, ал кантип түзүлгөнүн, анын кантип иштээрин жана ал эмне үчүн зарыл экенин, түшүнбөй эле жашай берүү, айрыкча биздин азыркы коомубузда оңой эле. Бирок, биздин жүрөгүбүз бул чындыкта тастыкталууга тийиш. Бизге ачык-айкын айтылган:

> “Ар бир адам жогорку бийликтегилерге баш ийсин. Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон. Мына ошондуктан бийликке каршы чыккан адам Кудайдын тартибине каршы чыккан болот. Каршы чыккандар болсо өздөрүн өздөрү жазага дуушар кылышат”.
>
> – Римдиктер 13:1, 2

Биринчиден, байкагыла, бул сунуш же кеңеш эмес, бул буйрук. Ошондой эле, «ар бир жан» деген сөздөргө көңүл бургула. Башкача айтканда, баары өзгөчө болуп саналат. Ыйсанын атын чакырган ар бир адам бул талапка баш ийиши керек.

Бул “жогорку бийликтегилер” кимдер? Бул текстте Пабыл жарандык жана мамлекеттик бийлик органдары жөнүндө айтып жатат. Антсе да, бул эскертүүчү сөздөр өкмөттүк бийлик башчыларына гана эмес, башка ыйгарым укуктарга да тиешелүү.

Жаңы Келишимде ыйгарым укуктарга ээ болгон төрт деңгээлдеги бийлик жөнүндө айтылат: жарандык бийлик, жыйын, үй-бүлө жана социалдык бийлик. Мен социалдык бийлик жөнүндө айтканда, бардык начальниктерди, мугалимдерди, машыктыруучуларды ж.б.у.с. айтып жатам. Жаңы Келишимде бийликтин ар бир түрү үчүн конкреттүү көрсөтмөлөр берилген, ошентсе да, көп учурда белгилүү бир баш ийүү боюнча бардык кеңештер берилген ыйгарым укуктардын башка тармактарына да тиешелүү.

Келгиле, Ыйсанын пайгамбардын аты менен кабыл алынышы жөнүндө сөз кылып жатып, адил адамдар жөнүндө да ошону айтып, аягында кичинекейлерди эскергенин эстейли. Мен мурда айтып кеткендей, биз бул жерден туш болгон коомдогу үч деңгээлди көрүп жатабыз: бизден жогору тургандар, биздин деңгээлдегилер жана биздин башкаруубузга ишенип берилгендер. Ал эми, бизден жогору турган

деңгээлге келсек, жыйындагы бийликти символдоштурган «пайгамбар» жөнүндө айтканына карабастан, принциптер жана эрежелер бул чөйрөдөн чыгып, бардык бийлик баскычтарына жайылат. Муну ырастоо үчүн, биз Ыйык Жазуудан дагы бир үзүндү келтиребиз:

> “Ошон үчүн салык да төлөп жатасыңар. Анткени алар – Кудайдын кызматчылары, ар дайым ошол иш менен алек болушат.
>
> Ар кимге өз тиешесин бергиле: кимге салык төлөө керек болсо, салык төлөгүлө; кимге бажы акысын берүү керек болсо, бажы акысын бергиле; кимден коркуу керек болсо, корккула; кимге урмат көрсөтүү керек болсо, урмат көрсөткүлө”.
>
> – Римдиктер 13:6, 7

Жарандык бийликти Кудай дайындайт жана алар Ал үчүн иштейт. Аларды урматтаганда, аларды орнотконду сыйлайбыз; ошондо Кудай бизди сыйлайт. Бул урмат-сыйдын принциби. Социалдык бийликке карата биз төмөндөгүлөрдү окуйбуз:

> “Кудайдын ысымына жана окутуусуна карата жаман сөз айтылбашы үчүн, кул сыяктуу моюнтурук астында жүргөндөрдүн бардыгы өз кожоюндарын урматталууга татыктуу деп эсептешсин”.
>
> – 1 Тиметей 6:1

Биз үчүн бул аят мындайча угулат: «Бардык жетекчилердин башкаруусу алдында турган кызматкерлер өз иш берүүчүлөрүн же жогорку жетекчилерин бардык урмат-сыйга татыктуу көрүшсүн». Же болбосо: «Билим алган бардык окуучулар мугалимдерин ар кандай урмат-сыйга татыктуу көрүшсүн». Ошол эле спортчулар жана машыктыруучулар үчүн да жана жалпысынан бири-бирине баш ийүүнү камтыган мамилелердин ар кандай түрү жөнүндө ушуну айтууга болот. Үй-бүлөлүк бийликке келсек, биз төмөндөгүлөрдү окуйбуз.

> «Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси: «Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла».
>
> – Эфестиктер 6:2, 3

Ата-энени сыйлоонун сыйлыгы осуят менен байланыштуу. Аны кийинчерээк кененирээк талкуулайбыз. Эми, акырында, жыйындагы бийлик жөнүндө окуйлу:

> Бир туугандар, силерден суранарыбыз, араңарда эмгектенип жаткандарды, Теңир жолундагы жетекчилериңерди жана насаатчыларыңарды сыйлагыла.
>
> Аларды кылган эмгеги үчүн өзгөчө сыйлагыла, сүйгүлө. Өз ара тынчтыкта болгула.
>
> – 1 Тесалоникалыктарга 5:12,13

Бийликтин ар бир түрүнө байланыштуу Ыйык Жазууда көптөгөн үзүндүлөр бар жана биз аларды кийинчерээк өзүнчө талкуулайбыз. Кудай бизге берилген ыйгарым укуктардын ар бир түрүн урматташыбыз керектигин айтат, бул урматтоо принцибин колдонуунун бирден-бир жолу. Бийликти канчалык баалап, урматтаганыбызга жараша, сыйлыгыбызды жарым-жартылай же толук алабыз.

## Падышачылык

Биз Кудайдын Падышачылыгы чынында эле Падышачылык экенин унутпашыбыз керек. Анын деңгээли, тартиби жана берилген ыйгарым укуктары бар. Мен бул жөнүндө бир нече жылдан бери айтып келе жатам, бирок мен Жакшы Кабарды бүткүл дүйнө жүзү боюнча, бардык континенттерде (Антарктидадан башка) таратып жүрүп, эң кыйыны - Кудайдын тартиби жөнүндөгү чындыкты батыш дүйнөсүндөгү адамдарга жеткирүү экенин түшүндүм. Эмнеге? Жооп эң жөнөкөй:

Биз Падышачылыктын принциптерин түшүнүүгө өзүбүздүн демократиялык ой жүгүртүүбүз менен аракет кылган адамдарбыз.

Кудайдын Падышачылыгы демократия эмес. Демек, биз демократиялык көз карашыбыз менен Кудайды түшүнүүгө аракет кылсак, ага эч качан жакындабайбыз. Биз Анын бийлигинин коргоосусуз жашайбыз, ошондуктан алсыз болуп жана туура жолдон оңой адашабыз. Ошон үчүн да, Ыйса биздин муундун көбү алданып калат деп айткан жок беле? Бүгүн биз мурдагыдан да көбүрөөк бийликти тоготпойбуз; бирок андан да коркунучтуусу – аларга светтик коом гана эмес, ишенгендер да көңүл бурбайт. Бардык бийлик Кудайдан экенин жана ал бизге коргоо, коопсуздук

жана тынчтык үчүн берилгенин дайыма эстен чыгарбашыбыз керек.

Батыштын көз карашы Америкадагы көптөгөн жыйындардын бөлүнүшүнө себеп болду, ошондуктан көптөгөн адамдар үй жыйындарына качып жатышат. Бул номиналдык ишенгендер Ыйса Машайактын Өзү тарабынан орнотулган бийликтин астында турууну каалабайт. Силер: «Бирок Джон, бүт кытай жыйыны көптөгөн үй жыйындары сыяктуу иштейт» деп айтышыңар мүмкүн. Ооба, бул туура, бирок алар ачык жолугушууга мүмкүнчүлүктөрү жок болгондуктан, ушундай жыйындарды курууга мажбур. Мындан тышкары, алар Кудайдын Сөзүнө толугу менен дал келген уюмда эбегейсиз зор тартипке ээ. Алар укмуштуудай бийлик структурасына ээ. Ушул жылы эле менден Кытайдагы жашыруун жыйындын беш лидери менен жолугушууну суранышты. Беш лидер он миллион жан үчүн жооптуу. Алар жашыруун жыйындын алдыңкы аксакалдары. Аларда зор тартип бар. Биздин кызмат эки жүз элүү миң китепти алардын жыйындарына жөнөтүп, ар бир китеп бир нече күндүн ичинде өз ордун тапты. Алардын библиялык бийликке ылайык иштеген түзүмү бар.

Америкада пайда болгон үй жыйындарынын көбү андай эмес. Аларда чыныгы Байыркы Келишимдеги башкаруу жана жоопкерчилик жок. Байкасаңар, Пабыл каттарында, мисалы, Титке жана Тиметейге жазган каттарында алар жиберилген жыйындарда оңдоо, жемелеп, насаат айтуу жана жыйындарды куруу үчүн жетекчилерди дайындоону дайыма айтып турган. Ошентип, Ыйса негиздеген бийлик структурасында жоопкерчилик болушу керек болчу. Америкадагы үй жыйындарында мындай түзүлүштү таппайсыңар. Тескерисинче, таарынган, шылдыңга калган жана акыры жыйындан көңүлү калган көптөгөн ишенгендерди жолуктурасыңар. Алар жоопкерчиликтен качуу үчүн үй жыйындарын уюштурушат. Биз жыйынды адам эмес, Теңир Ыйса түзгөнүн унутпашыбыз керек. Ыйык Элчилердин иштери китебинде биз ишенгендер ар бир үйдө бирге чогулганын окуйбуз. Үйлөрдө чогулуу жакшы, бирок жергиликтүү жыйындарда дайындалган жетекчилер жетектеген жетекчилик жана жоопкерчилик болушу керек.

## Бардык мыйзамдуу бийлик Кудайдан

Ар бирибиз жогорку бийликтерге баш ийишибиз керек экени Римдиктерден айкын көрүнүп турат. Эмнеүчүн? Анткени «Кудайдан болбогон бийлик жок» (13:1). Бүт ааламдагы бардык мыйзамдуу бийлик

Кудайдын тактысынан келет. Чындап Кудайдан төрөлгөн адам бийликти таанийт жана урматтайт. Мага бийликти тоготпогон адамды көрсөт, мен сага Кудайдан төрөлбөгөн адамды көрсөтөм. Ал күнөөкөрдүн сыйынуусу менен сыйындыбы, же жума сайын жыйынга барабы, баары бир. Жүрөгүндө бийликти сыйлабаса, адам куткарылбайт.

Силер: «Джон, бул жөнүндө кантип мынчалык тайманбастык менен айта аласың?» деп сурайттырсыңар. Ыйса чыныгы ишенгендер күнөөкөрдүн сыйынуусун расмий түрдө айтуу менен эмес, жемиш аркылуу тааныларын айткан. Кудайды чындап сүйгөн жана тааныган адам - Анын бийлигин тааныган адам, анткени Кудайды таанып-билүү – демек, бийликти таанып-билүү. Теңир жана Анын бийлиги ажырагыс.

Андан ары Римдиктерге жазылган Катта Пабыл мындай дейт: «Учурдагы бийликти Кудай орнотот» (13:1). Байкадыңызбы, бийликти эл тандайт деп айтылбайт? Аларды Кудай Өзү дайындайт. Бул аяттагы appointed деген англис сөзү грек тилиндеги tasso деген сөздүн синоними болуп саналат, ал «тапшыруу, арноо, коюу» дегенди билдирет. Бул сөздө «кокустук» дегендин кымындай да көлөкөсү жок. Бул белгилүү бир максат жөнүндө. Бардык бийликти Кудай койгондуктан, биз аларга көңүл бурбай, кадырлап жана урмат көрсөтпөсөк жана аларга баш ийбей турган болсок, алардын артында турган Бийликти четке кагабыз. Билсек да, билбесек да, ага карабастан, биз Кудайдын тартибине жана эрежелерине каршы чыгабыз. Биз Кудайдын ыйгарым укуктарына каршы чыкканда, Кудайдын Өзүнө каршы чыккан болобуз. Ошондон улам элчи: «Бийликке каршы чыккан адам Кудайдын буйругуна каршы чыгат» деп жазган (Рим. 13:2).

Бир күнү мен өзүм биринчи жолу бул чындыкты билгеним эсимде. 1992-жылы Билл Клинтон Америка Кошмо Штаттарынын президенти болуп шайланган. Үч күн ичим эзилип, ачуум келди. Ошондон кийин Ыйык Рух мага эч ким Анын эркисиз кызматка киришпей турганын айтты. Жүрөгүмдөгү аянды кабыл алып, мен президент Клинтонду сындаганды токтотуп, аны урматтап, сыйынып, ал үчүн Кудайга шүгүр кыла баштадым. Теңир элчи Пабыл аркылуу бизге мындай дейт: «Ошентип, баарынан мурда суранарым: такыбаалык, тазалык менен бейпил жана коогасыз жашашыбыз үчүн, бардык адамдар үчүн, падышалар жана бардык башкаруучулар үчүн сыйынгыла, өтүнгүлө, жалынгыла жана ыраазычылык билдиргиле» (1 Тим. 2:1, 2).

Бийликти сыйлаганда гана бейпил жашоо болорун билгиле. Бул Кудайдын бийликти урматтагандарга берген сыйлыктарынын бири.

Эгерде биз ишенгендер катары бийликтеги адамдарды сыйлабасак, өзүбүздүн башыбызга кыйынчылык алып келебиз.

Куугунтуктун эки түрү бар. Алардын бири – өзүбүздү өзүбүз куугунтукка алып келебиз; экинчи түрү - адилеттик үчүн куугунтук. Элчи Петир эки түрүн тең айткан. Биринчисинде ал: «Эгерде силер кылмыш кылып, ошон үчүн сабаганга чыдап жатсаңар, мунун эмнеси мактарлык?», - дейт (1 Пет. 2:20, азыркы котормосу). Башкача айтканда, туура эмес иш кылсак, ал үчүн жазага тартылабыз. Же андан да жөнөкөй, арткы күзгүңүздөн чатырында көк жана кызыл жаркыраган чырактары бар машине сизди “токто” деге сигнал үчүн токтобогонуңуздан кийин ууп келе жатканын көрсөңүз, шайтанды күнөөлөбөңүз. Эмнеге? Бул Кудайдын бийликти койгон себептеринин бири гана. «Анткени башчылардан жакшы иш кылгандар эмес, жаман иш кылгандар коркушат. Бийликтен корккуң келбесе, жакшы иштерди кыл. Ошондо андан мактоо угасың» (Рим. 13:3). Бийликке жөн эле моюн сунуу менен өзүн-өзү куугунтуктоодон кутулуу оңой, ошондо эч кандай көйгөй болбойт экен.

Куугунтуктун дагы бир түрү – адилдик үчүн куугунтук. Бийлик бизди жакшылык кылып жазалаганда. Петир мындай дейт: «Бирок силер жакшы иш кылып жатып азап чегип жатсаңар жана ошого чыдап жатсаңар, анда бул Кудайга жагат. Анткени силер ушуга чакырылгансыңар. Себеби Машайак да биз үчүн азап тарткан» (1 Пет. 2:20, 21).

Бизге жаман мамиле жасалганда жана биз жакшы жумушчулар, студенттер, жарандар, жыйын мүчөлөрү ж. б. болуп кала берсек, анда бул урмат-сыйдын эң жогорку көрүнүшү. Бизге жаман мамиле кылгандарга терең урматтоо менен мамиле жасоону уланта берүү үчүн, жүрөгүбүздө Кудайдын коркунучу болушу зарыл.

Бүгүнкү күндө көбү бул сөздөрдү бекем аткаруунун ордуна: «Мен эркин адаммын, мен машайакчымын, мен эркин өлкөдө жашайм, эч кандай болбогон нерселерге туруштук берүүгө милдеттүү эмесмин!» деп жар салышат. Ооба, силер эркинсиңер, бирок Кудайдын Сөзүндө: “Бир туугандар, силер эркиндикке чакырылгансыңар, бирок эркиндигиңер күнөөкөр табиятыңарды канааттандырууга негиз болуп бербесин, тескерисинче, бири-бириңерге сүйүү менен кызмат кылгыла” (Гал. 5:13) деп жазылган. Биз адилетсиз мамилеге туура чыдаш үчүн ушундай жашоого чакырылганбыз. Петир эмне деп айтканын уккула: «Анткени силер ушуга чакырылгансыңар. Себеби Машайак да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү калтырып кеткен» (1 Пет. 2:21).

## Жаман башкаруучуларбы?

Көптөр мени менен талашып: «Бирок, Джон, мен ушундай жаман, атүгүл ырайымсыз башкаруучуларды билем, сен мага аларды Кудай койгон деп айтасыңбы? Андан тышкары, биз дагы аларга баш ийишибиз керекпи? Ал жакта кандайдыр бир башкачараак эмеспи?» деши мүмкүн.

Бул чындык. Мээримсиз жана адилетсиз башкаруучулар – тирандар көп; ал тургай, Ыйык Жазууда мындай башкаруучулардын көптөгөн мисалдары бар. Биз Кудайдын Сөзүндө эмне деп айтылганын дайыма эстеп жүрүшүбүз керек. Анда: «Бардык башкаруу Кудайдан, бирок бардык бийлик такыбаа эмес», - деп айтылат.

Кудай Жаңы Келишимдин авторлорун Өз балдарын бийликке баш ийүүгө үйрөнүүгө үндөгөндө, көптөгөн ырайымсыз башкаруучулар болорун билген. Ал эми Ыйык Жазууда, биз айткандай, көптөгөн ырайымсыз башкаруучуларды жолуктура алабыз. Фараонду карасаңар. Ал Ыбрайымдын урпактарына, тирүү Кудайдын элине ырайымсыз мамиле кылган. Аларды эзип, сабап, ал тургай балдарын өлтүргөн.

Бул фараондун бийлиги кайдан чыккан? Ыйык Жазууда Кудайдын фараонго: «Сени мен койдум» деп айтканы айтылат (Чыг. 9:16). Өзүнүн каттарынын биринде Пабыл ырастайт (Рим. 9:17ди карагыла) жана чындык эки күбөнүн күбөлөндүрүүлөрү менен тастыкталат (Жакан 8:17). Фараонду бийликке адам да, шайтан да эмес, Кудай көтөрүп, жайгаштырганында шек жок. Демек, «Анткени Кудайдан болбогон бийлик жок, бийликтин баарын Кудай орноткон» деген сөз менен эч кандай келишпестик жок (Рим. 13:1).

Бабыл падышасы Небухаданасарды карагыла. Ал Жүйүт жерин талкалап, ийбадаткананы жана Кудайдын элинин дээрлик бардык үйлөрүн тоноп кеткен. Кийинчерээк ал бүт дүйнөнү басып алган империяны курган. Ал өзүнүн жолдору менен Кудайга ушунчалык баш ийбегендиктен, падышалык кылып жүргөндө акылынан ажырап, «адамдардан четтетилип, өгүздөй чөп жеп, денеси асман шүүдүрүмүнө сугарылып, чачы арстандыкындай өскөн жана анын тырмактары да канаттуулардыкындай эле» (Дан. 4:33). Кудай адам жөнүндө ачык айтканы менен: «Мына, Мен киши жиберип, Өзүмдүн кулум Бабыл падышасы Небухаданасарды алып келип, анын тагын Өзүм жашырып койгон мына бул таштардын үстүнө коём, ошондо ал таштардын үстүнө өзүнүн чатырын тигет» (Жер. 43:10) дейт. Кудай аны кайрадан «Менин

кулум» деп атайт, анткени «Кудайдан болгон бийлик орнотулган».

Шабул падышаны карагыла. Көптөгөн кызматчылардын: «Шабулды эл, Дөөттү Кудай тандады» дегенин уктум. Бул Кудайдын Сөзү менен эч кандай байланышы жок туура эмес өкүм. Мындай наадан сөздөр Кудайдын элине зыян келтириши мүмкүн, анткени алар кандайдыр бир мыйзамдуу бийликти Кудай эмес, адам орното аларын айтышат. Ошентип, адамдар кээ бир бийликтегилерге татыктуу урмат көрсөтпөй, өздөрүнө зыян келтиришет. Бул ишенимсиз, жапайы жана каардуу жүрөк жөнүндө Кудайдын Өзү эмне дегенин уккула: «Мен Шабулду падыша кылып койгондугума өкүнүп жатам, анткени ал Менден бурулуп кетти» (1 Шемуел 15:11).

Байкагыла, Кудай: «Мен Шабулду падыша кылдым», - деген. Аны адамдар эмес, Кудай койгон. Биз дагы ошол эле бекемдөөнү көрөбүз: «Кудайдан болгон бийлик орнотулду».

Ыйык Китепте «Кудайдын жүрөгүнө ылайык келген адам» деп аталган жалгыз Дөөт Шабулдун бийлиги астында болгон. Бул Кудай Шабулду падыша кылып койгону үчүн өкүнүп жатканын айткандан кийин болду. Окуя кокусунан эмес, бул Кудайдын планынын бир бөлүгү.

Дөөт ага кызмат кылып жүргөн маалда Шабул ага бардык боорукердик жана кең пейилдик менен мамиле кылган. Дөөт Шабулдун коопсуздугуна коркунуч туудура баштаганда Шабул дароо ага катуу мамиле жасап, Дөөттү өлтүрүүгө ынталуу түрдө мүмкүнчүлүк издеген, Дөөттүн өмүрү коркунучта болгондуктан, качып кетүүгө аргасыз болгон.

Кийинки он төрт жыл бою Дөөт үңкүрлөрдө, чөлдө жана башка алыскы жерлерде, атүгүл чет өлкөдө жашаган. Ойлоп көрсөңөр, он алты жаштан отуз жашка чейин ал бир аз убакыт болсо да үйдө боло алган эмес. Ал өз үй-бүлөсүнөн ажыратылган, өз үйүнөн, балалыктагы бардык досторунан айрылган. Ал мындан ары жакын досу Жонатан менен да мамиле түзө алган жок, анткени Шабул аны оңой эле өлтүрмөк. Жаш кезинде сүйгөн бардык нерсесин: жайлуулукту, коопсуздукту, бала кезинде аны кубанткан бардык нерсени Кудай анын үстүнөн койгон жетекчинин айынан он төрт жылга калтырууга аргасыз болду. Теңир өзүнүн жүрөгүнө жаккан кишиге кантип ушундай кыла алат?

Кудай Шабулду падыша кылып койгону үчүн өкүнгөнүн айткандан кийин да, Дөөт өзүнүн падышасын урматтап, ага баш ийе берген. Ал Шабулга өзүнүн күнөөсүз экенин бир нече жолу далилдеген, бирок

Шабул дагы эле аны өлтүрүүгө мүмкүнчүлүк издеген. Туткундан бир нече жыл өткөндөн кийин, Дөөт акыры лидери ага келтирген бардык кыйынчылыктарды токтото алган. Эйин-Геди чөлүндө Дөөткө Шабулду өлтүрүүгө мүмкүнчүлүк болгон. Падыша аскерлери менен Эйин-Геди үңкүрүндө токтоп, алар Дөөт менен анын тиштерине чейин куралданган кишилери үңкүрдүн түбүндө жашынып жатышканынан шектенбей, бардык куралдарын чечип салышты. Дөөттүн эли аны Шабулду өлтүрүүгө үндөшкөн, атүгүл алар аны жамандыкка көндүрүүгө аракет кылышканда, Кудайдын Сөзүн өздөрүнүн пайдасына чечмелешкен: «Теңирдин сага “Мен сенин душманыңды өз колуңа салып берем, аны каалаганыңдай кыласың” деген сөзү аткарылар күн келди» (1 Шем. 24:5) дешкен жана ага жалбарышып: «Дөөт, Шабул падыша адамдарды кыйноочу, ал биздин элибизди кырып жатат, ал бейкүнөө үй-бүлөлөрдү жана ыйык кызмат кылуучуларды өлтүрдү. Улуу пайгамбар Шемуел сени Ысрайылдын кийинки жол башчысы кылып майлаган, анткени Теңир мындай деди: Эгер сен аны өлтүрбөсөң, анда ал сени өлтүрөт. Бул өзүн-өзү коргоо, ар бир сот сенин күнөөсүз экениңди далилдейт! Абдан ачык-айкын далилдерди айтпаганда да, эң сонун аргументтер: Шабулдун негизсиз айыптоолору жана Дөөткө чабуул коюулары анын жана анын элинин жашоосун азапка салган.

Алардын аргументтери Дөөттү ынандыра алган жок, бирок алар ага жакшы идея беришкен. Шабулдун кийиминин этегинен кесип алуу менен ал ар бир адамдын алдында өзүнүн күнөөсүз экенин түбөлүккө далилдей алган. Эгер Шабулда Дөөттүн аны өлтүрүшү мүмкүн экенине карата далили болсо, бирок өзүн жана анын элин токтотсо, анда Шабул Дөөттүн анын ордун жана бийлигин уурдагысы келет деп эч качан ойломок эмес жана аны куугунтуктап, өмүрүнө кол салууну токтотмок.

Ал өзүнүн лидеринин кийиминин этегин кесип алаар замат, Ыйык Жазууда анын жүрөгү ооруп, абийири аны айыптаганы айтылат. Ал падышанын кадырын кетирди. Кантип ал мындай ишке барды? Ал бат эле эсине келип, элине катуу айтты: «Теңир мага өз мырзама, Теңирдин майланганына кол салууга жол бербесин, анткени ал – Теңирдин майланган адамы», – деди» (1 Шемуел 24:6, 7).

Бирок, мындай жорук жасап, падышанын кийиминин этегин кесип, өзүнүн күнөөсүздүгүн көрсөтүүнү чечти. Ал лидеринин артынан кыйкырды:

> «Дөөт Шабулга мындай деди: «Дөөт сага жамандык кылууну ойлоп жатат", – деген кишилердин сөзүн эмнеге угасың? Бүгүн Теңир сени үңкүрдүн ичинде менин колума салып бергенин өз көзүң менен көрдүң. Мага сени өлтүр деп айтышты, бирок мен сени аядым: "Мен өз мырзама кол көтөрбөйм, анткени ал – Теңирдин майланган адамы", – деп айттым. Ата! Менин колумдагыны кара, кийимиңдин этегинен кесип алдым, бирок сени өлтүргөн жокмун. Менин оюмда жамандык кылуу да, кылмыш кылуу да жок экенин, сага каршы күнөө кылбаганымды ушундан билип ишен, сен болсо мени өлтүрүү үчүн издеп жүрөсүң. Теңир ортобузда калыс болсун, мен үчүн сенден Теңир өч алсын, сени өлтүрүүгө колум барбайт».
>
> – 1 Шемуел 24:10 - 13

Эгерде өч алуу үчүн шылтоо бар болсо, анда, албетте бар болчу, бирок Дөөт бардыгын Теңирге берди. Анын жүрүм-турумуна келсек, ал Шабулду урматтоодон башка эч нерсе кылган жок. Ал түгүл, аны жок кылгысы келген кишини "өзүнүн атасы" деп атады.

Дөөттүн жакшы мүнөзүнө таң калган Шабул ага жооп кыла мындай деп кыйкырды: «Мага караганда адилеттүү экенсиң, анткени сен мага жакшылык менен жооп бердиң, мен болсо сага жамандык менен жооп бердим» (1 Шем. 24:18). Ошондон кийин Шабул кишилери менен кетти.

## Урматка карата Дөөттүн эң чоң сыналуусу

Дөөт өзүнүн күнөөсүз экенин далилдегенден кийин, Шабул аны тынч калтырды деп ойлошуңар мүмкүн. Бирок, бул таш боор лидер андай болгон эмес. Бир аздан кийин Шабул Дөөттүн Хахил дөңсөөсүндө жашынганын укту. Кайрадан Ысрайылдын эң мыкты үч миң жоокерин алып, аны өлтүрүш үчүн Дөөттүн артынан түшө баштайт.

Дөөттүн жүрөгүнүн абалын элестете аласыңарбы? Жакында ал Шабулга өзүнүн күнөөсүз экенин далилдеген, бирок, Шабул болсо аны куугунтуктап, өмүрүнө кол салуусун улантууда. Дөөт бул чындыкка дал келбейт деп үмүт кылганынын түздөн-түз далили, анын лидери жөн эле муздак кандуу киши өлтүргүч экени. Мындай кылык-жоруктарда карата: «Мен өзүмдү коргоо үчүн лидеримди оңой эле өлтүрүп алмак болсом да, анын жанын аяп, сыйладым; Ал мага көрсөткөн урматымды

ушинтип кайтарып жатабы?» деп оңой элеачууланса болмок. Анын ордунда болсо көптөрү: «Болуптур, эми мунун баары үчүн төлөйсүң!» деп жылмайышмак.

Көп өтпөй Дөөт бүт аскерге Теңирден катуу уйку киргенин билди (1 Шемуел 26:12). Ал элинен Шабулга, кошуунга ким баргысы келерин сурады. Эң мыкты ыктыярчы Абышай чыкты, ал Жойаптын иниси болчу (экөө тең канкор адамдар катары белгилүү болгон).

Ошентип, Дөөт менен Абышай түн ичинде Шабулдун кошуунуна келишти. Шабул чатырда, анын жанында Абенер уктап жатты. Ошондо Абышай Дөөткө: ««Кудай бүгүн душманыңды колуңа салып берди. Эми мага уруксат бер, аны найза менен жерге кадайын, мен бир эле саям, кайталабайм», – деди» (1 Шемуел 26:8).

Мен Дөөттүн тартынганын элестете алам. Ал мындай деп ойлоду: «Мен азыр турмуштагы бардык мүчүлүштүктөрдү, өзүмдүн гана эмес, бүткүл элимдин, сүйүктүү өлкөбүздүн элдеринин кайгы-капаларын да токтото алам. Мына, мага ар дайым ишенимдүү болгон жолдоочуларымдын бири мен үчүн гана эмес, мени ээрчиген ар бир адам үчүн бардык логикага ылайык, туура иш кылууну суранып жатат. Бул ишенимдүү адамдар үй-бүлөсүнө кайтууну кыялданышат. Эмне үчүн мен аларга эмес, Шабулга берилгендикти көрсөтүшүм керек? Шабул мени алдады. Мени чыккынчы деп элдин баарына айтып, абройумду кетирди. Ал мени атамдын уулу катары жана Израилдин жараны катары артыкчылыктарымды уурдап алды. Ал менин аялымды уурдап, аны башка күйөөгө берди (1 Шем. 25:44). Ал менден баарын алды”.

Анын ойлорун Дөөттүн жыргалчылыгы үчүн өмүрүн арнаган, ага дайыма ишенимдүү болгондордун биринин Абышайдын угулган үнү бузуп кетет:

«Дөөт, сен эмне кылып жатасың? Эмнеге тартынып жатасың, эмне үчүн мага бул желмогузду өлтүрүүгө буйрук бербейсиң?”

Абышай андан ары мындай деп айтса керек: «Мага сен муну каалабайсың деп айтпа. Канча жолу күнөөсүз экениңди далилдедиң. Эсиңдеби, ошол жерде Эйин-Геди үңкүрүндө – ал сенин колуңда болчу, бирок сен анын өмүрүн сактап калгансың. Албетте, сен ага берилгендигиңди далилдедиң, бирок ал дагы эле сени кыйнап келет. Бул өзүн-өзү коргоо, муну ар кандай эле сот тастыктайт».

Жооп болгон жок.

Абышайдын кантип чыдамы кете баштаганын элестете алам. «Дөөт, сен падышалык үчүн улуу пайгамбар Шемуел тарабынан майлангансың, сен Ысрайылдын кийинки падышасы болосуң. Сен гана элди таш боор падышадан куткара аласың. Ал Ноптогу сексен беш ыйык кызматчыны аялдары жана жаш балдары менен бирге бизге жегенге нан бергени үчүн кантип өлтүргөнүн унутуп калдыңбы (1 Шем. 22-бөлүмдү карагыла)? Ал жийиркеничтүү киши өлтүргүч!»

Акырында Абышай: «Дөөт, эмне үчүн Кудай бүтүндөй бир аскерге терең уйку берди деп ойлойсуң? Ал муну сенин өлкөнү бузуку падышадан бошотуш үчүн кылды!»

Дөөт ишенимдүү досунун кеңешин таразага салган. Ал абдан логикалуу көрүндү, бирок ал Кудайдын кеңешине макул болгон жок. Дөөт Абышайдын сөздөрүн жана өзүн коргоо жөнүндөгү ойлорун четке кагып, катуу буйрук берди: «Аны өлтүрбө, анткени Теңирдин майланганына кол көтөргөн адам жазаланбай калмак беле!» – деди. Дөөт мындай деди: «Теңир тирүү! Аны Теңир Өзү өлтүрсүн, же анын өлөр күнү келет, же согушта ажал табат! Теңир Өзүнүн майланганына кол көтөрүүмө жол бербесин» (1 Шемуел 26:9, 10).

Дөөт кулун токтотуп, экөө стандан чыгып кетишти.

Кудай эмне үчүн аскерге катуу уйку жиберди? Дөөттүн жүрөгүн сыноо үчүн. Ал Кудайдын жүрөгүндөгү адам бойдон кала аларын же Шабулдай болуп, баарын өз колуна алаарын билүү үчүн. Кудайдын майланганынын кадыр-баркын кетирүү менн ал Кудайга деген сый-урматынан ажырап калбайбы? Бул Дөөт үчүн абдан маанилүү учур болгон. Падыша Дөөттүн кадыр-баркын кетирүү үчүн колунан келгендин баарын кылганына карабай, Дөөт падышага урмат көрсөткөн. Сыйлык Дөөт ойлогондон алда канча чоң болот. Карап көрөлү, таш боор башчыны баалап, урматтаган бул киши жөнүндө Теңир эмне дейт:

> “Мен Өз кулум Дөөттү таптым, аны Өзүмдүн ыйык зайтун
> майым менен майладым. Менин колум аны менен болот,
> Менин күчүм ага күч берет. Душман аны жеңе албайт,
> мыйзамсыз адам кыса албайт. Душмандарын көз алдында
> талкалайм, аны жек көргөндөрдү кыйратам. Менин чындыгым
> да, Менин ырайымым да аны менен, Менин ысымым
> менен анын мүйүзү көккө көтөрүлөт. Бир жолу Мен Өзүмдүн

ыйыктыгым менен ант бергем: Дөөткө калп айтпайм. Ай сыяктуу кылымдар бою асманда ишенимдүү күбө болуп бекем турат».

– Забур 88: 21-25, 36, 38

Дөөт Шабулдун ырайымсыздыгынан алысыраакты көрдү, анын үстүндөгү бийликти көрдү. Ал сый-урмат принциби менен жашаган: эгер ал Кудай өзүнүн үстүнө койгон адамды урматтаса, анда бул анын Кудайдын Өзүн урматтаганын билдирет. Эгерде ал Кудайды урматтаса, Теңир да аны урматтайт. Ыйык Жазуудагы мурдагы аят Кудайдын Дөөткө көрсөткөн чексиз урмат-сыйын көрсөтөт деп айтаар элем. Анан сыйлык да сонун болгон!

Бул окуядан көп өтпөй Теңир Шабулду айыптады: пелиштиликтер аны согушта өлтүрүштү. Дөөт анын өлгөнүн укканда дароо Шабул менен Жонатанга сүйүү ырын жазып, Жүйүт жеринин бардык тургундарын бул ырды ырдоого мажбурлаган. Ал өз жетекчисин соттолгондон кийин да сыйлаган.

Биз адамдарды жетекчиликке адам же жин-шайтандан болгон күчтөр эмес, Теңир гана койгонун ачык көрсөткөн бир нече гана мисалдарды карап чыктык. Адамзат тарыхында ар бир жетекчини, анын жүрүм-туруму жакшы же жаман экендигине карабастан Кудай дайындаган. Ар бир жетекчи кокустан эмес, белгилүү бир максат үчүн тандалып алынган. Мен дагы бир жолу Кудайдын чыныгы жана түбөлүктүү Сөзүн кайталайм: «Азыркы орнотулган бийлик Кудайдан».

Мээримдүү жана катаал жетекчинин бийлиги Кудай тарабынан жактырылат, ал эми ырайымсыздыгы Кудайдан эмес. Жетекчи бардыгы үчүн Кудайдын алдында жооп берет, бирок Дөөт сыяктуу анын бийлиги астындагы башка адамдар да сыналат. Эгерде алар жетекчилерди сыйлашса, сыйлыктары чоң болот.

Биз башкаруучуларды Кудай койгонун көрдүк. Кийинки бөлүмдө биз бийликтегилер каардуу, катаал жана мыкаачы башкаруучулар болсо да, аларга баш ийишибиз керекпи деген суроону изилдөөнү улантабыз.

## Бөлүм- 6

# Катаал бийлик

Мурунку бөлүмдө биз бардык мыйзамдуу бийлик катаал жана каардуу болсо да, Кудай тарабынан орнотулгандыгы жөнүндө сөз кылганбыз. Боорукер Теңир ырайымсыз адамдарды бийликке кантип коё алат? Жооп жөнөкөй. Кудай бийликтин автору, бирок ал ырайымсыздыктын автору эмес. Ырайымсыз иштери үчүн Кудай эмес, адам жооп берет. Бардык бийлик Теңирден, бирок бардык бийлик Кудай каалагандай эмес. Эми дагы бир түбөлүктүү суроону талкуулайлы. Каардуу бийликтер бизге жаман мамиле кылса, аларга баш ийишибиз керекпи? Жашоонун мисалын карап, жооп табабыз.

Бийликке кудайчыл болбосо да, баш ийүүбүз Кудайдын каалоосу экенин көрсөткөн Дөөттүн жашоосун карап туруп, биз жооп таба алабыз. Келгиле, ушул темада сүйлөшүүнү уланта берели. Элчи Петирдин сөздөрүнө кайрылалы:

> Кулдар (жумушчулар, студенттер, жарандар, жыйын мүчөлөрү ж.б.у.с) өзүңөрдүн кожоюндарыңардын (жумуш берүүчүлөр, начальниктер, мугалимдер, жарандык бийликтер) жакшы жана момундарына гана эмес, катаалдарына да урмат көрсөтүү менен баш ийгиле.
>
> – Биринчи Петир 2:18 (кошумча автордуку)

Боорукер жана жумшак лидерлердин болгону эң сонун, алар биздин өсүп-өнүгүшүбүз үчүн зарыл. Ошентсе да, Петир көңүл буруп жана өзгөчө белгилеп айткан нерсе, биз боорукер жана жумшактарга гана эмес, катаал бийликтерге да баш ийишибиз керектиги.

Петирдин осуятынын мааниси «бардык коркуу менен» деген сөздөрдөн табылганына көңүл бурсаңар. Чыныгы урмат-сый жүрөктөн чыгат жана Теңирден коркуу сезиминен жаралат деп айтканыбызды унутпагыла. Биз, - американыктар, бийликке “адегенде менин урмат-сыйымды тапкыла, анан мен сага баш ийем” деген адатыбыз бар. Бирок, Ышайа пайгамбардын айткандай, Теңир Өзүнүн көзү менен көргөнү боюнча соттобойт, Өзүнүн кулагы менен укканы боюнча иш чечпейт (Ыш. 11:3тү кара).

Ошондуктан, адамдын жүрөгүндө жашаган Теңирден коркуу мындай дейт: «Мен силердин үстүңөрдөгү бийлик Кудайдан экенин көрүп жатам. Демек, менин урмат-сыйым, кадырым бар. Аларды иштеп табыштын кереги жок.»

Петирдин акыркы сөздөрүнө көңүл бурсаңар: «боорукер жана жумшак гана эмес, ошондой эле катаал». Ушул аяттын үстүнөн ой жүгүртүп жатып: «Бир аз күтө тур. Катаалгабы?

Эгер Ыйык Китептин Король Иаковдун версиясында бул сөз өтө катаал которулган болсочу? Грек версиясында кандай сөз колдонулат экен?”

Биринчи ачканым Тэйердин сөздүгү болчу, анда мен «катаал» деген сөздүн ордунда турган scolios деген грек сөзүн таптым. Тайер сколиос деген сөздү «бурмаланган, бузуку, адепсиз, абийирсиз, кол салган» деп аныктайт. Анан бир силкинип алып, мен минтип ойлодум: “Бул маани андан да жаман! Бирок, ал чоочутуп жиберген болсо, анда мен башка сөздүктөн карап көрөм.» Мен жеңилдеп калам деп үмүттөнгөн элем. Анан мен Жаңы Келишимдеги грек сөздөрү боюнча дагы бир адис Э. Винстин сөздүгүн ачтым. Анын бул сөзгө берген аныктамасы: «зулум жана адилетсиз бийлик (жетекчилер)».

Мен издөөнү уланттым жана башка котормолордогу бул сөздөр Король Иаковдун версиясына караганда бир топ катаал экенин таптым. «Жаңы кылымдын» котормосунда: «Такыбаа, боорукерге гана эмес, намыссызга да» деп окудум. Азыркы англис котормосу мындай дейт: «Боорукер жана көңүл бурган адамдар менен гана эмес, бирок таш боорлор менен да ушундай кылгыла». Ыйык Китептин жаңы америкалык стандарт котормосунда «акылга сыйбаган» деген сөз колдонулат.

Эми дагы бир суроо бере турган учур келди: «Кудай өз балдарын таарынтып жатабы?» Жок, миң жолу жок! Ал ааламдагы эң мыкты Ата! Ал сүйүүгө ээ гана эмес, Ал Өзү сүйүү! Анда ой жүгүртүп көрөлү: «Ошентип, менин мээримдүү асмандагы Атам мага, Өз баласына, катаал, таш боор, бузуку,

ээнбаш, абийирсиз жана акылга сыйбаган жетекчилерге да баш ийүүнү айтып жатат». Эмне үчүн Ал менден ушуну суранып гана койбостон, ал мага буйруп жатат? Көптөгөн себептерден улам, бирок алардын баарын бириктирип, бир сүйлөм менен айтса болот: менин пайдам үчүн ошентип жатат.

Катаал бийликти сыйлоо бизге үч пайда алып келет. Биринчиден, силер адилетсиздикке дуушар болгонуңарда, тил алчаактык жана моюн сунуу силердин ишиңерди адилдик менен соттой турган Кудайдын колуна тапшырылат (1 Пет. 2:21-23). Эгерде биз ишти өз колубузга алсак, Кудай бир кадам артка кетип, анын жардамысыз калабыз, бул абдан жагымсыз. Маселе бийликке байланыштуу болгондуктан, биз утулган тарап болуп калабыз. Кээ бир учурларда, биз жеңе алабыз, бирок рухубузда калган жаралар жана тамырлар кийин кыйынчылыктарды ал тургай, булганууну алып келет, анын жемиштери кийинчерээк көрүнөт.

Экинчиден, Петир бизге минтип айтып жатат: «Жамандыкка жамандык менен, жаман сөзгө жаман сөз менен жооп кайтарбагыла. Тескерисинче, батаңарды бергиле урматтагыла. Анткени ушуга – Кудайдын батасын мурастоого чакырылгансыңар” (1 Петир 3:9).

Бизге карата жасалган жаман мамилеге чыдоого чакырылганбыз. Кандайча? Бизге жакшылык кылбагандарды сыйлоо, таануу, баш ийүү жана бата берүү. Эмне үчүн биз муну кылууга чакырылганбыз? Өзүңүздү бата абалына коюу (сыйлык). Демек, бийликтен кимдир бирөө сизге туура эмес мамиле кылса, кубаныңыз, анткени сиз ушинтип сыйлыкка ээ болосуз!

## Көтөрүү аркылуу сыйлык

Мурунку китебимде айтып өткөн окуямды айтып бергим келет. Бул биз жөнүндө туура эмес кылгандарды сыйлаганыбызда, Кудай бизге батасын береринин классикалык мисалы. Менин жакын досум бар, Эль Брайс деген пастор. Бир нече жыл мурун ал Далластагы жыйындын кайтаруучусу болгон. Бир жекшемби күнү эртең менен ал 1 Петирден алып насаат айтты. Ал насаатын бүтүрүп жатканда, жыйындын бир мүчөсү (келгиле, аны Брайан деп атайлы) ага суроо менен кайрылды. Ал мындай деди: «Пастор Брайс, мен абдан чоң камсыздандыруу компаниясында кенже аткаруучу директормун. Талыкпай иштөө менен мен кийин вице-президент болдум. Кесиптештеримдин баары менин кызматка татыктуу экенимди билишчү. А мен чындыгында ага татыктуумун. Бирок кызмат орду ачылганда аны башка адамга беришти”.

Эмне үчүн мындай болду? - деп сурады пастор Эль.

- Анткени башка адам ак, мен карамын. Пастор, бул дискриминация. Мен бул фактыны далилдей алам деп ишенем жана ушул аптада сотко документтерди тапшырайын деп жаткам. Бирок, эртең мененки насаатыңыз мени ойлонтуп койду! Пастор Брайс Брайанга карап:

- Бул маселени Кудайдын жолу менен чечүүнү каалайсызбы же өзүңүздүн жолуңуз мененби? - деди.

Ал ойлонбой жооп берди:

- Пастор, мен Кудайды бүт жүрөгүм менен сүйөм. Мен муну Кудайдын ыкмасы менен чечким келет, ошондуктан мен бул жердемин жана силер менен сүйлөшүп жатам. Мени менен чогуу сыйына аласызбы?

- Ооба, албетте, - деп жооп берди Эль.

Анан баштарын ийип, бул маселени Адилет Соттоочу Кудайга тапшырып, чогуу сыйынышты.

Эртеси эртең менен Брайан жумушка жөнөп, эң биринчи кыла турган иши жакында эле кызматтан көтөрүлгөн кесиптешине урмат көрсөтүү болду. Ал анын кабинетине кирип, ага колун сунуп, жылмайып:

«Мен сизди кызматтан көтөрүлүшүңүз менен куттуктагым келет жана мен сиздин эң мыкты кызматкериңиз боло турганымды билишиңизди каалайм” дейт.

Силер ал жигиттин канчалык ыңгайсыз болгонун элестете аласыңарбы, анткени ал да көтөрүлүү туура эмес адамга келгенин билген. Эгерде болуп өткөн окуялар болбогондо, Брайан анын жетекчиси болуп, дал ушул столдо отурмак.

Бир нече жума өттү, бирок эч нерсе болгон жок. Бул көп учурда ушундай экенин түшүнүү керек. Кудайдын соту жана куткаруусу келет, бирок көбүнчө биз каалаган убактан кечирээк! Ошентип, Брайан ага кандай жаман мамиле жасалганы жөнүндө ойлонгон жок. Ал сый-урматтын жолун тандап алган. Ал өзүнүн милдеттерин жогорку деңгээлде аткарууну улантты.

Бир күнү Брайанга атаандаш-компаниядан, Далластагы туунду компаниясы бар өтө чоң эл аралык камсыздандыруу компаниясынан телефон чалышты. Телефондун ары жагындагы киши:

Биз сиздин жалпы кардарларыбыз менен иштешип жатканыңызды көрдүк. Бизге бул абдан жакты. Биз үчүн иштегиңиз келеби?

Көпкө ойлонбостон, Брайан мындай деп жооп берди:

- Жок, каалабайт элем. Мен жумушумду алмаштыргым келбейт. Бул компанияда көп жылдан бери иштейм. Менде жакшы колдонмо жана кардарлардын олуттуу тобу бар. Кардарларым жана кесиптештерим менин аброюмду жана мүнөзүмдү билишет. Мен жакшы формадамын жана өзгөргүм келбейт. Сунушуңуз үчүн ырахмат, бирок мени ал кызыктырбайт.

Башка компаниянын кишиси өжөрлөндү.

- Сураныч, биз менен болгону бир жолу жолугуп кетиңиз. Келиңиз, түштө чогуу тамактанып, сүйлөшөлү. Мунун эмнеси жаман?

Брайандын жообу ого бетер катуу болду.

Мен сизге айтып жатам, сиз убактыңызды текке кетирип жатасыз. Мен сиздин сунушуңузга кызыккан жокмун.

Аны линиянын ары жагындагы адам укпай калды окшойт:

- Жетишет! Бир эле түшкү тамак! Аргументтен тажаган Брайан мындай деп жооп берди:

- Макул, жолугабыз.

Түшкү тамакка белгиленген убакыт келди. Брайан башка компаниянын адамдары болуп жакшы пикир алмашышты, алар өздөрүнө тамак заказ кылышты. Дагы бир чоң камсыздандыруу компаниясынын жетекчилеринин бири мындай деди: “Брайан, биз сени карап жүрдүк жана сенин иштегениңе суктандык. Биздин компаниянын адамдары ушундай кызматкер бизде болгонун каалап жатышат.

Брайан башын чайкады:

- Мен сизге телефондон мурда айткам. Бекер эле убакытты текке кетирип жатасыңар. Мен иштеген жеримди алмаштыргым келбейт. Туруктуулукту жакшы көрөм. Мен кирешелерди алам. Мен өзүмдүн компанияма көп инвестиция салдым. Мен силер менен иштебейм.

- Макул, Брайан, биз сени угуп жатабыз. Бирок, биз ушундай болушун каалайбыз. Үйгө барып аялың менен сүйлөш. Сага канча төлөшүбүздү каалай турганыңды чогуу чечкиле. Анан бир жумадан кийин жолугуп, талкуулайбыз. Өзүнүн чечимине каршы чыгып, Брайан үшкүрүнүп, мындай деди:

- Макул, жакшы.

Ал үйүнө кетти. Ал чындап эле муну олуттуу кабыл алган жок. Ал жакында боло турган жолугушуунун алдында кечинде аялына алардын сунушун айтты:

- Чынын айтсам, иштеген жеримди алмаштыргым келбейт. Алар айлык төлөөнү өзүбүзгө чечкиле деп жатышат. Мен мындан чарчадым,

ошондуктан мен мындай кылгым келет. Алар менен маяна жөнүндө сөзгө барганча сүйлөшөм, анан мен аларга кызыктай бирдемени айтам. Аларга мен азыр иштеп жаткандан үч эсе көп айлык алгым келет деп айтам! Анан алар мага күлүп калышат, ошону менен маегибиз бат эле бүтөт.

Ал кыска жазуу жазып, анда ал кездегиден үч эсе көп айлыгын көрсөткөн. Ал буга чейин өз компаниясында чоң кызматта иштегенин унутпагыла. Мындай чоң сумма күлкүлүү көрүнүп калмак.

Эртеси Брайан түшкү тамакка жөнөдү. Тамактанууга буйрутма берилгенден кийин, компаниянын жетекчиси Брайандан анын айлык акы боюнча сунуштары барбы деп сурады.

- Ооба, ооба, - деп жооп берди Брайан жана курткасынын чөнтөгүнөн жазуусун чыгара баштады, бирок адам аны токтотуп:

- Жок, жок. Биз сизге канча төлөшүбүздү каалап жатканыңызды көргүбүз келбейт. Биринчиден, биз сизге канча төлөгүбүз келерин көрсөткүбүз келет.

Ал өзүнүн жазуусун үстөлдүн үстүнөн Брайанды көздөй түрттү. Брайан аны алып, бир нече саптарды окугандан кийин эси ооп кете жаздады. Алар анын тапканынан төрт эсе көп айлык сунуш кылышкан! Брайан ушунчалык таң калып, эмне дээрин билбей калды. Ал катты тиктеп отурду. Башка компаниянын адамдары анын унчукпаганын туура эмес түшүнүшүп, алардын сунушу анчалык жогору эмес деген тыянакка келишти. Ошондуктан алар эмгек акысына дагы кошумча акы жана сыйлык акча кошушту!

Акыры Брайан өзүнө келип, мындай деди:

- Мырзалар, мен машайакчымын, силердин сунушуңарды үйгө алып барып, жубайым менен бирге сыйынып көргүм келет.

- Албетте, албетте, ойлонушуңуз мүмкүн, - деп жооп беришти алар.

Брайан үйүнө барып, бул тууралуу аялына айтып берди. Алар сыйынып, Ыйык Рух экөөнө тең төмөнкү сөздөрдү айтты: «Уулум, сен ишиңди Менин колума тапшырдың. Мен аны түшүндүм. Бул Менин көтөрүү прогрессим. Аны ал!».

Жылдар өтүп, Брайан Далласта жашабай калган. Ал Вирджиния эл аралык кеңсесинде камсыздандыруу компаниясынын башкы директору. Бул компания Брайан иштеген компаниянын өсүшүнө тоскоол болуп, ага катаал мамиле жасалып, ал татыктуу кызматка көтөрүлө албай калган. Кандай жыйынтыкка келе алабыз? Албетте, Брайан өзүн коргоп, атүгүл өч ала алмак.

Ал сотко бере алат эле. Анын мыйзамдуу түрдө буга укугу бар болчу. Аны кемсинтишти, жаман мамиле кылышты, балким, ал соттон утуп алмак. Бирок, ал тургай, соттон утуп алган күндө да ал азыр турган жеринде болмок эмес.

Ал өзү үчүн даярдалган батадан куру калмак! Бирок, ал өзүнө карата туура эмес мамилеге карабай, бийликти сыйлап, өч албай, ишти өзүнө сыйлык камдаган Кудайдын колуна тапшырды!

## Баш ийүү жана тил алуу

Катаал бийликке баш ийүүгө чакырылганыбыздын үчүнчү себеби ушул. Анткени, Кудайга таянуу менен биз өзүбүздү коргоодон көрө, кудайлык мүнөздү өстүрөбүз. Петир мындай дейт: «Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коёт» (1 Пет. 4:1).

Бул үзүндүнүн маңызы – бийликтегилерге туура эмес мамиледен улам тарткан азаптарыбыз. Ошондуктан, биз да ушундай ой менен куралданышыбыз керек. Эмнеге? Себеби, бийликтегилер бизге жаман мамиле кылганына карабай, аларды урматтоого чакырылганбыз.

Петир муну кылуу менен биз күнөө кылууну токтотобуз деп ырастайт. Башкача айтканда, рухий жактан жетилгендикке келебиз дейт. Пабыл муну тастыктайт: «Бул нерсе менен гана эмес, кайгылар менен да мактанып жатабыз. Анткени биз кайгы аркылуу чыдамкайлык, чыдамкайлык аркылуу тажрыйбалуулук, тажрыйбалуулук аркылуу үмүт келерин билебиз. Чыдамдуулук бизде мүнөздүн күчтүүлүгүн өрчүтөт" (Рим. 5:3, 4). Мүнөздүн күчү өскөн сайын биз үчүн сыйга татыбагандарды сыйлоо оңой болуп калат. Бул болсо, жашообузда Кудайдан коркуу сезими күчөгөнүн билдирет, бул бизге чоң сыйлыктарды алып келет.

Эми биз сүйлөшкөн нерселердин баарын тең салмактайлы. Демек, Ыйык Китеп бийликке эч кандай шартсыз баш ийүүгө үйрөтөт, бирок, ал бийликти эч кандай шартсыз уккула деп үйрөтпөйт.

Баш ийүү менен угуунун ортосунда белгилүү бир айырма бар. Баш ийүү биздин мамилебизге байланыштуу, ал эми угуу биздин иш-аракеттерибизге байланыштуу. Ошондуктан бизге: «Эгерде тилимди алууну каалап, Мени уксаңар, анда жердин ырыскысынан жейсиңер» (Ыш. 1:19) деп айтылган. Мен бир жолу Ыйык Рух аркылуу оңдолдум. Иш мен каалагандай болбой жатканына капа болдум. Алты ай бою

жыйыныма Кудайдан эч нерсе алган жокмун. Пастордун насааттары мени тойгузган жок. Сыйынууда Кудай мага бул жерди көрсөтүп, мен эч нерсе албаганымдын себеби ушул деп айтты.

Мен каршы болдум: «Мен баш ийем! Пастор жана менин үстүмдөгүлөр эмнени айтса, ошону аткарам».

Ыйык Рух дароо эле жооп берди: «Эгер уксаң, жердин жыргалчылыгын татасыңар деп айткан эмесмин. Кааласаң жана моюн сунсаң, жердин берекесин татасың дедим. Баш ийүү сенин иш-аракетиңе байланыштуу, каалоо сенин мамилеңе байланыштуу. Сенин мамилең болсо, жаман жыттанып жатат!»

Күтүлбөгөн жерден мен жүрөк мамилесинин маанисин түшүндүм. Бул жерде, жогоруда айткандай, Теңирден коркуу жашайт, коркуудан улам урмат-сый пайда болот.

Муну биз Жаңы Келишимден дагы бир жолу көрөбүз. Пабыл мындай дейт: «Жетекчилериңерге баш ийгиле (уккула), моюн сунгула (тил алчаак болгула). Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт» (Эврейлер 13:17). Ал биздин үстүбүздөгү бийликте тургандарга баш ийишибиз жана тил алышыбыз керек экенин баса белгилегенине көңүл буруңуз. Угуу – иш-аракеттерге, баш ийүү – биздин бийликке болгон мамилебизге байланыштуу. Ошондой эле, биз өзүбүздөн жогору тургандарды сыйлабасак, жетекчилерге эмес, өзүбүзгө зыян келтиргенибизге көңүл бургула. Биз сыйлыгыбызды жоготобуз.

Жогоруда айткандай, Ыйык Китеп бизди эч кандай шартсыз угууга эмес, бийликке сөзсүз баш ийүүгө үйрөтөт. Бир гана жолу –кайталайм - бир гана жолу, Ыйык Китеп бизди бийликке баш ийбөөнү үйрөтөт. Бул бийлик бизди күнөөгө (Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген нерсени жасоого) буйруганда гана баш ийбегиле дейт.

Ыйык Жазууда буга көптөгөн мисалдар бар. Келгиле, алардын бирин карап көрөлү.

Бабыл падышасы Небухаданасар бардык адамдар музыкалык аспаптардын үнүн укканда алтын бурканга жыгылып, таазим кылышын буйруган. Жарлыкка баш ийбегендер кызуу мешке ыргытылат.

Ошол убакта анын падышалыгында үч эврей жигит бар эле: Шадрах, Мейшах жана Абет-Него. Алар таланттуу жана акылман болгондуктан, падыша аларды жактырчу. Ошого карабастан, бул үч жигит Кудайдан

коркон, падышанын буйругу болсо, Мусага берилген жана Тооратта жазылган экинчи осуятты бузган.

Алар падышанын буйругун аткарышкан жок. Небухаданасар падыша эртедир-кечтир алардын тил албастыгын билиши керек болчу. Ал алардын жүрүм-турумунан өзүн шылдың болгондой сезип, аларды суракка алып келүүнү буйруган. Алардын падышага эмне деп жооп бергенин уксаңар: «Сенин бул сурооңо жооп берүүнүн зарылчылыгы жок. Биз кызмат кылып жаткан Кудайыбыз бизди жалындап күйүп турган мештен куткара алат, падыша, Ал сенин колуңдан да куткарат. Андай болбогон учурда да, падыша, сага маалым болсун, биз сенин кудайларыңа кызмат кылбайбыз, сен орноткон алтын бурканга табынбайбыз» (Дан. 3:16-18).

Алар Кудайдын осуяттарына бекем баш ийип, бирок падышага урмат-сый менен кайрылышкан. Алар ага: «Улуу урматтуу» деп сүйлөшкөн, «Эй, залим ит, биз эч качан сенин сураганыңды аткарбайбыз!» дешкен эмес. Падыша менен мындайча сүйлөшүү бул падышаны жетекчиликке койгон Кудайды сыйлабагандык жана баш ийбегендик болот. Бийликтин буйругун аткарбасак да, аларга баш ийишибиз керек.

Шадрах, Мейшах жана Абет-Него Кудайды жана падышаны урматташкан. Биринчиден, алар күйүп турган мешке ыргытыларын билип, күнөө кылуудан баш тартуу менен Кудайды даңкташты. Экинчиден, алар падышанын бийлигине баш ийип, падыша жек көрүү менен сүйлөшүп жатканда да ага урмат-сый менен сүйлөп, аны урматташкан. Алар жооп иретинде аны кемсинтип, шылдыңдап, эч нерсе менен коркутушкан эмес. Урмат-сый принциби менен жашашкан. Аларды чоң жана мүмкүн эместей көрүнгөн сыйлык күтүп турган.

Падыша аларды дароо мешке ыргытууну буйруйт. Ал ушунчалык ачууланып, мешти адаттагыдан жети эсе катуураак күйгүзүүнү буйруган. Ал өзүнүн армиясынын эң күчтүү жоокерлерине Шадрах, Мейшах жана Абет-Негону байлап, кызуу мешке ыргытууну буйруган. Меш ушунчалык ысык болгондуктан, аларды мешке ыргытып жиберген адамдар өрттүн кесепетинен каза болгон. Андан ары биз окуйбуз:

“Ал эми Шадрах, Мейшах жана Абет-Него үчөө байланган бойдон жалындап күйүп турган мештеги отко кулашты. Небухаданасар падыша таң калып, шашылыш тура калып, төрөлөрүнөн: «Биз отко байланган үч адамды ыргыттык беле?» – деп сурады. Алар падышага: «Ооба, падыша!» – деп жооп беришти. Буга ал: «Мен байланбаган төрт

адамды көрүп турам, алар оттун ичинде басып жүрүшөт, эч кандай зыян тартышпаптыр. Төртүнчүсү Кудайдын уулуна окшош экен», – деди.

Ошондо Небухаданасар жалындап күйүп турган мештин оозуна келип:

> «Шадрах, Мейшах, Абет-Него, баарынан жогору турган Кудайдын кулдары! Мештен чыккыла, бери келгиле!» – деди. Ошондо Шадрах, Мейшах жана Абет-Него от ичинен чыгышты. Жергиликтүү төрөлөр, жогорку бийликтегилер, аскер башчылар, падыша кеңешчилери чогулуп, аларды карап чыгып, алардын денесине от зыян келтирбегенин, башындагы чачтары күйбөгөнүн, кийимдери өзгөрбөгөнүн, ал турсун, алардан оттун жыты да келбегенин көрүштү”.
>
> – Даниел 3:23-27

Үч эврей жигиттер оттун жалынындагы коркунучтуу өлүмдөн качып кетмек тургай, асмандагы улуу periште менен бирге мештин ичинде басып жүрүшкөн. Аркандар күйүп кеткен, бирок алардын кийимдерине от тийген эмес. Аларда күйүктүн жыты да болгон эмес. Алар сыйлыгын оттон чыккандан кийин алышты. Биз окуйбуз: “Ошондон кийин падыша Бабыл өлкөсүндө Шадрахты, Мейшахты жана Абет-Негону жогорку кызматка койду” (Даниел 3:30).

Аларга көтөрүү келди! Бийликтеги бирөө бизге жаман мамиле кылса, аларды сыйласак, камсыздандыруу компаниясынын адамы менен жаңы эле окуган үч жигиттей соопко ээ болобуз. Бул рухий мыйзам: Теңир биздин үстүбүзгө койгон адамдарды урматтоо менен биз Аны жекече урматтайбыз. Анын ордуна Кудай бизди сыйлайт. Эгерде биз өзүбүздүн жагдайларыбызды бир жолу карап, ушул руханий мыйзамга көңүл бурсак, көңүлүбүз чөкпөйт. Петир андан ары мындай деп жазат: «Эгерде жакшы иштерди кылууга тырышып жатсаңар, анда силерге ким жамандык кыла алат?» (1 Пет. 3:13). Башкача айтканда, бир кезде жүрөгүңөрдө сый-урмат принцибин кабыл алган болсоңор, анда башка бирөө силерге эмне кыла алат? Силерге карата айрыкча, силердин үстүңөрдөн коюлган бийликтер тарабынан ар кандай туура эмес мамиле болсо, эгер силер аны туура чече турган болсоңор, силерди кызматка көтөрүлүүгө же сыйлыкка алып келет. Ошентип, өзүңөргө суроо берсеңер, урмат-сый принцибин колдонбогонуңар үчүн, канча сыйлыктарды жана кызматтарды өткөрүп жибердиңер?

## 7-Бөлүм

# Жарандык жетекчилерди сыйлоо

> “Анткени башчылардан жакшы иш кылгандар эмес, жаман иш кылгандар коркушат. Бийликтен корккуң келбесе, жакшы иштерди кыл. Ошондо андан мактоо угасың. Анткени башчы – Кудайдын кулу, ал сага жакшы болуш үчүн коюлган. Эгерде жаман иш кылып жатсаң, корк. Себеби ал бекеринен кылыч алып жүрбөйт. Ал – Кудайдын кулу, жаман иш кылгандарды жазалоо үчүн коюлган. Ошондуктан жазадан корккондуктан эле эмес, абийириңердин таза болушу үчүн да баш ийишиңер керек. Ошон үчүн салык да төлөп жатасыңар. Анткени алар – Кудайдын кызматчылары, ар дайым ошол иш менен алек болушат. Ар кимге өз тиешесин бергиле: кимге салык төлөө керек болсо, салык төлөгүлө; кимге бажы акысын берүү керек болсо, бажы акысын бергиле; кимден коркуу керек болсо, корккула; кимге урмат көрсөтүү керек болсо, урмат көрсөткүлө”.
>
> – Римдиктер 13:3-7

Бул аятта эки жолу мамлекеттик бийлик органдары «Кудайдын кулдары» деп аталат жана бизге аларды урмат-сый көргөзүп, кадырлаш милдеттендирилген. Пабылдын алардын бири эле эмес, бардыгы Кудайдын кызматчылары экенин баса белгилегенине көңүл бурсаңар. Өрт өчүрүүчүнү, полиция кызматкерин, шаардык кеңештин мүчөсүн,

мэрди, штаттын мыйзам чыгаруучусун, судьясын, конгрессменди, сенаторду же бийлик бутагындагы башка адамдарды көргөн сайын мен аларга карата урмат-сый жана кадырлоону сезем. Шаарга, өкмөттүк же мамлекеттик мекемелерге чыкканда ушул сезимге батып кетем. Бул менин жүрөгүмдө жашаган Теңирден коркуу экенин түшүнөм.

Жакында мен маанилүү кеңсе жолугушуусуна шашып калдым. Бул окуу жылынын башында болчу. Буга чейинки эки жарым айда, жайкы каникулда мен биздин районду аралап, саатына отуз беш миль ылдамдыкта жүрчүмүн (56,3 км/саат болжолдуу котормо). Бирок, окуу жылы башталгандан кийин бир нече сааттын ичинде жолдун кээ бир участокторунда максималдуу ылдамдык саатына жыйырма мильге гана жетиш керек (32,18. км/с. болжолдуу котормо). Шашылыш болуп, мен төмөнкү ылдамдык зонасында экенимди байкаган жокмун жана саатына 31 миль (49,8 км/саат болжолдуу котормо) ылдамдыкта айдадым. Мен бадалдардын арасында милиционердин мотоциклинин токтоп турганын көрдүм. Ал мага токтош үчүн фарасын ирмеп жиберди. Мен дароо жолдун четине чыктым. Милиционер айдоочулук күбөлүктү жана камсыздандырууну текшерген көпчүлүк офицерлер сыяктуу эле, олуттуу жана өжөр эле. Мен өзүмдү жүйөөлүү кармап, эмне үчүн мени токтоткондугун билгенимди жана өкүнгөнүмдү көрсөттүм. Биз аны менен менин мыйзам бузуум тууралуу сүйлөштүк. Анан ал токтогондо көпчүлүк нааразы болуп, шылтоо айтып, наалый турганын айтты.

Мен: «Таксыр, мен күнөөлүүмүн» деп жооп бердим.

Ал мага ылдамдыкты көбөйткөндүк үчүн айып 220 доллар экендигин айтты. Бирок, мени таң калтырып, айдоочулук күбөлүктү жана камсыздандырууну кайра берип, “Күнүңүз көңүлдүү өтсүн” деп мотцикли жакка басып кетти.

Мен таң калдым да ага артынан минтип айттым: “Сиз мага айып пул жазып бербейсизби?” Ал жылмайып коюп, кете берди.

Мен укмуштуудай ырайым сезими менен андан алыстап кеттим. Ыраазы болдум.

Бирок, дайыма эле мындай болгон эмес. Мурунку жылдары офицерлерге ушундай мамиле кылганыма карабай, мага бир нече жолу айып кагаздарын беришкен. Жаңы кызматкерлерибиздин бири менен аэропортко баратканда болгон окуя эсимде. Мен спидометрдин ийнесин

көрбөй калдым, ал үчүн мен жашаган аймактагы офицер токтотту. Жардамчым мени колдойм деген ойдо милиция кызматкерин орой тамашага салып, мыскылдуу комментарий берди. Мен ылдамдыктан бир нече миль гана ылдамыраак келе жатканымда милиция кызматкери бизди токтотконуна ал капа болду. Башка офицер менин туура эмес кылганымды байкабай калышы мүмкүн. Кайрадан милиционерге боорукерлик, урмат-сый көрсөттүм, бирок ал жагымдуу, кичи пейил болгон жок.  Ал катуу сүйлөп, мага айып кагазын жазып бере турган болду. Мен атайылап анын ушундай кылышын күтүп, ага мындай дедим: “Мени кечир, мырза, кылган ишим үчүн өкүнөм. Мен күнөөлүү экенимди билем. Сиздин эмгегиңиз жана коомчулукка кызмат кылганыңыз үчүн ырахмат.» (Ал өзүнүн компьютеринде мага айып жазгандан кийин, аны жокко чыгара албасын билчүмүн.)

Анын мамилеси таптакыр өзгөрүп, үнүнүн тону бир топ жандуу болуп калды. Ал менин бийликке болгон урмат-сыйымды көргөндө жумшара түштү. Эми ал квитанцияны кайра алгысы келгендей болуп калды, бирок бул мүмкүн эмес экенин экөөбүз тең билдик. Римдиктерге жазылган катка ылайык, мен Кудайдын кулу катары караган бул кишиге батамды бергим келди. Биз жолугушуубузду достук тариздеги сүйлөшүү менен аяктадык.

Офицер бизди бошотоор замат мен келип жардамчыма: «Эгер мен сенин сөзүңдү жактырдым деп ойлосоң, жаңылып жатасың» дедим. Анан мен ага көрсөтмө бере баштадым.

Ал өзүнүн сөзү милиция кызматкерине болгон сый-урматты өстүрүүгө туура келбестигин тез эле түшүндү. Анын кадимкидей эле деп сезген жүрүм-туруму Кудайдын Сөзү бизге жарандык бийликти урматтоо жөнүндө үйрөткөн нерсеге таптакыр туура келбейт эле. Бул окуядан кийин ал сый-урматтын принциптерин үйрөнгөн.

## Мамлекеттик органдардын сыйлыктары

Жарандык бийликти сыйлаган кезибиздеги сыйлык жагын баса белгилеген күбөлөндүрүү менен бөлүшүүгө уруксат этиңиздер. Мен саякатка 80-жылдардын аягында чыга баштадым. Алгачкы жылдары мен Мидвест деген жерде жайгашкан жыйында бир нече жолу насаат айткам. Жыйын 1500 мүчөдөн турган жана стагнацияны (токтоп калууну)

башынан кечирип жаткан. Мен аларга жыл сайын келдим, бирок алар бир орунда турушту. Мен аларга келүүнү токтоттум. Бир нече жыл өткөндөн кийин, мен алардын жылдык конференциясына катышууга чакыруу алдым (бирок алар буга чейин эч кандай конференция өткөрө элек болчу). Байкасам, белгилүү насаатчылар да чакырылган, аталган конференциядагы делегаттардын саны сегиз миң киши. Мен жагымдуулук менен таң калдым.

Кызыгуум күч алды. Сыйынуудан кийин мен жардамчыма макулдугумду билдир деп айттым. Мен алардын шаарына бардым. Жыйындын жаңы имаратынын жанындагы унаа токтотуучу жайга жакындаганымда, ал жер жаңы машиналарга толуп турганын көрдүм. Залга киргенде эле анын сегиз миңден тогуз миң кишиге чейин толуп кеткенине таң калдым. Кудайдын катышуусу мен бул жерде качандыр бир кезде башыман өткөргөнүмдөн алда канча күчтүү болчу. Мыкты жолугушуу болду.

Жолугушуудан кийин мен пастор менен жалгыз калып, андан сурадым:

- Эмне болду? Силер ушунча жылдан бери жыйындагы токтоп турууну баштан кечирип жаттыңар эле? Кантип силердин жыйыныңар мынчалык тез өстү? Мен үч жылдан бери силерге келе элекмин.

Ал эч ойлонбостон мага эмне болгонун айтты:

Джон, мен адамдардын салык төлөш керек деп жана биздин өкмөт башчыларыбыздын канчалык туура эмес кылып жатышканына даттангандарын угуп, менин кандайдыр бир чара көрүшүм керектигин угуп абдан чарчадым. Ошентип, мен сыйына баштадым жана Кудай мага бир идея берди.

Андан ары ал шаардык бийликке кантип барганын, алардын эң чоң муктаждыгы эмне экенин сураганын айтты. Алар өрт өчүрүү бөлүмүндө муктаждык барлыгын айтышты. Аларга атайын беткаптар керек, алар аркылуу өрт өчүрүүчүлөр түтүндүн арасынан көрө алышат. Өрттөн каза болгондордун көбү күйүк эмес, түтүнгө уулануудан болот. Өрт өчүрүүчүлөрдүн көйгөйү - түтүн ушунчалык жыш болгондуктан, алар аны бир кадам алыстан да көрө алышпайт.  Бул атайын маскалар өрт өчүрүүчүлөргө жабырлануучуну көрүүгө жана тез жардам көрсөтүүгө жардам берет. Бул шаардын чоң муктаждыгы, бирок ага шаардык бюджетте акча жок болчу. Бир масканын баасы жыйырма беш миң

экенин айтышкан.

Кийинки жекшемби күнү эртең менен пастор Римдиктерге 13-бөлүмдөн кабар айткан. Ал жыйынга мамлекеттик бийликке каршы даттануулар боюнча сүйүү менен көрсөтмө берген. Ал өзүнүн жыйын мүчөлөрүнө алар Кудайдын кызматчылары экенин жана салыктарды кармап калуу жана жарандык лидерлерди урматтабоо менен ишенгендер бата ала албастыгын айткан. Библиянын бекем пайдубалын түптөгөндөн кийин ал шаардын өрт өчүрүүчүлөр үчүн атайын беткаптарга муктаждыгы тууралуу айткан. Анан алар шаарга беткап сатып алууга жардам берүү үчүн, атайын кайрымдуулук чогулта турганын жарыялашты. Ал өзүнүн коомуна бул, шаардык чөйрөдө кызмат кылууга Теңир дайындаган адамдарды урматтоонун жакшы жолу экенин айтты.

Жыйын өзүнүн туура эмес мамилеси үчүн өкүнүп, тобо кылып жана жыйырма беш миң долларлык жардам чогулткан. Пастор мэрге телефон чалып, шаардын бардык лидерлерин чогулта алабы деп сурады, анткени жыйын аларга маска сатып алууга акча берүүнү каалайт. Шаардын мэриясына келип, пастор жана анын лидерлери укмуштуудай сый-урматты көрүү үчүн чогулган чиновниктердин көптүгүнө таң калышты.

Чекти тапшырардан мурун пастор Римдиктерге 13-бөлүмдү окуп, анын жыйын мүчөлөрү шаар бийлигин жана жумушчуларын баалаарын жана аларга Кудайдын кызматчылары катары карашарын айткан. Ал коомду коргоо жана ага кызмат кылуу үчүн жасап жаткан бардык иштери үчүн алардын баарына ыраазычылык билдирди. Чиновниктер жыйындын берешендигине жана сый-урматына таң калышты. (Көбүнчө урмат көрсөтүү каржылык кайрымдуулук менен коштолот, анткени сый-урмат – бул баалуулук. Биз акчабызды чындап баалаган нерсеге жумшайбыз.)

Пастор сөзүн улады: «Бир нече айдан кийин биз жыйындын жаңы имаратын ачып, ыйыктадык. Көптөгөн шаар кызматкерлери, жетекчилер да келишти. Алардын көбү куткарылып, биздин жыйынга барууну чечишти. Джон, биздин жыйынды өстүргөн ушул нерсе.

Биз Ыйсанын бул сөздөрүн эстешибиз керек: «Ким пайгамбарды урматтаса, пайгамбардын атынан пайгамбардын сыйлыгын алат» деген сөздөрүн эстешибиз керек. Ал жыйындын жетекчилери жөнүндө айтып берди, бирок рухий мыйзамдар бийликтин бардык башка тармактарына тиешелүү экенин унутпагыла.

Андыктан: “Жарандык бийликти сыйлаган адам, жарандык бийликтин атынан, жарандык бийликтин сыйлыгын алат” деп айтсак болот. Алардын сыйлыгы кандай? Жооп - коомго, адамдарга ачкыч болуп беришет. Алар биздин айыл-кыштактардын, шаарлардын, областтарыбыздын жана өлкөлөрүбүздүн табигый сакчылары. Анан да, буларга бийлик Кудай тарабынан берилген. Эгерде бардык жыйын лидерлери өкмөттү сындап, салык төлөөдөн качкандын ордуна, аларды урматтоо үчүн бириксе, канчалаган жамааттар жана элдер Жакшы Кабарга ачык болмок?

## Ремонт

Менин жакшы досум бар. Анын аты Денни. Ал Австралиянын Аделаида шаарындагы чоң жыйындын пастору. Өткөн жылы мен анын конференциясында насаат айтканымда, ал мени менен эң сонун окуяны бөлүштү. Ал өзүнүн жыйынынын алдына чыгып, өз шаарындагы аларга кызмат кылып, аларды коргоп жаткандарды урматтоону каалаганын айтты. Көп ойлонуп, сыйынгандан кийин, ал учурда мамлекеттик мектеп системасын өнүктүрүү абдан зарыл экенин сезди. Ошентип, ал шаардагы имараты жана мектептин айланасы абдан баш аламан болгон эң сейрек кездешкен бир мектепти тапты. Ал шаар бийлигине кайрылып, каалаган ишемби күнү келип, ал жерде оңдоо иштерин жүргүзүүгө жыйынга уруксат сурады. Алар сүйүнүп макул болушту.

Пастор жыйынга шаарды кантип урматтасак болот деген оюн айтты. Ал жыгач усталардан жана ишкерлерден бир күндүк таланттары менен кызмат кылуусун сuranды. Андан кийин ал жыйындын бардык мүчөлөрүнөн эмгектерин тартуулоону суранды. Бир нече жуманын ичинде жыйындын лидерлери масштабдуу акция уюштурушту. Алар мектепти трансформациялоо үчүн керектүү материалдарды жана жаңы жабдууларды сатып алышты. Анан мага ошол күндөгү видеону көрсөттү. Жыгач усталар эскирген жасалгаларды жана башка чириген жана сынган курулуш материалдарын алып салышкан. Эски шкафтарды мектептен чыгарышып, ордуна жапжаңы шкафтарды коюшкан. Көптөгөн адамдар: кум себелеп, чаптап жана сырдап иштешкен. Мектептин эски доскаларын жаңысына алмаштырып, имараттын башынан ылдый жагына чейин жаңы жабдууларды орнотуп, мектептин тегерегине жаңы чөп сээп, бак-дарактарды, бадалдарды, гүлдөрдү отургузуп

жатышканын көрдүм. Ал мага мектептин ремонттон мурунку жана кийинки видеосун көрсөттү. Бул чынында эле укмуш эле: ал таптакыр эле жаңы болуп көрүндү.

Жыйын шаарга кызмат кылуудан абдан кубанычта болду. Чындык өзгөрүүсүз калат - күтпөгөндөрдү сыйлаган кезде, жүрөк кубанычка толот. Алар Теңир Ыйса Машаяктын атынан өз шаарларына кызмат кылуудан келген канааттанууну өздөрүнүн эмгеги үчүн алган сыйлык деп ойлошкон. Ошого карабастан, аларды мындан да чоң сыйлык күтүп турган. Австралиянын премьер-министри Жон Ховард жыйындын шаар үчүн эмне кылганын угуп, ага ыраазычылык билдирүү үчүн жыйынга келүү ниетин билдирди. Мага өлкөнүн премьер-министринин терең ыраазычылык билдирүү үчүн жыйындын сахнасына көтөрүлүп жаткан видеотасмасын көрсөтүштү. Натыйжада, бул жыйын өз шаарындагы бир топ кадырлуу жыйын болуп калды. Алардын аброю, таасири шаарда да, өлкөдө да өскөн.

Муну менен эле баары бүткөн жок! Пастор Денни өзүнүн ремонттоо окуясын башка жыйындар менен бөлүшө баштаганда, өлкөгө көбөйүү учуру келди. Натыйжада, бул жыйындар өзүлөрүнүн жеке долбоорлоруна киришишти. Учурда Австралияда, Англияда, Швецияда, Сингапурда жана Малайзияда 200дөн ашык мектеп оңдоп-түзөөдөн өткөн.

Пастор Деннилердин жыйыны баштаган ишин улантып, жергиликтүү аялдар түрмөсүн оңдоп баштады. Бул долбоордун жүрүшүндө жыйын Түзөтүү бөлүмү менен иштиктүү мамилени өөрчүтүп, анын негизинде камактагыларга жыйынга бара ала турган “зыярат күнү” берилген. Көптөгөн аялдар куткарылууну кабыл алышкан жана түрмөдө алар үчүн жыйын кызматтары өткөрүлөт.

## Жакшы репутация

Шаарда жакшы репутация эмне үчүн мынчалык маанилүү деп ойлонуп жаткандырсыңар. Себеби жөнөкөй эле. Биринчиден, бул Ыйык Жазуу боюнча. Апостол Пабыл жыйындын лидери “Жаман сөзгө калбаш үчүн, шайтандын торуна түшпөш үчүн, ал сырттагылар тарабынан жакшы күбөлөндүрүүгө ээ болгон адам болушу керек» (1 Тим. 3:7) деп айткан. Биз эгерде жыйындын сыртында жакшы атка ээ болбосок, Жакшы

Кабарды кемсинткен болобуз, бул өз кезегинде Жакшы Кабардын илгерилешине тоскоол болуп, шайтандын торунан башка эч нерсе эмес болуп калат.

Ишенбеген римдик Ыйсанын биринчи кылымдагы жолдоочулары жөнүндө мындай деп жазган: «Алар жерде жашап жатышат, бирок алар асмандын жарандары. Алар жазылган мыйзамдарга баш ийишет, бирок ошол эле учурда алар мыйзамды өз өмүрлөрү менен жазып беришет» (Диогнетке кат, 5-бөлүм).

Апостолдордун иштери Иерусалим жыйындары жөнүндөгү бул сөздү төмөнкүчө ырастайт: «Адамдар (жыйындын сыртындагы) аларга жакшы мамиле жасап, аларды даңктап, аларды бийик көтөрүштү» (Элчилер 5:13. кашаадагы автордун сөздөрү). Эмне үчүн шаардын тургундары аларга мынчалык урмат-сый менен мамиле кылышкан? Анткени, Иерусалимдеги жыйын жашоонун жогорку деңгээлине жеткен. Ой жүгүртүүнү жана жашоону Кудайдын Падышалыгынын деңгээлине чейин көтөрө билүү – чыныгы ыйыктыктын бир жагы.

Кимдир бирөө сурашы мүмкүн:

- Джон, биз компромисске барып, жарандык бийликти урматтап, анан ага жетүүбүз керекпи?

- Албетте, жок! Чөмүлдүрүүчү Жакан Иродго өзүнүн мыйзамсыздыгы жөнүндө эскерткен, анткени Ирод бир тууганынын аялы менен ойноштук кылган. Чындыгында анын башы кесилгенинин себеби да ушул болчу.

Мен бир кызматчыны билем, ал президент Клинтон менен жолугушуп, эгер ал жана анын лидерлери бейкүнөө балдардын өлтүрүлүшүн (аборт) мыйзамдаштырууну уланта беришсе, улуттун жана анын үстүнөн боло турган сот процесси тууралуу эскерткен. Кызматчы муну эскертүү үчүн президент абдан ыраазы болгондой кылып жасады. Ироддо да Жакан Чөмүлдүрүүчүгө карата Жакан аны ашкерелегенден кийин урматтоо пайда болгон.

Ирод Жакандан пайгамбар катары корккон. Бийликке урмат-сыйдан алыс мамиле менен, сындап, каралоо менен келишет. Шадрах, Мейшах жана Абет-Него падышанын бурканга табынуусуна каршы болгонуна карабастан, аны менен урматтап-сыйлап сүйлөшүшкөн.

## Контраст

Жубайым мен эч качан унутпай турган түш көргөн. Бул Клинтондун президенттиги учурунда болгон. Аялым титиреп, бир жолу түнү мени ойготту. Ал: «Джон, мен сага айта турган түш көрдүм», - деди. (Кудай көбүнчө Лиза менен түш аркылуу сүйлөшөт.)

Ал айта баштады: «Сен экөөбүз чоң аудиторияда насаатчыны угуп отурганбыз. Бул кызматчы ким болгон, мен билбейм, бирок ал машайакчылардын арасында абдан белгилүү болгон. Ал президент Клинтонго каршы үгүттөп жатты. Ал анын канчалык жаман экенин уламдан-улам көбүрөөк сүйлөй берди. Чогулгандардын көбү анын сөзүн колдоп, шыктануу менен «оомийн» деп кыйкырып жатышты. Сен экөөбүз өзүбүздү абдан ыңгайсыз сездик».

Ал сөзүн улады: «Анан мен бир киши көлөкөдөн туруп, чоң залдын арткы чыга беришине баратканын көрдүм. Мен анын артынан ээрчишим керек экенин сездим. Мен имараттын фойесине чыктым, ал бурулуп мени карады. Бул президент Клинтон болчу. Анын жүрөгү сыздап, капаланып, кайгыга батып турган. Андан кийин ал жоголуп кетти».

Анан ал: «Джон, түшүмдө анын жыйынга колдоо жана жардам сурап келгенин билгем. Бирок, жыйын аны чыныгы сүйүү жана боорукердиктен ажыратып, ага көңүл бурбады. Кудай мага биз анын жүрөгүн катуулантып, анын өзүнө да, улутуна да керектүү нерседен баш тартууга мажбурлаганыбызды көрсөттү».

Анын түшүн Батыш Америкадагы чоң жыйындын пастору болгон досумдун мамилеси менен салыштырып көрөлү. Мындан тышкары, ал өлкөбүздүн борборунда жайгашкан Улуттук сыйынуу борборун башкарат. Кудай анын жүрөгүнө Сенатка, Өкмөт палатасына жана Вашингтондогу башка уюмдарга кызмат кылууну салган. Ал жылына жок дегенде 22 жуманы Вашингтондо, Колумбия аймагында өткөрөт, бирок ага карабастан, анын бир нече миңдеген жыйыны өсүүдө. Ал бир жолу мени менен бөлүштү: «Джон, мен бул лидерлердин баары менен бир гана себеп менен жолугуп турам, бир гана себеп: өлкөбүзгө кызмат кылганы үчүн аларга ыраазычылык билдирип, алар үчүн сыйына аламбы деп сураш үчүн гана».

Анын айтымында, ага көп учурда пасторлорго жана жыйын

башчыларына алардын жыйынына келген мамлекеттик кызматкерлер менен кандай мамиле кылуу керектиги боюнча көрсөтмө берүүгө туура келет. Алар менен жолугушаардан мурун, ал алардын бийликке болгон айыптоочу мамилесин нейтралдаштырышы керек, анткени пасторлор өкмөт башчыларын либералдар деп эсептешет, бул алардын Кудай аларды урматтагыла жана алар үчүн сыйынгыла дегенине көздөрүн сокур кылып коёт.

Анан ал көп учурда жыйындагы адамдар жетекчилердин жумшактыгына жана ачыктыгына таң калышарын айтты. Мунун баары жыйын өкүлдөрүнүн алардан бир нерсе сурап же ой жүгүртүүсүнө таасир этпестен эле, аларды көбүрөөк урматтоо үчүн келгендигинен улам болот. Анын мага айткан эки күбөлүгүн сиздер менен бөлүшкүм келет. Аларды окуп жатып, сөз болуп жаткан эки лидер абдан либералдуу деп эсептелерин түшүнүңүз. Бул жолугушууга чейин мен бул конгрессмен менен бир нече жолу жолугуштум. Ал кезде мен университет курагындагы музыканттар тобунда болчумун. Конгрессмен бизди кабинетине өзү жана анын кызматкерлери менен жолугушууга чакырды. Маегибиз адаттагыдай эле башталды. Биз конгрессменге райондо жана республикада эл үчүн ак ниеттүү кызмат кылгандыгы үчүн алкыш айттык.

Анан ал биз менен ой бөлүшүп, суроолорду узатты. Андан кийин мен биз ырдап, анан сыйынсак болобу деп сурадым. Ал чын каалоосу менен “каршы эмесмин” деп жооп берди.

Биз ырдай баштаганда, бөлмөнү толтурган Кудайдын бар экенин сездик, көп өтпөй ошол жердегилердин көздөрүнө жаш тегеренди. Патриоттук жана евангелисттик ырларды ырдап, сыйынуу менен аяктадык. Ал ушунчалык күчтүү болгондуктан, аяктагандан кийин эч ким, анын ичинде конгрессмен да сүйлөй алган жок.

Акыры ал мени карап, кандай сезимде болгонун түшүндүрүүгө аракет кылды. Ал анте алган жок. Акырында: «Билесиңби, пастор, менин үйдө эки кичинекей балам бар. Мен аларды жыйынга алып келишим керек, туурабы?” деди. Муну менен ал бизге келгенибиз үчүн терең ыраазычылыгын билдирди.

Ал мени менен бөлүшкөн дагы бир окуя мындай.

Башка конгрессменди биринчи жолу биз анын кабинетине он беш арачылар жана пастордон турган топ менен киргенибизде жолуктурдум.

Анын жүрүм-турумунан мен ал өзүн ишенимдүү сезбегенин түшүндүм, анткени алар андан эмнени каалап жатканын түшүнбөйт. Бул Улуттук сыйынуу борборун көргөзгөн жыйындык топ болгон.

Бирок, ал абдан кичипейил болуп, анан бизге кантип жардам берерин сурады. Биз бир нерсе сурап келген жокпуз, тескерисинче, мамлекетибизге кылган кызматы үчүн ыраазычылык билдирип, анан сыйынуу үчүн келдик деп жооп бердим.

Ал креслодо жайма-жай отуруп: «Бул мага белек» деди. Андан ары ал күн сайын адамдар кеңсесине келип акча сураганда эмнелерди башынан өткөрөрүн айтты. Кеңсесинин коридоруна ал санариптик дисплей орнотту, ал күн сайын ошол күн үчүн суралган сумманы кошуп турат. Анан бизге кайрылып, минтип айтты: «Бирок, бүгүн мага бир нерсе берейин деп келдиңер. Эч качан мындай болгон эмес».

Анан биз ал үчүн сыйындык. Бүткөнүбүздө ал: «Менин кызматчыларым үчүн да сыйына аласыздарбы?» деп сурады. Ал кесиптештерин чакырды, биз да алар үчүн да сыйындык.

Анан ал саатын карап:

«Мен жаңы эле жолугушууну жокко чыгардым. Капитолийди аралап келсек, аны силерге көрсөтсөм каршы болбойсуңарбы? (Бул конгрессмендин жумушунун бир бөлүгү эмес, адатта муну стажерлор же төмөнкү деңгээлдеги кызматкерлер кылышат.)

Бир жарым саат бою биз Капитолийде кызыктуу экскурсия өткөрдүк. Акыры визиттик карточкаларды алмашып, бийлик өкүлү кетти.

Болжол менен эки жума өткөндөн кийин, мен ошол жыйындын пасторунан укмуштуудай, бирок кызыктуу билдирүү алдым. Ал мага ошол эле конгрессмен ага телефон чалып, келе жаткан жекшембиде анын жыйынына келсе болобу деп сураганын айта баштады. Ал өзүн кандай алып жүрүшү керектиги жөнүндө сүйлөштүк. Жекшембиде конгрессмен жубайы жана кеңсесинин жетекчиси менен келди.

Даңктоодон кийин пастор конгрессменди жана анын жубайын тааныштырып, аларга сөз сүйлөөгө уруксат берди. Ошондон кийин алар ага жана анын аялына сыйынышты, аялы буга абдан таасирленди. Мунун баары конгрессменди кабинетиндеги сыйлоонун жана сыйынуунун натыйжасында болду.

Менин пастор досумдун мындай окуялары көп. Эми, балким,

силер: “Биздин жетекчилерге чындыкты жеткиришибиз керекпи?” деп сурайттырсыңар. Ооба, Чөмүлдүрүүчү Жакан жана президент Клинтонду эскерткен кызматчы сыяктуу эле, муну бизге чейин эле башка адамдар жасаган жана дагы көптөгөн адамдар жасай беришет. Бирок, биздин жетекчилер жыйынды Ыйса Машайактын сүйүүсү жана боорукердиги менен, өздөрүнүн бийлик абалына чындап таазим кылып жашагандар катары кабыл алышпаса, алар биздин сөзүбүздү угушпайт. Биз чындыкты айтышыбыз керек, бирок аны сүйүү жана Теңирден коркуу менен айтыш керек.

Кудай Өзүнүн кызматчыларын Байыркы Келишимдеги падышаларга келген пайгамбарлар сыяктуу күчтүү сөздөр менен жарандык жетекчилерге жөнөткөн учурлар болот. Ошондуктан, биз үйдө, ашканада, үй топторунда жана жыйындагы чогулуштарда лидерлерибизди сындап, ошондой кылгандарды колдогонубуздан эмне пайда? Бул катуу айтуу, чагымчылыктан башка нерсе эмес. Биз жашыруун кыла турган нерсе, биздин жетекчилерибиздин алдында сүйүүдөн жалындап турган жүрөк менен жана урмат-сый менен сөз айтууга даяр болушубуз керек. Эгер андай болбосо, анда ал биздин рухубузду ууландырат жана биздин жетекчилерибиздин алдында дагы ал көрүнүп калат.

## Падышаны сыйлоо

Элчи Петирдин сөздөрүн уккула. Ал мындай дейт: «Кудайдан корккула, падышаны урматтагыла» (1 Пет. 2:17).

Петир мындай дейт: «Ал Өзүнүн бийлигин берген башчыны сыйлай албасаңар, анда силер көрө албаган Теңирден корком деп кантип айтасыңар? Эгерде биз Кудайдан корксок, биз лидерлерди, мейли алар жарандык, коомдук, үй-бүлөлүк же жыйын лидерлери болобу, урматтайбыз.

Өткөн бөлүмдө айткандай, Америкада лидерге минтип айтабыз: “Биринчи менин урматымды тап, анан сага баш ием”. Бирок, Теңирден коркуу мындай дейт: «Мен силердин үстүңөрдөгү бийлик Кудайдан келгенин көрүп турам. Ошондуктан, сенде менин урмат-сыйым жана кадырлоом бар.»

Мен Петир кандай падышаны айтканын бир аз изилдеп көрдүм. Албетте, Ыйык Жазуунун жекече чечмелөөсү жок, ал убакыттын чегинен өткөн бардык ишенгендерге сүйлөйт, ошондуктан биз бүгүнкү күндө биз өлкөбүздүн лидерлерин сыйлашыбыз керек. Ошентсе да, Петирдин ишинде, падыша Ирод Агриппа I, өтө бузулган жана өзүмчүл жетекчи болгон.

Бул киши бийликке Ыйса Машайак төрөлгөндөн кийин (б. з.) 37-жылы, Ыйса Машайак тирилгенден кийин келген. Ал муну, кандайдыр бир чеберчилик жана куулук менен жасагандыгын айта кетүү керек. Кыраакылыкка ээ болуу менен, анын өзүн алдыга карай жетелей турган бардык жолдорун эсепке алган. Рим императору Калигула өлгөндөн кийинки негизги саясий маневр Клавдийге Рим тактысына отурууга жардам берүү болгон, аны Ирод кылган. Император болгондон кийин, Клавдий анын ойлонулган саясий кадамын сыйлап, Агриппаны башкаруучу кызматка коюп, анын аймагына Жүйүт жана Самарияны кошкон. Ал чоң атасы Улуу Ироддой чоң мамлекеттин башкаруучусу болгон.

Анын тушунда Ирод Агриппа I иудаизм менен машайакчылык сектасынын ортосундагы күрөштө тараптардын бири жагында болууга аргасыз болгон. Ал дароо эле Ыйсанын жолдоочуларын катуу куугунтуктоочу ролду өзүнө алган.

Биз Жаңы Келишимде мындай деп окуйбуз: «Ошол убакта падыша Ирод Ыйсага ишенгендерди куугунтуктай баштады. Алардын кээ бирөөлөрүн карматып, Жакандын бир тууганы Жакыпты кылыч менен өлтүрттү. Бул жүйүттөргө жагарын көрүп, Петирди да карматты» (Элчилер 12:1-3). Бул өкүмдар өзүнүн саясий максаттары үчүн пайда алып келүү жана иудейлерге пайда алып келүү үчүн ишенгендерге таш боор эле. Ыйсанын эң жакын үч элчисинин бири Жакыпты өлтүргөндөн кийин, ал Петирди да өлтүрүүнү көздөгөн.

Петирди өлтүрүү планы жыйындын сыйынуусу жана тил алчаактыгы менен бузулган (Элчилер 12:5-19). Петирдин куткарылышы ишенгендерди бекемдеген. Биз алардын тил алчаактыгы үчүн сыйлыкты Ыйык Жазуудан көрөбүз: «Кудайдын Сөзү өсүп жана тарады» (24-аят).

Ыйыктардын тынымсыз сыйынуусу жана алардын бийликке баш ийүүсү окуялардын жүрүшүнө олуттуу таасир эткен. Окууну улантуу менен, Ирод

Агриппа I элдин алдына чыгып, падышалык кийимчен тактыга отуруп, элге кайрылуу жасаган күндү белгилегенин көрөбүз. Анан бир нерсе болду:

> «Эл болсо: «Адам эмес, Кудай сүйлөп жатат!», – деп кыйкырып жатты. Кудайга тиешелүү даңкты өзүнө ыйгарып алгандыгы үчүн, күтүлбөгөн жерден Теңирдин периштеси аны жазалады: ал куртка жем болуп өлдү».
>
> – Элчилер 12:22, 23

Сот келди, бирок Кудайдын элинен эмес, Кудайдын кылычынан. Теңир – Ал, бийликтин үстүнөн сот Жүргүзүүчү. Бизге бул жетекчилерди кадырлап жана сыйлоо керектиги айтылат. Сотко муктаждык бар болсо, Кудай бизге ага орун даярдоону айтат. Сыйыууну жана жетекчилерди урматтоону каалабоо менен биз Анын адилеттүү соту жөнүндөгү убадасынан баш тартабыз. Демек, биз түпкүлүгүндө өлкөбүзгө, коомубузга керек болгон нерсени – Кудайдын кийлигишүүсүн четке кагып жатабыз.

## Биздин күндөрдөн бир мисал

Дал ушундай окуя биздин убакта Нигерияда болгон. Сани Абача аттуу каардуу лидер 1993-жылы жалпы шайлоону жокко чыгаруу жана алардын болжолдуу жеңүүчүсү Мас Худ Абиолуну камоо аркылуу бийликке келген. Андан кийин диктатордук башкаруусун кан менен баштап, көптөгөн демократиялык лидерлерди өлүм жазасына тартты. Анын жетекчилиги астында көптөгөн бейкүнөө адамдар курман болгон. Ошол эле учурда анын Европадагы эсебине болжол менен 3 миллион доллар которулган.

Менин жакын досум Марк Нигерияга көп саякаттайт. Ал Нигериядагы эки алдыңкы пастор менен достошкон: И. Адебойи жана епископ Дэвид Ойедепо, ал чыныгы гиганттык машайакчылык кыймыл үчүн жооптуу. Адатта, бир миллион ишенгендер ай сайын сыйынуу жыйынына катышат. Алар жылына эки жолу, июнь жана декабрь айларында атайын сыйынуу жыйынын өткөрүп, анда 2 миллиондой адам катышат.

Менин досум жана бул өлкөгө көп каттаган башкалар мага Нигериядагы динчилдер өздөрүнүн жарандык бийлигин

кадырлашаарын жана терең урматтаарын айтышат. Башка жагынан алып караганда, алар өздөрүнүн лидерлери үчүн жана адилеттиктин өз өлкөсүнө бийлик кылышы үчүн чын жүрөктөн сыйынышат.

Пастор Марк мага 1998-жылдын башында ай сайынкы сыйынуу учурунда өлкөнүн түндүгүндөгү үчүнчү белгилүү нигериялык пастор Эммануэль Куре булуттун бир бөлүгү болуп көрүнгөн нерсени жана аларда эбегейсиз чоң кылычтары менен пайда болгон эки периштени көргөнүн айтты. Кудай ага Абачинин күндөрүнүн саналуу экенин көрсөттү. Чынында, бул үч айдын ичинде болот деп ал алдын ала айткан. Тообо кылбаса, кун төлөө болбойт деген.

Пастор Эммануэль Куренин сөзү президентке чейин жеткен. Ошентип, Абача пайгамбарлыкты жокко чыгарууга үмүттөнүп, «тынчтык сунушун», чоң суммадагы акчаны жөнөттү. Пастор Куре Маркка Теңирдин айткан сөздөрүн айтып берди: «Абачанын пес оорусу сага өтүп кетпеши үчүн, акчага тийбе». Андан кийин пастор Куре президентке тобо кылып, Теңирге кайрылышы керек деген сөздү жөнөттү.

Кудай президент Абача менен сүйлөшүү үчүн, сыйынуу кызматын өткөрүп жаткан пастор И. А. Адебойиге эшик ачты. Пастор президентке өкүнүп, тобо кылбаса, кызматтан алынарын эскертти, анткени ал өлөт.

1998-жылдын июнь айындагы чоң сыйынуу жолугушуусунда, Пастор Куре периштелерди көргөндөн үч ай өткөндөн кийин, чогулушту жетектеп жаткан пастор Адебойе чогулган элди бири-бирине кайрылып, «Жаңы жыл бактылуу болсун» деген каалоону айткыла деди. Чогулгандар бир аз ыңгайсызданып калышты. Бирок, ал моюнтуруктун сынганын, эл көчөдө бийлей турганын айтты.

Жыйырма төрт сааттын ичинде президент күтүүсүздөн жүрөк оорусунан каза болду. Мен жаңылыктардан (Интернеттен) окудум: «Би-Би-Си мамлекеттик радиосунун жергиликтүү жаңылыктардан алынган маалыматы боюнча, Нигерия эли шаардын көчөлөрүндө диктатордун өлүмү тууралуу кабарды майрамдап жатат». Сыйынуу жыйынына катышкандар Адебойи анын башкаруусунун түйшүгү жөнүндө эмне айтып жатканын ошондо түшүнүштү.

Бул китеп жазылып жаткан учурда, Нигериянын президентинин аппаратында өлкөнүн эки негизги пасторун өзүнүн руханий лидерлери деп эсептеген бир машайакчы бар. Өлкөдө Кудайдын улуу кыймылы

жүрүп жатат. Абачанын тушунда евангелист Рейхард Бонкеге өлкөгө кирүүгө уруксат берилген эмес. Ал өлгөндөн кийин жаңы президент Олусегун Обасаньо Рейхардды өз инаугурациясына чакырган. Ошол учурдан тартып президент ага өз элине эшик ачкан.

Рейхард Бонкенин биринчи крусейди (машайакчылык кызматы) 1999-жылы октябрда өткөн. 2006-жылдын октябрында анын Нигериядагы крусейдинде Ыйса Машайакка өз өмүрүн Теңири жана Куткаруучусу катары берген 42 миллион адам катталган. Бул толтурулган карталар менен тастыкталат. Бул тууралуу мага Рейхард Бонкенин кызматынын аткаруучу директору болгон досум да айтты.

2000-жылы Нигериянын калкы 123 337 822 адамды түзгөн. Кырк эки миллион адам чындыгында бүткүл өлкөнүн калкынын үчтөн бир бөлүгүн түзөт! Бул 1999-жылдан бери Нигерияда иштеп жаткан бул өлкөнүн пасторлорунун, башка евангелисттердин жана ишенгендердин жемиши (Бүткүл Африка континентинин калкынын төрттөн бир бөлүгү Нигерияда жашайт дегенди белгилеп кетүү өтө кызык). Муну мен жандардын укмуштуудай түшүмү деп атайт элем. Ыйык Жазууда Ирод өлгөндөн кийин эмне болгонун эстегиле: «Кудайдын Сөзү өсүп, тарады» (Элчилер 12:24). Эмне үчүн ал өлдү? Биринчиден, ыйыктар Теңирден коркуу менен жүргөн (бул башчыларга баш ийүүнү да камтыйт), экинчиден, жыйын сыйынган үчүн.

Кудайдын эли бийликтегилерди урматтап, алар үчүн сыйынганда жана Теңирдин Сөзүнө баш ийип жүргөндө, биз Кудайдын Рухунун айылдарыбызга, шаарларыбызга жана элдерибизге эсепсиз төгүлгөнүн көрөбүз. Ошентип, биз эмнени күтүп жатабыз?

# MessengerX

***Күнүмдүк шакирттик үчүн сиздин колдонмоңуз***

## Таптакыр бекер!

Мобилдик түзмөгүңүзгө жөн гана жүктөп алып, колдонууну баштаңыз! Же сайттагы веб-версиясын колдонуңуз:




**MessengerX.com**

## 115 + тилдер жана бул да чек эмес

- 115тен ашык тилдеги материалдарды карап чыгыңыз жана жүктөп алыңыз.
- Материалдарды досторуңуз менен бөлүшүңүз же изилдөө тобун баштаңыз.
- Жаңы материалдар дайыма кошулуп турат.

# Көрүңүз. Окуңуз. Угуңуз.

Кеңири каражаттардын китепканасын изилдеңиз: курстарды, электрондук китептерди, аудиокитептерди, кыска метраждуу фильмдерди жана башка көптөгөн нерселерди көрүп, окуп жана уга аласыз.



## Өтө маанилүү багыттардагы өсүш

Үй-бүлө, жакшы мамилелер, жашоодогу максат, порнографиядан эркин болуу, ишенимди бекемдөө, Кудайдын үнүн угуу, бизнес лидери жана башка ушул сыяктуу темаларды изилдеп көрүңүз!

## Сиздин өсүшүңүзгө карай жол

**MessengerX** тин максаты жашоодогу кийинки кадамды жасоого жардам берүүгө багытталган. Биз ошол жолдо калууңузга жардам берүүчү шакирттик жолду жана күчтүү куралдарды иштеп чыктык.




## Сизге жага турган дагы да көбүрөөк мыкты функциялар бар!

- Бул материалдарды бөлүшүүгө жана ал тургай, изилдөө топторун баштоого жардам бере турган жөнөкөй жана жеңил куралдар.
- Сиздин сүйүктүү смарт сыналгыңыздан көрүү үчүн Chromecast жана AirPlay.
- Бардык түзмөктөрүңүздөгү жетишкендиктериңизди сактаңыз. Өзүңүзгө жаккан материалдарга тез жетүү үчүн, аларды китепканаңызга сактап коюңуз.
- Офлайн режиминде көрүү үчүн түзмөктөрүңүзгө материалдарды жүктөп алыңыз.
- Сиз издеп жаткан нерсенин так өзүн табуу үчүн акылдуу издөө жана чыпка.
- Аудио китептердин, аудио Библиялардын ырааттуу бөлүмдөрүн жана атүгүл мактоо ырларын өз тилиңизде автоматтык түрдө ойнотуңуз!

# **MessengerX** -1-2-3 сыяктуу оңой!




1 **MessengerX** тиркемесин Apple Store жана Google Playден жүктөп алыңыз

2 Аккаунт ачып туруп, тиркемени өз тилиңизде колдонуңуз

3 Өзүңүзгө жаккан каражаттарды карап, окуп, көрүп, угуп, жүктөп алыңыз да жана башкалар менен бөлүшүңүз

## Шакирт болгула, шакирт даярдагыла

**MessengerX** тин бир бөлүгү катары, сиз которулган каражаттарды дүйнө жүзүндөгү адамдарга жеткирүүгө жардам бересиз.

***Анткени ар бир адам билүүгө татыктуу!***

**MessengerX.com**

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

</> Available on all browsers

## 8-БӨЛҮМ

# Светтик лидерлерди урматтоо

Моюнтуруктун астындагы кулдар Кудайдын ысмына жана окуусуна акаарат келтирбөө үчүн, өз кожоюндарын ар кандай урмат-сыйга татыктуу деп эсептеши керек.

– 1 Тиметей 6:1

Ыйык Жазуунун бул үзүндүсүндө Пабыл динге негизделбеген бийликтер, анын ичинде биздин жумуш беруучулөр, жетекчилер, мугалимдер, машыктыруучулар ж.б. у. с. Же болбосо, бүгүн булар мындай угулса керектир эле: "Бардык жумушчулар жумуш беруучулөрдү ар кандай урмат-сыйга татыктуу деп сыйлашсын" же «Билим алган бардык студенттер мугалимдерин ар кандай урмат-сыйга татыктуу көрүшсүн». Бул спортчулар менен машыктыруучулардын ортосундагы мамилелерге жана светтик коомдо бир адамдын экинчи адамга баш ийүүсүн билдирген ар кандай башка мамилелерге да тиешелүү.

Пабылдын Теңирдин ысымына жана Жакшы Кабардын окуусуна «акаарат келтирилбеши» үчүн, дүйнөлүк бийликтерди урматташыбыз керектигин айтканына көңүл бурсаңар. Ыйык Китептин кеңейтилген котормосунда мындай деп айтылат: «Кудайдын ысымы жана окутуусу (Ал жөнүндө) жаман даңк жана акаарат келтирбеши үчүн». Туура эмес даңк, бул демек «коомдогу жаман мамиле, сыйдын таптакыр

жоктугу» дегенди билдирет. Акаарат деген демек, «Кудайга жана ыйык нерселерге урматтоонун жоктугу, каршылык көрсөтүү» дегенди билдирет. Бардык сөздөрдү бириктирүү менен, биз ишенген адамдар катары иш берүүчүлөрүбүзгө, мугалимдерибизге же башка динге негизделбеген жетекчилерге урмат жана кадырлоо менен мамиле кылбасак, анда коомдо эч ким Кудайдын Падышачылыгын урматтабай турганын көрөбүз. Ошентип, биз Кудайга жана ыйык нерселерибизге карата урматсыз мамиле алып келишибиз мүмкүн.

Коом Кудайды жана ыйык нерселерди сыйлабайт? Мектептерде сыйынууга тыюу салынды, сот залдарынан он осуят жазылган плакаттар чыгарылды; заманбап оюн-зооктун көбү жийиркеничтүү жана ыймансыз; музыканын көбү Кудайды одоно кемсинтет; биздин билим берүү системабыз жаратууга ишенгендерди ой жүгүртүүсү тар катары көрсөтүп, жада калса аны илимдин өнүгүшүнө коркунуч катары көрсөтүүдө; тизмени чексиз уланта берсе болот. Светтик бийликти кадырлабай жана аларга урматтабай мамиле кылуу менен, биз коомубуздун кудайсыз жүрүм-турумуна ишенген адам катары салым кошкон жокпузбу? Жогорудагы Пабылдын айтымында, биз чыныгы урмат көрсөтүүнү токтотткондо дал ушундай болот.

Кимдир бирөө Жакшы Кабарды жагымсыз жарыкта көрсөтөт.

Мен бул тема боюнча көптөгөн мисалдарды келтире алмакмын, бирок силерге бир нече жыл мурун болгон бир гана окуяны айтып берейин, ал Пабылдын сөздөрүн эң жакшы сүрөттөйт. Мен бир чоң шаардан учак менен учуп келдим. Ал кезде менин графигим абдан тыгыз болгондуктан, биринчи класста учуп келгем. Жанымда жакшы кийинген, суусундук ичкен бизнесмен отурган. Мен аны менен таанышып, Жакшы Кабарды бөлүшкүм келди, ошондуктан дароо сүйлөй баштадым. Экөөбүз тез эле сүйлөшүп, ар кандай ойлорду, маалыматтарды алмашып жаттык. Экөөбүздүн ортобузда көп жалпылык бар болчу, анан бат эле дос болуп кеттик десем болот.

Анын үнүндө өзгөчө интонациялар бар эле, андан мен анын лидер экенин дароо түшүндүм. Эмне кылып жүргөнүн сурасам, шаардагы чоңдугу боюнча экинчи такси фирмасынын ээси экенин айтты. Анан мен анын компанияны кантип башкаргандыгы тууралуу сөз баштадым. Жумушу тууралуу айтып бергенден кийин эмне кылып жатканымды сурады. Мен: «Мен Жакшы Кабардын кызматчысы катары Теңир үчүн иштейм» деп жооп бердим.

Анын достукка толгон өңү заматта жактырбагандай жана

обочолонгондой болуп кетти. Ал бир нерсе деп күңкүлдөп, бурулуп кетти. Мен таң калдым. Жаңы эле жакшынакай, достук түрдө маектешкен адам, эми мени тааныбагандай түр көрсөттү. Бирок, биздин сүйлөшүүбүз ушул учурга чейин абдан жакшы өттү, ошондуктан мен аны улантууга болорун так билдим. Ошентип, мен андан жылуу үн менен сурадым: «Менин жообум сени капа кылдыбы? Эмне болду?»

Ал мага олуттуу көз караш менен бурулуп: «Билесиңби, эмнегедир сени жактырып калдым, ошондуктан мен эмне үчүн кызматчылар менен да, жалпы машайакчылар менен да сүйлөшкүм келбей жатканымды айтып берейин», - деди. Мен аябай кызыгып калдым.

Ал айта баштады: «Менин бир кызматкерим бар болчу. «Жогорудан төрөлгөн» деп аталган. Ал күнү бою жумушта жүргөндө менин башка кызматкерлериме кабар айтып, аларга «куткарылыштары» зарыл экендигин айткан. Ал өз ишин начар аткарганы аз келгенсип, башкалардын иштөөсүнө да тоскоол болгон.

Акыры ал жумушун таштап, өзү менен бирге компаниядан бир нече нерселерди алып кеткен, ошондой эле, эл аралык чалуулар үчүн (Германиядагы уулуна чалган) төлөнбөгөн 8000 долларлык эсепти калтырган. (Окуя 90-жылдардын орто ченинде, чет өлкөгө чалуулар абдан кымбат болгон кезде болгон.)

Мен таң калдым. Эми ал коомдогу ар бир адам үчүн Кудайдын Сөзүн кабыл алуу абдан кыйын болот, анткени ал өзүнүн жүрүм-туруму менен Ага акаарат келтирген. Өзүнүн жумушун аткаруунун ордуна үгүт айтып, ушундай коркунучтуу уурулук кылуу менен ал начальнигине да, ишкананын кызматкерлерине да эч кандай сый-урмат көрсөткөн эмес. Ал эң ишенимдүү жана үлгүлүү кызматкер болушу керек эле да. Мына ошондуктан, Пабыл бардык жумушчуларга мындай дейт:

> “Кулдарга айт, бардык жагынан биздин Куткаруучубуз Кудайдын окутуусуна жасалга болуш үчүн, алар өз кожоюндарына бардык нерседе баш ийишсин, алар менен айтышпай, уурулук кылбай, тескерисинче, бардык нерседе ишенимдүүлүк көрсөтүп, кожоюндарынын көңүлүнө жагышсын”.
>
> – Тит 2: 9,10

Ал өзүн жаманатты кылып, эмнени айтып жаткан болсо, ошого шек туудуртуп койду. (Биздин иштерибиз сөздөрүбүзгө караганда катуураак

кыйкырып жатат.) Бул аял Жакшы Кабарга көлөкө түшүрдү. Эгер ал Кудайдын Сөзүнө ылайык иш кылса, жетекчисин сыйласа, анда ал өз ишине таптакыр башкача мамиледе болмок. Урматтоо – бул демек, баалоо, баш ийүү, асыл нерседей мамиле кылуу. Жүрөгү урмат-сыйга толгондо анын мамилеси, жүрүм-туруму таптакыр башкача болмок. Ошондо ал автоматтык түрдө өз ишин эң жакшы аткарып, аны менен чынчылдыгы айкалышканда Жакшы Кабарга көбүрөөк көңүл бурулуп, кызыгууларды арттырмак.

Компаниянын ээси менен болгон маегибиздин калган бөлүгүн ушул аялдын жүрүм-туруму үчүн кечирим суроого арнадым. Ал мени укту, бирок ошентсе да, менин сөздөрүм ага анчалык жеңилдик алып келбегени көрүнүп турду. Ал абдан кыйналган эле жана ага жардам берүү абдан кыйын болду. Биздин мындан аркы маегибиз абдан өзгөрдү.

Бир нече жылдан кийин мен бул окуяны жыйындагы насааттарымдын биринде айтып бердим. Финансылык өнөктөштөрүбүздүн бири кийинчерээк насаатты дисктен угуп анан биздин кызматка кайрылуу жолдогон. Ал адамдын фирмасы жана аны табууга боло турган дареги тууралуу маалымат сураган. Ал кечирим сурап кат жазып, Кудайдын сүйүүсүнүн белгиси катары ага сегиз миң долларлык чек жөнөткүсү келген.

Өнөктөшүбүздүн өтүнүчү мени абдан сүйүнткөндүктөн, компаниянын жабыркаган ээсин таап, ага келтирилген зыяндын ордун толтуруу үчүн жеке өзүм ишке кириштим. Издөө иштеринин жүрүшүндө мен ишкер жарым жыл мурун жүрөгү кармап каза болгонун билдим. Бул мен үчүн дагы бир сокку болду. Менин сөздөрүмдү ошондо учакта укканбы деп ойлодум; Чынын айтсам, мен Жакшы Кабарды бөлүшүү үчүн ага жол таба албадым, анын руху ушунчалык жабык болчу. Жолдон дагы бирөө жолугуп, жүрөгүнө жетер деп үмүттөнүп турдум. Ал Ыйса Машаяк аркылуу Кудай менен тынчтык таптыбы деп көпкө ойлондум. Мен анын мурунку кызматкеринин кылганынан кийин, эгерде ал тынчтык тапкан болсо, чындап эле керемет болмок деп ойлодум.

Эгер ал аял ага жана анын компаниясына урмат көрсөткөн болсо, учакта аны менен Жакшы Кабарды бөлүшүү канчалык оңой болмок. Ага аны кабыл алуу оңой болмок. Кантип? Жөнөкөй эле, ал: «Джон, мен эмне жөнүндө айтып жатканыңды түшүндүм. Менин эң жакшы жумушчуларым машайакчылар болгон. Азыр менин жашоом толугу менен баш аламан. Мага түбөлүк өмүр бериши үчүн Ыйса керек. Ооба, мен сени менен сыйынгым келет» демек.

Экинчи жагынан, мен ишенбеген начальниктердин чыныгы машайакчылыкты насааттардан эмес, өз кызматчыларынан көрүп жатканын, бирок алар ар кандай кырдаалдарга туш болгондо, жумуштагы жүрүм-турумунда Машаяктын кулк-мүнөзүнүн кандайча көрүнөөрүн айтышканын уктум. Андай кызматкерлер башкаларга караганда жакшы иштешет, алар бардык кызматкерлердин ичинен эң чынчылы жана ишеничтүүлөрү экенин, эч качан урушпай, даттанышпай, каршы чыкпай турганын айтышты.

Бул жумушчуларга ал аялдан башкача иштөөгө эмне мүмкүнчүлүк берет? Жооп жөнөкөй - Теңирден коркуу, ал биздин жүрөгүбүздө Кудай сүйгөн жана кам көргөн адамдар үчүн чыныгы кадырлоо менен урматсыйды жаратат.

## Класста

Көптөгөн жылдар бою мен ишенгендер өздөрүнүн жүрүм-туруму, урматтоосу же тескерисинче, бардык сыйлабастыктарын көрсөтүшкөн, ошону менен бирге Жакшы Кабар жөнүндө жакшы таасир калтырышкан же тескерисинче, жаман атка ээ болгондугу жөнүндө көптөгөн окуяларды уктум. Мектепте окуп жүргөндө андай да, мындай да окуяга биринчи жолу күбө болдум.

Мен Пурду университетинин студенти болуп жүргөнүмдө Ыйса Машаякты Теңирим катары кабыл алдым. Мен католик үй-бүлөсүндө чоңойгом жана жыйынга үзгүлтүксүз барчумун, бирок ошентсе да, куткарылууга абдан муктаж болчумун.

Студенттердин бири менин көңүлүмдү бургандыгы эсимде. Биринчиден, анын мээримдүү, бирок күчтүү мүнөзү бар экенин байкадым. Ал укмуштуудай спортчу жана абдан тартиптүү жигит болчу. Студенттик кечелерге башында эле келип, ар ким ичкиликке берилип, өзүн башкара албай калганда кетип калганын байкадым. Кечелерде бир газдалган суудан ууртап, жигиттер менен да, кыздар менен да оңой-олтоң жана кызыктуу маек куруп кете алчу.

Ал менин динчил, бирок ошол эле учурда Кудайдан алыс экенимди көрдү. Ошентип, ал алгач мени менен достошуп, анан бир аз убакыт өткөндөн кийин кечинде эшигимди каккылады. Ал мени менен Кудайдын Сөзүн бөлүштү жана күтүлбөгөн жерден: «Джон, сен мага Америка Кошмо

Штаттарынын Президенти жөнүндө айтып бере аласыңбы?» деп сурады.

Мен мындай деп жооп бердим: “Албетте анын аты Жимми Картер, аялынын аты Рослин. Ал бир кезде Джорджинин губернатору болгон, ал эми ага чейин фермасында жер жаңгак өстүргөн».

Ал: «Макул. Эми мага Ыйса Машаяк жөнүндө айтып бере аласыңбы?” деди.

Мен: «Албетте. Ал кыздан төрөлгөн, жердеги атасы Жусуп болгон, анын он эки шакирти болгон жана айкаш жыгачта өлгөн».

Ал: «Эң сонун. Эми айтчы, сен президент Картерди өз энеңди билгендей биле аласыңбы?” деди.

Мен тартынбастан: «Жок» деп жооп бердим.

Ал менден: «Эмне айырмасы бар?» деп сурады.

Мен: “Апам – бул апа. Мен аны жеке билем. Мен Америка Кошмо Штаттарынын президенти менен жеке деле тааныш эмесмин” дедим.

Анан ал: “Ансыз деле, сен апаң менен жеке мамилең бар, сен президентти таанybaйсың.

Сен аны менен жеке мамилең жок болсо да, ал жөнүндө көп билесиң”.

Мен: «Туура» деп жооп бердим.

Анан: «Сен Ыйса Машаякты энеңди билгендей жакшы билесиңби?» — деди.

Мен таң калдым. Эмне деп жооп беремимди билбей отуруп калдым. Анан ал мага Ыйсаны жерге жөнөтүү боюнча Кудайдын бүт планы бизди жыйынга барып турушубуз гана эмес, ар бирибиз менен жеке мамиледе болуу, анткени Ал бизди сүйөт жана Ага бардыгы кымбат. Кудай мени эмне үчүн жаратканын билгенде, мен таң калдым.

Кийинки жылы мен Ыйык Китепти бир нече сааттар бою окуп жаттым. Мен ага тойбой койдум. Кудайдын Сөзүн билгим келди. Мен Ыйсага өмүрүмдү бергенге чейин, Ыйык Китеп мен үчүн окуялар китеби жана эрежелердин жыйындысы болчу. Эми ал менин жүрөгүмдө жанданып, жеке мага кайрылган Кудайдын Сөзү болуп калды. Инженердик факультеттин студенти катары мен кээ бир предметтерди тандай алчумун. Тизмедеги башка нерселердин катарында университеттик шаарчада дайыма жашаган профессор окуткан Нотр-Дамдын предметтери да бар болчу. Мен Байыркы Келишимдин 101 обзору боюнча курска жазылууну чечтим.

Мен анда али жаш студент болчумун жана Байыркы Келишимдин окууларын түшүнүү кыйынга турчу, андыктан жалпы көрүнүштү көрүү үчүн бул курсту өтүү жакшы болот деп ойлогом. Биздин топтун сабактары дүйшөмбү күнү болуп, үч саатка созулду. Биринчи сабакта мен профессорду көрүп, катуу коркуп кеттим. Ал Ыйса Машаяктын тирилгенин тарыхый жактан далилдөө мүмкүн эмес экенин, Библияда ал тууралуу алты жүзгө жакын карама-каршылыктар бар экенин айтты. Муса менен Ысрайыл уулдарынын Кызыл деңизден өткөндүгү, ал жөн эле саз эле.

Ал эми, Ыйык Китепте бардык нерсе ушунчалык даңазалуу баяндалат, анткени тарых муундан-муунга өтүп, улам-улам көбүртүп-жабыртып, саз чоң деңизге айланган.

Айта кете турган нерсе, менин жашоомдогу эң тынчтыктан алыс мезгил ошол семестр болгон. Профессор жана башка студенттер менен дайыма талашып-тартышканым эсимде. Бир жолу эки саат бою профессор менен тартышкан сабак болду. Ушул убакыттын ичинде мен өзүмдүн позициямды абдан бекем коргогом, бирок ошол эле учурда мен анын мугалимдик абалын сыйлачумун.

Семестрдин башында бизге чоң изилдөө иш жазып, окууну аяктаганда тапшыруу тапшырмасы берилди. Аткарылган иштин жыйынтыгы жыйынтыктоочу баанын үчтөн бир бөлүгү болду. Мен өзүмдүн изилдөөмдүн үстүндө талыкпай эмгектендим. Акыркы сабакта профессор бизге текшерилген иштерди таратып берди.

Мен өз ишимдин аягында баанын ордуна чоң «I» деген тамганы көрдүм. Мен абдан таң калдым. Сабактан кийин мен профессорго бардым, ал мага: «Джон, сен менин кабинетиме келишиң керек, мен сага бул баа эмнени билдирерин түшүндүрөм» деди.

Бир нече күндөн кийин мен анын кеңсесине бардым. Ал мени менен учурашып: «Джон, сен экөөбүз эки башка дүйнөдө жашайбыз. Ошондуктан, сенин эмгегиңди баалай албай турганымды сездим. Мен сенин ишиңе «Г» белгисин койдум, бул сенин жыйынтыктоочу бааңа байланыштуу эмес, бирок бул семестрде тапшырып өткөн эки экзамен катары эсептелет.

Анан ал мындай деди: «Джон, топтордо көп «фундаменталисттер» бар эле, алар мага көптөгөн көйгөйлөрдү жаратышты. Алардын дээрлик бардыгы же топто баш аламандык жаратышты, же топтон учуп кетишти, ал тургай өздөрүнүн ишенимдеринен четтеп кетишти.»

Анан ал үнүн жумшартып: “Джон, сен таптакыр башкачасың. Сен ишенимиңди таштаган жоксуң. Сен өзүңдүкүндө калдың, бирок ошол эле учурда мага урмат-сый менен мамиле кылдың. Сен ошондой эле, группалаштарыңдын сый-урматына да ээ болдуң. Мага көрсөткөн урмат-сыйың жана эрдигиң үчүн сага абдан ыраазымын”.

Бул сүйлөшүүдө Кудай мага бир нерсени көрсөттү. Эгерде биз Анын Сөзүнүн ачылышында бекем турсак, бирок биздин лидерлерибизди урматтасак, анда биз Кудайдын чындыктын атынан кыймылдап жатканын көрөбүз. Сыягы, анын топторундагы «фундаменталисттердин» баары жогорудан туулган ишенгендер болушкан.

Бирок, алардын күбөлөндүрүүлөрү алардын иштерине такыр карама-каршы келген, анткени алар группалаштарына жана мугалимине Ыйса Машайак жөнүндө гана айтышкан. Сыягы, алар класста баш аламандыкка алып келген сый-урматсыз жана карама-каршылыкка толгон жүрүм-туруму менен мугалимдин жана группалаштарынын көз алдында чыныгы Жакшы Кабарды жаманатты кылышкан. Урмат-сый принцибин билбегендиктен, сонун мүмкүнчүлүк колдон чыгарылган.

Биз Кудайдын Сөзүнөн эч качан тайбашыбыз керек. Бекем турушубуз керек. Бирок, ага кошумча, бизге каршы болгондорду момундук менен оңдоп-түздөшүбүз керек. Биздин жетекчибизби, машыктыруучубузбу же мугалимибизби, биз Машайакка окшоштугубузду көргөзүшүбүз керек. Ал эми, мүмкүнчүлүк болгондо оозуңарды ачып, биздин жетекчилерди сүйүп, урматтап чындыкты айтсаңар болот.

## Светтик бийликти сыйлагыла

Светтик бийликти кантип сыйлай алабыз? Келгиле, урмат деген сөздүн маанисине дагы бир жолу кайрылалы. Баалагыла, баалуу жана маанилүү нерсе катары урмат-сый менен мамиле кылгыла, баш ийгиле жана Ыйык Жазууга карама-каршылыктар келип чыкканга чейин тил алчаак болгула.

Эгерде бул аныктама боюнча ой жүгүртүп жана сыйына турган болсок, анда жумушта, мектепте же колледжде, спорт залда же башка жерлерде жүрүм-турумубуз жакшы жакка өзгөрөт. Эгерде биз Кудайдан жүрөгүбүздү светтик бийликтерге болгон сый-урматка толтуруусун сурансак, аларга болгон мамилебиз такыр башкача болот. Биз өзүбүздүн укугубузду коргогондун ордуна алардын каалоосун өзүбүздөн артык

көрөбүз. Биз аларга жардам берүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү издейбиз, бизди таанышабы же жокпу, татыктуубу же жокпу, биздин эмгегибиз үчүн акы төлөнөбү же жокпу. Буга биз кантип жетсек болот? Ыйык Жазууда мындай дейт:

> “Кулдар (жумушчулар), кожоюнуңарга (жумуш берүүчүлөр жана жогоркулар) Машайакка баш ийгендей, чын жүрөктөн, коркунуч жана титирөө менен баш ийгиле. Бирок адамдарга жагынуучуларга окшоп көзгө көрүнүш үчүн баш ийбегиле, тескерисинче, Машайактын кулдары катары Кудайдын эркин чын жүрөктөн аткарып, адамдарга эмес, Теңирге кызмат кылгандай, тырышчаактык менен кызмат кылып баш ийгиле. Анткени кул болобу, эркин адам болобу, ар ким өзүнүн кылган жакшы ишине жараша Теңирден тиешесин аларын билесиңер”.
>
> – Эфес. 6:5-8.

«Теңир үчүн иштеп жаткандай тырышчаактык менен иштегиле» деген сөзгө көңүл бургула. Эгерде ал биздин жүрөгүбүздө тирүү болсо, анда биз кулдардан кызматчыга айлана алабыз. Силер: «Мен кул эмесмин» дейсиңер. Бул билдирүүгө тез жооп берүүдөн мурун, мен силерге кул менен кызматчынын айырмасын түшүндүрүп берейин. Кулдун минималдуу талаптары бар, ал эми кызматчынын мүмкүнчүлүгү максималдуу. Кулдан уурдашат, ал эми кызматчы өзү берет; кул иштөөгө мажбур, кызматчы өзү иштей баштайт. Кызматчы буйрук күтпөстөн, мүмкүнчүлүктөрдү издейт. Ал кызмат кылган адамдын муктаждыктарын алдын ала билет жана андан суроодон мурун аларды канааттандырат.

Жетекчиңер силерге адилетсиз жана орой мамиле жасап жатат деп ойлосоңор, жаман мамилеге реакция кылбай, жооп кайтарышыңар керек. Реакция кылган адам аларга кандай жаман мамиле кылып жатканын айтып наразы боло баштайт, капаланып, баарына кайдыгер болуп, жакшы иштебей калат. Жамандыкты жакшылык менен жеңүү үчүн аракеттенген адам (Римдиктерге 12:21-аятты кара) жакпаган жетекчисине кайрылып, мисалы мындай дейт: «Мен жасала турган иштер көп экенин көрүп турам, ошондуктан кийинки аптада жумушка эки саат эрте келип, бардык жумушту жасайм, сизге мага ашыкча акча төлөөнүн кереги жок». Эгер силер чыр-чатакты ушинтип чече баштасаңар, анда бат эле Кудайдын ырайымын, акыр аягында кожоюнду утуп аласыңар. Мен аны кантип

билем? Накыл сөздөр китебинде (3:3, 4) жүрөк тактайларына ырайым жана чындыкты жазуу керек, ошондо «Кудайдын жана адамдардын алдында мээрим жана ырайым табасың» деп жазылган. Эгерде силер башчыңарды сыйлап, ызаат менен мамиле кылганыңарга карабай, анын көз алдында ырайым таппасаңар, анда Кудай башка бир жердин эшигин ачат, ал жерден мээрим көрүп, жакшылыкка ээ болосуңар. Камсыздандыруу компаниясынын директору жана анын тарыхын биз мурунку бөлүмдө карап чыкканбыз. Аны эч нерсеге татыксыз кылып коюшкан учурда да, жумуш берүүчүсүн сыйлаган. Кийинчерээк, Кудай ага чоңураак компаниянын эшигин ачып, кийинчерээк ал эң чоң директорлордун бири катары толук сыйлыгын алды.

Бул мыйзам. Жашооңордо мамлекеттик бийликти сыйласаңар, Кудай да силерди сыйлайт жана силер толук сыйлык аласыңар. Бул жетекчиден, мугалимден же машыктыруучудан келбеши мүмкүн, бирок ал сөзсүз келет. Кудай Өз Сөзүнүн аткарылышын карап турат!

## 9-БӨЛҮМ

# Үйдөгү лидерлерди урматтоо

Келгиле, көңүлүбүздү үй-бүлөгө буралы. Балдардан баштайлы. Ыйык Жазууда: «Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси: «Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла» (Эф. 6:2, 3).

Ата-энени урматтоо бул сүйлөм эмес, сунуш эмес, осуят. Же, балким, кимдир бирөө биз Жаңы Келишимге ишенгендер катары, осуяттарды сакташыбыз керек экенин унутуп калгандыр? Бул Кудайдын сүйүүсү чындап бизде бар экенинин далили.

Ыйса мындай дейт: «Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса, ал Мени сүйөт» (Жакан 14:21). Апостол Жакан дагы бир жолу тастыктайт: «Сүйүү деген – Анын осуяттарын аткаруу. Ал – силер башынан бери угуп келе жаткан осуят. Силер ошол осуят боюнча жашашыңар керек» (2 Жакан 6).

Ыйса Машаякты Теңирибиз катары кабыл алган учурда, биз өзгөрдүк: мурда жашаган адам жок болду. Биз түзмө-түз жаңы жаратуу болуп калдык. Биздин жүрөгүбүз жаңырып, аларда Кудайдан коркуу жана Анын сүйүүсү орной баштады. Азыр биздин бардык каалоолорубуз Теңирде, биз Ага жагууну каалайбыз, анткени бул биздин чыныгы табиятыбыз. Биз «бардыгы Кудайдын осуяттарын аткаргандай» жашайбыз* (1 Кор. 7:19).

Башкача айтканда, Кудайдын осуяттарын этибарга албай жүргөндөр эч качан Ыйык Рух аркылуу Ыйса Машаяк менен чыныгы жолугушууну

* Ыйык Китептин англисче котормосунда: «Кудайдын осуяттарын аткаруу маанилүү». - Болжолдуу котормо.

баштан өткөрүшкөн эмес. Балким, алар машайакчылыкты кабыл алышар, бирок Ыйса айткандай, бизди ишибизден таанышат (Мт. 7:20). Эгерде алар Кудайдын осуяттарын этибарга алышпаса же үстүртөн мамиле кылышса, анда аларда Анын жүрөгү жок.

Урмат деген сөздүн маанисин дагы бир жолу эстеп көрөлү: “баалоо, урматтоо, сыйлоо, жакшы мамиле кылуу, өзгөчө көңүл буруу”. Ата-энебизге сый-урматтын көз карашы аркылуу карасак, биз алар менен сый-урмат жана сүйүү менен баарлашууда болушубуз керек дегенди билдирет. Урматты иш менен, сөз менен, жада калса ой менен да көрсөтсө болот, бирок чыныгы урмат жүрөктөн чыгаарын унутпайлы. Ошентип, жаш улан-кыздар ата-энелери менен тынымсыз, бейкапар, сыйлабастык менен баарлаша беришсе, алар ата-энесин эч кандай урматтабаганын көрсөтүшөт. «Жүрөк эмнеге толсо, ооздон ошол чыгат» (Матай 12:34). Алардын сыйлабастык мамилеси жүрүм-турумунан, үнүнүн тонунан, көз карашынан, мыскылдуу жүзүнөн, сураныччты же арызданууну же ж.б нерселерди аткарууда алардын жайма-жаай басыгынан көрүнөт.

Ата-энеге урматсыз мамиле кылуу Америкада норма болуп калды. Биздин маданиятыбызда адептүүлүктүн чек аралары уламдан-улам өчүп баратат. Мен балдарыма көрүүгө эч качан уруксат бербей турган көптөгөн популярдуу «үй-бүлөлүк тасмалар» бар. Кээ бирлери «ишенимдүү кинокомпаниялар тарабынан тартылганын көрсөтүү үчүн «G» тамгасы менен да белгиленет. Башкача айтканда, алар коопсуз деп эсептелет. Көп учурда алардын окуялары абдан таасирдүү.  Бирок, балдардын ата-энелери менен баарлашуусу такыр башка окуя. Алар ата-энесине аны менен мамиле түзүүгө мүмкүн эмес ,кандайдыр бир келесоодой мамиле кылышат. Алар ата-энелери менен тайманбай сүйлөшүп, аларга баш ийбей, бүтүндөй ата-энесин кемсинткен мамилесин көрсөтүү менен, балдар баатыр болуп же алардын тилегинин аткарылышы менен фильм бүтөт. Мени өтө катаал деп ойлойсуңарбы, бирок Кудайдын эмне дегенин уксаңар: «Атасына же энесине тил тийгизгенге каргыш!” Бүт эл катуу үн менен: “Оомийин!” – десин» дейт (Мыйз. 27:16).

Каргыш деген сөздүн кандай күчкө ээ экенин түшүнөсүңөрбү? Кудайдын каргышына калуу олуттуу нерсе. Биз: «Киши өлтүрүүгө, уурулукка барганга, жыныстык бузукулукка же сыйкырчылыкка барганга каргыш» дегенди угабыз деген үмүттөбүз. Ал эми, ата-энесин урматтабаган адамга каргыш тийсин дейт.

Урматтабагандык деген сөздүн маанисин карап көрөлү: «кадимки эле бир нерседей мамиле кылуу, арзыбаган, кулдардай мамиле кылуу». Эмоционалдуураак айтканда, мындай угулат: уят кылуу, басынтуу.

## Урпактарга созулган каргыш

Ыйык Жазууда адамдар ата-энесинин кадыр-баркына шек келтиргени үчүн өз өмүрлөрүнө каргыш чакырып алган көптөгөн мисалдар бар. Эң айкын мисалдардын бири – Нухтун кичүү уулу Хам.

Топон суудан кийин Нух дыйканчылык менен алектенет. Ал бир күнү кечинде мас болуп калган. Эмне үчүн ал мындай кылды? Балким, ал бүт жер жүзүндө жалгыз ата бойдон калгандыктан, депрессия сезими менен күрөшүп жаткандыр, же балким, ага түшкөн басымдан жеңилдик издеп жүргөндүктөн, топон суудан кийин көп нерсени кайра курууга мажбур болгондур. Кандай болгон күндө да анын жеңилдик издеп жүргөнү же катуу депрессияга түшкөнү көрүнүп турат. Бирок, ал туура эмес ыкмаларды тандап алган. Мас болгондон кийин чатырына кирип, бардык кийимдерин чечип, уктап калган.

Хам атасы жаткан чатырга кирип, анын жылаңач экенин көрүп, барып баарына айтып берди (ошол учурда айланада эл аз эле, Шем менен Жепет гана). Анын бир туугандарына кандай күлүп айтып бергенин элестетип турам: «Эй, балдар, ишенбейсиңерби, биздин атабыз чочкодой мас болуп, жылаңач жатыптыр! Барып карасаңар”.

Шем менен Жепет бир тууганынын шылдыңдаганын укканда, алар такыр башкача жооп беришти. Алар кийим алып, ийиндерине кийгизишти да, атасынын чатырына жондору менен кирип, Нухтун жылаңач этин жабышты. Алар атасынын уятын көргүсү келген жок.

Эртеси эртең менен Нух ойгонуп, Хамдын эмне кылганын билди. Жазылгандай:

> «Канаанга каргыш тийсин! Ал өз бир туугандарынын алдында эң төмөнкү кул болсун». Анан дагы мындай деди: «Шемдин Кудай-Теңирине алкыш! Канаан анын (Шемдин) кулу болсун. Кудай Жепетти жайылтсын, ал Шемдин чатырларында жашасын. Канаан болсо анын кулу болсун».
>
> – Башталыш 9:25-27

Нухтун оозунан чыккан пайгамбарчылык сөз көптөгөн муундарга таасир эткен. Хамдын тукумдары болгон канаандыктар каргышка калышты, алар Кудайдын сөзү боюнча Ысрайыл уулдарына дайыма кул болуп жүрүштү.

Хам атасын урматтабай, өзүнүн жана урпактарынын жашоосуна каргыш алып келген. Нухтун мас болуп калганына карабастан, Хамдын жүрүм-туруму оор кесепеттерге алып келгени кызык.

Ыйык Жазууда Нух үчүн эч кандай жаза айтылбайт. Андан тышкары, Эврейлерге 11-бапта Кудай патриархтар менен мактанат. Алардын бири Нух, ичкен адам. Албетте, ал кылган күнөөсүнө өкүнүп, кечирилген. Бирок, ал бөлүмдө Хам жөнүндө эч нерсе жазылган эмес жана жалпысынан Ыйык Китептин эч бир жеринен Хам жөнүндө оң эч нерсе көрө албайбыз.

Нухтун адеп-ахлактык жактан жаңылыштыгы ошол учурда жүрөгү ачылган үч уулунун урмат-сыйына болгон сыноо болду. Бири сый көрсөтпөй, тек гана баш көтөрсө, калган экөө урмат көрсөтүп, эч кандай айыптоодон алыс болушкан, анткени атасын соттош алардын жоопкерчилиги эмес. Нухтун жүрүм-туруму туура эмес болгон, бирок анын уулдары эмес, Кудай аны менен күрөшүшү керек. Муну эки уулу түшүнүп, ага болгон урмат-сыйын сактап калышты; үчүнчү уулу атасынын иш-аракеттерин соттой турган эркиндикке ээ болду, ошону менен анын абийирине шек келтирди жана каргышка калды.

Дагы бир кызык жагдай, Хам өз сөзүндө абдан так болгон. Логикалык жактан анын иш-аракетин актоого болмок: ал көргөнүн гана айткан, «чындыкты» айткан. Бирок, Падышачылыктагы урмат-сыйга карата болгон принцип такыр башкача түзүлөт.

Убакыттын өтүшү менен сыйлабастык күчөйт Ыйык Жазууда атасын урматтабаган дагы бир адам бар: Жакыптын тун уулу Рубейин; анын энеси Лея болчу. Рубейин атасын кантип сыйлаган эмес? Ал атасынын токолу Била менен жаткан.

Бирок, мен анын атасынын күңү менен жыныстык катнаштан башка дагы көп нерсе болгонуна ишенем. Жакыптын эки аялы болгон: эже-сиңди Лия менен Рахел. Била Рахелдин күңү болгон. Рахел менен Лия бири-бири менен жарышкан-атаандашкан. Жакып Рахелди артык көргөндүктөн, алардын атаандаштыгы барган сайын күчөдү. Ал жубайлык жашоосунун башталышынан аягына чейин эле Рахелди жакшы көрчү.

Кудай Лияны күйөөсү сүйбөгөнүн көрүп, анын жатынын ачып, боюна бүтүп, Рубейинди төрөдү. Ал Рубейин төрөлгөндө мындай деген: ««Теңир менин бактысыздыгыма назарын салды, эми күйөөм мени жакшы көрөт» (Башт. 29:32).

Бир канча убакыт өткөндөн кийин ал экинчи уулун төрөдү. Ал төрөлгөндөн кийин: «Мен анын сүйбөгөн аялы экенимди Теңир угуп, мага муну да берди», – деп, анын атын Шымон койду» (Башталыш 29:33).

Анан үчүнчү жолу уул төрөдү. Үчүнчү уулу төрөлгөндөн кийин: «Мына эми күйөөм мага жабышат, анткени мен ага үч уул төрөп бердим», – деп, анын атын Леби (ал «байланган» дегенди билдирет) койду» (Башт. 29:34).

Рахиль өзү боюна бүтө албай калган эжесинин ийгилигин көрүп, Лиянын таманынын астындагы жерди силкинтүү планына келет.

Ал өзүнүн күңүн Жакыпка берүүнү чечти да, ага: «Менин кызматчым Билага жакында, ал менин тиземе төрөп берсин, ал аркылуу мен да балалуу болоюн», – деди» (Башталыш 30:3). Бала төрөлгөндө, Рахел: «Эжем менен катуу кармашып, жеңип чыктым» деген (Башт. 30:8).

Рубейин эң улуу бала катары энеси менен Рахелдин ортосундагы күрөштү жана атаандаштыкты көргөн. Ал энеси сезген ооруну түшүнө турган жашта болчу, анын энеси атасы тарабынан кароосуз калган. Рубейин талаага барып, ал жерден энеси үчүн мандрагорлоруду таап алды. Лия уулунан мандрагорлорду алганда, Рахел ага көз артып, ал да мандрагорлорду каалаган, анан ал эжесине Жакып бир түн аны менен өткөрөт деп сунуштап, аларды алган.

“Жакып кечинде талаадан келе жатканда, Лея алдынан тосуп чыгып: «Меникине кир, анткени мен сени уулумдун мандрагорлоруна сатып алдым», – деди” (Башт. 30:16). Бул Жакыптын Рахел менен көбүрөөк түн өткөргөнүн көрсөтүп турат. Лея ага төлөө менен гана бирге боло алган.

Рубейин алардын үй-бүлөсүндө эмне болуп жатканын кайгы менен карап турду. Атасынын апасына болгон аргасыз мамилесине таарыныч, нараазылык сезими анын жүрөгүндө күн сайын күчөгөнүнө ишенем.

Бул бир көрүнүш менен эле токтоп калган жок. Анын таарынычы бардык нерседе сезилип турат. Убакыт өтүп, Жакып он уулдуу болгондон кийин, Рахел ага Жусуп деген уул төрөп берди. Рубейин атасы Рахелдин жалгыз уулун жактырганын көргөндө ого бетер жийиркенип кетти. Жусуп бардык жакшылыкка ээ болду, аны бардык бир туугандардан да жакшы көрүштү, ага атасынын артыкчылыгын билдирген кооз кийимдерди тартуулашты.

Үй-бүлө Лея менен Рахелдин атасы Лабандын жанынан чыкканда, Эйсап жана аны менен бирге төрт жүз кишинин аларды тосуп келе жатканы жөнүндө кабар келди. Жакып дүрбөлөңгө түштү, анткени ал бир тууганынын тунгучтук укугун уурдап алганы үчүн аны өлтүрүүгө ант бергенин жакшы эстеди.

Жакып өз жанын жана өз тукумун сактап калуу үчүн үй-бүлөнү экиге бөлдү. Ал үй-бүлөнүн бир бөлүгүн Эйсапты тосуп алуу үчүн алдынан жиберди, экинчи бөлүгү бир аз артта кетиши керек болчу. Анын ою боюнча, Эйсап алдыдагыларды өлтүрө турган болсо, анда Жусуп жана калгандары качып кетип, анын жана ага жакын адамдардын өмүрүн сактап калышат. Келгиле, анын үй-бүлөнү кантип бөлүштүргөнүн карап көрөлү: «Күңдөрүн жана алардын балдарын алдыга койду, Леяны жана анын балдарын алардын артына, ал эми Рахел менен Жусупту алардын артына койду» (Башт. 33:2). Рубейинндин ачуусун жана нараазычылыгын элестете аласыңарбы? Ал апасы экөөнү алдыга, өлүмгө дуушар болууга койду, Рахел менен анын уулуна жакшылык кылып, акыры өзү алар менен бирге турат.

Убакыттын өтүшү менен наарaзычылык күчөй берет. Рахел экинчи уулун төрөп, төрөт учурунда каза болот. Жакып анын өлгөнүн кайгырып жоктоп, анын мүрзөсүнө эстелик тургузат, ал эстелик бардык муундар бою сакталышы керек болчу. Кызыгы, Леянын эстелиги жөнүндө эч жерден окубайсыңар, ал Рахелдин эстелигин гана тургузган. Албетте, эстелик абдан чоң жана кооз болгон. Кыязы, бул жолу Рубейиндин чыдамкайлык чөйчөгү толуп, аны ачуу жана көңүл калуу ээлеп алган.

Ыйык Китепте Рахел өлгөндөн кийин дароо эле «Рубейин барып, атасынын күңү Билла менен жатып алды» деп айтылат (Башт. 35:22). Рубейин атаандашынын чоңоюп баратканын көрүп, кыйналып, азап чегип жашаган. Атасынын Рахелди сүйүп, апасын сүйбөй турганына ал чыдагысы келген жок. Сыягы, ал Била менен жыныстык ырахат алуу үчүн эле эмес, Рахелдин чатырын уятка калтыруу жана шерменде кылуу үчүн, жок эле дегенде, апасына атасы келтирген азапты кайтарып берүү үчүн жаткан.

Эми биз Кудайдын кийинчерээк, бир туугандардын баары өлгөндөн соң Рубейин жөнүндө айтканын көрүп жатабыз:

> “Ысрайылдын тун уулу Рубейиндин уулдары (Рубейин Ысрайылдын тун уулу болгон, бирок ал өз атасынын төшөгүн

> булгагандыктан, анын тунгучтугу Ысрайылдын уулу Жусуптун уулдарына берилген, ал санжырага тунгуч болуп жазылган эмес. Жүйүт өз бир туугандарынан алда канча күчтүү болсо да, анын уруусунан жол башчы чыкса да, тунгучтук Жусупка ыйгарылган эле)”.
>
> – 1 Жылнаама 5:1

Эң кызыгы, Жакып өзү туура эмес кылган, анткени Рахелди сүйүп, Леяны тоготпой койгон. Бул Кудайдын көз алдында жакшы эмес, биз муну окуйбуз: «Анын Леяны сүйбөгөнүн көрүп, Теңир Леяны балалуу кылды» (Башт. 29:31). Ыйык Китептин кеңейтилген котормосунда мындай делет: «Теңир Леянын жек көрүндү болгонун көргөндө”, күйөөсүнүн айынан Леянын бактысыз болгону үчүн Кудай ага батасын берген.

Китептин башында ыйык кызмат кылуучу Эйли тарабынан кордук көргөн Аннанын окуясын эстегиле, бирок ал өзүн сыйлабастыкка жол берген эмес жана бийликти урматташыбыз керек деген Кудайга баш ийбей койгон жок. Ал сыйлыкты толугу менен алды.

Рубейин болсо тескерисинче, сыйлыктан, мурасынан да ажырады. Ал баалоодо эч кандай жаңылышкан жок, бирок реакциясында таптакыр жаңылышты.

Башка бирөөнүн туура эмес жүрүм-туруму менен сизге таасир этишине жол бербеңиз.

Акыркы бир нече жыл ичинде мен башка адамдардын жаман жүрүм-туруму биздин билимибизге жана туура нерсени кантип кылуу керектигин түшүнүүбүзгө таасирин тийгизишине жол бербешибиз керектигин көбүрөөк түшүндүм. Бул чындык Мусанын жашоосунда абдан ачык көрүнүп турат.

Ысрайыл уулдары, Жакыпка окшоп, дайыма Теңирге жакпай жүрүштү. Жакып аялын жек көрдү, алар болсо дайыма наразы болушкан. Рубейинге окшоп, Муса да алардын туура эмес жүрүм-турумунан улам азап тарткан. Кырк жыл бою ал убадаланган жерге киргизилбей, алардын айынан чөлдө жүргөн. Эми суу жок деп кайра арызданып жатышты. Ошондо Кудай Мусага аскага буйрук бер, ошондо андан суу агат деп айтты. Бирок, ошол маалда Муса алардын жүрүм-турумунан ушунчалык чарчагандыктан, бүт ысрайылдыктарды чогултуп, кыйкырды: «Анан Муса менен Арун элди асканын жанына чогултушту. Ошондо Муса аларга мындай деди: «Кулак салгыла, баш ийбес эл, ушул аскадан силерге суу

чыгарып берелиби?» Анан Муса колун көтөрүп, таягы менен асканы эки чапты эле, шаркырап суу агып чыкты. Ошондо жамаат да, алардын малы да суу ичти» (Сан. 20:10, 11).

Өзүнүн жүрүм-туруму үчүн Муса элди убадаланган жерге алып баруу артыкчылыгынан ажырап калган. Көп жылдар өткөндөн кийин забурчу мындай деп жазат: «Алар Мериба суусунун боюнда Кудайды каардантышты, алар үчүн Муса жабыр тартты. Анткени алар анын рухун капалантышты, ошондо Муса тили менен күнөө кетирди» (Забур 105:32, 33).

Муса алардын жаман жүрүм-турумунан чарчады. Ал Кудайдын Сөзүнө туура келбегендей иш кылууга аргасыз болду. Ал ага кымбатка түштү! Мен өзүмдүн Ыйык Китебиме бул аяттын жанына минтип белги коюп койдум: «Биз өзүбүздүн жаман жүрүм-турумубузду башка адамдардын жаман жүрүм-туруму менен актай албайбыз». Бул баарыбыз үчүн өтө оор сабак.

Рубейиндин атасынын жүрүм-туруму анын апасына карата урмат-сый көрсөткөндөй эмес болчу, бирок бул Рубейиндин атасына болгон урмат-сыйсыз жүрүм-турумун эч кандай түрдө актабайт. Биздин көзүбүзгө алар жакшы көрүнөбү же жаман көрүнөбү, алардын жүрүм-туруму урмат-сыйыбызга татыктуубу же татыксызбы, ага карабай Кудай бизге атабыз менен энебизди урматтагыла дейт.

Мурунку бөлүмдөгү абдан маанилүү бир принципти дагы бир жолу эске сала кетейин. Биз ар дайым бийликти урматтап, ага баш ийишибиз керек; Кудайдын Сөзүнө карама-каршы келген иштерди кылууга буйрук берилбесе, биз бийликтерге баш ийишибиз керек. Мисалы, ата-эне баласын мугалимге калп айтуусун суранса, анда бала сый-урматын сактап: «Ата, апа, мен сизди урматтайм жана сыйлайм, бирок мен калп айта албайм, анткени бул Кудай алдында күнөө» деп айтса болот. Же андан да коркунучтуу мисал, атасы баласына сексуалдык ыдык көрсөтсө, уулу же кызы башка органдардан жардам сурашы керек. Ал үчүн да, өздөрү үчүн да жардам сурашса, бул алардын урматтабай коюусу болбойт.

## Кош сыйлык

Келгиле, бул теманы баштаган Ыйык Жазуудагы аятка дагы бир жолу көңүл буралы: «Ата-энеңди сыйла» деген осуят – убадалуу осуяттардын биринчиси. “Сага жакшы болушу үчүн жана жер үстүндө өмүрүң узак болушу үчүн, ата-энеңди сыйла» (Эф. 6:2, 3).

Бул аяттан көрүнүп тургандай, сыйдын сообу эки эселенген. Биринчиден, бул силерге көп жардам берет. Жашооңордо ийгилик, ошондой эле тынчтык, кубаныч, сүйүү жана ден соолукка ээ болосуңар. Силер пайдалуу жашоодон ырахат аласыңар. Экинчиден, жер бетинде көп жашайсыңар. Кандайдыр бир айыкпас оорудан, автокырсыктан же кырсыктан мезгилсиз өлбөйт деген убадаңыз бар.

«Бирок мен ата-энесин сыйлап, жаш кезинде каза болгон адамдарды билем» деп ойлошуңар мүмкүн. Балким, чындыр. Анан: «Эмне үчүн бул убада алардын жашоосунда ишке ашкан жок?» деп сурайттырсыңар.

Эң жөнөкөй жооп: Кудайдын убадалары автоматтык түрдө иштебейт, алар ишеним аркылуу ишке ашырылышы керек. Бул тыянак сизди таң калтырышы мүмкүн, бирок мен силерге Ыйык Китептен мисалдарды көрсөтөм.

Кудай Ыбрайымга анын уулу Ыскак аркылуу убадаланган үрөндүн өнүп чыга турганы жөнүндөгү келишимди берген. Кудай конкреттүү сөздү айткан: «Мен аны менен жана анын кийинки укум-тукуму менен түбөлүктүү келишим түзөм» (Башт. 17:19). Жогоруда айтылгандарды колдоо үчүн, келгиле, Римдиктерге жазылган катты окуп көрөлү: ««Сенин тукумуң Ыскактан тарайт», – деп жазылган» (Рим. 9:7). Демек, Ыскактын баары бир балалуу болушу керек эле, туурабы?

Ыскактын аялын ким тандады? Кудайдын Өзү. Ыбрайымдын туугандарынын арасынан Ыскакка аял издеп барган Ыбрайымдын кулун эстегиле. Жолго чыкканда ал сыйынган: «Теңирим, Ыбрайым мырзамдын Кудайы! Ал кызды мага бүгүн жолуктура көр, менин мырзам Ыбрайымга ырайым кыла көр. Мына, мен кудуктун жанында турам, шаар кыздары суу сузуп алганы келе жатышат. Мен кайсы кызга: “Кумураңды эңкейтчи, суу ичип алайын”, – десем, ал: “Ич, төөлөрүңдү да сугарып берем”, – десе, анда ошол кыз Сен Өз кулуң Ыскакка дайындаган кыз экенин жана Сен менин мырзама ырайым кылганыңды билем», – деди”.

Чынында, абдан өзгөчө сыйынуу. Кокустуктун эч кандай мүмкүнчүлүгү жок. Төөлөр сууну көп ичет, эгер Кудай аларга күч бербесе, чоочун адамдардан мынчалык көлөмдөгү сууну сузуп берейин дегендер аз эле чыгат. Ыбрайымдын кулу жүз пайыз ишенгиси келген, ошондуктан ал өзүнүн өтүнүчүн так жана татаал кылган. Ошондой эле байкап көрсөңөр, ал мындай милдетти ким алса, ошол болот деп айтты. Башкача айтканда, ал Кудай Ыскак үчүн тандап коюлган аял болот.

Ал сыйынып бүтө электе, Ыбрайымдын туугандарынын кызы Ребека ийнине кумура көтөрүп чыкты. «Ошондо кул кыздын астынан чуркап чыгып: «Кумураңдан кичине суу ичирчи», – деди” (Башт. 24:17). Байкасаңар, ал төөлөр жөнүндө эч нерсе айткан эмес. Ал аны менен жолукканга чейин кандай сыйынса, ошондой сурады. Ал сүйүнүп макул болуп, ага суу берди. Эми карасаңар, андан кийин эмне болорун: «Кыз ага суу ичиргенден кийин: «Төөлөрүңүздүн да суусуну кангыча сузуп келип берейин», – деди» (19-аят).

Баары Ыбрайымдын кулу кантип сыйынса, ошондой болду. Ал сыйынуу ушунчалык тез угулганына таң калды. Ал тапшырма бүтө элек болсо да, сыйынуусу канчалык тез кабыл алынганына сүйүнгөн.

Эми Кудайдын Ыскак үчүн тандап алган тандоосунун ортосунда акыркы көпүрөнү түзүш керек болчу. Анын үй-бүлөсү буга чейин такыр көрбөгөн адам менен кетип, аны биротоло белгисиз жерге берүүгө уруксат береби?

Ыбрайымдын кулу болгон окуяны Ребеканын үй-бүлөсүнө айтып берери менен, үйдөгүлөрдүн баары: «Бул иш Теңирден. Биз сага жакшы да, жаман да айта албайбыз» (50-аят) деп жооп беришти. Эртеси үйдөгүлөр аны коё беришет да, Ыбрайымдын кулу аны Ыскакка алып келип, алар үйлөнүшөт.

Эми окуянын укмуштуудай бөлүгү келди. Кудай керемет жолу менен Ыскакка аял тандаган. Бирок, алар баш кошкондо эле Ребеканын тукумсуз экени, балалуу боло албаганы белгилүү болду. Эмне? Тукум Ыскактан чыгат деп убада кылганда, эмне үчүн Кудай Ыскак үчүн төрөбөгөн аялды тандап алган? Жооп:

> Кудайдын убадалары автоматтык түрдө эмес, алар ишеним аркылуу кабыл алынышы керек. Биз окуйбуз: «Ыскак Теңирге өз аялы жөнүндө сыйынды, анткени ал согончогу канабаган аял эле. Теңир аны угуп, аялы Ребеканын боюна бүттү».
>
> – Башт. 25:21

Ыйык Китептин кеңейтилген котормосунда мындай делет: «Ыскак балалуу боло албаган аялы үчүн Теңирге чын жүрөктөн сыйынды; Теңир анын сыйынуусун угуп, анын аялы Ребеканын боюна бүттү». Ал кантип сыйынган? Ал: «Кудай, сен менден элдер, падышалар чыгат, менин тукумумдан тукум уланат деп убада кылгансың. Аялым балалуу боло

албаса, бул кантип болот? Мен сыйынам, Теңир, убадаланган тукум Сен убада кылгандай чыгышы үчүн, Ребеканын жатынын ач».

## Рухий мыйзам

Биз билип, түшүнүшүбүз керек болгон рухий мыйзам бар. Ыйык Жазууда: «Теңирим, Сенин сөзүң асманда түбөлүккө орногон» (Заб. 118:89).

Көңүл бурсаңар, ал жакта: «Теңир, Сенин сөзүң асманда да, жерде да түбөлүктүү» деп айтылбайт. Жок, анда Анын Сөзү асманда орногону ачык айтылган, бирок жер жөнүндө эч нерсе айтылбайт. Анда Анын Сөзү жерде кантип бекемделген? Ыйык Жазууну андан ары изилдөөдө биз муну көрөбүз: «Ушуну менен силерге үчүнчү ирет бара жатам. Ар бир сөз эки же үч күбө аркылуу бекемделет» (2 Кор. 13:1). Эскерте кетсек, эки же үч күбө сүйлөп жатканда сөздөр тастыкталат. Эми келгиле, Кудайдын эмне деп айтканын карап көрөлү: «Ошол сымал Менин оозумдан чыккан сөз да кайра Өзүмө бекер кайрылып келбейт, бирок Мен эмнени кааласам, ошону аткарат, Мен аны эмнеге жиберсем, ошону жүзөгө ашырат» (Ыш. 55:11).

Анын сөзү Ага кантип кайтып келет? Жооп жөнөкөй - биздин оозубуздан. Биринчи Кудай, анан биз. Демек, анын оозунан чыккан сөзүн оозубуз менен айтканыбызда, аны жерге орнотобуз! Бул укмуштуудай чындыкты түшүндүңөрбү? Кудай Ыскакка тукумдун аты аны менен аталарын убада кылган, бирок бул үчүн Ыскак өз оозу менен сүйлөп, сөздү жерде, жашоосунда жана үй-бүлөсүндө орнотуусу керек болчу.

Кудай ата-энебизди сыйласак, анда бизге узун өмүр убада кылат. Эгерде биз убаданы оозубуз менен ишеним менен жарыяласак, анда биз Анын жашообуз жөнүндө айтканын ырастаган болобуз. Биз жер бетинде сөздү тастыктаган экинчи оозбуз. Мен бул ачылышка сөз жеткис кубанычтамын! Бул биз ооруга тайманбастык менен туруштук бере аларыбызды жана Кудайдын жер бетинде узак өмүр сүрүү жөнүндөгү келишимин жарыялай аларыбызды жана ал баш ийүүгө милдеттүү экенин билдирет. Биз саякаттарда, үйдө жана каалаган жерде, ар кандай кооптуу жерлерде коопсуздук жөнүндө айта алабыз. Биз ишенимдүү түрдө айта алабыз: «Мага миңдеген элдер бардык тараптан каршы чыгышса да коркпойм» (Заб. 3:7), анткени узак күндөр менен Кудай мени канааттандырат жана мага Өзүнүн куткаруусун көрсөтөт (Заб. 90:16).

Биз да бизде баары жакшы болот деген убаданы айта алабыз. Кыйынчылыктарга, үмүтсүз, аргасыз көрүнгөн кырдаалдарга кабылганда тайманбай айта алабыз: «Мен атам менен апамды ар дайым сыйлайм, Кудайдын убадасы мен үчүн, менде баары жакшы болот! Ыйсанын атынан мен күрөштүн, муктаждыктын, депрессиянын жана бардык оор жагдайлардын дубалдарына кыйрап, бүлүнүүнү буйруйм!”

Биз муну Кудайдын келишиминин кайсынысы менен болсун аткара алабыз. Жетиштүү-мол турмушта жашагандар менен ар кандай кыйынчылыктан жапа чеккендердин ортосундагы бир гана айырма – биз аны оозубуз менен жарыялагандыгыбызда. Кудай мындай дейт: «Бүгүн силердин алдыңарда асман менен жерди күбөгө тартам. Мен сага өмүр менен өлүмдү, алкыш менен каргышты сунуш кылдым. Өзүң жана укум-тукумуң өмүр сүрүшү үчүн, өмүрдү тандап ал» (Мыйз. 30:19). Биз жашоону тандап алышыбыз керек экенин эске алыңыз. Неге? Биз жашоону (келишим боюнча баталарды) тандап алышыбыз керек, анткени өлүм жер бетинде иштеп жатат. Биз кантип жашоону тандай алабыз? Дагы бир жолу окуйбуз: «Өлүм менен өмүр тилдин бийлигинде, аны сүйгөндөр анын жемишинен татышат» (Накыл сөздөр 18:21).

Биз Кудайдын батасына же шайтандын каргышына жетишсиздикке, ооруга жана өлүмгө макул болобуз. Бул чындыкка мүдүрүлүү абдан оңой. Ошондуктан, Жакып мындай деп жазган:

“Анткени баарыбыз көп жаңылабыз. Оозунан жаңылбаган адам – бүт денесин ооздуктай алган жеткилең адам. Баш ийдириш үчүн, биз атты ооздуктап, анын бүт денесин башкарабыз. Ошол сыяктуу тил да дененин кичинекей эле мүчөсү, бирок көп нерсе кылат. Оттун кичинекей эле учкуну чоң токойду өрттөп жок кылат” Жакып 3:2, 3, 5. Ошол сыяктуу эле, кичинекей эле бир учкун бүт токойду өрттөп жибериши мүмкүн болгондой, тил дагы кичинекей бир мүчө, бирок канчалык зыян келтирет.

Кичинекей эле учкун бүтүндөй бир токойду өрттөп салышы мүмкүн. Анын сыңарындай, коркуп айтылган сөздөр жашооңузду бузуп коюшу мүмкүн. Жакшы кабар — бизде Кудайдын келишими бар. Алар жүрөккө киргенден кийин, биздин оозубуз эмнени айтыш керек болсо, ошону айтат. Андан ары Жакып: «Тил суу булагы сыяктуу: андан таза суу да, ачуу суу да бир эле убакта чыга албайт» дейт. Кеп фонтанда эмес, жерде, суунун булагында. Ошол сыяктуу эле, бул жерде кеп тилде эмес, биздин

жүрөгүбүздө болгон булакта. Ыйса мындай дейт: «Анткени адамдын жүрөгү эмнеге толуп-ташыса, оозу ошону сүйлөйт» (Лука 6:45). Ата-энеңди сыйласаң, Кудай жакшы жана узун өмүр убада кылат. Эми, азыр силер бул саптарды окуп жатканда, Ыйык Рух жүрөгүңөргө чындыкты сээп жатат жана силер эмне керек экенин айта баштайсыңар. Кудайга болгон ишенимиңерди башкалардын тажрыйбасына негиздебегиле, аны Кудайдын Сөзүндөгү чындыкка негиздегиле. Мен эрте өлбөй турганымды билем; бул убада менин жүрөгүмдө терең тамыр жайган жана аны аткаруу үчүн Кудай Өз Сөзүн карап турат.

## Аял күйөөсүн урматтоого чакырылган

Ал эми, аялдын ролуна келсек: «Силерге тиешелүүсү болсо бул: күйөөсү аялын өзүн сүйгөндөй сүйсүн, аял болсо күйөөсүн урматтасын, анын тилин алсын, анын ою менен эсептешсин, аны кадырласын, ага урмат көрсөтсүн, аны бааласын; ага жол келсин, аны мактасын, сүйүп жана ага тамшанып турсун» (Эф. 5:33, кеңейтилген котормо). Мына тизме! Пабылдын аял билиши керек болгон нерселердин баарын жана аял күйөөсүн кантип сыйлашы керектигин кылдаттык менен айтып бергенин карап көрүңүз. (Кийинчерээк мен күйөөлөр аялдарын кантип сыйлашы керектиги жөнүндө көбүрөөк айтып берем, бирок бул бөлүмдө биз үстүбүздөгү бийликке ээ болгондор жөнүндө сөз кылабыз.)

Күйөө - үйдүн башчысы. Муну шовинисттер (*аялдарга же бардык аялдарга бой көтөрүү менен мамиле кылган адамдар) ойлоп тапкан эмес*, Кудай ушундай кылып жараткан. Аялы башкарган же анын пикири эң негизгиси болуп, күйөөсү башчы катары кабыл алынбаган үйдө чыныгы тынчтык жана береке болушу мүмкүн эмес. Тескерисинче, аялы күйөөсүн урматтап, ага үй-бүлө башчысы катары мамиле кылса, анда ал сый-урматтын сообун түздөн-түз андан алат же башка жол менен алат, бирок сыйлык өзүнө келет.

Жакында мен Европадагы чоң жыйынга кызмат кылдым. Бир аял мага: «Джон, мен сен үчүн гана жыйынга келдим» деди. Мен бир аз түшүнбөй калдым. Анан ал мага өз тарыхын айтып берди. Бир нече жыл мурун анын жыйынында кээ бир жетекчилер алмашкан. Ал жолдошу менен чогулушка барыш үчүн абдан алыс жол жүрүшү керек болчу, ошондуктан алар, үйгө

жакыныраак жыйын таба алышса жакшы деп ойлошту.

Бир нече ар кандай жыйындардагы чогулуштарга катышкандан кийин, ал үйүнүн жанындагы кичинекей жыйынды тандап алган. Анткен менен, күйөөсү алардын бул жыйынга баруусунун кереги жок экенин түшүнүп, алар ошол бойдон эле калуулары керек экенин сезди. Аялы абдан каалабаса да, аны менен бирге барды, бирок ошол эле учурда жекшемби күнү кечинде чакан жыйынга барууну да уланта берди.

Ал барган сайын ошол жыйынга байланып, кызматтарга катыша баштады. Акыры, кичинекей жыйындын жетекчилери ага:

«Сен качан күйөөң менен сүйлөшүп, Кудайдын буйругуна баш ийип, биздин жыйынга келиши керектигин айтасың?» – дешти. (Жетекчиликтин бул түрү мени коркутат.)

Алардын сөздөрү ага катуу таасир эткен. Ал күйөөсүнө башка жыйынга биротоло кетүүнү чечкенин айтып, андан кийин биринчи жыйындын пасторуна жолугуп, күйөөсү калганына карабай, жыйындан кетип жатканын жарыялаган. Кечиндеги жолугушуунун алдында ал менин «Кудурети Күчтүү Кудайдын калкалоосунда» аттуу китебимди алган, анда мен бийликке баш ийүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө айтам.

Ал мага: «Джон, мен сенин китебиңди түнү бою окуп чыктым. Тынбай ыйладым, окуп жатып кантип Кудайга, күйөөмө каршы чыкканымды түшүндүм. Эртеси мен күйөөмдүн жана пасторумдун алдында өкүнүп тобо кылдым».

Ал кеткиси келген жыйынга кайра кубаныч менен кайтып келди. Бир нече айдан кийин пастордун аялы аны жыйындагы башка аял менен тааныштырды. Көрсө, экөө тең бир бизнес менен алектенгиси келген экен, анан алар ошентишти. Алар ушул убакта жакшы ийгиликтерге жетишишти жана өздөрүнүн кирешесинен Кудайдын Падышачылыгына көп каражат салып жатышат.

Ал мындай деди: «Джон, эгер мен бул жыйынды таштап кетсем, акыры күйөөмдү жоготуп алмакмын жана менин өмүрүмдөгү чакырык болгон бизнеске эч качан кире алмак эмесмин.” Андан кийин ал аны күйөөсүнө баш ийбөөгө жана сыйлабоого үндөгөн кичинекей жыйындын лидерлери эми жок экенин айтты. Ал өз күйөөсүн сыйлады, анан да коргоого жана сыйлыкка ээ болду.

## Куткарылбаган күйөөлөрдүн аялдары

Элчи Петир да Пабылга окшоп мындай деп жазган:

> Ошондой эле, силер, аялдар күйөөңөргө баш ийгиле (аларга моюн сунгула, алардын жардамчылары болгула, алардын көзүн карап тургула). Кимиңердин күйөөңөр Кудайдын Сөзүнө баш ийбесе, ал силердин таза, Кудайдан корккон (такыбаа) жашооңорду көрүп, ошодой эле силердин күйөөңөрдөн коркуп, демек: урматтап, жогору баалап, ар дайым ага жол берип, сыйлап, түшүнүп, кабыл алып, аларды жакшы көрөөрүңөрдү жөнөкөй тил менен айтып, тамшанып, мактап, ага ишенимдүү болуп жана берилип, абдан сүйүп жана андан канаатананып турганыңарды көрүп, силердин сөзүңөр аркылуу эмес, жүрүш-турушуңар аркылуу Кудайга баш ийгидей болсун".
>
> – 1 Петир 3:1, 2

Петир аялдын күйөөсү куткарыла элек болсо да, анын кабар айтуу жана окутуу эмес, Кудайга жаккан жүрүм-туруму аны куткарылууга алып барарын көрсөтөт. Мен аялдарынын жүрүм-туруму аркылуу Теңир үчүн жаралган эркектерди билем. Эң сонун мисал – 20-кылымдын башында Европада жашаган Кудайдын эң улуу адамдарынын бири Смит Виглсворт.

Виглсворт сантехник болгон жана убакыттын өтүшү менен анын Кудайга болгон салкын мамилеси күчөгөн. Ал машайакчылык жөнүндө да уккусу келген эмес. Анын жубайы Поли болсо абдан берилген аял болчу. Анын Кудайга болгон кумарлары ого бетер күчөдү. Анын берилгендиги күйөөсүнө жек көрүндү болуп, атүгүл анын бар болушу аны ого бетер кыжырдантты.

Ал ишеними үчүн ага жаман мамиле кылып, ал тургай кийин жыйынга баруусуна да тыюу салган. Ал анын буйругуна баш ийген жок, анткени бул Кудайдын эркине карама-каршы келген (дагы бир жолу кайталап айтам, алар бизден Кудайдын Сөзүндө жазылган эркин бузууну суранмайынча, баш ийишибиз керек).

Ага кечки тамакты даярдап бүткөндөн кийин, ал жекшемби күнү кечки чогулушка жыйынга жөнөдү. Бир күнү кечинде ал жолугушуудан кийин үйгө адаттагыдан кеч келди. Ал үйгө киргенде, Смит аны коркутуп: «Мен үйдүн кожоюнумун, эгер сен үйгө каалаган убакта келем деп ойлосоң, мага керегиң жок!» деди.

Паули акырын гана: «Мен сенин күйөөм экениңди билем, бирок Машаяк менин Кожоюнум», - деп жооп берди.

Ачууланган Виглсворт эшикти ачып, үйдөн түртүп чыгарып, эшикти артынан кулпулап алды.

Бирок, Паули өжөрлүк менен Кудайга баш ийүүнү жана күйөөсүн урматтоону уланта берген, бул ага өзгөчө таасир калтырган. Кийинчерээк, күйөөсү Теңирибизге ушунчалык олуттуу кайрылып жана толугу менен Ыйса Машаяктын кызматына берилгендиктен, анын кызматы жөнүндө азыр да чоң урмат менен айтылып келет. Анын кызматы аркылуу көптөр куткарылып, айыгып, ал тургай өлгөндөн тирилген.

Машаяктын сотунун алдында Паулиндин сыйлыгы абдан чоң болду, анткени анын күйөөсүнүн кызматынын натыйжасында жүз миңдеген адамдардын жашоосу өзгөргөн. Ал сыйлыкты түп-тамырынан бери өзгөргөн күйөөсү түрүндө гана эмес, келечектеги жашоодо да чоң түшүм алды.

Эми түшүндүңөрбү? Бизди сыйлашыбыз керек болгондор үчүн гана эмес, өзүбүздүн кызыкчылыгыбыз үчүн да сыйлаш керектиги айтылат. Сыйлыкка татыктууларды сыйлабасак, өзүбүз көп нерсени жоготуп алабыз.

# 10-БӨЛҮМ

# Жыйындагы лидерлерди урматтоо

Жогоруда айткандай, Кудайдын Падышачылыгы - бул Падышачылык. Ошондуктан, жыйында дайыма бийлик жана так тартип болот. Жыйындагы жетекчиге урмат көрсөтүү менен, биз Ыйсага урмат көрсөтөбүз, ал эми Ыйсаны урматтоо менен биз Кудай Атабызды урматтайбыз (Мт. 10:40,41ди карагыла). Биз лидерге кандай мамиле кылабыз, аны менен кандай сүйлөшөбүз, ал тургай, ал жөнүндө эмнени ойлойбуз, бул лидерди Койгон менен түзмө-түз мамилебизди чагылдырат.

Кудай мындай дейт: «Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат» (1 Шемуел 2:30). Биздин Кудай менен болгон мамилебиз жыйындагы жетекчилер менен болгон мамилебизден көрүнүп турат. Жыйындын бийлигин сыйлабаса, эч ким Кудайдан корком деп айта албайт.

## “Мен адамдан эмес, Кудайдан корком”

Кызматтардын бириндеги адаттан тыш жолугушууну эч качан унутпайм, бул жогоруда айтылгандардын чындыгын ачык көрсөтүп турат. Таарынычтан арылуунун маанилүүлүгү жөнүндө насаат айткандан кийин, көп адамдар менин чакырыгыма жооп берип, сыйынуу үчүн келишти. Арасында бир жигит бар эле, анын жашоосунда көп азап

чеккенин дароо сездим. Мен аны ал үчүн сыйынуу үчүн сахнага чыгууга чакырдым. Ал ордунан турганда дароо эл арасынан башка бирөө да ээрчип келип, биздин жаныбызда сахнада турду. Ал узун чачтарын куйрук кылып байлаган, джинсы шым, футболка жана кара булгаары куртка кийген, колдорунда татуировкасы болгон адам эле. Анын жапайыдай көз караштары бар эле, ал жин тийгендей болуп кетүүгө даяр сыяктуу эле. Жигит табигый эмес түрдө чыңалып, ал эми эч нерсени кабыл ала албай калганын байкадым.

Мен экинчи кишиге кайрылып, сылык түрдө сахнадан түшүүсүн өтүндүм. Ал мени карап: «Жок!» деди. Анын менин өтүнүчүмө болгон үрөй учурган жообунан бир аз шок болуп, оюмду жыйып, дагы бир жолу акырын сурадым: «Тууганым, сен сахнадан түшмөйүнчө мен кызматты улантпайм». Ал дагы: “Жок!” деди.

Уюштуруучулар эмне үчүн мага жардам берип, бул адамды сахнадан кетирбей, эч нерсе кылбай жатышат деп ойлонуп, бир аз тынчсызданып жаттым. Анан алар өздөрү коркуп жатканын түшүндүм. Ошондо менин алдымда эч кандай бийликти таптакыр тааныбаган адам турганын түшүнө баштадым, ошого карабастан, мен сабырдуу болуп, бийликти сактап, Теңирге ишенишим керек болчу. Кырдаал өзгөрмөйүнчө, жигитке эч кандай жардам бере албасымды билип, дагы эле өжөрлүк менен мен: «Сага, мен сахнадан кет деп буйрук берем» дедим.

Ал дагы мени карап: «Жок!» деди. Анан бир аз тынымдан кийин капысынан: «Мен адамдан эмес, Кудайдан корком!” деп айтты.

Бирок, ал Кудайдан такыр корккон эмес. Ал өзү үчүн ойлоп тапкан, жүрөгүндө сактаган Кудайдын ошол элесинен гана коркчу. Бирок, чындыгында бул сүрөттүн асман менен жердин чыныгы Теңирине эч кандай тиешеси жок болчу. Эгер ал чындап Кудайдан корксо, мага Кудайдын кулу катары урмат көрсөтүп, өтүнүчүмдү аткармак.

Бирок, мен багынган жокмун, оюмда жардам сурап Ыйык Рухка кайрылдым. Бир маалда бирөө айтып койгонсуп, мен сыйынышым керек болгон жигиттин атасы экенин түшүндүм. Мен андан бул тууралуу сурадым, ал чын эле анын атасы экен. Мен айттым: «Балаң азыр Теңирден жардам алсын десең, сахнадан түшүшүң керек; эгер андай кылбасаң, анда Кудайдын айыктыруучу күчү уулуңа тийбегени үчүн жооп бересиң».

Менин сөздөрүм анын жүрөгүнө сиңип кетти окшойт, ал мени көз

ирмебей тиктей карап сахнадан тайсалдабай түшүп кетти. Анын уулу эс алып, мен ага кызмат кылышым үчүн жүрөгүн ачып, Кудай ага катуу тийди. Теңир ага кантип тийгенин көрүү укмуштуудай окуя болду. Ал такыр эзилип, ордунан туруп ыйлап жиберди.

Кызматтан кийин мен анын атасы менен пастордун кабинетинде жолугуштум. Ал шаардагы байкерлер тобунун мүчөсү болчу жана ушунчалык каардуу көрүнгөндүктөн, ага эч нерсе таасир эте албагандай көрүндү, бирок мен айтканымдан кайткан жокмун. Мен аны менен абдан жумшак сүйлөгөнүмө карабастан, тирешибиз уламдан-улам сезилип, бир убакта мени уруп жиберүүгө да даяр деп ойлогом. Мен ага Кудайдан коркуп, Анын кызматчыларына көңүл бурбай коюу мүмкүн эмес экенин айттым. Теңирден коркуу – демек, Ал орноткон бийликти урматтоо. Сахнадан түшпөй койгондо, кайсы жеринен жаңылып жатканын айттым.

Акыры бир аз жумшарып калды. Бирок, мен дагы эле айтканымдан кайтпай, аны менен сүйлөшүүнү улантып, өжөрлүк менен Кудайдын Сөзүнө басым жасадым. Акыр-аягы ал эзилип, ыйлай баштады. Атасы аны кичинесинде катуу жаралантканы белгилүү болду. Мындай орой мамиленин натыйжасында анда жашоого, бийликке жана Кудайга белгилүү бир көз караш калыптанган. Атасын кечирбегендиктен, ал ошол эле каталыктарды уулуна кайталап, аны так эле ошондой кылып таарынткан. Мен кызмат кылып бүтө электе ал эми жаш балага окшоп ыйлап жатты.

Ал өзүнүн катасын түшүнөрү менен пасторду жана мени жетекчи катары моюнга алып, бизден кечирим сурады. Ошондо ал Теңирден мол ала алмак. Күлкүлүү, бирок экөөбүз жолуккакндан кийин ал мага баатырга мамиле кылгандай мамиле кыла баштады. Адегенде мага жамандык кылайын деп ниеттенген бул киши, акыры мага мээрим төгүп, болгон сый-урматын көрсөттү.

## Жашыруун сыйлабастык

Жогорудагы мисал экстремалдуу жагдай, бирок бул жүрүм-турум ишенгендер арасында биз ойлогондон алда канча көп кездешет. Ал адамдын сыйлабаган мамилеси ачык эле көрүнүп турат. Ал эч нерсени жашырган жок, ошон үчүн анын жүрөгүнө оңой эле сүйлөөгө болот эле. Ал өзүнүн мамилесин ачык көрсөттү, бирок такыр башкача кылгандар

көп: алар өздөрүнүн сыйлабастык мамилесин жаап-жашырышат. Башкалар адепсиз, тартипсиз адамдар катары кабыл алып калышпасын деп, алар ачыкка чыгып кетүүдөн коркуп, ичтеринде сый-урматсыздык, сыйлабастык топтолсо да, бет кап кийип, өзүлөрүн эч нерсе болбогондой көрсөтүшөт. Ошентип, алар сырткы көрүнүшүн жашырышат.

Мен азыр жетекчилерди оозу менен сыйлаган, жүрөктөрү Кудайдын дайындаган кызматчыларын урматтоодон алыс болгон адамдарды айтып жатам. Алардын бүт мамилеси кайрымдуулукта, жашоодогу өзгөрүүлөрдө же жетекчилердин ар кандай суроо-талаптарына жооп берүүдө ачылат. Пастор жыйын мүчөлөрүнөн атайын табынуу чогулушуна келүүнү суранат жана жолугушуунун ондон бир бөлүгү гана келет. Же ал жыйын мүчөлөрүнөн айына бир жолу Жакшы Кабар таратууга келүүнү суранат жана жыйындын бештен бир бөлүгү гана келет.

Мен көптөгөн жыйындарга барып кылам, жолугушууларга бир нече миң адам келет, бизде дээрлик ар дайым эки-төрт жекшембилик чогулуштар болот. Ар бир чогулушта зал толуп кетет. Бирок, эгерде пастор дүйшөмбү күнү кечинде жалпы сыйынууга чакырса, көп учурда эки жүз адам келет. Эмнеге андай? Анткени пасторду эч ким сыйлабайт.

Силер: «Джон, сен укмуш айттың" дешиңер мүмкүн." Мен силерге дагы бир мисал келтирейин, силер мени менен макул болосуңар. Элестеткиле, пастор жекшемби күнү Жыйындын бардык мүчөлөрүнө мындай деп жарыялайт: «Биз бул айда атайын дүйшөмбү күнү түнкү сыйынуу чогулуштарын өткөрөбүз. Кийинки төрт жума бою дүйшөмбү күнү кечинде, биз ыйык жайда кечки саат 19:00дөн 20:00гө чейин жолугушабыз». Жок эле дегенде жыйындагы адамдардын кеминде 80 пайызы жарнамага жооп бербейт. Айрыкча жолугушуу убактысы футболдук беттештерге туш келсе.

Пастор өзүнүн жарыясына мындай деп кошумчалайт дейли: «Акыркы сыйынуу жыйынынын аягында мен төрт жолугушууга тең келген ар бир адамга беш жүз миң доллардан чек берем». Баары келет деп ойлойсуңбу? Залда бош орун калбайт деп ишенем. Ыйык жайга кире албай каламбы деп чоочулап, жерди ээлегенге убактысынан да эрте келишет.

Эми эмне деп жооп бересиңер? Болгону, өзүңөрдү алдабагыла, Кудай жүрөгүңөрдөгүнү көрсөтсүн. Өзүңө эки жөнөкөй суроо бер. Биринчиден, эгерде пастор чек жөнүндө айтпаса, силер бул сыйынуу чогулушуна барат белеңер? Экинчиден, жарым миллион сунуштаса,

ушул жолугушууларга бармак белеңер? Ойлоп көрсөңөр, акыры үй жана машине сатып алмаксыңар, ошондо дагы башка муктаждыктарга көп акча калмак. Эгерде силер биринчи суроого “жок”, экинчисине “ооба” деп жооп берсеңер, анда силер пасторуңардын сөзүн канчалык аз баалап жатканыңарды билесиңер. Эсиңизде болсун, урматтоо - бул баалоо.

Кудай мындай дейт: «Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула. Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр кам көрүшөт» (Эвр. 13:17). Бул Кудайдын Өз элине берген көрсөтмөсү; биз жыйын башчыларыбызга баш ийишибиз керек. Ошентип, кантип эле сиздер аларга акча үчүн гана баш ийесиңер? Силердин пасторуңар Ыйса Машайактын өкүлү катары силерден бир нерсе кылууну сурангандыктан, эч кандай жооп бербейсиңерби? Анда мен силердин кожоюнуңар ким деп сурашым керек? Ыйса бир гана нерсеге: Кудайга же байлыкка кызмат кыла аларыңарды айтат (Мт. 6:24тү кара).

Келгиле, өзүбүзгө оор суроолорду берип көрөлү: Сиз жолугушууларга убагында келесизби? Пастор сизден атайын тартуу сураганда, ичиңизде каршылык сезесизби? Силер балдар кызматында, тартип кызматында, унаа токтотуучу жайда же Жакшы Кабар таратууда жетекчинин жардам сурап кайрылуусуна дайыма эле көңүл бурбайсызбы? Атайын сыйынуу чогулуштарына келбей коюу үчүн шылтоо издеп жатасызбы? Эми өзүңүзгө суроо бериңиз, эгер сизге беш жүз миң доллар сунушталса, сиздин чечимиңиз кандай болмок? Неге? Жооп жөнөкөй: анткени акча сен үчүн жашооңдогу Кудайдын өкүлүнө караганда көбүрөөк баалуу. Ыйсанын: «Ким силерди кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ким Мени кабыл алса, ал Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот» (Матай 10:40) деген сөзүн эстегиле. Анан дагы бир жолу: «Ким сени урматтаса, Мени урматтайт жана ким Мени урматтаса, Мени Жибергенди сыйлайт» деп айтууга болот.

Эгер ссилер пастордун сөзүн бааласаңар, анда Кудайдын сөзүн баалайсыңар, анткени аны сага Кудай жиберген.

Эмне үчүн мынчалык көп адамдар жашоосундагы бурулушту көрбөй жатканы азыр түшүнүктүү. «Теңирдин үйүнө отургузулгандар Кудайыбыздын короосунда гүлдөшөт» (Забур 90:14). Эгерде биз жергиликтүү жыйынга отургузулсак, анда биз азыр да, Машаяктын Сот күнүндө да гүлдөп өсөбүз. Белгилей кетсек, забурчу: «Кудайдын үйүнө зыярат кылгандар» деп айтпайт. Анткени, силер жыйынга бара аласыңар,

бирок ага отургузулган болбойсуңар. Отургузулуу деген Кудайга кызмат кылуу үчүн жаныңды бере турган жерде болуу дегенди билдирет. Ал жерде ондук берүү керек, кызмат кылуу керек, жетекчилерге баш ийүү керек. Качан биз отургузулганда, биз жергиликтүү жыйыныбызды баалайбыз, дарак ага жашоо үчүн керектүү нерселердин баарын берген топуракты баалайт.

Балким, жергиликтүү жыйынга отургузулбагандардын арасында жыргалчылыктын, ийгиликтин жана бакыттын кээ бир көрүнүштөрү да байкалаттыр, бирок алар көпкө чейин ырахат ала алышпайт. Бизге кокустан болгон баталарды издөөнүн кереги жок, бирок биз көп жылдар бою түбөлүк ырахат жана канааттануу алып келе турган нерсеге умтулушубуз керек, өзгөчө Машаяктын Сот күнүндө отургучунун ордунда, анткени ал жерде жашыруун жана ачык-айкын нерселердин баары ачылат.

Эгер силер жыйынга отургузулган болсоңор, анда жыйын башчыларынын сөздөрүн баалайсыңар. Алардын сөздөрүн үстүртөн кабыл албайсыңар. Силер Кудайдан коркосуңар жана Теңирден коркуп, Анын дайындаган жетекчилерин сыйлайсыңар. Анын дайындаган жетекчилерин урматтоо менен, Кудай силер үчүн даярдаган толук сыйлыкты аласыңар.

## Алар жөнүндө жогору ойлогула

Бизге: “Бир туугандар, силерден суранарыбыз, араңарда эмгектенип жаткандарды, Теңир жолундагы жетекчилериңерди жана насаатчыларыңарды сыйлагыла. Аларды кылган эмгеги үчүн өзгөчө сыйлагыла, сүйгүлө. Өз ара тынчтыкта болгула”деп айтылган.

Жыйырма беш жылдык кызматымда, анын жетөөсүн жергиликтүү жыйындарда, калган жылдарын саякаттоодо өткөргөнүмдө, мен Ыйык Рухка толгон, тынчтыкка, бакытка, бакубаттуулукка жана ийгиликке ээ болгон ишенгендер – бул жыйын башчыларына жогору баа берип, аларга өзүнүн бардык сүйүүсүн жана берилгендигин арнаган адамдар экендигин байкадым. Теңир бизге ушундай маанайды үйрөтүүдө, ошондуктан алардын күбөлөндүрүүсүндө таң калыштуу нерсе барбы? Ошондой эле, тескерисинче.

Кызмат кылган жылдарымдын ичинде арналган да, арналбаган да

адамдарды көп жолу көрдүм. Мен өздөрүн пасторлору менен тең санаган ишенгендерди жолуктурдум. Алар башка жетекчилерге ыклас менен мамиле кылышкан. Бул адамдар өздөрүн жыйындагы маанилүү жумушту аткарып жатабыз деп ойлошкон жана балким, жыйынды же кызматты ага дайындалган кызматчылардан да жакшыраак башкара алам деп ойлошкон. Көбүнчө алар Кудай аларды кызматта «жогорулатканга» ылайыктуу мүмкүнчүлүктү күтүшчү. Алар пасторду оңой эле көчүрүүгө, алмаштырууга жана ага башка адамдардай мамиле кылууга боло турган адам катары карашат.

Кызматтан эч кандай кубанычты сезбегендер бар, алар өз ишканаларында иштешет жана барыш керек деп гана жыйынга барышат. Булар мурунку типтегилерден айырмаланып, өзүнүн пасторун анын ордуна башка бирөө боло турган адам катары кабыл алган адамдар, анын ичинде алар светтик чөйрөдө карьераны тандап алышкан. Алар пасторду интеллектуалдык жактан өзүнөн төмөн деп эсептешет, ошондуктан ал кызматта токтоп калган.

Кандай болгон күндө да, бул адамдардан ийгиликтүү жана мүмкүнчүлүктөрүнө толук жетише алгандарын таба албайсыз. Алар бизнес жүргүзүүдө же кызмат кылууда жакшы болушу мүмкүн, бирок алар жергиликтүү жыйынга отургузулган эмес жана алардын пасторундагы Кудайдын белегинин баалуулугун көрүшпөйт. Көбүнчө алар никеде, балдарды тарбиялоодо кыйынчылыктарга дуушар болушат, ден соолук, каржы жана жашоонун башка көптөгөн тармактарында көйгөйлөргө туш болушат.

## Жан сооротуучулук таржымал

Жетекчилерин баалабаган, ал тургай жек көргөн адамдарды көп мисал келтире алмакмын (бул маселенин оң жагына кыскача токтолобуз), бирок трагедиянын картинасын даана көрсөткөн бир-эки гана учурду айта кетейин. Менин чоң жыйында пастор болгон досум бар. Мен анын жыйынында дээрлик он жылдай үзгүлтүксүз кызмат кылдым жана мен аны жыйырма жылдан бери билем. Ал жыйында урмат-сыйга ээ жана башка көптөгөн улуттук жана дүйнөлүк лидерлер да аны билишет жана сыйлашат.

Бир нече жыл мурун ал бир жаш жигитке Кудайдын жашоодогу

жетекчилигин түшүнүүгө жардам берген. Бул жаш жигит, келгиле, аны Билл деп атайлы, рухий жактан Кудай Сөзүндөгү көптөгөн баалуу чындыктарды таанытбаган конфессиялык топтун ичинде өсүп жаткан. Менин досум, аны Рэнди деп атап коёлу, ал жигитти Ыйык Рухка толууга алып келди. Ал аркылуу ал көп жемиш берген, күчтүү кызматка кирген.

Билл көп өтпөй жыйындан куулуп чыгарылды, анткени ал Ыйык Рухта чөмүлүүнү жана Анын белектерин алган, ал эми анын ошол конфессиядагы бардык буюмдары көчөгө ыргытылган. Пастор Рэнди командасы менен Биллге келип, анын буюмдарын алып, ага батирди ижарага алып берген.

Акыр-аягы, Билл башка шаарда тез өсүп жаткан жыйындын пастору болуп калды. Мунун баары кичинеден башталды, бирок анын жашоосундагы Теңирдин мол белегинин аркасында жыйын тездик менен өстү. Бир-эки жылдан кийин ал кинотеатр сатып алып, ижарага алынган жерден оңдолгон имаратка көчүп кеткен. Ал пастор Рэндини келип, имаратты кызматка арнаганга жардам берүүгө чакырды, анткени Рэнди анын жашоосуна күчтүү таасир эткен. Окуя укмуштуудай болду.

Жыйын өсө берген, бирок Билл алкоголдук ичимдиктерге берилип баштаган, бул кызматка бир топ тоскоол болгон. Анын көз карандылыгы барган сайын күчөп, акыры жыйын кеңеши бул тууралуу билишет.

Билл Рэндиге маал-маалы менен чалып, министрликтен кетүүнү ойлонуп жатканын айткан, бирок себебин айткан эмес. Бир күнү жыйындын бир аксакалы ага чалып, Биллдин көз карандылыгы жөнүндө айтканга чейин пастор Рэнди Биллге дем берип турган. Рэнди ага жардам берүү үчүн дароо учакка отурду. Тилекке каршы, Биллдин көйгөйүн түшүнгөн аксакалдар дагы эле анын кафедрада кызмат кыла беришин каалашкан.

Рэнди аксакалдардын айткандарын уккандан кийин мындай деди: «Эгерде Биллге насаат айтууга уруксат берсеңер, мен жекшембилик кызматта калып, болуп жаткан нерселердин бардыгын эл алдында бөлүшөм. Силер анын үй-бүлөсүн такыр ойлобойсуңар. Силер өзүңөрдү жана жыйынды гана ойлойсуңар. Эгер силер анын кызматтан кетишине макул болсоңор, анда мен жыйынга мындай соккудан айыгууга жардам бере алам».

Ошол эле күнү пастор Рэнди Билл менен анын үй-бүлөсүн куткарып, алар көчө турган жыйынга жакын жерден батир таап, ижара акысын

төлөп, Билл үчүн жакшы маяналуу жумуш да тапты. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, Билл пастор Рэндинин кызматында калыбына келтирилген.

Кийинчерээк Рэнди Биллди өзүнүн жардамчысына чейин көтөрдү. Пастордун жардамчысы болуп, ал кайрадан Теңирди ынталуулук менен ээрчиген. Ошол эле учурда, Биллдин бошонушу тууралуу окуялар машайакчылык басылмаларда пайда болуп, анын күбөлөндүрүүсү аркылуу ал дагы да атактуу болуп калды. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, ага башка кызматта иштөө сунушталып, ал жерде ал окутуп жатты, андан кийин өзүнүн кыдырып жүрүп насаат айтуучу кызматын баштай алат. Пастор Рэнди Билл мындай өзгөртүүгө али даяр эмес экенин сезип, ага макул болбоону кеңеш кылды. Билл анын кеңешин көзөмөл жана тагдырына тоскоол катары кабыл алгандыктан, Рэндинин кеңешине көңүл бурбай, сунушка макул болуп, кетип калган.

Убакыт өтүп, бир күнү биз Билл жана башка эки лидер менен кечки тамакта жолуктук. Билл көпчүлүк убакта пастор Рэндиге наразы болгондугун айтып жатты. Ал аны жыйындын пастору катары сындап, кеңсе кызматкерлерине болгон мамилесине наразы болуп, Рэндинин анын кетишине макул болбогону тууралуу айтып берди. Жүрөгүмдө сезген маяк так эсимде. Мен анын таарынганын түшүндүм, ошондон улам ал үчүн көп нерсе кылган адам жөнүндө жаман сөздөрдү айта баштады.

Кечки тамакта мен Рэндини колдон келишинче коргодум, бирок эч кандай жыйынтык болбостугун билдим. Ошондой эле, Рэнди жокто анын пикирин укпай туруп, аны талкуулоо жакшы эместигин да билчүмүн. Ошентип, мен Биллге Рэнди анын ишеним боюнча атасы экенин эске салуу менен талкууну аяктадым. Ал тургай, ал бир нерседе жаңылып жатса да, Билл тарабынан сынга алуу жана аны урматтабоо туура эмес эле. Мен ага бул китептин барактарында буга чейин айткан бир нече Ыйык Китептеги окуяларды эстеттим, бирок Билл пасторун өжөрлөнө сынга алууну уланта берди.

Бир нече айдан кийин пастор Рэнди мага телефон чалды. Анын муңдуу үнү дагы деле эсимде. Бирөө өлүп калгандай сүйлөдү. Билл бүтүндөй бир бөлүмү жыйындагы лидерлердин көзөмөлдөөсүнө кантип жооп берүү керектиги жөнүндөгү теманы камтыган китепти басып чыгарыптыр. Рэнди: «Джон, мен сага Биллдин жаңы китебинен төрт барак окуп бергим келет» деди. Ал Биллдин пастор Рэнди, анын

лидерлери жана анын жыйыны жөнүндө айткан кемсинткен сөздөрдү окуй баштады. Ал аты-жөнүн айтпаса да, ким жөнүндө жазып жатканы түшүнүктүү болчу, анткени Билл Рэндинин жыйынында гана пастордун жардамчысы экенин баары билишчү. Биллдин китеби пастор Рэнди жыйындын ар бир мүчөсүн башкарып турган коркунучтуу желмогуз болуп калгандай таасир калтырган. (Баса белгилеп кетейин, мен Рэндинин жыйынында кызмат кылуу үчүн барган он жылдын ичинде анын бир топ чоң лидерлик командасы дээрлик өзгөргөн жок, анткени анын бардык жардамчылары аны абдан жакшы көрүшчү жана сыйлашчу.)

Төрт баракты тең окуп бүткөндөн кийин, Рэнди мындай деди: «Джон, жеке мен дагы деле ушундай соккуга туруштук бере алам, бирок бул китепти окуй турган жыйын мүчөлөрүнө (алар миңдеген адамдар) кайгырып жатам жана ал бул жерде пастор болгондугунан улам да, алардын көбү аны окушат. Китеп алар үчүн уу болот, алар мындан ары биздин жыйындагы Кудайдын Сөзү менен оңой тамактана алышпайт».

Мен жүрөгүмдүн тереңине чейин таң калдым. Уккан кулагыма ишенген жокмун. Рэнди Биллди эч ким жардам бере албаган абалдан чыгарып кетти. Ага кам көрүп, көтөрдү, калыбына келүүгө жардам берди. Билл кантип ушинтти? Мен анын урматтабоонун үрөнүн сепкенин анан да, суктана албай турган түшүм күтүп жаткандыгын билчүмүн. Эгерде ал тообо кылбаса, жашоосу бузулат окшойт.

Бир нече жылдан кийин, Билл кайрадан жыйынга пастор болуп калды. Дагы бир жолу, анын жашоосунда Теңирдин белегинин аркасында жыйын өстү. (Кудайдын жүрөгүнөн алыс болсок да, Кудайдын белеги иштеп, ийгиликке жеткирет.) Бирок, аны оруп-жыюу дагы эле күтүп турган. Ал кайрадан эски күнөөгө батты. Бул жолу дагы бир үй-бүлө жабыр тарткандыктан, абал бир топ оор болду. Анын кесепети жыйынга жана ал жашаган аймакка да жайылган. Жыйын майып болуп калды, көптөр таарынышып, көңүлдөрү калышты. Билл азыр кызматта жок.

Эгерде ал өзүнүн рухий лидерин урматтаганда, анда ал өзүнүн кызматына киришмек жана кайра күнөөгө батмак эмес жана азыр Теңир бизди кантип бошотуп, күнөөдөн куткарып, кайра калыбына келтире аларын айтып, Кудайды даңктап жүрмөк деп ишенем. Бирок, ал өзүнүн руханий лидерин маскара кылгандыктан, анын башына түшкөн трагедия өзүнө жана анын айланасындагы көптөгөн адамдардын жашоосуна таасирин тийгизген. Силердин көбүңөр бул окуяны уккандан кийин жашооңордогу мындай кырсыктан кутула аласыңар деп ишенем.

Билл Кудайдын Сөзүн үйрөтүү үчүн укмуштуудай жөндөмдүүлүккө ээ болгон. Атүгүл, мен анын алган ачылыштарына суктангам. Мен анын окуусунун күчү жөнүндө анын кызматында жүргөн башка адамдардан көп укчумун. Өтө өкүнүчтүү. Эгерде Билл рухий атасын сыйлаган болгондо, анын жашоосунда баары таптакыр башкача болуп, адамдардын жашоосуна такыр башкача таасир этмек.

Апостол Пабыл мындай деп жазган: «Машайак жолунда насаатчыларыңар көп болгону менен, силерде аталар аз» (1 Кор. 4:15). Теңир атабызды сыйлабасак, каргышка калабыз деп айтканын унутпашыбыз керек. Албетте, бул жердеги аталарыбызга гана эмес, рухий аталарга да тиешелүү. Жүрөгүбүздө чыныгы сый-урматты калыптандырып, таарынычтан сактансак, өзгөчө рухий аталарыбызга, апаларыбызга болгон урмат-сыйды калыптандырсак, көптөгөн кайгылуу окуялардын алдын алса болмок деп ойлойм.

## Эки-үч күбө

Мени кызматка жетелеген киши сегиз миң кишиден турган чоң жыйынын жоготуп алды. Пастор жаш кызга үйлөнүү үчүн аялы менен ажырашып кеткендиктен, бүгүнкү күндө бул жыйын жок.  Ал бүтүндөй жыйналышка ажыраша турганын айтып, жакпагандардын баарына жыйынды таштап кетүүнү же башкасына барууну сунуштады. Бул катуу сокку болду. Өкүнүчтүүсү, көп эркектер аны ээрчип, аялдары менен ажырашып кетишкен.

Ошол жыйында чогуу иштеген көптөгөн кызматчылар аны сындай башташты. Мен да алгач алардан үлгү алчумун, эми көңүлүм калып, ачуум келип турду. Ага болгон жүрөгүмдө көптөн бери сактаган урматым бат эле өчө баштады. Мен ал окуя болоордон беш жыл мурун жыйындан чыгып кеттим. Ал батасын берип, Лиза экөөбүзгө башка штатка кызмат кылууга уруксат берди, бирок мен ал жыйынга көптөн бери барбасам да, ага улам барган сайын кыжырданып, ачуум келип жатты.

Анан эки жумадай убакыттын ичинде мурунку пасторумду төрт жолу түш көрдүм. Мен түштөрдү сейрек эстеп калам. Бирок, эки жуманын ичинде төрт жолу, бул мен үчүн адаттан тыш көрүнүш. Ал жөнүндө жазгандан да ыңгайсызданам, бирок төртүнчү жолу ошол эле түшүмдү кайра көргөндө, Кудай мага бир нерсе айткысы келгенин түшүндүм. Мен

сыйына баштадым да: “Ата, бул түштөр аркылуу мага эмнени көрсөтүп жатасыз?” – деп сурадым.

Дал ошол маалда ичимден: «Ал Менин кызматчым, Менин кызматчымды айыптаганыңды токтот!» деген катуу үндү уктум.

Дегеле мага ата болгон мурунку пасторумду сындаганга, айыптоого укугум жок болчу. Менин катачылыгым эмне экенин түшүнөрүм менен дароо өкүнүп, ага кечирим сурап кат жаздым.

Аялы менен ажырашкандан бир-эки ай өткөндөн кийин, ал жаш блондинка аялга үйлөнгөн жана көп өтпөй эле жыйын төрт жүзгө чейин мүчөгө кыскарган.

Ал жыйынды сактап калууга аракет кылган, бирок ошентсе да убакыт өтүп, эч нерсе оңдолгон эмес. Эгерде пастор ачыктан-ачык күнөө кылып, күнөөсүнө өкүнбөсө, жыйынды таштап кетүү керекпи? Жооп талашсыз: “ооба”. Пабыл мындай деп жазат:

> Мен силерге (мурункусунда): «Бузуктук кылуучулар менен мамилелешпегиле (тез-тез да, сейрек да)», – деп, кат жазып жибергем. Бул дүйнөнүн бузуктук кылуучулары, дүнүйөкорлору, талап-тоноочулары жана бутка табынуучулары менен мамилелешпегиле дебейм. Болбосо бул дүйнөдөн таптакыр эле чыгып кетүүгө туура келмек. Мен силерге: «Бир тууганыңармын (Машайакта)”, – деп коюп, бузуктук кылганын, дүнүйөкорлугун, бутка табынганын (Кудайдын ордуна кандайдыр бир буюмду койгон жандар), ушак сүйлөгөнүн (ч агымчылык кылып, шылдыңдаган), ичкилик ичкенин, уурулук кылганын таштабаган адам менен мамилелешпегиле. Атүгүл, аны менен бирге отуруп тамак да ичпегиле», – деп жазгам.
>
> – 1 Корунттуктар 5:9-11

Пабыл биз күнөөдө жашаган «машайакчылар» менен мамиле түзө албасыбызды ачык айткан. Мында жаш кызга үйлөнүү үчүн аялы менен ажырашкандык - адепсиздик, күнөө. Ыйса бул жөнүндө да абдан ачык айтат: «Бирок Мен силерге айтып коёюн, ойноштук кылуу себеби менен эмес, башка бир себеп менен аялын кетирип, башка аял алган адам ойноштук кылган болот. Күйөөсү кетирип жиберген аялды алган адам да ойноштук кылган болот» (Матай 19:9).

Демек, эгерде биз өздөрү күнөөдө жашагысы келген «машайакчылар»

менен тамактанбасак, анда биз алардын рухунан албетте ала албайбыз; биз лидери күнөө менен жашап жаткан кызматта боло албайбыз. Эгер ал тообо кылса, анда биз кайра андан ала алабыз.

Силер менден: «Бирок Джон, биз аны ушинтип соттоп жаткан болбойбузбу?» деп сурайттырсыңар. Менин жообум: биз анын кызматынын жемишин айыптайбыз. Жүрөктүн мотивдерин эмес, жемиштерин - адамдын иш-аракеттерин соттошубуз керек. Пабыл мындай дейт: «Сырттагыларды соттоп эмне кылам? Жыйындагыларды силер соттошуңар керек эмес беле?» (1 Кор. 5:12).

Мен майда-чүйдөсүнө чейин билбей туруп, пасторумдун жүрөгүндөгү ниеттерди айыптадым, ошондуктан Кудай мени түшүм аркылуу эскертти. Жүрөктүн ниетин бир гана Кудай соттой алат. Пабыл мындай дейт:

> “Ошондуктан Теңир келгенче, алдын ала эч соттобогула.
> Теңир келгенде, караңгыга жашырылганды жарыкка чыгарат,
> жүрөктөгү ниеттерди ачыкка чыгарат”
>
> – 1 Корунттуктар 4:5.

Ошондуктан, мен мурдагы пастордун жашоосунун өзгөрүшүнө үмүттөнүүнү токтотпойм.

Кечээ эле конференцияда бир кызматчынын айтканы жакпаган киши менен сүйлөшүп калдым, досум телефон аркылуу насааттын маңызын айтып берип, бул насаатта кандай ката болгонун көрсөтүү үчүн Ыйык Жазууга кайрылды. Мен анын насаат айтуу аргументтеринин бардыгына макул болдум (башка кызматчылар да аны менен макул эмес болчу). Бирок, телефондон досум минтип айта баштады: «Менимче, бул кызматчы өзүнүн өзгөчөлүгү менен көптөгөн чоң жыйындардын жана конференциялардын эшигин ачуу үчүн, бул билдирүүнү атайын тандап алды» деп айта баштады. Мен аны ошол замат токтотуп: «Эми сиз анын ниетин соттоп жатасыз, бирок бул мүмкүн эмес», - дедим.

Мен досума түшүмгө, бул учурда насаатка, баа бере аласың - айтылган же жасалган нерсеге, бирок мотивдерге эмес. Мотивдерди Кудай гана соттой алат. Менин пасторумдун мотивдери боюнча мен соттогонмун, ошондуктан Кудай мага катуу эскертүү берди. Менин мурунку пасторумдун жетекчилиги астында калган 400 адам, ал жаш кызга үйлөнгөндөн кийин эң жакшы абалда эмес болчу, алар мындан ары Ыйык Китепке болгон ишенимди көргөзө албай калышты. Алар Ыйык

Рухтун эмес, кандайдыр бир туура эмес рухтун атмосферасында калышты.

Үчүнчү жолу үйлөнгөнүнө карабай, ушул күнгө чейин мен пасторумду сыйлайм. Эгерде азыр анын жыйыны болсо, мен анын жетекчилиги астында турмак эмесмин, бирок мен аны өмүрүмдүн акырына чейин жүрөгүмдө сактап, урматтап-сыйлап өтөм. Эсиңерде болсун, Кудай Шабулду соттогондон кийин да, Дөөт аны сүйүү ыры менен даңктап, Жүйүт жериндеги бардык элди ушундай кылууга мажбурлаган. Эгерде менин мурунку пасторум бүгүн мага чалып, жардам сураса, мен ага эч ойлонбостон, колумдан келишинче жардам бермекмин. Ал мага Кудайдын Сөзүнөн ушунчалык кооз чындыктарды айтып берди, мен алардан азыр да баалуу аяндарды алып келем; ал мага ишенди жана мага мүмкүнчүлүк берген жалгыз адам. Жаш кезимде, тажрыйбасыз болуп, көпката кетиргенимде, мени кечирип, мага дем берген. Мен аны ар дайым сыйлайм. Азыр да ушул саптарды ушундай жагдайга туш болгон башка адамдарга жардам берүү үчүн гана жазып жатканымда, өзүнүн жана башка көптөгөн адамдардын жашоосун бузуп, кылган иштери үчүн жүрөгүм ооруп турат. Тообо кылып, кайра эле бир кездеги улуу жолбашчы болуп калышына терең ишенем. Ыйык Жазууда Кудайдын үмүтү баарына чыдайт жана эч качан үзүлбөйт деп айтылат (1 Кор. 13:7 карагыла).

Ал эми, миңдеген ишенгендер пастор күнөө кылып жатат деген кептерди уккандан кийин жыйындан качууга даяр. Жок, жок жана ЖОК! Андай болбошу керек! Биз ушактарга кулак салбашыбыз керек! Жазылып турат: «Эки же үч күбө болбосо, Жыйын жетекчисине карата айтылган айыптоону кабыл алба» (1 Тим. 5:19).

Күбө - бул сотто тастыктай турган талашсыз далилдери бар адам. Бул эки адамдын өз ара тил табышып, ушак-айың таратып жатканы тууралуу эмес, эки-үч адамдын өз алдынча көрсөтмө бериши жөнүндө болуп жатат. Эмне үчүн Пабыл бул жөнүндө жазып жатат? Бизди коргоо үчүн.

Бул тууралуу ойлонуп көргүлө. Эгерде лидерлер тууралуу айтылган ушак-айың кептерге ишенсек, муну менен биз шектенүүгө, калпка, ыпыластыкка жол ачабыз. Сыйлабастык жүрөгүбүзгө оңой эле кирет. Жетекчибизди сыйлабасак, анда Кудай башчы аркылуу бергиси келген сыйлыкты албайбыз. Батыштагы көптөгөн ишенгендердин Кудайдан кабыл алуусу ушунчалык кыйынга турганы мына ушундан. Биздин муундун арасында кызматтарда ызы-чуу көп болуп, бул элдин жүрөгүнө шектенүүнү себет. Жыйындардагы көптөгөн ишенгендердин ишеними алсырап, көңүлү чөгүп, жек көрүндү боло баштайт; мындай мамиле такыр

эле сый-урматты пайда кылбайт. Бул душмандын ниети - жетекчилер аркылуу эч нерсе албашыбыз үчүн, бизди асмандагы каналдардан кармоо.

Кийин анын тойбос, ач көз мүнөзү толук ачылып, сот анын үйүнө келгени менен, Анна Ильястан ала алды. Ал Илиястын мүнөзүнөн бир терс нерсени сезсе да, аны “массың го” деп айтканда да, Анна жүрөгүн шылдыңдоодон сактаган. Ал таасирленген жок, жооп кайтарууга аракеттенди. Көптөгөн ишенгендер бүгүнкү күндө кызматчылардын мүчүлүштүктөрүнө жана ийгиликсиздигине таасирленип жатышат; Батыш жыйындарынын кээ бир жетекчилерине чындап эле олуттуу чабуул жасалып жатат. Кызматтагы көптөгөн жылдарымда мен лидерлер жөнүндө көп сандаган жагымсыз окуяларды уктум, бирок жеке өзүм үчүн мен ар дайым жогоруда келтирген 1 Тиметейдин сөзүн жетекчиликке аларымды так чечтим. Терс маалымат бир эле адамдан келип чыкса же жок дегенде эки адамдан так далилдер жок болсо, мен автоматтык түрдө аны четке кагам. Ишениш үчүн жок дегенде эки адамды угушум керек. Эгер мен бул окуяларга бир саамга болсо да ишенсем, дароо бейиштен түшкөн берекелүү жолду жаап салам. Бардык лидерлер асмандан сыйлык алышат. Жеке мен Кудай мага берген нерселерди колдон чыгаргым келбейт, менин оюмча, сиз дагы.

## Башка тарап

Башка тарапты карасам, мен жыйындын лидерлерин урматтаган жана аларга чын жүрөктөн сүйүү жана арноо тартуулаган көптөгөн адамдарды тааныдым жана сүйдүм. Алардын айрымдары жыйын кеңселеринде иштешет, кээ бирлери жетекчилердин жардамчысы болуп калышты, көбү жөн эле жыйындын мүчөлөрү же кызматтын өнөктөштөрү.

Кудайым ушул инсандарды уламдан-улам бийиктетип жатканын көрүү кандай сонун. Кээде алар көтөрүлүп, көбүрөөк жоопкерчилик алышат, кээде бул таптакыр байкалбай деле калат, бирок он, жыйырма, ал тургай жыйырма беш жыл бою алардын жашоосунда дайыма өсүш болуп жатканын көрөм.

Жыйындагы канчалаган ишенгендер менин пасторума таарынышканы эсимде, анын окуясын силерге айтып бердим, аларда урмат-сый деген түшүнүк жок маанай калыптанган. Алардын көбү оор абалда калып:

трагедияларды баштан кечиришип, айрымдары ажырашып, башкалары балдарынын айынан кыйналып, айрымдары материалдык жактан оор абалга кептелди.

Өзүнүн жыйындарын ачкандар да бар болчу, бирок көп жылдар бою талыкпай эмгектенген менен, жыйын эч качан жүз же эки жүздөн ашкан эмес. Мени менен телевидениеде иштеген жана пасторго (бүтүндөй жыйынды жоготкон) каршы сүйлөгөн аялдын башынан өткөн коркунучтуу окуя эсимде. Анын ден соолугу жакшы болчу, бирок эки айдан кийин капысынан мээ тамырларынын кеңейишинен улам каза болгон. Бул кокустукпу? Антип ойлобойм.

Пабыл көптөгөн ишенгендер Теңирдин Денеси жөнүндө ойлонбой турганын, ошондуктан «силердин көбүң алсыз жана оорулуусуңар, жана көбүңөр (мезгилсиз) өлүп жатасыңар» дейт (1 Кор. 11:30). Пабыл бул сөздөрдү нан сындыруу контекстинде жазган. Бирок, бул чындык Ыйсанын жолдоочуларынын жашоосунун бардык тармактарына тиешелүү. Теңирдин Денеси жөнүндө сөз кылуу жүзүм ширесин ичип, нан жегенден да көптү билдирет.

Башка жагынан алып караганда, мен мурунку пасторумдун айынан азап чегип, бирок ошого карабастан жүрөгүндө Дөөт сыяктуу ага болгон сүйүү менен урмат-сыйды сактап калган көптөгөн эркектерди жана аялдарды көрдүм жана бүгүн алардын жашоосунда баары эң сонун! Мен алардын кызматта, бизнесте, жашоодо ийгиликтерин көрдүм. Алардын никелери бекем жана туруктуу болуп, ал эми балдары Теңирди ээрчип, Аны сүйүшөт. Жүрөктөрүндө терең урмат-сый жана чын ыклас бар болгондуктан, алар бүтүн, толук кандуу өмүргө толуп жашашат. Алар жүрөктөрүн сактап, ооздоруна карап турушту. Алар Теңирдин жүрөгүнө жагышты.

Эмне үчүн ар бирибиз Кудай бизге бергиси келген сонун жашоону каалабайбыз? Же сынчыл болгонубуз жакшыбы? Биз кандай түшүмдөрдү өндүрөбүз? Келечекке көз чаптырып, ал мага кандай мамиле кылбасын, лидеримдин дарегине бир тамчы сынга жол бергим келбейт. Жө гана мындай кылбаш керек. Ал эми, жүрөгүмдө бир тамчы да сынга жол бербей турганымдын эң негизги себеби: Ыйык Китепте өз лидерлерин урматтагандардын баары Кудайдын жүрөгүнө жакын болгон. Мен үчүн Анын жүрөгүн билүү жана Аны менен жакын мамиледе болуу – бул эң чоң сыйлык. Жашоодо мындан артык эч нерсе жок.

# 11-БӨЛҮМ

# Кош урмат

Башкаруудагы татыктуу пресвитерге өзгөчө (англисче версиясы - кош) сый-урмат берилиши керек, өзгөчө сөз жана окутуу менен иштегендерге. “Анткени Ыйык Жазууда:

> «Эгин бастырып жаткан өгүзүңдүн оозун таңба!» жана «Эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу», – деп жазылган”.
>
> – 1 Тиметей 5:17, 18.

Бул Ыйык Китепте эки эселенген урмат жөнүндө айтылган жалгыз жер. Бул Жакшы Кабардын кызматчыларын башкаларга караганда эки эсе көп урматташыбыз керектигин үйрөтөт.

Бул иш жүзүндө эмнени билдирет? Биз машайакчы лидерлерибизди сыйлап, аларга «пастор», «мырза» же «айым» деп кайрылуубуз керек. Эгерде алар бизден башкача чакырууну суранса, анда өзгөчө жагдай болушу мүмкүн. Сүйлөшүү учурунда алардын көзүн карап, сүйлөшүү бүтмөйүнчө таштап кетпешибиз керек.

Качан жетекчи бизге Кудайдын Сөзүн үйрөтүп жатканда, биз аны кунт коюп угушубуз керек. Дейди ойлор, булуттарда учкан кыял – сыйлабастыктын көрсөткүчү. Урмат-сый иш менен сөздө гана эмес, ой жүгүртүүдө да көрүнө турганын ар дайым унутпагыла. Пабыл бизди: «Мен келгенче, Ыйык Жазууну окуп берип, насаат айтып, үйрөтүп тур» (1 Тим. 4:13) деп чакырат.

Жыйналыш учурунда кошунасы менен жакшы маектешүү – бул бир гана насаатчыны эмес, Ыйык Рухтун Өзүн да сыйлабастык болот. Ар кандай жеке мамиле чогулуштун аягына чейин күтө алат. Ошондой эле, досторубуздан смс билдирүүлөрдү күтө турсак болот. Чогулуш расмий аяктаганга чейин телефонду колдонуп чыгып кетпеш керек. Чогулушка кечигип калуу жакшы эмес. Күн сайын эртең менен жумушка келгенде он беш мүнөт кечигип калсак, жумуш берүүчүлөрүбүз кандай кабыл алат? Биз андай кылбайбыз да. Анда эмне үчүн өзүбүздүн жетекчилер белгилеген убакытта, өз убагында чогулуштарга келбейбиз?

Жетекчилериңер силерден суранбаса да, аларга кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүн издегиле. Алдын ала пландаштыруу, жагдайларды алдын ала билүү жана буйруктарды жана пландарды жогорку деңгээлде аткарууга умтулуу керек. Алар үчүн колуңдан келгендин баарын кыл.

Эгер силерге тапшырма берилген болсо, аны тез жана эң жакшы кылып аткаргыла. Муну ылайыктуу кийим же таза машина менен гана аткаргыла, анткени лидерибизди жакшы кылып көрсөтүшүбүз керек. Мени аэропорттон таштанды, тамак-аштын калдыктары жайнаган машинелер менен тосуп алышканда: «Эгерде кызматтын жетекчиси өзүнүн жумушчусу ушундай машина менен конок тосуп жүргөнүн билсе, эмне деп ойломок? Муну менен ал мени эле эмес, өзүнүн пасторун да маскара кылды» деп ойлогом.

Лиза экөөбүздүн мыкты кызматкерлерибиз бар. Алар элүүгө жакын. Алардын бизге болгон мамилесине таң калдым. Кеңсеге келгенде дайыма столумдун үстүндө бир стакан таза сууну табам. Көбүнчө, мен көрбөгөндө эле, ал жерде дагы эле бензин жетиштүү болсо да, унаамдын ачкычын алып, күйүүчү майды толтуруп коюшчу. Алар менин машинемди дайыма таза кармашат. Менде ал үчүн расмий унаа токтоочу жай жок, бирок биздин кызматкерлер ар дайым Лиза экөөбүз үчүн негизги эшикке жакын жерден орун калтырышат. Мен бөлмөгө киргенде же конференц-залга киргенде, алар мени «мырза» деп чакырышат. Алар мага иш менен келээрден мурун, аны дайыма кылдат изилдеп чыгышат.

Мен бере турган суроолорумду алдын ала  күтүшүп, мен аларды бергенче эле жооп даярдашат. Менин ар кандай өтүнүчүм дайыма тез аткарылат. Иш кылып жатканда жолдо тоскоолдук жаралса да, иштин аягына чыкмайынча анын баарын жарып өтүшөт. Такыр мүмкүн болбогон тапшырмалар гана аткарылбайт. Бирок, бул кабар мага ачыкталганга чейин, алар бардык мүмкүн болгон жана ойлонсо боло турган

варианттарды текшеришет. Алар менин тапшырмама альтернатива (башкача вариантты) коюп көрүшөт.

Алардын бизге көрсөткөн урматы күчтүү жана максаттуу. Биринчиден, алар мени урматтоо менен, Ыйсаны урматтап жатышкандыгы ар дайым эсимде. Экинчиден, алар сыйлык алат деп ишенем. Үчүнчүдөн, алар биздин чакырыгыбыздан алаксыткан нерселерге күчүбүздү жумшашыбызды каалабагандыктан, бизге кызмат кылышат. Лиза экөөбүз чакырыгыбызга канчалык көп көңүл бурсак, ошончолук көп адамдарга кызмат кыла алабыз. Кудайдын Падышачылыгында кызмат чоң роль ойнойт, качан биз бири-бирибизди урматтаганыбызда (биз менен иштегендерди кантип урматтоо керектиги жөнүндө кийинки бөлүмдөрдө сүйлөшөбүз), ар бирибиз Кудайга кызмат кылууда натыйжалуураак болобуз.

Лиза экөөбүз урматты издебейбиз. Урмат-сыйды издеген же талап кылган жетекчи Кудайдын жүрөгүнө жага албайт. Ыйса мындай деген: «Адамдардан даңк кабыл албайм» (Жакан 5:41). Ал Атасынын даңкын гана издеген. Ал жетекчилерди тыйып: «Жалгыз Кудайдын даңктоосун күтпөстөн, бири-бириңерден даңктоо кабыл алып жатсаңар, кантип ишене аласыңар?» деген (Жакан 5:44). Бул лидерлер өздөрүнүн эгоизмин, текебердигин жана башка эң жакшы эмес мүнөздөрүн сугаруу үчүн адамдык мактоого жана атак-даңкка умтулушкан. Ыйса адамдардан алардын өзүлөрү үчүн жана Атасы үчүн урмат-сый кабыл алган.

Ошо сыяктуу эле, бизге көрсөтүлгөн урмат жүрөгүбүздө Ыйсага жана Атабызга которулушу керек экенин эстен чыгарбашыбыз керек жана бизди урматтагандар үчүн кубанышыбыз керек. Биз Атабыз бизди сыйлагандарды урматтайт жана алар өз сыйлыгын алышат деп толук ишенебиз. Ким болсоңор да, кандайдыр бир себеп менен урмат издесеңер, силерди жашоого, такыбаалыкка алып барбай турган жолдо бара жатканыңарга ишендиргим келет.

## Кош каржы

Мен Жакшы Кабардын кызматчыларына өзгөчө урмат көрсөтүү жөнүндө көптөгөн сценарийлерди жаза алам. Бирок, мен 1 Тиметейде (5:17, 18) элчи Пабыл аркылуу Ыйык Рухтун так эмне деп айтканына азырынча токтоло элекмин. Окууну уланта берсек, бул аяттын түздөн-түз каржыга байланыштуу экенин көрөбүз. Пабыл: «Эмгектенген адам өз сыйлыгына татыктуу» деген сөздөр менен жыйынтыктайт. Англисче

Библияда «Жаңы тирүү котормодо» мындай делет: «Өз ишин жакшы аткарган улуу кызматчыларга жакшы төлөө керек». Заманбап англис версиясында мындай деп айтылат: «Өз иштерин жакшы аткарган жыйын лидерлери, эки эсе көпкө татыктуу болушат, өзгөчө, алар сөз жана окутуу менен иштегенде». Бүгүнкү Күндүн англисче Котормосу мындайча угулат: «Жетекчи катары өз ишин жакшы аткарган пресвитерлерге аксакалдарга эки эселенген акы төлөнүшү керек». Акырында биз Англисче кеңейтилген котормодон өз милдеттерин жакшы аткарган кызматчылар эки эселенген айлык акыга, «адекваттуу каржылык колдоого» татыктуу экенин окуйбуз.

Биз бул мыйзамды Ыйсанын шакирттерине айткан сөздөрүнөн табабыз: «Чындыкты, силерге чындыкты айтып коёюн, ким Мен жиберген адамды урматтаса, ал Мени урматтаган болот. Ал эми Мени урматтаган адам Мени жиберген Кудайды урматтаган болот» (Жакан 13:20 кабыл алат деген сөздү урматтоо деген сөз менен автор алмаштырылган). «Мен кимди жиберем» деген сөзгө көңүл буруңуз. Ыйса бул сөздөрдү чагылдырган. Пабыл өзүнүн беш тараптуу кызматка дайындалышын ушундайча сүрөттөйт:

> Ал (Ыйса Машаяк) бирөөлөрдү элчи (өзгөчө кабарчылар), бирөөлөрдү пайгамбар (шыктандырган насаатчылар жана талкуулоочулар), бирөөлөрдү Жакшы Кабар таратуучу (саякаттаган миссионер, Жакшы Кабарды насааттагандар), бирөөлөрдү Жыйын башчысы (Анын үйүрүнүн кайтаруучусу) жана окутуучу кылып дайындады.
>
> – Эфестиктер 4:11

«Ал Өзү дайындаган» деген сөздөр Ыйсанын беш тараптуу кызматты жеке өзү тапшырганын билдирет. Булар Машайактын Денесиндеги пресвитерлер, «сөз менен жана окутуу менен иштегендер» (1 Тим. 5:17). Кудай алардын «эки эсе көп» урмат-сыйга ээ болоорун атайылап баса белгилеген.

Жыйырма жылдан ашык саякатта мен бул буйруктан өзгөчөлүктөр бар экенин көргөн эмесмин. Бирок, мен пасторлор менен алардын жардамчыларына аз айлык алган жыйындарга да баргам. Алар эски машиналарды айдап, ижарага алынган же ыңгайсыз үйлөрдө жашашкан, ал эми жыйын мүчөлөрү эң жакшы үйлөрдө жашап, эң жакшы унааларды айдашчу, алардын балдары эң жакшы мектептерде

окушчу ж.б. Бирок, күлкүлүү жери, эгер жыйын мүчөлөрүнүн каржылык абалына көз чаптырсаң, алардын көбү кыйынчылыкта экени билинет. Бизнесмендер тынымсыз кыйынчылыктарга, ал тургай чоң жоготууларга дуушар болушат. Ошонун айынан көбү карызга батып жатышат. Көптөгөн үй-бүлөлөр аманаттарынын эсебинен жашоого аргасыз. Муктаж болгондорго жардам берүүгө эч кимдин акчасы жоктой. Бул Кудайдын башчыларга жакшы маяна берүү буйругун этибар албагандын натыйжасы болушу мүмкүнбү?

Келгиле, бул теманы экинчи жагын карап, андан да көбүрөөк жарык берип көрөлү. Мен пасторлор жана алардын жардамчыларына жакшы төлөшкөн жыйындарга бардым. Алардын баары жакшынакай машиналарды айдап, кооз үйлөрдө жашашкан, балдары эч нерсеге муктаж эмес, үй-бүлөсү менен жакшы эс алууга мүмкүнчүлүк алышкан, тизме улана берет. Бир эмес, бир нече жолу, жыйындагы адамдар аларга белектерди сатып беришкен, алар үчүн атайын кечки тамактарды уюштурушкан же башка жоомарт ишараттарды көрсөтүшкөн. Негизинен үй-бүлөлөр жыйынга тамырлашып, гүлдөп, ийгиликтүү өмүр сүрүшкөн. Бизнесмендер тынымсыз ийгиликтүү бизнес баштап, киреше алып турушкан. Алар жыйындагы жесирлерге, жалгыз бой энелерге же муктаж үй-бүлөлөргө жардам берүүгө ар дайым шашып турушат, анткени аларда ар дайым кошумча каражат бар. Бул жыйындар пасторлоруна аз акча төлөгөн жыйындарга караганда миссияларга көбүрөөк берүүгө жөндөмдүү. Мен бир дагы өзгөчө учурду көргөн жокмун. Таң калыштуу эмес, анткени бул урмат-сый принцибине байланыштуу.

Муну ойлонуп көргүлө. Мен айткан жыйындардын биринчи тобу пасторуна жана анын жардамчыларына жетиштүү акча төлөш үчүн акчасын коротпогону менен мактанышат. Ошондо алар Кудайдын Падышачылыгы үчүн дагы көп нерсе кыла алабыз, миссияга беребиз, жакырларга жардамдашабыз ж.б. деп ойлошот.

Бирок, жетекчилерине жакшы акы төлөш керек деген Кудайдын буйругунан качып, алар муктаж болгондорго жете алышпайт, анткени алардын ишкерлери жакыр болгондуктан, көп учурда жыйындын долбоорлоруна катыша алыпайт. Кудайдын акылмандыгы ар дайым бизди чыныгы ийгиликтин жолуна багыттап жатканын эмне үчүн түшүнө албайбыз? Биз Кудай Сөзүн аткаруудан баш тартып, Ал үчүн көбүрөөк кыла аларыбызга ишенсек, бул чындап эле текебердик жана жалган момундук. Муну менен биз кыйыр түрдө Теңирден да көбүрөөк биле

турганыбызды билдиребиз, анткени Ал жакырларды сүйөт, бирок, ошол эле учурда Анын Сөзүндө эмгектенген жумушчуларга эки эсе төлөшүбүз керектигин айтат.

Мен бул чындыкка көңүл бурулбай калганын түшүнөм, бул Америкадагы кызматчылардын өзгөчө аз пайызы эмес. Качан жетекчилер байма-бай акча, материалдык нерселер жөнүндө сүйлөшсө, капа болом. Алардын жашоосу бакубат эмес, алар жоголгон жана жарадар болгон жандарга кол сунууга караганда убактылуу нерселерге, жашоонун ырахатына көбүрөөк көңүл бурушат. Чындыкка ээ болуу менен, алар жалданма жолго бурулуп, кызматтын жүрөгүнүн согуусун жоготуп алышкан. Алардын насааттары четте калып, таасирдүүлүгүн жоготкон. Андай жетекчилер жөнүндө Кудайдын эмне деп айтканын уккула:

> Алардын сакчыларынын баары – сокур жана түркөй адамдар.
> Алардын баары – дудук дөбөттөр, үрө алышпайт, жөөлүшөт,
> жатышат, уйкуну жакшы көрүшөт. Алар – ач көз, тойгонду
> билбеген дөбөттөр. Алар – түшүнүгү жок кайтаруучулар.
> Ар бири өз жолуна бурулуп кетти, баары өз керт башынын
> кызыкчылыгын ойлойт.
>
> – Ышайа 56:10, 11

Бул сөздөрдү карагыла: «Өз максаттарын көздөгөн». Заманбап англис тилиндеги версиясында: «Силер койлоруңарга өзүмчүл максаттарыңар менен жаман мамиле жасаган койчуларсыңар» деп айтылат. Аялдарды, акчаны жана кызматтын башка мүлкүн өз жыргалчылыгы үчүн пайдаланган бир нече жетекчилер бар (мен булар аз экенин кубануу менен билдирем). Алар сый-урмат жөнүндөгү чындыкты бурмалашты. Кудайдын ой-ниетин тескери буруп, кызматты аларга кызмат кылдыруу менен, ой жүгүртүүлөрү тумандап калган. Алар Кудайдын элине кызмат кылуу жана жоголгондорго жетүү деген машайакчылык кызматтын баштапкы маанисинен четтеп кетишкен. Эгерде алар өзгөрбөсө, анда караңгылыкта калышат.

Албетте, мен кызмат кылып жүргөн жылдары урмат-сый принциптерин кыянаттык менен пайдалануучуларды көрдүм жана Ыйык Китептен ушул сыяктуу окуяларды окудум. Бирок, келгиле, өзүбүзгө суроо берип көрөлү, бул Кудайдын кулдарына эки эселенген материалдык сый-урмат көрсөтүү жөнүндөгү Кудайдын буйругунан алыстап кетүүгө бизге укук береби? Бул эки чектен чыгуу эч качан Кудайдын алдында акталбайт.

## Окуялардын укмуштуудай бурулушу

Мен өз көзүм менен көргөн, Кудайдын кызматчыларынан каржылык баталарды кармап коюунун натыйжасында эмне болорун көрсөткөн эң таң калыштуу турмуштук мисал менин кызматымдын алгачкы жылдарында болгон. Лиза экөөбүздүн 120 кишиден турган жыйындын кызматчысына болгон сапарыбыз эсимде. Бул жыйын бир нече жылдар бою бар болчу, бирок анын мүчөлөрүнүн саны 35менен 120нын ортосунда чайпалып турчу. Ал шаардын калкынын саны 250 000 адамды түзсө да, жыйын курчап турган коомго жетүүнүн жаңы деңгээлине жете алган жок.

Биз алар менен төрт күн болушубуз керек болчу. Пастор анын үйүндө калуубузду суранды, анткени жыйын үчүн бизди мейманканага жайгаштыруу абдан кымбатка турду. Биз макул болдук, анткени кызмат баштала электе эле дос болуп калмакпыз.

Ишемби күнү кечинде келип, алар үйдө эмес, ижарага алынган батирде жашаарын билдик. Алардын эски машинасы жана бир аз мүлкү бар эле, аны толугу менен биздин карамагыбызга өткөрүп беришти. Пастордун аялынын меймандостугу өзгөчө экен жана алар абдан боорукер жана камкор жубайлар эле. Жубайынын дагы деле командировканы талап кылган жумушу бар экенине таң калдым. Ал айына он бештен он сегиз күнгө чейин шаардан алыс кетчү.

Жолугушуу бир аз жакшы өттү, бирок атмосферада албетте чыңалуу болду. Биз Кудайдын катышуусуна, күчүнө жана майлоосуна кире алган жокпуз. Жолдо тосмо турган сыяктанды. Бирок, жыйындагы адамдар кайдыгер эмес, Теңирди абдан сүйгөндөй көрүнгөн. Мен таң калдым.

Жыйналыштардын үчүнчү күнү мен көп убактымды сыйынуу менен өткөрдүм. Жан дүйнөм козголуп, бул көйгөйдөн чыгуу жолун таба албадым, бирок андан арыла да албадым. Сыйынуу учурунда мен жыйын эмне үчүн пасторду жана анын үй-бүлөсүн ойлобойт деп ойлондум. Акыры, мен Ыйсанын мага кайрылган үнүн уктум: «Сен бүгүн кечинде бул көйгөйдү чечишиң керек».

Теңирден кантип деп сурагандан кийин, мен бул тоскоолдукту жоюу үчүн төмөнкүлөрдү кылуу керек деген жооп алдым: адамдарга алардын пасторун каржылык жактан баталоонун маанилүүлүгү жөнүндө үйрөтүү. Мен жеке ал үчүн кайрымдуулук чогултуу зарыл экенин сездим. Бирок, мен аны кантип туура ишке ашыраарымды билбей турдум.

Кечки жолугушуунун алдында пастор мага мындай деди: «Джон, мен сенин кызматың үчүн тартуу чогултпайм. Аны өзүң кыл».

Жылмайып, алдымда эшик ачык экенин түшүндүм. Кызматыбыз үчүн тартуу чогултуунун ордуна, мен адамдарды пастор жана анын үй-бүлөсү үчүн кайрымдуулук кылууга үндөмөк болдум. Ошол күнү кечинде пастор мени тааныштыргандан кийин сахнага бара жатып, анын мага шыбырап жатканын уктум: «Джон, унутпа, тартууларды чогултуудан тартынба».

Анын уккандарына таң калаарын билип, жылмайып койдум. Мен трибунада туруп, жыйынды 1 Тиметейди ачууга чакырдым (5:17) жана кырк беш мүнөт бою аларга пасторуна каржылык жактан кам көрүүнүн маанилүүлүгүн үйрөттүм.

Б ул жыйын үчүн катуу айыптоо болду деп жөн гана жаза алам. Мен: «Эмне үчүн силердин пасторуңардын аялы жыйындан тышкары иштеп, жарым ай үйүнөн алыс болушу керек? Аялы үйдө, күйөөсүнүн жанында болушу үчүн, алардын үй-бүлөсүнө кам көрүшүңөр керек», - дедим.

Пастор тынчсызданып, бети уламдан улам кызарып баратты. Ал мени бул тууралуу айтып беришимди суранды деп ойлошуп, бир нече үй-бүлө жыйындан чыгып кетиши мүмкүн деп коркту. (Түшүндүрүп кете турган нерсе, мен жыйынга келгенде, лидер менин сөздөрүмө макул эмес экенин билип туруп, доктрина жөнүндө окутпайм. Бул учурда анын макул же макул эместигин билбедим, мен анын жүзүнөн менин насаатым учурундагы толкунданууну байкадым.)

Бактыга жараша, ошол жамаат Теңир менин жүрөгүмө салган сөздөрдү кабыл алды деп айта алам. Кызматтын аягында мен: «Бүгүн кечинде мени биздин кызматка кайрымдуулук чогултууну сураныШты. Бирок, биз муну кылбайбыз. Бүгүн биз пастор жана анын үй-бүлөсү үчүн курмандык чогултабыз, демек, андан салыктарды кармабайбыз. Кудайдын силерге берген белеги — силердин пасторуңар экени үчүн ыраазычылыгыңарды билдиргиле».

Биз курмандык чогултуп, чогулушту аяктадык. Анан адамдар менен сүйлөшүп жатып, мен пастордун жыйындын кеңсесине жашыруун кирип кеткенин байкадым. Анын залдан чыгып кеткенин көрүп, артынан чуркап жөнөдүм. Тапканымда анын жүзү кызарбай калганын байкадым. Азыр ал ак эле. Анын мага айта турган кабары жакшы болорун туйдум. Жылмайып: «Канча курмандыык чогулттуңар?» деп сурадым.

Ал сумманы атады. Мен эсимден танып кала жаздадым. Бул алар чогулткан эң чоң жекшемби курмандыгынан да үч эсе көп болгон.

Албетте, мен кайрымдуулук жакшы болот деп ойлогом, бирок ал мага айткан сумма мындай өлчөмдөгү жыйын үчүн мүмкүн болот деп ойлогондон да көп болчу.

Кийинки дүйшөмбүдө мага чалып калышты. Дал ошол пастор мага толкунданган үн менен: «Джон, мен сага жекшембидеги жолугушуунун кассетасын жөнөтөм» деди.

Мен өзгөчө реакция күткөн эмесмин, ошондуктан: «Макул, мен сенин жекшембидеги насаатыңды угам» деп жооп бердим. Мен анан мындай жооп уктум: «Джон, мен насаат айткан эмесмин.  Эки саат бою менин жыйынымдагы ишенгендер плансыз эле келип, алардын үй-бүлөсүндө жана бизнесинде болуп өткөн укмуштуудай каржылык кереметтерди күбөлөндүрүп жатышты. Мен таң калган жокмун. Мен Теңир укмуштуудай иштерди жасай турганын билчүмүн, бирок мынчалык тез болот деп күткөн эмесмин». Бир нече жыл өттү, анан мен бул жыйынга бардым. Алар мындан ары чогулуштарын дүкөндүн фойесинде өткөрбөй, мектептин имаратын оңдоп, ошол жерде чогулушту. Ал эле эмес.  Жыйын мектепти ижарага алган эмес, аны сатып алган! Мүчөлөрүнүн саны беш эсе көбөйгөн. Пастор үчүн каржылык кам көрүүнүн натыйжасында анын аялы жумушун таштап, жыйындагы үй-бүлөлөр жана бизнесмендер гүлдөдү.

## “Мага бул жагат деп айтпа”

Бул чындык эч качан өзгөрбөйт. Рухий лидерлерибизди урматтоо жашообузга ийгилик алып келет. Мен Түштүк Кореянын Сеул шаарында жайгашкан дүйнөдөгү эң чоң жыйындын пастору доктор Дэвид Йонги Чону карап жатам. Ал өз жыйынын кыйроо жылдарында, көп жылдар мурун баштаган. Жакында эле анын жыйынынын эки кеңеши мага учурда алардын жыйынында элүү миңден ашуун миллионер бар экенин айтышты.

Мен аны бир нече жолу коштоп жүрдүм, чогуу гольф ойнодук жана ресторанда шериктери менен бирге тамактандык. Көбүнчө ал саякатка бир нече бизнесмендерди жана өнөктөштөрдү алып барат, алар анын курсагын жакшы тойгузуп, керектүү нерселердин баарын сатып алышат. Байкашымча, ал биринчи отурмайынча алар эч качан дасторконго отурушпайт. Алар аны абдан урматташат. Шаардын жакыр жеринде башталган жыйындын азыр мынчалык көп сандагы байларды камтыганынын себеби ушул болушу мүмкүнбү?

Менин Эл Брайс деген жакын досум бар, Америка Кошмо

Штаттарында пастор жана биздин кызматтын башкаруучу кеңешинин мүчөсү. Ал 1980-жылы ышкыбоздор арасында гольф боюнча мелдешке катышкан жана мыкты оюнчу. Йонги Чо бул оюнду жардамчылары жана достору менен ойногонду жакшы көрөт, ошондуктан ага Эл жакты.

Йонги Чо жана анын шериктери АКШда кадимки крусейддердин биринде жүргөндө, Гольф ойноо үчүн Ал менен жолугушууну белгилешкен. Йонги Чо менен жүргөн саякатчылардын бири жаңы эле Нью-Йорктун Бешинчи авен дүкөнүнөн бир нече миң долларга алган гольф тобун жана модалуу жаңы дизайндагы гольф сумкасын көтөрүп, ижарага алынган унаадан түштү. Эл сыпайылык менен анын көркөмдүгү тууралуу пикирин айтты. Күтүлбөгөн жерден ал киши жаңы сумкасынан жаңы гольф таякчасын сууруп чыга баштады. Аны бошоткондон кийин, Элдин гольф таякчаларын кармап, өзүнүн сумкасына сала баштады. Эл өзүнө келип: «Токто, эмне кылып жатасың?» деди.

«Мен сени сыйлайм» деди корей бир тууган. «Мен сага жаңы клюшкаларымды бергим келет.» Менин досум аны токтотууга аракет кылды, бирок пайдасыз болду.

Бир нече ай өткөндөн кийин, Кореяга барган сапарында Ал Йонги Чо жана анын шериктери менен кайрадан гольф ойногону жаткан. Профессионал гольф дүкөнүндө жүргөндө, ал столдун үстүндө кооз бут кийимди көргөндө, Эл: «Кандай сонун бут кийим!» деп таң калат.

Ошол замат Йонги Чонун кишилеринин бири текчеден бул бут кийимди алып кассага бет алды. Эл каршы чыкты:

> «Ой жок, жок. Мага бут кийимдин кереги жок, мен жөн гана анын кандай сулуу экенин айттым.»
>
> “Жок, мырза, мен сизди сыйлайм, мен сизде болушун каалайм”.

Бул тууралуу мага айтып жатып, Эл күлүп: «Мен Йонги Чонун адамдары жанымда жүргөндө «мага жагат» деген сөздү айтпаганды үйрөндүм, анткени алар дароо мага сатып алышат.» Бул ыймандуу адамдар урматтын бийик даражасында жүрүшөт жана ошон үчүн алар баталуу.

## Бактылуу өмүр

Менин дагы бир досум бар болчу - Джек, ал азыр асманда Теңир менен бирге. Ал абдан ийгиликтүү жана күчтүү өмүр сүргөн. Анын

жашоосу жана кызматы жүз миңдеген адамдарга таасир эткен.

Джек жаш кезинде кызматын жаңыдан баштаганда, анын пасторунун Кошмо Штаттарда ийгиликтүү жана белгилүү жыйыны бар болчу. Джек өзүнүн пасторуна бир нече жыл кызмат кылгандан кийин, ал башка жыйын ачуу үчүн, өлкөнүн башка жерине жөнөтүлгөн.

Бир нече жылдын ичинде эле анын жыйыны беш миң кишиге чейин өстү. Мен аны менен аларда көп жолу насаат айтчумун жана биз чогуу убакыт өткөргөндү жактырчубуз. Ал мага өзүнүн пасторун канчалык жакшы көрөрүн, бааларын жана урматтаарын кантип айтканы так эсимде. Ал ага рухий атасындай мамиле кылганын айтты. Анан ал мындай деди: «Джон, мен өзүмдүн пасторумду көргөн сайын, ага эреже катары миң долларга чек берем». Мен анын урмат-сыйына таң калдым. Анын сөздөрү мага ал жашаган улуу сыйлык жөнүндө ойлонууга түрткү берди. Жыйын мүчөлөрү аны укмуштуудай жакшы көрүштү. Аны акыркы сапарга узатуу зыйнаты төрт сааттан ашык убакытка созулуп, жыйындын имараты жык толду. Анын жыйынынын мүчөлөрү гана эмес, анын жыйынына барбаган эле шаар жумушчулары да, баары беш миңден ашык адам келишти. Коомдо көптөр аны сыйлашчу.

Джектин жыйыны да аны урматташкан. Алар ага төлөөгө дилгир болгон, бирок акылман каржылык салымдардын айынан Джек жыйындагы айлыкка муктаж болгон эмес. Тескерисинче, кирешесин жыйынга берген. Мен ага окшоп жакшылыкта жүргөндөрдү аз көрдүм. Аялы жана балдары аны аябай жакшы көрүшчү. Ал кооз үйдө жашачу жана достору көп болчу. Джек рухий атасын каржылык жактан сыйлаган, бул аны жашоонун көптөгөн тармактарында мол сыйлыкка ээ кылган.

## Биздин чогулуштарда

Мен дүйнө жүзү боюнча жыйындарды кыдырып, кабар айтып жүргөндө, бизге эң сонун меймандостук менен кам көргөн жыйындар менен катардагы саякатчылардай мамиле кылгандардын ортосундагы кызматтын жыйынтыгындагы айырмачылыкты байкадым.

Кээ бир жерлерде мени эмнеге чакырышты деп таң калгам. Бизди суусу, жеңил-желпи тамактары жана кеңседе эч кандай тейлөө кызматы жок жараксыз мейманканаларга жайгаштырышты. Пастордук кабинетте мени келгеним үчүн жылуу жана ыраазычылык менен эмес, тескерисинче: «Мына, мен сизден ушуну күтөм» деген маанай менен тосуп алышты.

Алардын айрымдары минтип айтышты: «Биз бул жерде абдан маанилүү иш кылып жатабыз, бизге насаат айтуу менен сенин жолуң болду».

Ушундай жерлерде тааныштырганда, жыйындагылар мени кайдыгер карашты. Мен алардын ойлорун уга алдым:

> “Биз буга чейин эле баарын укканбыз, сен бизге өзгөчө эмне айтасың? Андай адамдарга насаат айтуу кыйноолорду эске салат.

Мындай жолугушуулардан кийин өзүмдү сыгылган лимондой сезем. Алар менен болгондо мен суусаган жүрөктөргө жетпестен эле, каршылыктарды жарып өтүшүм керек болот. Ошондон кийин, пастор мага жыйыны бир жума да жашай албаган ушунчалык аз суммадагы акча берет. Мен буга окшогон көрүнүш көп учурда эле боло бербегендиги үчүн абдан кубанычтамын.

Бир жолу мени башка кызматчы менен бүтүндөй бир жумага жыйынга насаат айтууга чакырышканы эсимде. Жыйындын пастору биз менен бардык жолугушуулар үчүн эки жүз элүү миң доллардан ашык жардам чогулткандыктарын айтты.

Мен алар үчүн бактылуу болдум. Бирок, мен кетип баратып биздин алты жүз долларлык чекти алдым. Бул чай да эмес, он пайызы жыйырма беш миң доллар болмок. Бул сумма пайыздын ноль бүтүн ондон экисине барабар болгон (0,2%).

Бирок, мен жөнөкөй сабак алдым – Теңир баары бир биздин кызматыбызга кам көрөт, муктаждыктарыбызды башка каналдар аркылуу канааттандырат. Ар дайым жыйындар бизге ушундай «чайлык» берген сайын (башкача атоо үчүн башка сөз таба албайм, анткени чайлыктардын кабыл алынган стандарттары да алда канча жогору), ошол эле аптада биз почта аркылуу же биз насаат айткан башка жыйындардан тартуу катары адаттан тыш чоң белектерди алдык. Бул мага жагат, анткени мага Кудай ушуну менен: «Мен абалды билем» деп айтып жаткандай сезилет.

Бизди камсыздоодо Кудайдын ишенимдүүлүгүн көрүп, ал үчүн бир түндү да тынчсызданып өткөргөн жокмун. Мен бизге кукүмдөрдү берген адамдар үчүн кайгырам, алар Ыйса аларга жиберген адамдарды сыйлабай, чоң сыйлык алуу мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарышты.

Башка жагынан алып караганда, мени аэропорттон тосуп алгандан баштап кайра аэропортко жеткиргенге чейин мени абдан жылуу мамиле жана чыныгы меймандостук менен кабыл алган жолугушууларда болдум.

Мейманкананын бөлмөсүндө мени бир жума бою жей турган жемиштер, суусундуктар жана жеңил тамактардан турган чоң себет күтүп турду. Атүгүл кызматкерлеримден кандай тамактарды жакшы көрөрүмдү сурап алышкан. Бөлмөдө мен белектерди алган күндөрүм болчу, мисалы: шамдар, кооз калемдер, көйнөктөр жана одеколон. Мени аймактагы эң мыкты мейманканага, кошумча кызматтар жана башка ыңгайлуулуктары бар бөлмөгө жайгаштырышты. Алар бул мамилени мага эле эмес, мени коштоп жүргөн жардамчыларга да жасашты.

Мындай жыйындарда сахнага чыксам, эл мени дүркүрөгөн кол чабуулар менен тосуп алышат. Алар Кудайга Өзүнүн элчисин жибергени үчүн ыраазы болушат жана Теңирдин Сөзүн угууга даяр. Чогулушта менин бир сөзүмдү калтыргысы келбегендиктен, эч ким кыймылдабайт, баспайт.

Алар өздөрүнүн жүрүм-турумy менен кызматта Кудайдын катышуусун тосуп алып, жолугушуудан кийин биздин кызматтын китептеринен жана башка продукцияларынан алууга шашышат.

Андай жыйындар мени менен же биздин жумушчулар менен айлап, жада калса жылдар бою “сиз келгенден кийин биз башка нукка кеттик” же “Биздин жумушчулар менен жыйын башкача болуп калды, биз жаңы деңгээлге көтөрүлдүк” деп сүйлөшө беришет. Кээде ичимден күлөм, мен аларга келгенге чейин бир жума мурун башка жыйында болгонумду, бизди алар кадимки саякатчылардай кабыл алышканын эстейм. Мен ошол жыйынга ошол эле кабарды айтып, ошол эле максат менен келдим, бирок натыйжасы аз болду жана мен кеткенден кийин ыраазычылык сөздөрү айтылган жок.

Ыйса мындай деген: «Ким сени кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот, ал эми ким Мени кабыл алса, Мени Жибергенди кабыл алган болот». Эгер Ал жыйыныңыздын пастору болсо же дем алыш күндөрү жыйыныңызга кызмат кылуу үчүн келсе, Ыйсага кандай кам көрөт элеңиз? Чындыгында, биз Ал жибергендерди кандай урматтасак, Аны да ошондой урматтайбыз. Биз Аны кандай урматтасак, Атабызды да ошондой сыйлайбыз.

## Кудайды урматтагыла

> Урмат-сый принцибин дагы бир карап көрөлү. «...анткени Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат»
>
> – 1 Шемуел 2:30

Бул аят биздин жан дүйнөбүзгө жазылып калышы керек. Кудай Өзүн сыйлагандарды сыйлайт. Үн чыгарып айткыла: «Эгер мен Теңирди урматтасам, Ал мени урматтайт». Муну көп жолу кайталагыла, бул сөздөр жүрөгүңөргө терең сиңгенге чейин алардын үстүнөн ой жүгүрткүлө. Кудайды даңктоо - Анын урмат-сыйына ээ болуу. Эмне деген кереметтүү чындык! Келгиле, бул маселени андан ары изилдөөнү уланталы:

Теңириңе мал-мүлкүң менен, алгачкы кирешең менен урмат көрсөт Накыл сөздөр 3:9. Кудайдын Сөзү бизди Теңирдин урматы үчүн мал-мүлкүбүздөн сый көрсөтүүгө үндөйт. Англис тилиндеги Кеңейтилген Котормодо:

«Акчаңарды берип, Теңирди даңктагыла». Каржылык берүү — Кудайды даңктоонун бир жолу. Суроо, биз ага акчабызды кантип бере алабыз? Анткени, Ал биздин валютаны колдоно албайт. Жооп жөнөкөй - акчабызды Ал жибергенге берүү.

Эгер силер Ыйык Китептеги ондук жана курмандык темасын кылдат изилдеп чыксаңар, алардын эмне үчүн берилгендигинин үч себебин таба аласыңар. Биринчиден, Анын кызматчыларынын муктаждыктарын канааттандыруу керек, анан биз бул бөлүмдүн башында айткандай, алар эки эселенген акыга татыктуу. Экинчиден, кызматчылардын кызматтарындагы муктаждыктарын канааттандыруу. Үчүнчүдөн, кедейлерге, жесирлерге, жетимдерге жана башкаларга кызмат кылууда кызматчыларга жардам берүү.

Мен ар бир пункт боюнча көптөгөн аяттардын айрымдарын силер менен бөлүшкүм келет. Пабылдын Корунттуктарга айткан сөздөрүнөн биринчи аятты көрөбүз: «Биз силерге рухий нерсени септик. Эгерде силерден денеге керектүү нерсени жыйнап алсак, көптүк кылабы? Теңир да Жакшы Кабар тараткандар Жакшы Кабар таратуунун эсебинен жашашсын деп буйруган» (1 Кор. 9:11,14).

«Жаңы тирүү котормодо» бул аят мындайча окулат: «Теңир Жакшы Кабарды тараткандарды, андан пайда көргөндөр колдосун деп буйруган». Ошол эле принципти Байыркы Келишимде да байкоого болот. Башкы ыйык кызмат кылуучулар менен лебилер элдин ондон бир бөлүгүнөн жашашы керек болчу. Алардын Ысрайылдын башка урууларындай жери жок болчу.

Филипиликтер, өзүңөр билесиңер, Жакшы Кабар таратыла баштаганда, Македониядан кеткенимде, жардам жиберүү жана кабыл алуу ишинде силерден башка эч бир Жыйын (чогулуш) мага көмөктөшкөн

жок. Тесалоникада жүргөндө муктаж болгонумда, силер мага бир нече ирет жардам (курмандык) жөнөттүңөр. Мен бардыгын (силердин бергендериңерди) алдым, менде бардыгы бар. Эпафродит аркылуу берип жибергендериңерди алдым. Ал тартууларыңар – Кудайга жаккан жыпар жыттуу, жагымдуу курмандыктар. Филипиликтер 4:15, 16, 18

Көрүнүп тургандай, алардын каржылык тартуусу Пабылга өзү чакырылган ишти аткарууга жардам берген. Жөнөкөй сөз менен айтканда, ачык кызмат үчүн акча талап кылынат. Мен Пабылдын «берешендик менен камсыз кылынганын» айтканын келтирейин. Филипиликтер өздөрүнүн белектери аркылуу адамдарга жетүүдө Пабылдын өнөктөшү болушкан.

Үчүнчү себепке келсек, Байыркы Келишимде Кудай ондуктарды лебилерге (кызматчыларга), келгиндерге, жетимдерге жана жесирлерге берүүнү буйруган жерди табабыз (Мыйз. 26:12). Жаңы Келишимде бардык жетекчилер макул болушкан: «Бирок алар бизден жакырларды эстен чыгарбообузду өтүнүштү, мен бул ишти бүт күчүм менен аткарууга аракеттендим» (Гал. 2:10) деп жазылып турат.

Кедейлердин катарына келгиндер, жетимдер жана жесирлер кирет. Кызматчыларга берген тартуулар аркылуу биз эч качан жолукпаган адамдарга жардам бере алабыз.

Жогоруда айтылгандай, биз Кудайга кызмат кылууну тандап алган адамдарга каржылык тартууларды берүү аркылуу каржылык жактан Кудайды даңктайбыз. Ошондуктан, бүгүнкү күндө канчалаган адамдар кызмат үчүн бере ала тургандарын бербей кармашып, Кудайды даңктабай жатышат? Көптөр өздөрүнүн жашоосуна рухий чындыкты сепкен жумушчуларга ондук беришпейт же кайрымдуулук кылышпайт.

Алар кызматчылар мындай билдирүүлөр аркылуу акча сурашат деп арызданышат: “Эмне үчүн алар насаат гана айтышып, курмандык берүү жөнүндө сүйлөшпөй эле коюшпайт? Акыркы айларда мен үчүн ансыз деле баары жаман болууда». Бирок, иштери жаман болуп жатканына алардын сөздөрү себеп болушу мүмкүнбү? Алар жашоосунда Кудайдын Сөзүн биринчи орунга коюштубу? Чынында, алар өздөрүн Кудайдан да көбүрөөк урматташат.

Ошондуктан, бүгүн Себайот Теңир мындай дейт: «Жүрөгүңөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы. Силер үрөндү көп сээп, бирок түшүмдү аз алып жатасыңар; жеп, бирок тойбой жатасыңар; ичип, бирок суусунуңар канбай жатат; кийим кийип, бирок жылыбай жатасыңар;

эмгек акы тапкандар түбү тешик намыян үчүн эмгектенип жатышат». Себайот Теңир мындай дейт: «Жүрөгүңөрдү өзүңөрдүн жолдоруңарга бургулачы. Тоого чыгып, жыгач көтөрүп келип, ийбадаткана кургула. Мен ага ыраазы болом жана даңкталам, – дейт Теңир. Көп нерсени күтүп, бирок аз нерсе алып жатасыңар. Үйүңөргө эмнени алып келсеңер, Мен аны сапырып жиберем. Эмне үчүн? – дейт Себайот Теңир. – Менин үйүм үчүн, ал кыйрап жатса, ар кимиңер өз үйүңөргө чуркайсыңар (Акай 1:5-9).

Мындан өтүп дагы канчалык түшүнүктүү болуш керек? Элестетсеңер, эгер Ыйык Жазуунун каармандарынын бири кыйын учурларда бүгүнкү күндө көптөр акча жөнүндө сүйлөшкөн кызматчыларга жасагандай мамиле кылган болсо эмне болор эле? Илияс пайгамбардын убагында ачарчылыктан өлгөн жесирлер көп болгон. Бирок, урмат принцибинин аркасында бирөөсү аман калды. Ал уулу менен акыркы жолу гана тамактанып, анан өлүшү керек болчу. Ошентсе да, пайгамбар өзүнө биринчи токоч бышырып берүүнү суранат. Охоо, бүгүнкү учур болгондо ал жыйында да, массалык маалымат каражаттары аркылуу да кандай гана куугунтукка алынмак! Көптөр: «Ачкадан өлүп жаткан жесир аялдын акыркысын кантип алдың? Кимге биринчи болуп бериш керек болсо, ал аял эле да». Ошого карабастан, пайгамбар Теңирден Өзүнүн кулун тамактандыруу менен, Кудайды биринчи орунга коюу үчүн, аны жетектей турган сөздү алган. Эгер ал Кудайды ушинтип урматтаса, Кудай аны урматтайт. Ал пайгамбардын айтканын кылды. Теңир ага пайгамбар аркылуу убада кылганын аткарды. Кургакчылык учурунда анын ун менен майы түгөнүп калган эмес (1 Падышалар 17-аятты карагыла).

Теңир бизге жиберген адамдардан ондуктарды жана тартууларды кармап коюу менен, биз өзүбүзгө гана зыян келтиребиз, анткени муну менен биз Кудайды маскара кылабыз. Ал өзү пайгамбар аркылуу мындай дейт:

> Адамга Кудайдыкын уурдаганга болобу? Силер Меникин уурдап жатасыңар. «Биз Сеникин эмне кылып уурдап жатабыз?» – дейсиңер. Ондук бербей, тартуу алып келбей уурдап жатасыңар.
>
> – Малахия 3:8

Эгерде менин тандоом болсо, Теңирдин Өзүн тоногондун ордуна банкты тоноону артык көрмөкмүн. Эмнеге? Анткени, мен адамдарга караганда Теңирден көбүрөөк корком. Мен эч качан каракчы болгум

келбегендиктен, мындай тандоонун кереги жок экенине кубанычтамын. Бирок, кандай болсо да, Кудай: «Силер Мени тоноп жатасыңар!» дейт. «Менин кулдарымды тоноп жатасыңар!» деп айтпаганына көңүл бурсаңар. Жок, биз Кудайды анын кулдарына ондук жана курмандыктарды бербей, талап-тоноп жатабыз. Анын сөзүн уккула:

> «Менин үйүмдө тамак болуш үчүн, ондуктардын баарын казына үйүнө алып келгиле. Мени ушул аркылуу сынап көргүлө, – дейт Себайот Теңир, – силер үчүн Мен асман терезелерин ачпайт бекем? Силерге батамды ашыгы менен (англисче ага орун болбойт) төкпөйт бекем?».
>
> – Мал. 3:10

Берилген ондуктар үчүн бата ушунчалык чоң болуп, «ага орун болбойт» деп Теңир Өзү ырастап жатканына көңүл буруңуз. Демек, түпкүлүгүндө бата орун жетпегендей өлчөмдө болот. Мен көп жылдар бою кызматчылардын Кудай бизге акча жана мүлк менен батасын берет, ошондуктан биз аны батыра албай калабыз деп насаат айтып жатканын уктум. Мен бул билдирүүгө каршы чыккым келет. Акча - бул бата турган эле продукт. Дүйнөдөгү акчанын баары менде болсо, мен аны батыра алмакмын. Ошентип, Теңир бизге берген сыйлык батпай калат деп айтканда эмнени билдирет? Бул суроого Накыл сөздөр китебинен жооп табабыз:

Теңириңе мал-мүлкүң (бул силердин кызматчыларга берген тартууларыңар жана курмандыктарыңар) менен, алгачкы кирешең менен (бул силердин ондугуңар) урмат көрсөт. Ошондо кампаларың ашыгы менен данга толот, жүзүм сыгылуучу жайыңдан жаңы шарап ашып-ташып төгүлүп турат. Накыл сөздөр 3:9, 10

Кырмандар - силердин кампаңар. Алар банк карталары, шкафтар, күйүүчү май бактары, гараждар ж.б. Биз кармай турган нерселерди кайда сактайбыз. Ошондуктан, Ал бизге каржылык батасын берет.

Анда биз кандай батаны батыра албайбыз? Окууну уланта берсек, биз мындай жоопту көрөбүз: «Кумураңа жаңы шарап куюлат».

Кумура – шарапты сактоочу чоң идиш. Карагылачы, бул Кудайдын батасын сыйдыра албаган идиш, анткени айтылгандай, ал ашып кетет. Жаңы шарап деген эмне? Ыйык Китепте жаңы шарап дайыма Ыйык Рухтун жаңы катышуусун билдирет. Теңир жыйындын жетекчилерине

берүү, алардын жыйынына жана кызматтарына акча тартуулоо аркылуу, Аны урматтаганыбызда, Анын жаңылануучу катышуусунун сыйлыгын толук алабыз деп айтат! Бул эң кызыктуу сыйлык!

Жетекчилерин акча жагынан марттык менен сыйлаган момундардын материалдык жыргалчылыктары мол болгонуна жана көп нерселерди ишке ашыра алганына улам-улам күбө болдум. Бирок, андан да көбүрөөк байкаганым, булар Кудайдын катышуусу толуп турган жерде жүргөндөр. Бул эмне үчүн бизди таң калтырышы керек, анткени муну Кудай Өз Сөзүндө убада кылган да, туурабы? Бул чындыкты түшүнүү мени урмат-сый көрсөтүлбөгөн жерлерде, пасторлор бир нерсе менен күрөшкөн жерлерде же мага катардагы насаатчыдай мамиле кылган жерлерде эмне үчүн Кудайдын күчтүү катышуусун сезе албадым деген суроого жооп берүүгө алып келди.

Адамдар жөн эле берешен болгон эмес. Анткен менен, алар боштондукка чыккандан кийин, алардын жыйындарында Ыйык Рухтун катышуусу күчөгөн.

Эгер силер бул бөлүмдөн чындыкты алып, Ыйык Китепти толугу менен окусаңар, кайсы жерде Кудайдын эли мол берсе, ошол жерде кереметтер, эркиндик, куткарылуу, Анын катышуусу жана гүлдөп-өнүгүүсү мол болгонун байкайсыңар. Биз Кудайдын батасын сатып ала албайбыз, бирок бул Кудай Өзүнүн ырайымы менен бириктирген руханий принцип.

Пабылдын Македониялык жыйын жөнүндө эмне деп айтканын уксаңар: «Бир тууғандар, силерди Кудайдын Македониядагы Жыйындарга көрсөткөн ырайымы жөнүндө кабардар кылабыз. Баштарына оор сыноолор келгенине карабастан, алардын кубанычы чоң; өтө жакырдыгына карабастан, алар өтө берешен. Анткени мен алардын чын көңүлдөн, колдорунан келишинче, атүгүл, ашыра беришкенине күбөмүн» (2 Кор. 8:1-3).

Пабыл алардын берешендигин Кудайдын ырайымынын түздөн-түз натыйжасы деп эсептейт. Анын ырайымы гана аларга «өздөрүнүн күчү жетпеген» курмандыктарды чалуу жөндөмүн берген. Биз Кудайдын ырайымын сатып ала албагандай эле, Кудайдын бөлүштүрүүсүн да сатып ала албайбыз, бирок аны анык ала алабыз. Бизге Кудайдын Сөзүн тараткандарга эки эселенген каржылык урмат көрсөтүү менен, өзүбүздү Кудай бизди сыйлаган, анын ырайымы менен бөлүштүрүүсүн камтыган абалга коёбуз.

## 12-БӨЛҮМ

# Бирдей деңгээлдегилерди урматтоо

"Ким силерди урматтаса, ал Мени урматтаган болот. Ким Мени урматтаса, ал Мени жиберген Кудайды урматтаган болот. Ким пайгамбарды пайгамбар катары урматтаса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат. Ким такыбааны такыбаа катары урматтаса, ал такыбааныкындай сыйлык алат. Ким Менин ушул жөнөкөй шакирттеримдин бирине, ал Менин шакиртим болгону үчүн, бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт».

– Матай 10:40-42 (өзгөртүү автордон)

Эми биз менен бир денгээлде тургандар тууралуу сөз кыла турган учур келди. Биз алардын лидери эмеспиз, алар биздики эмес. Ыйса бул топту мындайча сүрөттөйт: «Ким такыбааны такыбаа катары урматтаса, ал такыбааныкындай сыйлык алат».

## Кош сыйлык

Ушул деңгээлдеги сый-урматтын үлгүсүн ачык көрсөткөн бир күбөлөндүрүү менен баштоого мага уруксат бергиле. Бир нече жылдан бери үй-бүлөм менен жыл сайын круизге чыгабыз. Биз Кудайдын Сөзүн дүйнө жүзү боюнча таратууга көп барганыбыз үчүн, балдарыбыз Лиза

экөөбүзгө эч качан нааразы болушкан эмес. Алар биздин саякатыбызга ар дайым колдоо көрсөтүп, шыктануу менен мамиле кылышчу. Ар бир жылдын аягында аларга атайын саякат менен сыйлык берүүгө мүмкүнчүлүк берген Кудайдын камкордугу бизге жагат. Биздин балдар круизди жакшы көрүшөт, анткени телефон чалуулар же электрондук каттар жок. Бизде келишим бар: компьютерлерди жана ар кандай жумушту четке коюу. Биз бир жума бою толугу менен аларга тиешелүү болобуз.

Бир нече жыл мурун, сапардан кайтып келгенден кийин мен биздин персонал боюнча менеджерибизге чалдым. Ал мага абдан жагымсыз жаңылыктарды айтты. Биз саякаттап жүргөндө мен тааныган пастор биздин негизги кызматкерлерибиздин бирин жумушка алыптыр. Ал биздин китептерди чет тилдерге которууга жооптуу болчу. Дүйнө жүзүндөгү басмаканалар менен иштегендиктен, анын кызматы бир топ билимди жана даярдыкты талап кылган. Алар менен байланыштарды жана мамилелерди өнүктүрүү негизги нерсе болгон жана убакытты талап кылган.

Мен капаланып, бул пасторго каршы болгон оор сезимдер менен күрөшүп жаттым. Аны үйрөтүү үчүн бизге тогуз ай керек болгон, ал тургай анын ага өтүшү биздин уюмга кандай таасир этээрин билүү үчүн мага кичипейилдик менен телефон да чалып койгон жок. Эгер ал ишенбеген киши болуп, дүйнөдө иштеп жүрсө, мен анын эмне кылып жатканын түшүнө алмакмын, бирок жетекчилердин арасында талкуулабай туруп, башка кызматтагы жумушчуну жумушка алуу бир машайакчылыкка жатпайт. Ал менин досум да болчу.

Бир-эки күн бою мен ачууланган сезимдеримдин үстүнөн сыйынып иштедим. Анын ордуна башка адамды кантип тапса болот? Мен жаңы кызматкерди окутуу менен убакытты кетирүүдөн коркуп, жаман ойлор менен күрөшүп жаттым. Анын эмне кылганын түшүнүүгө аракет кылып, анын иш-аракеттеринен эч кандай логика таба албадым. Кантип ал ушунчалык сезимсиз болду? Эки-үч күндөн кийин Теңир мага сыйынуу учурумда: «Уулум, мен ага жаңы саатыңды беришиңди каалайм», – деп сүйлөдү.

Ямайкада саякаттап жүрүп дүкөндөн жаңы саат сатып алгам. Бул “Citizen” брендинен жаңы, күн энергиясы менен иштеген, кооз саат болчу. Мен бир нече жылдан бери саат сатып албагандыктан, мунун жаңы жана сонун дизайны мага жакты. Бирок, Кудай сүйлөп жаткандыктан, Анын

акылмандыгын түшүнүү мага көпкө созулган жок. Ал мага жүрөгүмө кирген туура эмес ойлордон арылууга жана алардын ордуна башкага болгон сый-урмат менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк берди. Ал мени таарыныычтан коргоп, Аны менен да, пастор менен да мамилемди сактады. Сыйынып жатып жылмайып, акыры күлүп баштадым. Мен Атамдын эки уулунун тең кызыкчылыгы үчүн болгон акылмандыгына жана сүйүүсүнө таң калдым. Анын өтүнүчүнө оң жооп берип, эми мен пастордун иш-аракеттерине ачууланнуу жана таарыныч мени таштап кеткенин дароо сездим. Бул абдан тез бошонуу болду. Машаяктагы бир тууганыма мен үчүн баалуу нерсени берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонум үчүн кубандым.

Эртеси эртең менен аны менен сүйлөштүк. Эркиндикке чыккандан кийин мен сүйлөшүүгө даяр болчумун. Акыры кеп анын катасына бурулду. Ал актанып, бул маселени ар тараптан карабаганын мойнуна алды. Эми биздин сүйлөшүүбүздөн кийин ал жаңылып жатканын түшүндү. Бирок, эгер Кудай менин жүрөгүм менен иштебегенде, бул коркунучтуу жана зыяндуу телефон чалуу болушу мүмкүн эле. Менин үнүмдүн тону жана туура эмес мамилем экөөбүздүн мамилебизде учкундун пайда болушуна алып келмек.

Ушул жерден айта кетейин: конфронтация жүрөктүн туура мамилеси менен айкалышканда гана жакшы болот. Ал биз үчүн эмес, башка бирөө үчүн болушу керек. Кайсы жеринен жаңылып жатканын айтып, мен ага менин сөздөрүмдү чыныгы сүйүүгө ороп айтып, оңдоп-түзөөмдү кабыл алышына жардам бердим. Сүйлөшкөнүбүздөн кийин анын офисине келүүгө уруксат сурап, оң жооп алдым, экөөбүз сүйлөшүп алдык.

Кабинетинде мени кызыгып күтүп жаткан экен. Сүйлөшкөн тема эбак эле жабылгандыктан, эмнеге келгенимди билгиси келди. Тилегимди аткарып, ага саат белек кылам дедим. Ал шок болуп: «Джон, менде саат жок, мага саат керек» деди. Муну укканда аябай сүйүндүм. Мен саатты кутудан алып чыктым, ал аны кийип көрдү. Ал үчүн кичинекей болду, анткени менин билегим андан ичкерээк, запастык шилтемелерди биз Ямайкадагы зергер дүкөнүнө калтырып койгон элек. Мен аларды компаниядан заказ кылам дедим. Аларды өзүм эле жасайм деп, ал мени токтотууга аракет кылды, бирок мен ага белекти мындай абалда бергим келген жок.

Ошол убактан бери биз мурункудан да жакыныраак болуп калдык. Арабызда терең урмат-сый бар. Ал саатты тагынып жүрөт деген ой

мени кубандырат. Мен аларды өзүмө караганда, андан көргөндү жакшы көрөм. Мурдагы кызматкерибиздин ишинде алдыга жылганына кубанычтамын. Биз аны бир нече жолу көрүштүк.

Бирок, факт факт бойдон калууда, бизге дагы эле жаңы кызматкер керек болчу. Мен Кудай бизге кам көрөрүн билчүмүн жана Ага кам көрүш үчүн, эшикти ачык калтыргандай кылып жүрдүм. Анан мына эмне болду. Бир нече жумадан кийин кадрлар бөлүмүнүн менеджери Дарси аттуу аялды жумушка алды. Мен аны сүрөттөгөндө ар дайым ал арстанга окшош деп айтам. Мен Кудай Сөзүн дүйнө жүзүндөгү ишенгендерге таратуу үчүн ушундай ынтызарлык жана каалоого ээ болгон саналуу гана адамдарды көрдүм. Ал дароо эле жумушка киришти. Анын ордуна келген башкалар, көрсөтмөлөрдү күтүп турушчу, бирок Дарси эмес, ал сыйынып алып, биздин китептерди басып чыгаруу үчүн, өзү эле эл аралык басмаканаларга барды.

Мурдагы кызматкер жакшы иштеди. Тогуз айдын ичинде ал биздин китептерибиздин котормосун он сегиз тилден жыйырма үч тилге чейин көбөйттү. Дарси алгачкы тогуз айда биздин китептерибиздин котормосун жыйырма үчтөн кыркка чейинки чет тилге көбөйттү! Ооба, силер туура окудуңар. Мурунку кызматкер тогуз айдын ичинде биздин китептерди беш жаңы тилге которууну көбөйтүүгө жетише алды, ал эми Дарси ошол эле убакыттын ичинде үч эсе көп, он жети жаңы тилди кошту. Дарсинин өмүрүндөгү Кудайдын ырайымы менен азыр биздин китептерибиз кырк беш тилге которулуп жатат.

Бул биздин жумушчуну жалдап алган пасторду урматтаганым үчүн деп ойлойм. Биз сыйлык алдык: Кудайдын Сөзү жашоодо көбүрөөк нерсеге жеткирет. Анын жетишкендиктеринин бири - биздин он миңдеген китептерибизди дүйнөнүн ар кайсы бөлүктөрүндөгү Жакшы Кабарга жабык болгон лидерлердин колуна тапшыруу. Чынында, мен өнөктөштөрүбүзгө бул аймактардагы лидерлерди куугунтктан коргоо максатында китептерибиздин кайсы жерлерге жеткирилгенин айта албайм. Көптөгөн өмүрлөргө Кудайдын Сөзү аркылуу тийүүгө мүмкүнчүлүк алгандан артык сыйлык жок. Бирок, бул баары эмес. Теңир мага дагы бир сыйлыкты даярдап койду, аны мен ойлогон да эмесмин. Бир нече ай өткөндөн кийин, мен бир шаарда жекшемби күнү эртең менен насаат айтып жүрдүм. Кызматтан кийин пастор экөөбүз түшкү тамакка бардык. Бизге жыйындан бир бизнесмен кошулду. Ресторандагы эркектер ажатканасында жүргөндө бир бизнесмен мага суроо узатты:

«Джон, сен кандай сааттуу болгуң келет?»

Анын суроосу мени таң калтырды. Мен аз жерден айта жаздап, тартындым да, акырында “сен билбегениң жакшы” деп жооп бердим.

Ал: «Жок, Джон, мен чындап билгим келет. Кандай саатка ээ болгуңуз келет?»

Анын өжөрлүгү мени жооп берүүгө мажбур кылды: «Акыркы бир нече жылдан бери мен Brightling жөнүндө кыялданчумун.» Brightling сааты Bentley Motor Company бөлүнгөндөн кийин чыгарыла баштаган. Алар абдан кымбат жана сатып алуу оңой эмес. Мындай сааттар ар бир эле шаарда сатыла бербейт, мага чоочун бирөөнүн колунан көргөнүм абдан жакты. Алардын оюмдары менин көзүмчө калып, аларда болсо кандай сонун болмок деп ойлодум. Мен учканды жакшы көрөм (учкуч болбосом да), бирок мага «Брайтлинг» жакты. Алар башында эле учкучтар үчүн ойлоп табылган. Бир күнү биз чоң шаарларда ушундай сааттарды саткан дүкөнгө туш келип калдык. Баасы укмуш таң калыштуу экен, мага жакканына карабай, дагы эле саатка мынча акча коротпоону чечтим.

Менин жообумду угуп, бизнесмен күрмөсүнүн жеңин түрүп, билегинен жакында сатылып алынган «Navitimer» хронографы бар Brightling саатын чечти. Аларды билегиме тагып, ал жылмаюу менен: «Джон, сен бүгүн эртең менен насаат айтып жатканда, Кудай мага ушул саатты бер деп айтты» деди. Мен эч нерсе айта албай, көмүлгөн адамдай болуп туруп калдым. Эгер Кудай ага айтпаганда, антпесе, ал «Брайтлинг» менин сүйүктүү саатым экенин билмек эмес.

Жараткан мага жагымдуу сюрприз тартуулады - авиациялык стилдеги акыркы үлгүдөгү саат. Бизнесмендин колунда мындай саат тагынып калышына кандай мүмкүнчүлүктөр болду эле?

Бир нече сааттан кийин, алгачкы шок абалымдан чыгып, мен бир нече ай мурун пасторду жаңы саатым менен сыйлаганымды эстедим. Эми көзүм ачылып, Ыйса Өз Сөзүндө айткандарын аткарып, жооп катары мени сыйлаганын түшүндүм. Анын сөздөрүн эстегиле: «Мени даңктагандарды Мен даңктайм» (1 Шемуел 2:30). Силер: «Бирок, Джон, сен Кудайды эмес, пасторду сыйладың да» деп талашаттырсыңар. Ыйса мындай дейт: «Ким силерди кабыл алса, ал Мени кабыл алган болот. Ким Мени кабыл алса, ал Мени жиберген Кудайды кабыл алган болот» (Матай 10:40).

Саатымды караган сайын – ал азыр да менин колумда, - мен бул

саптарды жазып жатканымда да ал Атамдын эң сонун белегин эске салат. Анын белеги бул саатты дүкөндөн өзүм сатып алганыма караганда алда канча кымбат. Ал эми бул адам жөн эле жаныма басып келип, аны мага бергенинен да кымбатыраак. Кеп саат жөнүндө эмес, анын артындагы сезимдер жөнүндө. Кудай пенделерин урматтоо менен Аны урматтагандарга да ошондой кылат.

## Ыйык Рух менен кызматташкан сүйүү

Ушул убакка чейин сый-урмат – бул чын жүрөктөн сүйүү деген түшүнүккө жеттик деп ишенем. Чыныгы сүйүү менен жүрүү үчүн ыйык коркунуч жана чексиз сүйүү болушу керек. Бизге мындай деп айтылган:

> Сүйүүңөр жалган болбосун: жамандыктан баш тартып, жакшылык кылууга умтулгула. Бири-бириңерди бир туугандык сүйүү менен, чын жүрөктөн сүйгүлө; бири-бириңерди озунуп урматтагыла. Сүйүү чексиз болсун; жамандыктан кайтаруу, жакшылыкка байлануу; бири-бириңерди назиктик менен сүйгүлө; бири-биринерди урматтоо менен эскерткиле.
>
> – Римдиктер 12:9,10

Бул эки аятта өтө чоң маани камтылган. Биринчиден, Пабыл чыныгы сүйүүдө эки жүздүүлүк жок экенин айткан. Эки жүздүүлүктүн аныктамасы – «өзүнүн чыныгы мүнөзүн же мотивдерин жашыруу» (Вебстер сөздүгү 1828 г). Бул жүрүм-турумга төмөнкүчө мүнөздөмө берели: элестеткиле, адам сыртынан сени сыйлагандай көрүнөт, бирок ичинде сени сындап, көрө албастык кылып, ал тургай жек көрөт. Америка Кошмо Штаттарынын түштүгүндө маданий салттар эки жүздүүлүккө жакын. Биз баарыбыз түштүктүн меймандостугу, түштүк мырзасы же түштүк сулуусу жөнүндө укканбыз. Бул терминдердин баары өлкөнүн ошол бөлүгүндөгү адамдардын сылык жана чынчыл экенин билдирет. Бирок, кимдир бирөө алардан күтүлгөн нерсе ушул болгондугу үчүн ушундай жашап жатабыз десе эмне болмок? Бирок, чындыгында андай эмес.

Тээ илгери түштүктө кээ бир адамдарга күбөлүк кылгам. Алар жокто башкалар жөнүндө орой сөздөрдү айтышса, кийин ошол кишилердин көзүнчө аларга сый-урмат, сүйүү менен кайрылышкан. Америка Кошмо Штаттарынын дагы бир бөлүгү өзүн башкача алып жүрөт. Алардан

эки жүздүүлүк күтүлбөйт, ошондуктан алар түз эле бетке сүйлөшөт. Мени түндүктүктөр үйүнөн кууп чыкканы эсимде. Жакпасаң бетиңе эле айтышат. Алар жасалмалуулуктун эмес, тескерисинче, алардын айланасындагы талашсыз фактылардын реалдуулугунда тарбияланышат.

Чыныгы урмат-сыйды көрсөтүү эки жүздүүлүксүз гана мүмкүн. Жасалма сый-урмат болушу мүмкүн эмес, ал алдамчылыкка алып келет, жана жасалма сый-урмат үчүн албетте сыйлык болбойт.

Пабыл бул теманы мындайча улантат: «Сүйүү таза болсун. Жамандыктан жийиркенгиле, жакшылыкка байлангыла». Жамандыктан жийиркенип, жакшылыкка жабышып калуу – бул Теңирден коркуу. Накыл сөздөр китебинде (8:13) мындай дейт: «Теңирден коркуу – жамандыкты жек көрүү». Ошентип, Теңирден коркуу бизди алдануудан сактайт. Ал бизди эки жүздүүлүккө азгыруудан сактайт. Келгиле, бул тема боюнча Кудайдын жетекчилигин карап көрөлү. Ышайа мындай деп ырастайт: «Ошондо Теңир мындай деди: «Бул эл Мага оозу менен жакындайт, Мени тили менен урматтайт, бирок жүрөгү Менден алыс. Үйрөнүп алган адамдык эрежелерин алар Менден коркуу деп эсептешет» (Ыш. 29:13).

Сөздү жатка айтуу деген «сөздөрдүн же тыбыштардын маанисин жана принциптерин түшүнбөй эле, көп жолу кайталоо» дегенди билдирет. Ышайа пайгамбардын китебинин дагы бир бөлүгүндө жазылган иш-аракеттери сыяктуу эле, Кудай адамдар ооздору менен да урматташат деп ырастайт, бирок алардын жүрөктөрү алыс. Бул такыр сый эмес эки жүздүүлүк. Эмне үчүн алар ушинтишет? Теңирден коркпогондуктан, «алардын Мага болгон урмат-сыйы» адаттагыдан, жөн эле адатка айланган нерседен турат. Ушундай эле мамилени көп учурда жыйын чөйрөсүндө да көрүүгө болот.

Сылык-сыпаа болууга ушунчалык көңүл бургандыктан, бир нерсени унутуп калабыз: биз чын жүрөктөн сүйлөшүбүз керек.

Мен бир мисал келтирейин. Стив чогулушка шашат. Ал беш мүнөт кечигип жатат, ал үчүн өз убагында келүү абдан маанилүү. Ал жык жык-жыйма көчө менен тез-тез басып баратат жана күтүлбөгөн жерден башка тарапта карама-каршы тарапты көздөй бараткан жыйындагы бир тууганы Джимди көрүп калат.  Ал ойлойт: «Ой, жок, Джим мени көрбөйт деп үмүттөнөм. Аны менен сүйлөшкөнгө убактым жок, анын үстүнө ал мен сүйлөшкүм келген адам эмес”.

Күтүлбөгөн жерден алардын көз карашы чагылышып, Джим

Машаяктагы бир тууганы менен учурашуу үчүн жолдон өтө баштайт. Стив Джим менен сүйлөшүүгө туура келерин түшүнөт, антпесе абал өтө ыңгайсыз көрүнөт. Ошентип, Стив аны тосуп алуу үчүн жолду кесип өтүп жаткан агасына барат. Шашып жүргөндүктөн, сөздү биринчилерден болуп: «Джим, Кудайга шүгүр, сени көргөнүмө кубанычтамын» деп баштайт.

Джим аны менен учурашып, Стивдин ал-абалын сурайт.

Стив мындай деп жооп берет: «Баары сонун, бирок билесиңби, мен жолугушууга шашып жатам. Балким сага чалып, түшкү тамакта жолугуп калаармын?” Анан алар өз жолуна түшүшөт.

Келгиле, Стив менен Джимдин кыскача маегине токтололу. Биринчиден, “Кудайга шүгүр, сени көргөнүмө кубанычтамын” дейт. Стив ошол учурда Кудай жөнүндө ойлогон да эмес, ал жөн гана машайакчы досун көргөндө суктануусун билдирүү жана ишенимин көрсөтүү үчүн ушинтип сүйлөөгө көнүп калган. Экинчиден, Джимди көргөнүнө анчалык сүйүнбөйт, Джим аны байкабай калат деп үмүттөндү. Ошондуктан, дароо эле биринчи сүйлөмдө бир тамчы айыпты сезбестен, митайымданып алдайт.

Стивдин жыйынтыктоочу сөзү: «Балким, мен сага чалып, түшкү тамакта жолугуп калаармын?» деген болду. Анын Джимге телефон чалып, түшкү тамакка жолугуу ниети жок. Бул кандайдыр бир жол менен ал өзүнөн көргөн ыңгайсыз абалдан чыгуунун бир жолу эле. Дагы бир жалган.

Стивдин калпы атайылап айтылганбы? Андай болбосо керек. Эмне үчүн ал ашкерелөөнүн оордугуна кабылбайт? Анын жашоосунда Теңирден коркуунун жоктугу, аны жалган сүйүүгө үйрөткөн. Бул чындыгында сүйүүнүн жөн эле маанисиз түрү болгон сүйүү жана урмат көрсөтүү, жатка үйрөнгөн жашоо образы.

Теңирден коркуу Кудай биздин ар бир оюбузду, ниетибизди жана айткан сөздөрүбүздү билерин түшүнүүгө бизге жардам берет. Ар кандай куру сөз үчүн да, биз сот күнүндө жооп беребиз (Мт. 12:36). Биз буларды окуйбуз: «Келгиле, балдар, мени уккула: Мен силерди Теңирден коркууга үйрөтөм... Тилиңди жамандыктан, оозуңду кыянат сөздөрдөн сакта. Жамандыктан кач, жакшылык кыл» (Заб. 33:12, 14, 15). Биз чындыкта сүйүшүбүз керек, бул чын жүрөктөн каалоо жана Теңирден коркуп жүрүү аркылуу гана мүмкүн! Алданып, жасалмалуулук менен жашоо кандай коркунучтуу: бизди бул тузактан Кудайдан коркуу гана сактайт.

## Башкаларды өзүңдөн жогору коюу

Пабыл Римдиктерге мындай дейт: «Бири-бириңерди бир туугандык сүйүү менен, чын жүрөктөн сүйгүлө; бири-бириңерди озунуп урматтагыла» (12:10). Урмат-сый башкаларга жана баалуулуктарга артыкчылык берип, башкаларды бийик коёт. Пабыл бул тууралуу дагы бир катында мындай дейт:

> Ошентип, эгерде силерде Машайактан келген кандайдыр бир сооронуу, кандайдыр бир сүйүү кубанычы, Рух менен болгон кандайдыр бир баарлашуу, кандайдыр бир кайрымдуулук жана боорукердик бар болсо, анда мени кубанткыла: бир ойго, ошол эле сүйүүгө ээ болгула, ынтымактуу жана бир пикирдүү болгула. Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла. Ар кимиң өзүңдү гана эмес, өзгөнү да ойло. Анткени силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек.
>
> – Филипиликтер 2:1-5

Башкаларды өзүңдөн жогору коюу – бул демек, аларды урматтоо дегенди билдирет. Бардык иш-аракеттерибизде бул жөнүндө ойлонушубуз жана сыйынышыбыз керек. Башкалардан жогору болбоого үйрөнсөк, момундуктун ичибизде терең тамырлашына жол берсек, биз улуу батага жетебиз, бул чыныгы урмат.

Байкасаңар, Пабыл эмне деп айтканын: «Машаяк Ыйсада кандай сезимдер болсо, силер да ошондой сезимдерге ээ болосуңар». Жаш кезимде Теңирдин мага айткан сөздөрүн эч качан унутпайм. Мен машина айдап бара жатып, Анын мага мындай дегенин уккам: «Джон, Мен сени Өзүмдөн жогору койгонумду билесиңби?»

Уккан сөздөрдөн чоочулап, жүрөгүмө акарат, текеберлик орнотууга аракет кылган душман экен деп, шок болдум. Ааламды жана андагы нерселердин баарын жараткан мага, кичинекей кара жумушчуга, мени Өзүнөн да баалуу деп эсептей турганын кантип айтат? Мен минтип айтууну каалагам: «Менден алыс бол, шайтан, сен мага азгырыксың». Бирок, жүрөгүмдүн түпкүрүндө бул Ыйсанын үнү экенин билдим. Бирок, мен дагы эле ынанышым керек болчу, анткени мен жаш машайакчы кезимден эле Кудайдын Сөзү бизге «рухтарды сынагыла» деп айтаарын билчүмүн (1 Жакан 4:1).

Мен ойлорумду чогултуп туруп: «Теңирим, Сен мага Жаңы Келишимден үч күбөлөндүрүү бермейинче, мен буга ишене албайм», - деп жооп бердим.

Үнүм титиреп турду, бирок мен туура кылып жатканымды билдим.

Жүрөгүмдө Теңир менин өтүнүчүмдү талашпаганын түшүндүм. Чынында, Ал менин суроомо ыраазы болду. Анын мага дароо эле: «Филипиликтер 2:3тө эмне дейт?» деп жооп берди.

Мен бул аятты жатка билчүмүн, ошондуктан жооп катары үнүмдү чыгарып айттым: «Эч бир нерсени атаандаштык жана көйрөңдүк менен кылбагыла, тескерисинче, момундук менен башкаларды өзүңөрдөн жогору санагыла».

Ыйса мага: «Бул биринчи күбөлөндүрүү», - деди.

Мен каршы болдум: «Бирок, Теңирим, Пабыл бул жөнүндө айткан жок. Ал филиппиликтерге бири-бирин өздөрүнөн жогору коюуну айтты. Мага кандай мамиле кылганың тууралуу жазган жок". Ошол замат Теңир мага мындай деп жооп берди: «Мен өзүм кылбаган нерсени балдарыма кыл деп айтпайм!» Мен өзүмдүн туура эмес экенимди моюнга алдым.

Анан мага: «Бул көп үй-бүлөлөрдүн көйгөйү. Ата-энелер балдарына өздөрү кылбаган нерселерди жасагыла деп айтышат. Көптөгөн ата-энелер балдарына урушпагыла деп айтышат, ошол эле учурда өзүлөрү дайыма алардын көзүнчө уруша беришет. Анан ата-энелер балдары эмнеге урушуп жатат деп таң калышат. Мен андай кылбайм.»

Мен бир аз ойго батып: «Бул Ыйык Жазуудагы бир эле аят, мага дагы экөө керек», - дедим. Ошондо мен муну уктум: «Айкаш жыгачта ким өлдү, сенби же менби?» Мен таң калдым.

Мен уккан кийинки сөздөр булар эле: «Күнөөдөн арылып, адил жашашыбыз үчүн, Ал биздин күнөөлөрүбүздү Өзүнүн денеси менен жыгачка көтөрүп чыкты. Силер Анын жарааты менен айыктыңар». (1 Петир 2:24 болчу.)

Теңирдин үнүн чындап укканымды түшүндүм. Ал мени өзүнөн жогору койгон (урматтаган), антпесе, менин өкүмүмдү Өз мойнуна алмак эмес жана менин ордума өлмөк эмес. Мен Ыйык Жазуунун үчүнчү үзүндүсү келе жатканын билчүмүн жана эч нерсе сурабай туруп, жүрөгүмдө уктум: «Мына үчүнчү күбөлөндүрүү: «Бири-бириңерди боорукердик менен сүйгүлө; бири-бириңерди урматтоо менен эскерткиле» (Рим. 12:10). Анан Ал менин жүрөгүмө мындай деди: «Мен көп бир туугандардын тунумун

(Рим. 8:29) жана Мен Өз бир туугандарымды урматтоо менен Өзүмдөн жогору коём".

Албетте, бул жеке мага эле эмес, көптөгөн бир туугандарга тиешелүү. Биздин Куткаруучубуз түз мааниде ар бирибизди Өзүнөн жогору коёт. Бул Кудайдын чыныгы сүйүүсү.

Силер: «Бирок, Джон, бул Ыйса Машайак» деп айта аласыңар. Биз эч качан минтип сүйө албайбыз. Таң калыштуусу, бул биздин колубуздан келет. Ыйык Рух биздин жүрөгүбүзгө Кудайдын сүйүүсүн жайгаштырган (Рим. 5:5 карагыла). Бул ырастоону Пабылдын сөздөрүнөн табабыз. Анын сөздөрүнө кулак салгыла:

> "Мен Машайактын ичинде болуу менен, чындыкты айтып жатам, калп айтпаганымды Ыйык Рух аркылуу ыйыкталган абийирим да күбөлөндүрүп жатат. Менин кайгым чоң, жүрөгүм сыздап турат. Анткени бир туугандарым, кандаштарым үчүн жалгыз мен каргышка калып, Машайактан ажыратылууну каалар элем".
>
> – Римдиктер 9:1-3.

Мен Пабылдын сөздөрүнөн титиреп кеттим. Албетте, бул сөздөр чындап жазылган, ал өз мекендештерин, эркектерди жана аялдарды түбөлүк сактап калганын көрүү үчүн, Машайактан, куткарылуудан, Кудайдан бөлүнүүгө даяр болгон. Карапайым адам кантип мынчалык сүйүү менен сый-урматта жүрмөк эле? Адамзат үчүн бул мүмкүн эмес. Бирок, бул Пабылга түрткү берген Кудайдын сүйүүсүнүн жардамы менен мүмкүн. Ал жүрөгүндө ушундай сүйүүнү, сый-урматты өстүрө алган. Бул сүйүү анын элине болгон жалынуусунда сыртка атырылып чыкты. Эгерде алар чындык болбосо, Кудай эч качан Пабылдын калеминен сөздөрдүн чыгышына жол бермек эмес. Ыйык Жазууну жазганда, калп айта албайсың.

Эми биздин баарыбызда, жогорудан төрөлгөндөрдүн бардыгында Кудайдын дарамети бар экенин түшүндүңөрбү? Пабыл Римдиктерге (5:5) баса белгилеген: «Кудайдын сүйүүсү биздин жүрөгүбүзгө бизге берилген Ыйык Рух аркылуу төгүлдү». Ошондуктан Ыйса бизге: «Силерге жаңы осуят берем: бири-бириңерди сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө!» деген (Жакан 13:34). Бул жаңы осуят болчу, анткени Байыркы Келишимде адамдар мындай сүйүү менен

жүрө алышмак эмес. Алардын жүрөгүнө Кудайдын сүйүүсү али төгүлө элек болчу. «Сени кандай сүйдүм» деген сөзгө көңүл бур, Ал Өзүн биз үчүн толугу менен берди, Атадан ажырап, минтип айткан: «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени эмнеге жалгыз калтырдың?» (Мт. 27:46). Биз түбөлүк өмүргө ээ болушубуз үчүн, Ыйса Кудайдан ажырап, жакыр болууну тандап алган. Ал бизди эң жогорку деңгээлде сыйлады. Пабыл да өз элин сыйлай алган. Оо, Ата, бизге ушундай сүйүү менен жүрүүгө жардам бер! Сиз бизге потенциал бердиңиз, эми биз аны Ыйык Рухтун жардамы менен өнүктүрүүбүз керек.

Менин сүйүктүү бир туугандарым, чыныгы урмат мына ушул: ишенген бир туугандарын жана Ыйсага муктаж болгондорду өзүнөн жогору коюу. Аларды кымбат, баалуу, сүйүктүү катары караганыбызда. Бул көз караш бизди бардык чөйрөлөрдө: кызматта, сыйынууда же каржы тармагында Кудайдын Падышалыгынын иштөөсүнө тапшырууга алып келет. Македониялыктарды шыктандыргандай эле, бул бизди да иш-аракет кылууга түрткү берет.

Алар Машайакка окшош эле, Корунттук ишенимдештерин иш-аракетке түртүү үчүн Пабыл алардын сүйүүсүн колдонгон.

“Бир туугандар, силерди Кудайдын Македониядагы Жыйындарга көрсөткөн ырайымы жөнүндө кабардар кылабыз. Баштарына оор сыноолор келгенине карабастан, алардын кубанычы чоң; өтө жакырдыгына карабастан, алар өтө берешен.

Анткени мен алардын чын көңүлдөн, колдорунан келишинче, атүгүл, ашыра беришкенине күбөмүн. Ыйыктарга кызмат кылууга кошкон салымдарын кабыл алышыбызды алар бизден көптөн-көп өтүнүштү. Алар биз күткөндөн да артык кылышты. Алгач өздөрүн Кудайга арнашты, андан кийин Кудайдын эрки менен өздөрүн бизге арнашты. Ошондуктан биз Титтен силердин араңарда баштаган ушул жакшы ишин да аягына чыгарышын өтүндүк. Силерде бардыгы мол: ишенимге, сөзгө, билимге байсыңар, бардык жагынан тырышчааксыңар, бизди чын дилиңер менен сүйөсүңөр, эми ушул кайрымдуулук ишинде да ынталуулук көрсөткүлө. Муну мен силерге буйрук иретинде айткан жокмун. Башкалардын ынталуулугуна салыштыруу аркылуу силердин сүйүүңөрдү да сынап жатам. Теңирибиз Ыйса Машайактын ырайымы силерге белгилүү, Ал Өзү бай болуп туруп, силер үчүн жардыланды. Силер Анын жардылыгы аркылуу бай болушуңар үчүн ошентти. Бул нерсеге карата мен өз оюмду айтайын: бул ишти жаңы эле баштабастан, өткөн жылы эле өз каалоосу

менен баштаган силер үчүн бул пайдалуу. Эми бул ишти аягына чыгаргыла. Өзүңөр каалап баштаган ишти өз мүмкүнчүлүгүңөргө жараша аягына чыгаргыла. Бергенге каалоосу болсо, колунда жок нерсеге жараша эмес, колунда болгон нерсеге жараша кабыл алынат. Башкаларга жеңилдик болуп, силерге оордук түшпөсүн, тескерисинче, теңдик болсун. Теңдик болуш үчүн, азыр силердин ашык нерсеңер тигилердин кем-карчын толуктоого жумшалсын, кийин тигилердин ашык нерсеси силердин кем-карчыңарды толуктоого жумшалсын" (2 Корунттуктар 8:1-14).

Корунттагы ишенгендерди Кудайга ишенгендердин жүрөгүнө төгүлгөн сүйүүсү менен жашоого түрткү берүү үчүн, Пабыл македониялыктардын муктаж болгондорго урмат көрсөтүүсүн колдонгон. Биздин жүрөгүбүздө Кудайдын сүйүүсү бар. Аны өнүктүрүү үчүн, биз Ыйык Рух менен иштешибиз керек. "Мен андай адам эмесмин, өзүмдү минтип алып кете албайм" деп айтпагыла. Бул жашоого толук тоскоол болот жана силерди кубанычтан кармайт, ошондой эле, бул жашоодо гана эмес, кийинки жашоодо да улуу сыйлык алууга тоскоол болот. Кетенчиктебегиле, силер менен бирдей деңгээлде турган бир туугандарды сыйлагыла. Түбөлүктүүлүктө муну кылганыңар үчүн кубанычта болосуңар.

# 13-БӨЛҮМ

# Бизге ишенип берилгендерди урматтоо

“Ким силерди урматтаса, ал Мени урматтаган болот. Ким Мени урматтаса, ал Мени жиберген Кудайды урматтаган болот. Ким пайгамбарды пайгамбар катары урматтаса, ал пайгамбардыкындай сыйлык алат. Ким такыбааны такыбаа катары урматтаса, ал такыбаанынкындай сыйлык алат. Ким Менин ушул жөнөкөй шакирттеримдин бирине, ал Менин шакиртим болгону үчүн, бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт».

– Матай 10:40-42 (сөздөрдү автор оңдогон).

Бул бөлүмдө бизге ишенген жана жетекчилигибиз астында турган адамдар жөнүндө сөз кылабыз. Бул топ Ыйсанын төмөнкү сөздөрү менен сүрөттөлөт: «Ким Менин ушул жөнөкөй шакирттеримдин бирине, ал Менин шакиртим болгону үчүн, бир чөйчөк муздак суу берсе, силерге чындыкты айтып коёюн, ал сыйлыксыз калбайт».

## «Бул кичинекейлер»

Ыйык Жазууда «бул кичинекейлер» деген сөз айкашы кичинекей балдарга же биздин жетекчилигибизге ишенип берилгендерге тиешелүү. Кийинки бөлүмдө биз балдарды сыйлоо темасын тереңирээк карайбыз. Бул “кичинекейлердин” көбү өзүнөн жогору тургандар тарабынан кордукка кабылышат, атүгүл кемсинтилишет. Бул Кудайдын ачуусун келтирет, анткени Ыйса бул тууралуу сөзсүз эскертет:

> “Мага ишенген бул кичинелердин бирин күнөөгө түрткөн адамды мойнуна тегирмен ташын илип, деңиздин түбүнө чөктүрүп жиберсе, ал үчүн жакшы болмок. Бул дүйнө өзүнүн азгырыктары үчүн кайгыга кабылат! Анткени азгырыктар келбей койбойт, бирок ким аркылуу келсе, ошол адам кайгыга кабылат! Байкагыла, бул кичинелердин бирин да кордобогула. Силерге айтып коёюн, алардын асмандагы периштелери Асмандагы Атамдын жүзүн дайыма көрүп турушат”.
>
> – Матай 18:6, 7, 10

Кандай гана коркунучтуу эскертүү! Ыйса «кайгы» деп айтканда, чындап эле «кайгы» болоруна ишенген жакшы. Ал эмне үчүн мынчалык катуу?

Кудай бизге бийлик берген. Ал сүйүү, Анын бийлиги сүйүү жана коргоо үчүн берилген. Ал эми, анын ордуна кордолуп, зыян келтирилип, үстөмдүк көрсөтүлсө, бул Кудайга ачык акаарат болуп калат. Силер: «Ооба, бирок бул Кудайды эмес, бул Анын элин таарынтып жатат» деп ойлошуңар мүмкүн. Бул андай эмес! Анткени, Ыйса: «Силерге чындыкты айтып коёюн, Менин бул кичине бир туугандарымдын бирине жакшылык кылганыңар, Мага кылганыңар» дейт (Матай 25:40). Ишенимдүү адамдарга Ыйсага кандай мамиле кылсак, ошондой мамиле кылабыз. Качан сөз биздин балдарыбызга, жубайыбызга, кызматкерлерибизге, студенттерибизге жана башкаларга келгенде муну унутпашыбыз керек.

Жетекчилик кызматтагылар кол алдындагылардын жүрүм-турумуна жана тартибине жооп беришет. Кээ бир лидерлер “ушул кичинекейлерге” ката кетирүүгө жол беришет. Керек болгондо аларды оңдобойт. Бала өз башынча боло берсе, эгерде оңдолбой турган болсо, туура эмес жолго түшүп кетиши ыктымал. Пабыл Корунттуктарга жазган китебинде Кудайдын тартибинин маанилүүлүгүн мындайча көрсөткөн: «Теңирдин

бизге силерди зыянга учуратуу үчүн эмес, бекемдөө үчүн берген бийлиги менен ашыра мактанып койсом, уят болбойм деп ойлойм» (2Кор.10:8). Корунттуктарга жазган каттарын окуганыбызда, Пабылдын алардын тарбиясы жөнүндө катуу айтканын оңой эле түшүнөбүз. Ал «бул кичинекейлерди» оңдоп, машыктыруу менен баалаган. Анан Ал бийлик - бул жаратуу, кызмат кылуу жана коргоо деп абдан ачык айтат. Кантип деп лидер катары өзүңдөн сура: «Бул менин мотивимби?» «Ушул кичинекейлерди сыйласаң», аларга кызмат кылсаң, коргосоң, ниетиң туура болсо, аларды керек болгон жерде оңдойсуң.

Башка жагы да бар. Булар тескери иш кылгандар. Алар бийликти өзүмчүл максаттар үчүн колдонушат. Мен муну аларга чалынып калган “бул кичинекейлерге” жардам берүү үчүн айтып жатам. Мындай жетекчилерди оңдоо коркунучтуу Кол астындагыларга жүрөктөрүндө сүйүү жок. Алар муну сыйынуу жана ой жүгүртүү аркылуу, өз заряддарынын гүлдөп-өсүшүн көрүү үчүн жалындуу каалоо аркылуу өнүктүрүшкөн эмес. Алар жаңылып калышабы? Албетте. Эсиңерде болсун, силер өзүңөр да жаш жана жетиле элек болгонсуңар, же бул тууралуу бат эле унутуп калгансыңарбы? Үстүмдө тургандарга чакырык таштачумун. Мен акылсыз каталарды кетирип, күнөө кылдым. Мен импульсивдүү жана адепсиз элем, кызыктай иштерди кылып, эң ылайыксыз учурда келесоодой сөздөрдү айтчумун. Жетекчилерим мени таштабаганына абдан ыраазымын.

Кызматыбызды баштаганда жубайым экөөбүз кызматкерлерди машыктырган учурубуз эсимде. Ал кезде алардын саны көп эмес болчу. (Мен бул китепти жазып жатканда элүүдөн ашык кызматкерибиз бар.) Биз алардын каталарына капа болдук. Лизага мен пайгамбарчылык деп ишенген сөздөрдү айтканым эсимде. Алар экөөбүзгө тең оңдолуп-түздөлүү жана түшүнүк алып келди. “Лиза, эгер Кудай биздин астыбызга койгон адамдар бизден эч нерсеге муктаж болбосо, анда эмне үчүн Кудай аларды биздин бийлигибиздин алдына койду?” Экөөбүз тең башыбызды ийкеп түшүндүк.

## Жыйындын жетекчилиги

Жылдар бою миңдеген жыйындарды кыдырып, мен лидерлердин ар кандай топтору менен тааныштым. Айрыкча, чыгармачыл жетекчилер менен таанышканыма кубандым. Алар Кудайдын үйүн адаттан тыш

жолдор менен куруп жатышат. Алардын ыкмалары дүйнөгө түшүнүктүү болуп баратат. Алар ишенбегендер үчүн бөтөн болгон эски салттарга караганда өздөрүн ыңгайлуураак сезе турган атмосфераны түзүшөт. Алар формалдуу кийимдерден, жыйырма жыл мурунку ырлардан, жыйындык тилдерден арылышат. Алар жыйын окуяларын жарыялоонун кадимки ыкмасын алмаштыруу үчүн, мультимедиа жана башка көп нерселерди колдонушат. Мен жеке өзүм бул Кудайдын акылмандыгы деп эсептейм.

Мен темадан бир аз четтеп, төмөндөгүлөрдү айтам. Билесинерби, Кудай назик ыкмаларга жана Ал назик кабарларга каршы. Пабыл: «Азыр мен адамдарга жагууну ойлоп жатамбы же Кудайга жагууну ойлоп жатамбы? Же силер мени адамдарга жагууга аракеттенип жатат деп ойлоп жатасыңарбы? Эгерде мен дагы эле адамдарга жагынып жүрсөм, анда Машайактын кулу болмок эмесмин» (Гал. 1:10). Эч качан көбүрөөк адамдарга жетүү үчүн Кудайдын Сөзү менен компромисске барбагыла. Муну менен силер Ыйсанын улуу күнү: «Мен силерди эч качан тааныган эмесмин; Менден алыс болгула» (Мт. 7:20-23) дегенге ылайык болгон машайакчылардын жасалма үйүрүн жаратып коёсуңар. Алардын каны биздин колубузда болот. Пабыл ишенимдештеринин тобуна: «Ошондуктан бүгүн силерге айтып коёюн: мен эч кимиңердин каныңар үчүн жооп бербейм. Анткени мен силерге Кудайдын эркин толугу менен айткам» (Элчилер 20:26, 27) деген. Биз жөн гана Ыйык Жазуунун оң аяттарын жарыялай албайбыз, ошондой эле эскертип, оңдоого тийишпиз (Кол. 1:28 карагыла).

Ыйса бизге Ыйык Рухтун «бул дүйнөнүн күнөөсүн ашкере кылааарын” ачык айткан (Жакан 16:8). Өзүлөрүнүн назик кабарлары менен күнөөдө жашап жаткандарга ашкере айтпаган жамаат Аян китебинде сүрөттөлгөн Лаодикия жыйынынан эч кандай айырмаланбайт. Бул жыйын Ыйсанын жүзүнөн кууп чыгарылуу алдында турган, анткени ал Анын Ыйык Рухунун катышуусу аркылуу Кудайдын тазалоосуна жол берген эмес. Натыйжада, Ал бул жыйынга: «Мына, Мен эшиктин алдында туруп, эшикти чертип жатам» (Аян 3:20) деп жар салды. Бул назик кабарлардын өтө кооптуу экенин көрсөтүп турат.

Пабыл назик ыкмалар жөнүндө төмөнкү сөздөрдү жазган:

> “Мен эч кимдин кулу болбосом да, көптөрдүн Машайакка
> ишенип калышы үчүн, өзүмдү баарына кул кылдым.
> Машайакка ишенип калышы үчүн, жүйүттөр үчүн жүйүт

сыяктуу болдум. Мыйзам астында болбосом да, мыйзам астындагылардын Машайакка ишенип калышы үчүн, мыйзам астындагы адам сыяктуу болдум. Мыйзамды билсем да, мыйзамды билбегендердин Машайакка ишенип калышы үчүн, мыйзамды билбеген адам сыяктуу болдум. Бирок өзүм Машайактын мыйзамынын астындамын. Алсыздардын Машайакка ишенип калышы үчүн, алсыз адам сыяктуу болдум. Жок дегенде, кээ бирөөлөрүн куткарып калыш үчүн, бардыгы үчүн бардыгы сыяктуу болдум".

– 1 Кор. 9:19-22

Бул сөздөрдү ойлонуп көргүлө: «Мен алардын дүйнөсүнө кирдим жана бардык нерсеге алардын көз карашы менен кароого аракет кылдым». Бир нече убакыт мурун, бир нече жүз пасторлорго насаат айтып жатып, мен алардан өздөрүнүн кызматына конок катары келүүнү жана аны жыйындан сырттагы адам катары карап көрүүнү сурандым. Анан мен: «Эгерде силер чынчыл жана ачык болсоңор, кызматыңарда көп нерсе өзгөрөт» дедим.

Машаяктын Денесинде биз маалымат каражаттарын жана жаңы технологияларды колдонууда алдыда болушубуз керек. Дүйнө биздин чыгармачылык жана инновациялар менен шыктанышы керек. Эмне үчүн ал өзүнүн иш-аракеттеринде эң жакшы болушу керек да, Кудайдын Падышачылыгы экинчи даражада көрсөтүлүшү керек? Жок, Даниел менен эврей жаштары сыяктуу эле, биз ушул доордун уулдарынан акылдуураак болуп, жаңычыл жаңы идеяларды издешибиз керек.

Келгиле, Кудайдын Сөзүн Ыйык Рухтун күчү менен эч кандай жымсалдабай туруп жарыялайлы жана үйрөтөлү, бирок аны ишенбегендер да кабыл ала тургандай кылып түзөлү. Биздин кабарыбыз куткарыла электерге ашкерелөө алып келиш керек. Биз Ыйса Машайакка толук баш ийүүгө чакырышыбыз керек, бул: күнөөдөн, ыймансыздыктан, дүнүйөлүк каалоолордон тобо кылууну жана жашообузду Ыйса Машайакка жүз пайыз арнап, Аны ээрчүүнү билдирет. Биз муну кубаныч менен жана новатордук идеялар менен жасай алабыз. Машайакчы болуу силердин энтузиазмыңарды жана чыгармачылыгыңарды жоготууну билдирбейт. Жок, анын үстүнө, биз Машайактан бул сапаттарды көп табабыз. «Бул кичинекейлерди» урматтасак, анда биз чыгармачылык менен жаңы идеяларды издөөгө убакыт бөлөбүз. Бул Кудайдын жүрөгүнө жагат.

## Петир жыйындын лидерлерине эмне деп айтканын уккула

> Жыйын башчыларынын бири, Машайактын азап тартканына күбө болгон, айкын көрүнө турган даңкка ортоктош боло турган мен силердин Жыйын башчыларыңардан (пасторлордон, жыйындагы рухий лидерлерден) өтүнөмүн. Кудайдын силерге тапшырган үйүрүн кайтаргыла (азыктандыргыла, карагыла, багыттагыла). Аны аргасыздан эмес, чын көңүлдөн, Кудайга жаккандай, өзүңөрдүн керт башыңардын кызыкчылыгы үчүн эмес, ынталуулук менен, энчиңердин үстүнөн үстөмдүк кылуу менен эмес, үйүргө үлгү болуу менен (жоопкерчилик) кайтаргыла.
>
> – 1 Петир 5:1-3

21-кылымдын жыйынында ар кандай лидерлик агымдарды көрүүгө болот: салттуу, прогрессивдүү, мыйзамга баш ийген, команда түзүүчү, диктатордук, ыйгарым укуктарды берүүчү, контролдоочу. Тизмени уланта берсе болот. Ошого карабастан, биз аларды эки негизги категорияга бөлсөк болот: шыктандыруучу жана басым көргөзүүчү. Айырмачылык жетекчинин жүрөгү менен аныкталат.

Кээ бир лидерлер сыртынан абдан жемиштүү көрүнгөнү менен артында сабалган, жарадар болгон, атүгүл өлгөн жолдоочусун калтырышат. Экинчи жагынан, биринчилерден кем эмес жетишкен башка лидерлер да бар, бирок алар өзүлөрү жетектегендерин шыктандырышат. Негизги себеп, жетекчинин жүрөгүндөгү сый-урмат же сыйлабастыктан келип чыгат.

## Шыктандыруу же басынтуу

Эркектер менен аялдар өздөрүнүн көз карашын ишке ашырууга багытталган, эки жолдун бири менен кызматты курушат. Жүрөгүндө сый-урматы жок жетекчи “бул кичинекейлердин” азгырыгына айланат. Адамдарды өзүнүн аяны үчүн кызмат кыла турган велосипед сыяктуу карайт. Элди шыктандырган чыныгы лидер өзүнүн аянын элге кызмат кылган велосипед катары көрөт. Мындай жетекчи кол алдындагыларды сыйлайт.

Жүрөк мотиви адамдарда ар кандай натыйжаларды берери таң калыштуу. Ыйса мындай дейт: «Акылмандуулук өз иштери менен акталды» (Мт. 11:19). Мен кээ бир жыйындардан эмоционалдык жактан

чарчаган адамдарды көрдүм (анчалык көп эмес экенин белгилей кетүү кубанычтуу), ал эми башка жыйындардан дени сак инсандарга жана үй-бүлөлөргө күбө болдум. Мунун баары аларга урмат-сый менен мамиле кылынганына байланыштуу.

Урмат көрсөтө алган лидер элди өсүүгө үндөйт. Мындай лидердин эң чоң кубанычы - өз элинин Теңир менен тыгыз мамиледе жүргөнүн жана алардын чакырыгында гүлдөп жатканын көрүү. Машайакчылык жашоонун ушул эки негизги аспектисинин айкалышы чындыкта жүрүү деп аталат. Элчи Жакандын биздин камкордугубуздагы адамдар жөнүндө айткан сөздөрүн карагылачы: «Анткени бир туугандар келип, сенин ишенимдүүлүгүң жөнүндө, чындык жолунда жүргөндүгүң жөнүндө күбөлөндүрүшкөндө, мен аябай кубандым. Мен үчүн балдарымдын чындык жолунда жүргөндүгүн угуудан өткөн кубаныч жок» (3 Жакан 1:3,4).

Чындыкта жүрүү – Жаратканды таанып-билүү жана Ага кызмат кылуу. Ыйса сот күнү Анын атынан улуу иштерди жасаган адамдар болорун айтат, бирок Ал аларга: «Менден алыс болгула, Мен силерди эч качан тааныган эмесмин», - дейт. Алар абдан маанилүү бир учурду – Кудайды жекече таанып-билүүнү өткөрүп жиберишти. Кудайдын лидерлери аны менен болгон мамилесине шек келтиришпейт.

Теңирди билгендер дагы болот, бирок Ал аларга нааразы. Алар Кудайдын үйүн куруудагы ролун аткаруу үчүн жөндөмдөргө ээ болушкан, бирок алар өздөрүнүн жоопкерчилигин унутушкан. Таланттарын көмүп салгандарга кожоюн минтип айтат: «Арамза жана жалкоо кул!».

Ар бир ишенген адамдын Кудайдын үйүн курууга чакырыгы бар. Эфестиктер 2:10до: «Анткени бизди Ал жараткан, Кудай алдын ала белгилеп койгон жакшы иштерди аткарышыбыз үчүн, биз Машайак Ыйса аркылуу жаратылганбыз», - деп айкын айтылат. Биз бирөө болуу үчүн гана эмес, бир нерсени аткаруу үчүн да жаралганбыз.

Адамдар бул окууда тең салмактуулукту жоготкондо абдан өкүнүчтүү болот. Мен насаатчылардын минтип айткандарын уктум: «Биздин эмне кылганыбыз маанилүү эмес, биздин ким экенибиз маанилүү, биз адам роботтор эмеспиз, биз адамбыз.» Жакшы көркөм сөз сүйлөө деген машайакчылык тең салмактуулуктун сүрөттөлүшү эмес. Ооба, биз ишенип калгандан кийин, анчалык оор жүктү көтөрбөй калабыз.

Бирок, Ыйык Жазууда биз куткарылаарыбыз менен анын жүгүн кошо көтөрүшөбүз деп көргөзөт. Биз ишенимибиздин аныктыгын далилдеген

түшүм алып келебиз (Жакып 2 карагыла). Мындай окутуу биздин ким экенибизге басым жасап, эмнеге чакырылганыбызга көңүл бурбай коёт. Ал адамдарды жумасына бир жолу жыйынга барууга түртөт жана Кудайдын үйүндө тамырлагандан жана активдүү болуудан кармайт. Бул окутуу менен тарбияланган ишенгендер кыямат күнү жагымсыз окуяга туш болушат. Биз Ыйса Машаякта белгилүү бир милдеттерди аткаруу үчүн жаратылганбыз. Бул эмгектер биз жатында пайда боло электе эле биз үчүн арналган. Биз өзүбүзгө жүктөлгөн жоопкерчилик жөнүндө айтып беребиз (Забур 139:16ны карагыла).

Элин барктаган жетекчинин максаты – «ушул кичинекейлердин» чындык жолунда жүргөнүн жана алдыга умтулуусун көрүү. Чыныгы аталар жана энелер балдарынын өздөрүнүн ийгилигинен жогору болушун каалашат. Ыйса бизге Ага караганда көбүрөөк иштерди жасашыбызды кааларын билдирген. Бизде бизди ээрчигендер үчүн да ушундай жүрөк болушу керек. Элчи Жакан өз катында жазган сыяктуу, жетекчилер алардын бийлиги астындагылардын жашоосунан чындык жолунда кантип жүрүшкөнүн көрүүнү чын жүрөктөн каалоолору керек. Бул бизди абдан кубандырат.

## Бул жөнүндө ойлонуп көргүлө

Чыныгы лидерлер ырааттуу түрдө аларга кызмат кылгандарга кылган жакшы иштери үчүн ийгиликке жетишет. (Албетте, бардык урмат-сый, ыраазычылык жана даңк Кудайга таандык, бирок Кудай адамдарды колдоноорун унутпашыбыз керек.) Жетекчи өз командасынын мүчөлөрүн мактоо менен сыйлайт. Анын мактоосу үстүртөн эмес, чын жүрөктөн чыгат. Жетекчи катары мен ар дайым биздин миссиябызды аткарууга жардам бергендерди жогору баалаганга аракет кылам, аларды биздин кызматыбыз үчүн берилген белек катары карайм.

Мен алар жөнүндө терс ой жүгүртүүдөн өзүмдү сактайм. Муну менен мен жүрөгүмдө урмат-сыйды сактап келем. Пабыл бизге мындай дейт:

> Ошентип, бир туугандарым, эмне чындык, эмне туура, эмне адилеттүү, эмне таза болсо, эмне адептүүлүккө жатса, эмне мактоого арзырлык болсо, ошол жөнүндө ойлогула жана аларды эске алуу менен ойлонуп, сөздөрүңөрдү салмактап көргүлө.
>
> – Филипиликтер 4:8 (кеңейтилген котормо)

Эсимде, биздин никеде Лизадан көңүлүм калган учур болгон. Чынын айтсам, мен ага таптакыр ыраазы болгон жокмун. Менин туура эмес мамилем айлап болуп жатты. Мен уламдан-улам начарлап бара жаттым. Мен анын жанында болгум келбей калды. Мен анын мага кылган мамилесин түшүнгүм келди, талаага бара жатып, жол бою Теңирдин алдында ойлонуп бараттым. Талаага жеткенде жүрөгүмдө мындай деген үндү уктум: «Уулум, Лизанын эмне кылып жатканы жөнүндө ойлонуп, ал үчүн Мага ырахмат айтышыңды каалайм».

Мен, албетте, ошол учурда абдан начар абалда болдум.

Ошого карабастан, бир нерсени эстей алдым. Ал жакшы эне болгон. Көңүлүм чөккөндүктөн, тизме толукталат деп ойлогон эмесмин. Бирок, ушунусу үчүн эле Кудайга шүгүр кылсам, анын дагы бир артыкчылыгы эсиме келди. Кудайга дагы бир жолу шүгүр кылдым. Анан мен анын башка дагы жакшы жактарын эстедим. Бул бир топко чейин уланып, акырында аялымдын кандай сонун экенине таң калдым. Кызыгы, мен биздин абалга такыр башка өңүттөн карай баштадым. Бул менин абдан бир байкуш күйөө экенимди түшүнүүгө жардам берди. Мен өзүмдүн сезимдеримди түшүндүм, эми бардыгына башкача карадым. Мен бул абалга Кудайдын көзү менен карадым.

Үйгө кайтып келип, мен ага баалаган жакшы сапаттарды санай баштадым. Улам-улам, жүрөгүмдөн сөздөр агып жатты. Мен үйдөн чыкканда ал аябай ачуулуу көрүнгөн. Биздин достукту калыбына келтирүү үчүн бир аз эле убакыт керек болчу. Бирок, урмат-сыйдын натыйжасында биз дароо элдештик. Ошол күндөн баштап биз никебизде айыгууну жана калыбына келтирүүнү көрдүк. Экөөбүздүн мамилебиз эч качан ошол убактагыдай начарлаган жок.

Филиппиликтерге айткан (4:8) ди аткарганыбызда бул биздин балдарыбыз, жумушчуларыбыз, студенттерибиз жана жыйын мүчөлөрүбүз менен да болот. Биздин камкордуктагылар үчүн эмне ырайымдуу, даңктуу жана жагымдуу экенин ойлонуу керек. Ойлонгула, алар Атабыз үчүн канчалык баалуу, алар Анын уул-кыздары. Эгер алар дагы эле куткарыла элек болсо, анда алар татыктуу деген ойго көңүл бургула, анткени Ыйса алар үчүн да өлгөн. Муну менен биз жүрөгүбүздү абийирсиздиктен сактайбыз. Биз бата алабыз.

Дагы айтам, зарыл болуп турган учурда оңдоодон тайбайбыз. Биз тууралап, оңдоп-түздөп турабыз. Биздин балдарыбыз жана кызматкерлерибиз Лиза экөөбүздүн ичибизде нааразычылык жок экенин

билишет. Алар биз кээде катуураак болушубуз мүмкүн дешет, бирок оңдогондон кийин дароо тамашалап, күлүп калабыз. Мен бул сабакты Кудайдын Өзүнөн алдым. Биз Анын оңдоп-түзөөсүнө жооп бергенден кийин, Ал бизди дароо кечирет. Ал наразычылыкты Өзүндө көтөрүп жүрбөйт. Ал бизди коштоп жүргөн уят жарлыкты калтырбайт, андан тышкары, Ал биздин күнөөлөрүбүздү кечирим көлүнө көмүп коёт. Ал бизден жалгыз гана Анын көрсөтмөлөрүнө баш ийүүнү жана мындай каталарды кайталабоону талап кылат. Атабыздын бизге болгон сүйүү, урмат-сый жана үмүт жөнүндөгү ойлору жер бетиндеги бардык кумдай сан жеткис (139-забурду карагыла).

Лидер “бул кичинекейлерди” сыйлаганда, ал өз жетекчилиги астында тургандарга Кудайдын белектерин бошотот, бул өз кезегинде лидерге пайда алып келет, анткени анын аян-ачылыштары бирге бириккен адамдардын белектери аркылуу ишке ашат.

Мен жолуктурган кээ бир кайтаруучулардын жумушчулары менен кантип сүйлөшкөнүнө таң калам. Алар менен алар келесооло менен сүйлөшүп жаткандай, орой, талап койгон таризде сүйлөшүшөт. Анан ошол эле кайтаруучулар: «Мага ылайыктуу жумушчуларды таба албай жатам. Мага мыкты кызматкерлер керек” дешет. Таң калыштуу эмес. Алар өзүнүн адамдарын баалабайт, ошондуктан, алар сыйлык алышпайт.

## Маселенин каржылык жагы

Биз өзүбүздүн лидерлерибизди каржы жагынан сыйлагандай эле, кол алдындагыларыбызды да ошондой сыйлаш керек. Бир нече жыл мурун мен Лизанын жардамчысына жеке каржы жагынан жардам бергем. Биз анын айлык бюджетинин үстүнөн иштеп жаттык. Ошол учурда биз жумушчуларыбызга Колорадо-Спрингс штатынын аткаминерлери белгилеген орточо эмгек акысын төлөп турчубуз.  Мен анын чыгашасын эсептеп көрүп, айлыгы жетпей жатканын байкадым. Мен: «Мындай айлык менен жашай албайсың», - деп айтып жибердим. Жанымда турган жубайым ага толугу менен макул болду.

Мен дароо башкы финансистибизге телефон чалып: «Мен жаңы эле Лизанын жардамчысынын бюджетин карап чыктым. Биз ага жетиштүү акча төлөбөй жатыптырбыз. Биздин жумушчулардын бири да эптеп жан багып жашабашы керек. Мен бардык кызматкерлерибиздин жылдык

маянасын (белгилүү бир сумманы атадым) ушул деңгээлге көтөрүшүбүздү каалайм. Алар кат жөнөтөбү же телефон чалууларга жооп береби, баары бир. Зымдын аркы учунда тынчтык өкүм сүрүп турду да, анан башкы финансистибиз: «Эгерде сен ушундай кыла турган болсоң, анда сенин кызматыңда иштегиси келгендер көп келет» деди.

Мен: «Эч нерсе эмес. Биздин жумушчулар биз менен бирге Кудайга кызмат кылуу үчүн өмүрүн берип жатышат. Алар жакшы айлык алыш керек” деп жооп бердим.

Ошол күнү биздин кызматкерлердин көпчүлүгүнүн маяналары көбөйдү. Бул чоң сюрприз болду, алар бул кабарды укканда абдан ыраазы болушту. Ошол жумада бир кыз жумушун таштагысы келген. Каржылык абалы өтө оор болуп калгандыктан, ал Индианадагы үй-бүлөсүнө кайтып барууну пландап жаткан.

Ошол күнү ал беш миң долларга жылдык маянасын алган. Ал жумушун таштаган жок.

Эми, бир нече жыл өткөндөн кийин, ал биз менен иштөөнү улантып, бөлүмдөрдүн биринин башчысына чейин көтөрүлдү. Ал биздин эң жемиштүү жана баалуу кызматкерлерибиздин бири. Мен анын секирик менен өсүп жатканын көрдүм. Каржыга байланыштуу жумушун таштап кетсе эмне болмок экен деген ойдон титиреп кетем.

Биздин сыйлыгыбыз бул кыз аркылуу гана көрүнгөн жок. Биздин бардык кызматтардагы өсүштү байкадык. Ошол мезгилден бери биздин кызматкерлердин өндүрүмдүүлүгү абдан жогорулады. Биз натыйжалуулуктун жаңы деңгээлине чыктык. Биз кызматкерлерди урматтагандыгыбыз жогорку өндүрүмдүүлүктүн сыйлыгына алып келди.

Бул тема боюнча чакан комментарий. Мен жогоруда айткандай, урмат-сыйды талап кылуу Кудайдын жүрөгүнө каршы келет. Биз сый-урматты эки себеп менен каалашыбыз керек: биринчиден, аны жүрөгүбүздө Кудайга кайтарып берүү үчүн, экинчиден, бизди сыйлагандар сыйлык аларын билип туруп. Кызматымдын башында мен чоң жыйында пастордун жардамчысы болуп иштечүмүн. Бизге эң аз айлык акы төлөнчү. Айлык кирешебиз күнүмдүк чыгымдарыбызга барабар болуп, кийим-кечеге, эмеректерге эч нерсе калчу эмес. Мындай айлыкка макул болдук – бизге ушундай берилди. Биз жалданмаларга окшоп талап кылууну каалаган жокпуз.

Бир жыл өттү, айлыгыбыз ошол бойдон калды, анан экинчи жылы.

Эми бир эмес, эки балалуу болдук. Чыгымдарыбыз көбөйдү, бирок айлыгыбыз көбөйбөдү, баштагыдай эле денгээлде болгон.

Ушул эки жылдын ичинде менин бир досум, дагы бир пастордун жардамчысы менин кеңсеме бир нече жолу келип, аларга кошулгум келер-келбестигин сурады. Алар маянаны жогорулатууну талкуулоо үчүн админстраторго жана улук пасторго барышмак.

Жообум, мен буга катышпайм жана ага да ушундай кылууну сунуш кылбайт элем. Аларга мени кантип сыйлаш керектигин айтуу менин компетенциямда эмес эле.

Досум каршы болду: «Жакан, тирүү калуу үчүн жубайым экөөбүз үй-бүлөбүздөн колдоо алышыбыз керек. Ата-энем күнүмдүк жашообуз үчүн акча жөнөтүп турат».

Мен бул үчүн кечирим сурадым, бирок мен Кудайга ишенем. Кудай чек эмес, булагыбыз экенин түшүндүрүп, ага кызмат кылууга аракет кылдым.

Ал эч нерсеге түшүнбөгөндөй сезилди.

Менин үй-бүлөмө кысым болгон жок деп айта албайм, анткени андай болгон, бирок бизде тынчтык болгон жана ал жылдары эч качан тартыштык болгон эмес. Биздин үйдө эмеректер абдан аз болчу: алдыңкы дубалы жок керебеттин каркасы, эки кичинекей ыңгайлуу кресло, бир нече торшердер жана лампалар, отургучтары бар ашкана столу. Биринчи кабатта болгону ушулар эле.

Бирок, Кудай бир жылдын ичинде үйүбүздү кереметтүү түрдө эмеректерге толтурду, алардын көбү жагымдуу дизайн жана буйрутма менен жасалган. Биз Кудайдын ырыскысынын камкордугунда болчубуз.

Эки жылга жетпеген убакыт өткөндөн кийин, пасторубуз бизди кыдыруучу насаатчылар катары кызматына кошту. Бизге эми айлык маяна берилбей калды. Бизде үч жүз доллар аманат, үй жана унаа кредити боюнча төлөмдөр бар болчу, ал айына миң долларга чейин кошулчу. Кошумчалай кетсек, Теңир мага сыйынуу аркылуу пасторго кызмат кыла турган жерди табууга жардам сурап кайрылбашым керектигин, жазбашым керектигин айткан. Ал менин Ага ишенишимди каалаган.

1989-жылдын ноябрь айынын аягында менде кызматка эки гана орун пландаштырылган эле. Биринчиси Түштүк Каролинадагы коомдук сөөк коюу үйүндө өз кызматын өткөргөн жүздөй мүчөсү бар чакан жыйын болгон. Бул иш-чара январдын биринчи жумасына белгиленген болчу. Экинчиси февралдын аягында Теннессидеги эки жүз мүчөсү бар чакан

жыйында пландаштырылган. Декабрдын аягында бизге айлык төлөбөй коюшту. Лиза экөөбүз Кудайга олуттуу мамиле кылышыбыз керек болчу.

Эгерде мен пастордун жардамчысы болуп турганда Кудайга ишенгенди үйрөнбөсөм, анда мен ал кездеги басымды эч качан көтөрө алмак эмесмин. Бул өтө эле көп тоскоолдук болмок.

Ырыскым үчүн Кудайга эмес, бир адамга таянмакмын. Адамдар үчүн Кудайды жана Анын кабарларын издегендин ордуна, мен жашоого керектүү каражаттарды табуу үчүн акча сурап же интригаларды токуп баштамакмын, бул менин энергиямды текке кетирмек.

Мен алган аз айлык мени эбегейсиз жакшылыктарга алып келди. Эгер мен ал бизге көбүрөөк акча төлөп берсин деп улук пастор менен сүйлөшөлү деген досумду уксам, мен азыр кайда болоорума ишенбейм. Кызматыбызды башкаруунун биринчи жылында Теңирге жумасына бир миң долларга ишенишибиз керек болчу. Бул макала жазылып жаткан учурда, кызматыбызды улантуу үчүн жумасына жүз миң доллардан ашык акчага ишенишибиз керек.

Эгерде башка бирөөгө иштеп жатсаңар, макул болгон айлыгыңар үчүн жан дилиңер менен иштегиле. Жетекчиңерди сыйлап, өзүңөрдүн ишиңерди эң сонун кылып, өзүңөрдү жүз пайыз бере турган болсоңор, Кудай силерге сыйлык берет. Сыйлык жумуш берүүчү аркылуу же Кудай тандаган башка жол менен берилет. Бирок, кептин баары силер сөзсүз сыйлык аласыңар. Биздин жыйын бизге аз эмгек акы төлөп бергенде, Кудай бизди абдан сыйлады. Үйүбүз эмеректерге толуп, жакшынакай машиналарды айдачубуз, тамак-ашка муктаж болгон жокпуз. Айлык алгандагыга караганда алда канча жакшы жашадык. Ыйык Жазуудагы: «Адил адамдагы аз нерсе - көп ыймансыздын байлыгынан артык» деген жер биздин жашообуз үчүн абдан маанилүү болуп калды. Теңир бизди сыйлады.

Жыйынтыктап айтканда эмне дегенге болот? Силер кызматкер болсоңор, жүрөгүңөрдө түбөлүккө сактап койгула: эгерде силер начальнигиңерге жана жумушуңарга 100 пайыз берип, Кудайды сыйласаңар, сыйлык аласыңар. Тескерисинче, эгерде силер жумуш берүүчү болсоңор, анда жумушчуларыңарды урматтаганыңарда алардын жашоосунун гүлдөп жатканы үчүн белектерди ала турганыңарды билгиле. Иш берүүчүлөр жана пасторлор, силер элиңерде катылган Кудайдан болгон чоң сыйлыктарды аласыңар. Аларга аны бошотууга жардам бергиле. Аларды болгон жолдор менен урматтагыла

# 14-БӨЛҮМ

# Үйдөгү урмат-сый – балдар

Жергиликтүү жыйында бир нече жыл кызмат кылып, жыйырма жылдан ашык кыдыруучу насаатчы катары кызмат кылгандан кийин, мен сый-урматка эң чоң муктаждык жыйында жана жумушта эмес, үйдө экенин байкадым. Чындыгында, аталар менен апалар өз үйүндө сый-урматтын үлгүсү болуп, айланабызда сый-урматты өстүрсө, коомдук, жарандык жана жыйын чөйрөсүнө чоң пайда алып келет.

## Ата-энелердин сөзүнүн күчү

Балдар үчүн ата-энесин урматтоо канчалык маанилүү экенин жогоруда талкуулаганбыз. Бирок, ата-энелер үчүн да балдарын урматтоо маанилүү. Сыйлоо – баалоо. Эгерде балдарыбызды баалай турган болсок, алардын жашоосунун туу чокусунда боло тургандай мамиле жасап, сүйлөшөбүз.

Маал-маалы менен ата-энелер балдарына ушунчалык кемсинткен үн менен кайрылганын угуп, эрксизден ызаланып кетем. Булар тажрыйбасыз кызына орой сүйлөп жаткан атасы же оюн талаасында уулунун катасын сындаган башка ата болушу мүмкүн. Же балдары намысына тийгендей болуп, эл алдында басынтып жаткан энеби. Тизме улана берет.

Келинчегим өспүрүм кезинде анын жашоосунда оңой эле алдын алса боло турган көйгөйлөр пайда болгон. Лиза активдүү өспүрүм болгон жана аөзүнүн салмагы жөнүндө эч качан тынчсызданган эмес. Анын

салмагы жайкы лагерде такай текшерилип турду. Ар кандай салмак кошуу нормалдуу өсүштүн белгиси деп эсептелген.

Лиза сүзүп машыкчу. Бир жылдай эки командада сүзүп жүрдү, анда каалаган убакта каалаганын жегенге мүмкүнчүлүк берген. Жаракат алгандан кийин ал спорт менен машыгууну токтотууга аргасыз болгон. Андан кийин ал орто мектепте окуган. Анын активдүүлүгү төмөндөп кеткен, бирок ал машыгуу учурундагыдай эле көлөмдөгү тамакты жей берген.

Бир күнү ал мектептен келди. Атасы анын жанына келүүнү суранды. Ал Лизаны башынан бутуна чейин карап, артка бурулууну суранды. Ал мындай деди: “Бул джинсы шым сага кичинекей болуп калыптыр. Салмагың канча?» Ал лагерде болгон салмагын айтты.

Ал каршы: «Мындай болушу мүмкүн эмес. Салмагың кеминде 135 фунт! * Барып өзүңдү таразага тарт!»

Коркунучтуу уялуу жана дүрбөлөңгө түшүү сезими менен ал ата-энесинин жуунуучу бөлмөсүңдөгү үй-бүлө таразасын карай жөнөдү. Анан салмагын көргөн Лиза таң калды. Анын салмагы 140 фунт ** болгон.

Лиза атасына салмагын айтты. Атасы, албетте, бул ал үчүн өтө эле көп экенин түшүндүрдү. Ал бул жагымсыз экенин айтты, анын салмагына байланыштуу жигиттер аны жолугууга чакырышпайт деди. Атасынын лекциясы бүткөндөн кийин Лиза жуунуучу бөлмөгө кирип, кийимин чечип, денесин карады. Бул анын биринчи жолу өз денесин жек көрүшү эле.

Ошол учурдан тартып анын салмагы анын жашоосундагы кыймылдаткыч күч болуп калды. Ал өзүнүн өлчөмүнө өтө кунт коюп, салмагы жөнүндөгү ойлор менен алектенип калды. Ал тамак-ашка болгон рационду кыскартып, анын аракети өз жемишин бере баштады. Балдар аны байкай башташты, ага алардын көңүл буруусу жакты. Ошентип, акырында анын акылында параллел пайда болду: «Мен сымбаттуу болсом, мен күчтүүмүн жана сүйүү менен көңүл бурууга татыктуумун; качан мен семиргенимде - мен күчтөн жана көңүл буруудан ажырадым».

Мындай ой жүгүртүүнү төмөндөөчү спираль менен салыштырууга болот. Акырындык менен анын абалы начарлап кеткен. Лизада тамакка болгон сүйүү-жек көрүү мамилеси болгон. Ал жегенди жакшы көрчү, бирок толууну жек көрчү. Ал денесин тазалоо үчүн ич өткөрүүчү жана диуретиктерди иче баштады.

Алгачкы студенттик жылдарында анын организми аларга көнүп калган.

Натыйжада, бир ай бою дефекация болбой, ал ооруканага жаткырылган. Ал жыйырма эки жашка чыкканда, Кудай аны бардык жагынан айыктырган. Анын күчтүү күбөлөндүрүүлөрүн «Сен сенин салмагың эмессиң» деген китебинен окуй аласыңар. Атасы башкача мамиле кылганда мунун алдын алса болот беле? Кемсинткен сөздөрдүн ордуна колдоо, кабыл алуу сөздөрүн айтсачы? Лиза өзүн башкача карайт беле?

Мунун далилин үйлөнүүбүздөн көрдүм. Мен Лизага үйлөнгөндө анын салмагы 116 фунт болгон ***. Мен ага ал кандай сулуу көрүнөрүн айта берчүмүн. Жашообуздун биринчи жылынан кийин да жубайымды мактап, колдоону токтоткон эмесмин. Кош бойлуу болуп, эмизген кезинде да токтогон жокмун. Мен жөн эле айта бердим:

«Сен кереметсиң!» же: «Эгерде кимдир бирөө мага жыйырма жашымда аялым үйлөнгөндөн кийин көп жылдар бою ушунчалык сулуу болуп көрүнөт деп айтса, мен той өткөрмөкмүн» же болбосо: «Ой, бүгүн үйлөнүү үлпөтүбүздөгүдөн да жакшыраак көрүнөсүң».

Мен чындап ага кандай айтсам, ошондой деп ойлойм. Бул мага пайда алып келет деп ишенем. Ошондуктан, мен дайыма аялымды мактоонун жолдорун издеп жүрөм. Мен анын күйөөсүмүн жана бул менин милдетим. Муну Пабыл мындайча конкреттештирет: “Ошол сыяктуу эле күйөөлөр да аялдарын өздөрүнүн денесин сүйгөндөй сүйүшү керек. Аялын сүйгөн адам өзүн сүйөт. Анткени эч ким эч качан өзүнүн денесин жек көрбөйт, тескерисинче, Машайак Жыйын үчүн кам көргөн сыяктуу, өз денесин азыктандырат, жылытат» (Эф. 5:28,29). Баса, азыктандыруу деген сөз “өсүү үчүн керектүү нерсени берүү” дегенди билдирет. Мен аялымды сөз менен азыктандыруу үчүн, мүмкүнчүлүктөрдү талыкпай издейм. Бул тууралуу кийинки бөлүмдө кененирээк сөз кылабыз, анткени бул урмат көрсөтүүнүн бир бөлүгү.

Мен аялыма керектүү нерселерди берип жатканда, Лиза Кудайдын акылмандыгына жана айыгып жатканда ага берген убадаларына ишене берди. Кудай аны менен иштей берген. Аны колдоо менен мен аялым Кудайга эч кандай тоскоолдуксуз ишене тургандай шарт түздүм.

Баш кошкондон жыйырма беш жыл өтүп, төрт бала төрөлгөндөн кийин да анын салмагы үйлөнүү тойдогудай бойдон калууда. Ал көп деле

аракет кылбайт, ошондуктан айрымдар аны ашыкча салмакка ыктуу эмес деп ойлошу мүмкүн. Бирок, мен жакшы билем, анткени мен жаш кезинде ашыкча салмактуу болгондон коркуп, өзүнө ишенбеген кызды эстейм.

## Балдар сыйлык болуп саналат

Ата-энелер балдарын катуу жана жаман айтылган сөздөр менен гана басынтпастан, аларга керек учурда мактоо, кабыл алуу сөздөрүн айтууга көңүл бурбай коюшат. Балдар бат-баттан кубаттоого, жетекчиликке жана ырастоого муктаж.

Аларга сүйүктүү жана баалуу экенин айтып, ошондой эле көрсөтүү керек. Эгер бул ата-эне тарабынан аткарылбаса, алар башка жактан сүйүү жана кабыл алуу издешет. Уул-кыздар ишеним издешет, бирок ата-энелер алардын мүнөзүндөгү жетиле элек сапаттарына же кемчиликтерине көңүл бурушса, алар балдарына карама-каршы түшүм алып келе турган туура эмес сөздөрдү сепкен болот. Кабыл алуу жана ишенүү аркылуу силер бир нече туура эмес айтылган сөздөрдүн чоң зыянынан кутула аласыңар. Парадокс ата-энелер мындай жүрүм-турумдун кесепеттеринде өз ролун көрүшпөйт. Айласы кеткен, алар досторуна балдарынын канчалык кыйын экенин айтып даттанышат, бирок көбүнчө сынга алган кемчиликтерди урматтоо аркылуу оңой эле оңдоого болот.

Уул-кыздардын жашоосунда ата менен эненин сөзү өтө салмактуу. Жеңилгендик, ийгиликсиздик, алсыздык деген сөздөр айтылганда, терс кесепеттер кичинекей кыйынчылыктардан башталып, андан да олуттуу көйгөйлөр менен аяктайт. Ата -энелер көбүнчө балдарынын жүрүм-турумунун начарлашынан алсырайт. Бул туюк айлана окшойт. Эгерде ата-эне бул учурда балдарына кам көрүшпөсө, алар Кудайдын балдары аркылуу аларга берген сыйынан өзүлөрүн алыстатып салышат. Биз окуп көрөлү:

> Балдар – Теңир берген мурас. Перзенттер – Ал берген сыйлык.
>
> – Забур 126:3

Мындан биз балдарыбыз аркылуу сыйлык убадаланганын көрөбүз. Анда эмне үчүн көптөгөн ата-энелер убадаланган ата-эне менен баланын мамилесинен ырахат алышпайт? Баары тескерисинче болгон сыяктуу. Көбүнчө өзүнүн өспүрүм балдары жөнүндө ата-энелер минтип

наалыганын угуп калам: «Эх чиркин, мен өспүрүм баламды жыйырма жашына чейин кулпулап коё алган болсом кана”. Же: “Эмне үчүн өспүрүм куракты айланып өтүүгө болбойт?” Төрт уулум кичинекей кезинде ушундай сөздөрдү укканым эсимде. Бул мени түйшөлтө баштады: «Кантип эле менин уулдарым өспүрүм кезинде кичинекей желмогузга айланып калсын?» деп ойлодум.

Бирок, мага башка ата-энелер сезбеген нерсени ичимен сезүү берилген. Мен муну силердин кызыкчылыгыңар үчүн бөлүшүүгө уруксаат эткиле. Мен эки уулум наристе кезинде жаштардын пастору болуп кызмат кылгам. Бул кызматта жүргөндө мен алардын үйүндө болуп, кайтаруучулук консултацияларга катыштым. Мына ошондо мен бул принципти көрдүм.

Балдарынын терс жоруктарын сындаган ата-энелердин балдары убакыттын өтүшү менен ого бетер начарлап кеткенин капысынан түшүндүм. Ата-энелери Кудайдын убадасындагы сөздөрдү айткан балдар, натыйжада ошол айтылган сөздөрдөгүдөй болуп калышты. Пабылдын Корунттуктарга жазган экинчи каты мунун себебин ачып берет: «Анткени биз көрүнгөн нерсеге эмес, көрүнбөгөн нерсеге назар салабыз. Көрүнгөн нерсе убактылуу, көрүнбөгөн нерсе болсо түбөлүктүү» (4:18).

Көзгө көрүнбөгөн чындыктар менен жазылган Кудайдын өзгөрбөс Сөзү биздин борборубуз болушу керек. Лиза экөөбүз балдарыбызга Кудайдын убадаларын дайыма айтып келебиз. Алар сүйлөй электе биз аларды «шакирттер» деп атадык, бул «Теңир үйрөткөн жана Анын эркине баш ийген» дегенди билдирет. Биз: «Сенин уулдарыңдын баарын Теңир үйрөтөт, уулдарыңда улуу тынчтык болот» дедик (Ыш. 54:13).

Биз алар көрсөткүчтөр жана жышаандар (англисче: жышаандар жана кереметтер үчүн) үчүн жаралган (Ыш. 8:18), «биздин жебелерибиз» (Забур 126ны карагыла) деп, ж. б. ошондой эле, Кудайдын Сөзүндөгү башка сонун убадалар деп жарыяладык.

Биз аларга аттарды алдын ала тандап, адегенде алардын маанисин изилдеп, Кудайдан жетекчилик сурап сыйындык. Биз аларды кийин ким болот деп атагыбыз келди. Биздин тун уулубуздун аты Эддисон Давид. Ишенимдүү Сүйүктүү дегенди билдирет. Экинчи уулубуздун аты Остин Майкл «Падышалык, Кудайга окшош» дегенди билдирет. Үчүнчү уулубуз – Джошуа Александр. Анын аты «Кудай адамзатты сактап, коргойт» дегенди билдирет. Төртүнчүсүн Арден Кристофер деп атадык, бул «Ысык жана жалындуу, Машайактай болгон» дегенди билдирет. Аларды атын

атаган сайын, биз алардын үстүнөн сүйлөп жатканыбызды билебиз. Алардын ата-энелери катары биз алардын жашоосуна баталарды чакырууга бийлигибиз жана артыкчылыгыбыз бар. Ар бир уул өсүп, анын ысмынын маанисине окшош болуп калат, анткени биз алардын үстүнөн жарыялаганыбыз үчүн гана эмес, айтканыбызга ишенгенибиз үчүн да ошондой болот. Сөзүбүзгө ишенбегенге мүмкүнчүлүк болдубу? Жок деп ойлогон туура эмес болуп калат. Алар өздөрүн атына такыр ылайыксыз алып жүргөн учурлар да болгон. Аларды оңдоп, тарбиялашыбыз керек болчу, алардын мүнөзү менен иштеп, айтканыбызды түшүндүрүп берчүбүз. (Кичинекей эскертүү: биз балдардын жүрүм-турумуна эмес, мүнөзүнө чабуул коюу аркылуу зыян келтиребиз.)

## Үй-бүлөлүк трагедия

Бул жерде мен жаштардын пастору катары дагы бир сабак алдым. Керектүү тартиптин жоктугунан трагедия болот. Мен өзүмдүн жеке күбөлүгүмдү силер менен бөлүшүүдөн мурун, Ыйык Жазуудан бир мисал келтирейин.

Дөөт падышанын ар кандай аялдардан көптөгөн уулдары болгон. Биз экөө жөнүндө сүйлөшөбүз: анын улуу уулу Амнон жана үчүнчү уулу Абышалом. Амнон Абышаломдун карындашы Тамар менен арам иш кылды. Ал ооруп жаткандай түр көрсөтүп, атасынан Тамарды жиберип, тамак даярдап берүүсүн өтүнөт.

Кыз ага келгенде, кулдарын эшикке чыгарып жиберди, ал өзү Тамарды зордуктады. Анан аны жек көрүп, чатырынан кууп чыгат. Ал падышанын кызын уятка калтырып, анын жашоосун талкалап, намысына шек келтирди.

Анын бир тууганы Абышалом Амнондун жаман иштерин укканда абдан ачууланды. Ал аталаш агасын карындашын кемсинткени үчүн жек көрчү. Ал чыдамсыздык менен күткөн: Дөөт падыша Амнонду адилеттүү жазалай аларында шек жок эле. Убакыт өттү, бирок падыша тараптан эч кандай чара көрүлгөн жок. Амнондун кылганы Дөөткө жакпаса да, эч нерсе кылган эмес. Абышалом абдан ачууланды. Ал карындашы Тамарды үйүнө алып келип, багып алган.

Тамар падышанын кыздары үчүн тигилген түркүн түстүү чапан кийген учур болгон. Эми ал уятка калуу кийимин кийген. Бир кезде эли-жеринде

кадыр-баркка ээ болгон сулуу жаш кыз эми жалгыздыкта өмүр сүрүп жатты. Ал кыз болбой калганда ага ким үйлөнгүсү келмек? Бул абдан адилетсиз болду. Анын өмүрү бүткөндөй эле. Ал эми, ага ушундай кылган адамдын өмүрү эч нерсе болбогондой уланып жатты. Ал башынан өткөн окуянын оордугун көтөрүп жатты.

Абышалом күндөн-күнгө кайгырып жаткан карындашын көрүп жүрдү. Ханбийкенин кыялы азыр эми коркунучтуу түшкө айланды. Абышалом бир жыл күттү, бирок Дөөт эч нерсе кылган жок. Абышаломдун жүрөгүндө Амнонду жек көрүү менен бирге, атасына болгон жек көрүү сезими орноду.

Арадан эки жыл өтүп, Абышаломдун бир тууганына болгон жек көрүү сезими адам өлтүрүү жөнүндөгү ойго айланып, карындашынын өчүн кантип алаарын кылдат ойлонду. Анан эмнеге болбосун, анткени адилет бийлик эч нерсе кылбай койбодубу? Абышалом Дөөттүн бардык уулдарын чакырып той берди, бирок Амнон күтпөгөндө, Абышалом аны өлтүрүп, Гессурга качып кетти.

Анын өчү канааттандырылды. Бирок, атасына болгон жүрөгүндөгү кара таарынычы ал качып жүргөндө айласын таппады. «Атам эмнеге мага эч кимди жибербейт?» деген ой отко май тамызды. Натыйжада, Абышаломдун таарынычы жек көрүүчүлүккө айланган.

Абышаломдун ойлору ого бетер ачууланып, ал Дөөттүн алсыз жактарын издеп баштады. Ал дагы эле атасы ага кишилерин жөнөтөт деп үмүттөнгөнү менен, анын өмүрүн коркунуч каптады. Бирок, Дөөт андай кылган эмес, бул Абышаломдун жек көрүүсүнө түрткү болгон. Элестеткиле, ал: «Эл атама сукпанышат, бирок алар сокур. Алар анын чыныгы табиятын көрө алышпайт. Ал жөн гана Кудайды жашынуучу жай катары колдонуу менен өзүнө ыраазы болот. Ал Шабул падышадан да жаман! Шабул амалыктыктардын падышасын өлтүрбөгөнү жана эң жакшы койлору менен өгүздөрүн аяганы үчүн тактысынан ажырап калган. Атам өзүнүн эң ишенимдүү адамдарынын биринин аялы менен ойноштук кылган. Анан бул момун адамды өлтүрүү менен, ал кылган күнөөсүн жаап койду. Ал киши өлтүргүч жана ойношчул, бирок эмне үчүн Амнонду жазалаган жок?»

Абышалом Гесурда үч жыл болду. Дөөт уулу Амнондун өлүмүнөн кийин соороно баштады. Муну көргөн Жойап, Абышаломду Иерусалимге кайра алып келүүгө падышаны көндүрөт.

Убакыт өткөн сайын. Абышаломдун жек көрүүсү күчөдү. Атасына нааразы болгондорду тегерегине чогулта баштады. Ал бүткүл ысрайылдыктарга жеткиликтүү болгон, алардын арыз-муңун угуп, эгер падыша болсом, аларга сөзсүз жардам берем деп наалыган. Ал Дөөт падышанын убактысы болбогон талаштарды жана маселелерди чечкен. Балким, Абышалом анын жашоосунда адилеттүүлүк болбогондуктан, ушул маселелелерди чечүүгө аракеттенгендир. Ал адамдарга чыныгы камкордук керсеттү. Ыйык Китепте Абышаломдун ысрайылдыктардын жүрөгүнө кирип кеткени айтылат. Бирок, ал чындап эле элдин камын ойлодубу же жек көргөн атасын кулатуунун амалын издедиби?

Абышалом Ысрайыл уулдарын өзүнө тартып алып, атасына каршы чыкты. Чыр-чатак ушунчалык күчөгөндүктөн, Дөөт падыша өз жанын сактап калуу үчүн качып кетүүгө аргасыз болгон. Бир азга Абышалом өзүн Ысрайылдын жаңы падышасы деп жарыялай турганга окшогон, бирок Дөөттүн артынан түшүп өлтүрүлгөндө, баары ага каршы чыкты. Дөөт Абышаломго тийбегиле деп буйруса да, жаза аны басып алды.

Абышалом өзүнүн жек көрүүсүнөн жана ачуусуна жалманып кетти. Анда зор потенциал болгон, ал тактынын мураскери эле, бирок өмүрүнүн эң сонун мезгилинде каза болду. Атасы Амнонду жазаласа, мунун алдын алмак беле? Албетте, ооба! Эгер Дөөт балдарын Кудайга жаккандай тарбияласа, сыйласа, трагедиядан сактанмак деп ойлойм. Бирок, бирөөнү оңдобогондугу менен, Дөөт балдарынын баарын эле сыйлаган эмес.

## Тартиптен баш тартуу аркылуу сыйлабастык

Келгиле, мен жаштардын пастору катары көргөн нерселерге кайрылалы. Балдарынын көйгөйлөрүнөн улам мага кеңеш сурап кайрылган ата-энелердин көбү тартипке ишенишчү эмес. Дөөт падышадай болуп, алар балдарын жазалоодон баш тартышкан.

Мындай ата-энелер уул-кыздарын жазалабай эле “сүйүүгө” ишенишет, бирок алардын мамилесинен майнап чыкпайт. Алардын балдары коркунучтуу абалда, баш беришпей, өздөрүн сыйлабастык менен мамиле кылышкан, алардын мамилеси бардык тармактарга, анын ичинде бийликке да жайылган: мектепке, жумушка, жаштар тобуна ж. б.

Кызык, ата-энеси оңдогондорго караганда, бул «сүйүктүү» балдардын реакциясы ата-энесин жек көрүү болгон. Бул ирониялык жана ошол эле

учурда трагедиялуу. Бул күлкүлүү, анткени ата-энелер жеңип алууну каалаган сүйүү жоголуп кеткен. Каргашалуу, анткени балдар үй-бүлөсүнө кымбатка турган кооптуу чечимдерди кабыл алышкан.

Ата-энеси менин кабинетимде чогуу отурганда, жаш кыздын ата-энеси менен сүйлөшкөн сөзүн катуу оңдогонум эсимде. Мен: «Эмне үчүн мен муну кылып жатам? Эмне үчүн апасы же атасы аны оңдобойт?» деп ойлодум. Алар анын туура эмес жүрүм-турумуна карабай, аны «сүйүүгө» аракет кылып, балдарын тарбиялабаган ата-энелер аларды жек көрөөрүн айткан Кудайдын Сөзүндөгү чындыкка каршы чыгышкан.

> Чыбык аяган адам уулун жек көрөт, ал эми уулун сүйгөн адам аны бала чагынан жазалайт.
>
> – Накыл сөздөр 13:24

Мен бул жаштардын чоңоюп, жашоого аралашып баратканын көрдүм. Алар эгерде ата-энелеринен туура жетекчилик алган болсо, алдын ала алардан алыс болууга боло турган оор күндөрдү жана көйгөйлөрдү баштан өткөрүштү. Эмнеге? Анткени, «Чыбык жана ашкерелөө акылмандык берет, бирок өз эркине коюлган уул энесин уятка калтырат» (Накыл 29:15). Эмне үчүн бул ата-энелер Кудайдын Сөзүндөгү кеңештерге кулак салышкан эмес? Алар өздөрүн акылман деп эсептешкендиктен, экөөнү тең: Кудайды да, балдарын да сыйлашкан эмес.

## Мурунку сыйлык

Улуу уулубуз Эддисон орто мектепти артыкчылык диплому менен бүтүрүп, өлкөдөгү эң алдыңкы он экономикалык университеттин бирине кабыл алынган. Окуусунун башталышы 2005-жылдын сентябрына белгиленген.

Ушул убакка чейин жайкы каникулда Эддисон биздин кызматта иштечү. Ошол жылы да ал университетте окууну баштаганга чейин ошол жайда болгон. Июлдун башында, Эддисон мага чалды. Ал толкунданып, анан менден сурады:

- Ата, сиз менен бир нерсе жөнүндө сүйлөшсөм болобу?

Бул олуттуу маселе экенин дароо түшүнүп, өзүмдү даярдадым.

- Албетте, эмнени талкуулайын дедиң эле? - Мен жооп бердим.

- Ата, мен сентябрда университетке барышым керекпи? Мен кызматта толук убакытта иштегим келет. Мен апам экөөңөргө кабарды таратууга жардам бергим келет.

Жооп беруүм көпкө созулган жок. Мен анын Кудай менен жакын мамиледе экенин жана ал жөнүндө сыйынмайынча менден эч нерсе сурабасын билчүмүн. Жүрөгүмдө анын чечими туура көрүндү, толкундандым жана сыйландым. Мен: «Эң жакшы болмок, биздин кызматта толук жумушчу болушуңду каалайт элек» деп жооп бердим.

Эми бул окуялардан кийин эмне болгонун айтып берейин. Эддисон биз менен иштей баштагандан бир-эки ай өткөндөн кийин, кызматкерлер боюнча менеджер аны башка жыйындар менен байланыштар бөлүмүнүн лидерлик кызматына дайындоону сунуштады. Бул бөлүм бир нече жылдан бери иштеп келе жатат жана жыйындар жана пасторлор менен иштешип, көптөгөн китептерибиз менен кошо кеткен DVD-дисктер менен жумушчу китептерин жайылтууда. Учурда, мен бул китепти жазып жатканда, Америка Кошмо Штаттарында болжол менен он төрт миң жыйын жана Австралияда миңден ашык жыйын аларды колдонуп жатат.

Эддисонго бул кызмат биздин уулдарыбыздын бири болгон үчүн гана сунушталган эмес. Мен ар дайым балдарыбызга өзгөчө мамиле кылбоону суранып келгем, көп учурда ушундай болот. Атүгүл мага бул алар үчүн бир топ кыйындай сезилет, анткени алар үй-бүлө менен жумушчулардын ортосунда маневр кылышы керек. Кадрлар боюнча менеджерибиз мага бул жерге кызматкер керек деп бир нече жолу арызданган. Ошондуктан, анын өтүнүчү баламдын ишти жакшы аткарышына жана лидерлик сапаттарынын бар экендигине негизделген.

Анын сунушуна макул болуп, жыйынтыгына таң калдым. Кийинки жылы башка жыйындар менен мамилелердин өнүгүшү өстү. Мен кайда барбайын, пасторлор Эддисондун бөлүмүндө иштеген бир топ балдар менен кандай мамиле түзүшкөнү тууралуу окуяларды айтып беришти. Анын шыктандыруучу жөндөмү бар, башка адамдарга анын энтузиазмы жугуштуу. Анын жетекчилиги астында пасторлор керектүү сыйынууларды, суроолорго жоопторду жана алардын суроо-талаптарына өз убагында жоопторду алышат.

Уулумдун урмат-сыйы аркылуу Кудай мага эле эмес, бүткүл уюмга сыйлык бергенин түшүнсөңөр. Ыйса бул «кичинекейлердин» бирин эле урматтасак, сыйлыгыбызды кандай себеп болсо да, колдон чыгарбай турганыбызды айткан. Улуу балам кызматыбызды мен элестете

албагандай кылып кеңейтти. Ал, чынында эле, кээ бир укмуштуудай сүйлөшүүлөрдүн булагы болуп калды. Бул жыйырма жаштагы жигит аркылуу болот деп ким ойлоптур? Бул эле эмес, дагы бир нерсе болду: мен бара албай турган көптөгөн жыйындар DVD курсун окуу менен жана колдонмолор аркылуу Кудайдын Сөзүн алышты. Бул акыр-аягы, түбөлүк үчүн дагы көп өмүр дегенди билдирет!

Мен уулдарым үчүн корком. Жылдар бою сыйынып келем: «Ата, бул балдар меники эмес, Сенин балдарың. Мен Сага тиешелүү нерселердин башкаруучусумун гана. Ошондуктан, Теңир, Сен алар менен каалаганыңды кыла аласың. Алардын планетанын башка тарабында болушун кааласаң, Сенин эркиң аткарылат. Мен алар жашоодо Сенин эркиңди аткарууларын гана суранам». Менин сыйынуум чын жүрөктөн болду. Мен билем, бир күнү экөөбүздүн ортобуз алыс болуп калышы мүмкүн, бирок ушул убакка чейин Теңир бизге уулубуз менен бирге иштөө сыймыгын берди. Башка уулдарыбыз да жакында бизге кошулууну айтып жатышат. Мындайча айтканда, балдарыбызга болгон урмат-сыйыбызды көрсөткөнүбүз үчүн, сыйлыктын учкундарын алдык, бул башталышы гана, келечекте биз менен дагы көп нерселер болот.

Баласын сыйлаган ата-энелерде ушундай болорун көрүп турам. Балдарды баалаҫа, гүлдөйт. Теңир өз кезегинде, аларды урматтагандарды гүлдөп-өсүү аркылуу сыйлайт. Мындай сыйлык ишенимдин күчтүү далили катары башкалардын жашоосуна жетүү үчүн бизди жемиштүү кылат. Бул Анын Сөзү, Анын планы, бул Ыйсанын оозу менен жарыяланган рухий мыйзам. Ата-энелер балдарына сүйүүсүн көрсөтсө, анын ичинде аларды Теңирге баш ийүүгө тарбиялашса, аларга Кудайдан сыйлык убада кылынган. Карыганда аларда кайгы эмес, кубаныч болот. Биздин эң сонун жылдарыбызды күч жана колдоо курчап турат.

## 15-БӨЛҮМ

# Үйдө - аялды урматтоо

Үйдө балдар гана эмес, аял дагы башкарылат. Биз жогоруда аял күйөөсүн урматтоосу канчалык маанилүү экенин талкуулаганбыз. Бирок, бул жерде ата-эне менен балдардын ортосундагы мамиледегидей эле, тескерисинче: күйөө аялын сыйлашы керек.

### Аялын урматтоо

> Ошондой эле, силер - күйөөлөр, аялзатынын алсызыраак экенин эске алып, аялыңарга туура мамиле кылгыла. Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн, аларга урмат көрсөткүлө, анткени алар да ырайымдуу жашоонун мураскорлору.
>
> – 1 Петир 3:7

Бул аятта Петир аялдардын өзгөчө урмат-сыйга ээ болушу керектигин баса белгилеген. Кээ бир эркектер бул аятты аялы рухий иштерде күйөөсүнөн төмөн деген мааниде чечмелешет. Жок! «Алсыз идиш» деген аялыңыздын рухий жактан сизден төмөн экенин билдирбейт, бирок ал сиздикиндей салмакты көтөрө албайт дегенди билдирет. Жөнөкөй аялдын физикалык күчү жөнөкөй эркектикинен азыраак. Англисче Библиянын кеңейтилген котормосунда бул аят: «Аялдарды

(физикалык жактан) алсыз катары урматтоо» деп айтылат. Мына бул жерде Петирдин «Жаңы тирүү котормодогу» сөздөрүнүн котормосу: «Ошондой эле, күйөөлөр, силер да аялдарыңарды сыйлагыла. Аларга түшүнүү менен мамиле кылгыла, анткени силер чогуу жашайсыңар. Ал силерден алсыздыр, бирок ал Кудай берген жаңы жашоодо силердин тең укуктуу өнөктөшүңөр. Эгер силер ага өзүңөрдөй мамиле кылбасаңар, сыйынууңар угулбайт».

Биз тең укуктуу өнөктөшпүз – берекелүү жашоонун биргелешкен мураскерлерибиз. Бул аяттын акыркы бөлүгүндө жоопсуз калган сыйынуу жөнүндө таң калыштуу бир сөздү көрөбүз. Күйөөсү аялын сыйлабаса, сыйынуусу кабыл болбойт. Ой, бул сөздөр көңүлдү оорутат! Кандай гана аянычтуу жашоо! Ойлонуп көргүлө: аялыңарды сыйламайынча силердин сыйынууңар эч качан Кудайдын кулагына жетпейт. Менин көңүлүмдү толугу менен өзүнө буруу үчүн бул сөздөр жетиштүү. Алар мени күйөөнүн ролу жөнүндө терең ойлонууга үндөшөт. Бирок, жакшы жаңылык, тескерисинче, аялыңарды урматтоо менен силер Кудайдын алдындагы сыйынууңарга ишенесиңер.

Күйөөлөр, мен силер менен түз сүйлөшөйүн. Аялыңарды маанилүү жана баалуу деп эсептейсиңерби? Силер анын сөздөрүн угуп жатасыңарбы же «ал жөн гана эмоционалдуу аял» деп ойлоп, андан качасыңарбы? Мен үй-бүлөлүк жашоомдун кыйынчылыктарын баштан кечирип, акыры бул сабакты алдым. Баш кошконубузда жубайымдын кеңешин жакшы баалабай койчумун. Убакыттын өтүшү менен анын айткандары акыры Кудайдын акылмандыгы экендигин байкадым, бирок мен өзүмдү көбүрөөк рухий адам катары карадым. О, мен канчалык жаңылгам!

Лизанын бир нече жолу туура айтканын байкап, сыйына баштадым. Мен каршы болдум: «Кудай, кээде мен күнүнө эки саат сыйынам, ал эми ал жыйырма мүнөт сыйынса, анын да көбү ваннада душта болот». (Мен жаңылыптырмын, аялымдын күнүмдүк жашоодо Кудай менен үзгүлтүксүз байланыштагы туруктуу жашоосу бар экен, муну мен кийинчерээк билдим.) Мен андан ары: «Эмне үчүн мен маанилүү маселелерде жаңылып жатам, бирок ал андай эмес?» деп сурадым. Теңирдин жообу: “Уулум, кагазга тегерек чий”.

Мен тарттым.

«Эми бүт айлананын ичине X (икс) белгилерин тарт.»

Анын өтүнүчүн аткардым.

Ыйса мындай деп сөзүн улантты: «Эми бул тегеректин ортосуна сызык сызып, аны экиге бөл. «Х» белгисинин бир жарымы бир тарапта, экинчи жарымы экинчи жагында калганын көрөсүң.

Анан ошондой болду.

Ошондо Теңир мындай деди: «Х белгилери Менин акылмандыгым менен кеңешим же туура чечим чыгаруу үчүн зарыл болгон маалыматты билдирет. Тегерек бир, бирок ал эки бөлүккө бөлүнөт. Сен бир дене экениңди жана бүткүл чөйрөнү билдирет. Силер тегеректин жарымы менен көрсөтүлгөн эки адамсыңар. Бирок, жарымы гана ойлосо, тегерек толук эмес болуп саналат.

Ал сөзүн улады: «Акылдардын бир бөлүгү Лиза тарапта, бир бөлүгү сен тарапта экенин байкайсың. Сен бардык үй-бүлөлүк чечимдерди Менден келген маалыматтын жарымына таянып, өзүң гана кабыл алдың. Лизага айтканымды тааныбадың. Сага керектүү маалыматтарды бергендей эле, мен Лизага да керектүү маалыматтарды берем. Бирок, акылдуу лидер болгондуктан, мен ага көрсөтүп жатканымды Лизадан үйрөнүшүң керек, анан үй-бүлө башчысы катары туура чечим кабыл алышың үчүн, аны чогуу талкуулашыңар керек».

Кудай менен болгон ошол сүйлөшүү толугу менен менин жубайлык жашоомду өзгөрттү. Мен түшүндүм: бойдок кезимде тегерек бүтүн эле, бардык чечимдерди өзүм кабыл алчумун. Эми жубайым экөөбүз бир денеге айлангандыктан, жашоом жөн эле өзгөрүшү керек.

## Алсызыраак идиш

Петирдин сөздөрүнө дагы бир жолу көңүл буралы: «Ошондой эле, силер, күйөөлөр, аялзатынын алсызыраак экенин эске алып, аялыңарга туура мамиле кылгыла. Сыйынууңарга тоскоолдук болбошу үчүн, аларга урмат көрсөткүлө, анткени алар да ырайымдуу жашоонун мураскорлору». Аялдарыбызды түшүнгөндү үйрөнүшүбүз керек. Сыйынуу учурундагы Теңир мага айткан Кудайдын Сөзү мага аялым менен өз ара мамиле кандай болуш керектиги жөнүндө түшүнүк берди.

Анын Сөзүндө аялың менен кантип ийгиликтүү, узак жашаш керектиги жөнүндө дагы да көбүрөөк акылмандык жана билим бар. Эгерде эркектер эркектер менен аялдардын мүнөзүнүн ортосундагы

айырмачылыкты түшүнүүгө убакыт бөлсө, көптөгөн ажырашуулардын алдын алууга болмок. Анткени, эркек жана аял тарапты бириктирсек, ошондо Кудайдын образынын толук чагылышын табабыз. Ооба, Кудайдын толук табиятын эркектен өзүнчө же аялдан өзүнчө көрө албайбыз. Муну биз кайдан билебиз? Ыйык Жазууда мындай деп айтылат: «Ошентип, Кудай Өз бейнеси боюнча адам жаратты, аны Кудайдын бейнеси боюнча жаратты. Аларды эркек-аял кылып жаратты» (Башталыш 1:27).

Кудай «аларды» Өзүнүн бейнеси боюнча жаратып, «эркек менен аялда» Өзүн чагылдырган. Ыйык Жазууда бүткүл адамзаттын өкүлү болуу үчүн эркек менен аял керек экени жана адам тукуму Кудайдын бейнеси боюнча жаратылганы ачык айтылган. Ошол себептен Пабыл мындай деп жазган: «Бирок Теңирдин алдында аял эркекке, эркек аялга көз каранды» (1 Кор. 11:11).

Келгиле, Петирдин сөздөрүнө кайрылалы. Ал күйөөсү аялын эки жактан сыйлашы керек дейт: алсыз идиш катары жана Кудайдын ырайымынын мураскери катары. Биринчиси жөнүндө кыскача сүйлөшөлү. Аялдарыбызга алсыз идиштей мамиле кылышыбыз керек. Бул ага «айым» сыяктуу мамиле кылышыбыз керек дегенди билдирет. Биз эркектер күчтүүбүз жана ал күчүбүздү аялдарыбызды коргоо үчүн колдоно алабыз, ал эми эшикти ачуу, ресторанда отургучту жылдырып берүү жана оройлуктан коргоо сыяктуу жөнөкөй сыпайылыктарды көрсөтүүнү айтпаганда да.

Үй-бүлө башчысы катары күйөөсү аялын көтөрүшү керек. Бир өзгөчө учур үчүн бир гана жаңы кийимге жетерлик каражатыңар болсо, өзүңөргө эмес аялыңарга жаңы кийим сатып алууга артыкчылык бергиле дегенди билдирет. Силер бир эс алуучу жерди тандаганыңарда, ал башка бир жерди тандаса, анын тандоосуна макул болгула. Кудайдын Падышачылыгында лидер болуу үстөмдүк кылууну эмес, кызмат кылууну билдирет. Качан силер бул аялыңар үчүн да, үй-бүлө үчүн да жана Кудайдын Падышачылыгы үчүн да эң жакшы тандоо экенине бекем ишенгениңерде гана аялыңардын үстүнөн жогору туруп чечим кабыл ала аласыңар. Башкача айтканда, ар дайым ал каалаганын тандагыла. Силер ал үчүн жаныңарды бериш үчүн анын лидери болдуңар. Бул силердин аялыңарды урматтап-сыйлооңор, ал аркылуу силерге бата жана сыйлык берилет. Сыйынууңарга тоскоол болбойт.

## Баталуу өмүрдүн мураскерлери

Петирдин айтымында, аялдарыбызды урматташыбыздын дагы бир себеби, алар ырайымдуу жашоонун мураскорлору. Бул Кудайдын алдында бирдей экениңди билдирет. Эркек экениң үчүн эч кандай артыкчылыгың жок. Кээ бирөөлөр эркектердин артыкчылыгына ишенишет, бирок бул куру калп жана азгыруу. Бул өрдөктү качандыр бир күнү тактынын алдында туруп, эсеп бере турган шовинист адамдар учурган. Жыйырма жыл бою жыйындарды кыдырып Кудайдын Сөзүн айтып жүрүү менен бирге, мага аялдарды эркектерден төмөн көргөн үй-бүлөлөр менен жыйындардан Кудайдын ырайымы чынында эле кармала тургандыгы ачык көрүндү. Чындыгында, мындай болгон жерлерден рухий эзүүнү, оордукту жана кулчулукту жолуктурууга болот.

Келгиле, төмөнкү суроолорго жооп бергенге аракет кылалы. Эмне үчүн кээ бир жыйындардагы лидерлик командаларда аялдар жок? Эмне үчүн аялдарга жекшемби күнү кызмат кылууга болбойт? Эмне үчүн кээ бир жыйындардагы кайтаруучулук бригадаларда аялдар жок? Эмне үчүн бизде лидерликте апаларга караганда аталык добуш көп? Эненин үнү чыкпаган жыйындын энеси жок, балдары бир гана ата тарбиялаган үй-бүлөдөн айырмасы жок. Энелердин пикиринен тайган коом ырайымы жок, Кудайдын даанышмандыгы жок. Силер: «Ооба, бирок Ыйык Китепте лидер бир аялдын күйөөсү болушу керек деп айтылат» деп талаша аласыңар. Келгиле, Пабылдын бул аяттагы сөздөрүнүн маанисин карап көрөлү: «Бирок епископ кемчиликсиз, бир аялдын күйөөсү болушу керек» (1 Тим. 3:2).

Бул билдирүү чынында жыныстын белгиси боюнча эмес. Келгиле, бул жөнүндө Ыйык Жазуунун бардыгынын негизинде ойлонуп көрөлү. Элчи Пабыл Байыркы Келишимдин китептерин окууга көнүп калган адамдарга жазган. Байыркы Келишимде силер эркектердин бирден ашык аялы болгон көп учурларды таба аласыңар: Ыбрайым, Дөөт падыша, Сулайман, Жакып, Элкана (Анна менен Феннананын күйөөсү) жана бул да баары эмес. Бирок, Жаңы Келишимде мындай бир дагы учурду таба албайсыңар. Ошентип, кабыл алынбай эле калбастан, мыйзамга ылайык уруксат берилген эмес. Анда эмне үчүн Пабылга жыйын башчысы болуу үчүн, бир аялга ээ болуу керектиги жөнүндө жазуу керек болгон?

Бул зарыл болгон эмес. Балким, силер мени аябай апыртып жибердиң деп ойлошуңар мүмкүн, бирок биз Пабылдын сөздөрүн катуу

кармаганыбызда, бойдок эркектерди жетекчилик кызматка жолотмок эмеспиз, анткени алар бир аялдын күйөөсү эмес да. Андай болсо, Пабыл жыйындагы жетекчилик кызматты калтырмак, бул күлкүлүү. Кээ бирибиз бул маселеге өтө тар көз караштабыз.

Ошентип, кеп жыныстык маселеде эмес, бул адамдын жашоосундагы Кудайдын чакыруусу. Жыйындагы аялдарынын же аялдардын чакырыгын аткарууга тоскоол болгон эркектер үйлөрүнүн жана кызматтарынын үстүндөгү асман терезелерин жаап коюшат. Алардын кээ бир аймактарында баталары бар, бирок Кудайдын толук батасы жок.

Машаяктын Денеси аялдарды сыйлабагандыктан, аксап жатат. Бирок, жакшы жаңылык, баары өзгөрөт. Анткени, Жоел пайгамбар менен элчи Петир акыркы күндөрдө жыйындагы аялдардын кызматын толук калыбына келтирүүнү Ыйык Рух аркылуу алдын ала айтышкан. «Акыркы күндөрдө мындай болот, – дейт Кудай, – Мен ар бир адамдын үстүнө Өз Рухумду төгөм, ошондо уулдарыңар менен кыздарыңар пайгамбарчылык кылышат, жаш балдарыңар көрүнүш, карыяларыңар түш көрүшөт. Ошол күндөрдө Мен кулдарымдын үстүнө да, күңдөрүмдүн үстүнө да Өзүмдүн Рухумду төгөм, ошондо алар пайгамбарчылык кылышат» (Элчилер 2:17,18). Кулдар жана күңдөр пайгамбарчылык кылышат, башкача айтканда, эркектер менен аялдар Кудайдын Сөзүн жарыялашат. Бул тууралуу забурчу алдын ала айткан: «Теңир сөз айтат, аны көп адамдар жар салат» (Забур 67:12). Алар Кудайдын Сөзүн жарыялап жаткандар кимдер? Башка котормодогу бул аятты карап жооп таба алабыз. «[Жаңылыкты] алып келген жана жарыялаган аялга Теңир сөз [күч] берет» (Забур 67:12).

Забурчу эркектер менен аялдар эмес, аялдар жарыялай турганына көңүл бурат. Дагы башка котормолор менен да бөлүшүүгө уруксат эткиле. «Теңир буйруду, көп аялдар кабарды алып жүрүштү» (азыркы котормосу). «Теңир жеңишти жар салды, аялдардын жамааты кубанычтуу кабарды кыйкырып жатышат». Аялдар Кудайдын Сөзүн аялдарга гана эмес, эркектерге да жарыялашат. Биз бул чындыкты Ыйса тастыктаганын көрөбүз. Биринчи кабарчы - евангелист аял: Магдалалык Мариям болгону кызыктуу эмеспи?

Ага ыйгарым укук берген Ыйса болгон. Биз мындай деп окуйбуз: «Ыйса ага: «Мага колуңду тийгизбе, анткени Мен али Атама көтөрүлүп кете элекмин. Бир туугандарыма барып, Менин Өз Атама – силердин да Атаңарга, Менин Өз Кудайыма – силердин да Кудайыңарга көтөрүлүп кетеримди айт!» – деди. Магдалалык Мариям шакирттерге барып, Теңирди көргөнүн жана Анын ушул сөздөрдү айтканын айтып берди» (Жакан 20:17, 18).

Келгиле, бул маселени мындан ары да карап чыгалы. Лукадан Жакшы Кабарды ачсаңар, Мариямдын негизги жарчы болгонун көрөсүңөр. Ыйса аны эле эмес, Теңирдин тирилгенин жарыялоо үчүн элчилерге аялдардын бүтүндөй тобун жиберген. «Алар магдалалык Мариям, Жакан, Жакыптын энеси Мариям жана алар менен бирге башкалар бул тууралуу элчилерге айтышкан» (Жакан 24:10). Ошентип, аялдар эркектерге Кудайдын Сөзүн жарыялап жатышты жана аларды жиберген Ыйса болгон! Машаяк келген убакта ийбадатканада эркектер менен аялдарга биринчи кайрылып сүйлөгөн Анна - пайгамбар аял экендиги кызык эмеспи? Жусуп жана Мариям менен Шымон биринчи болуп сүйлөштү, бирок ийбадатканада чогулган элге биринчи болуп кайрылган Анна болгон. Биз мындай деп окуйбуз: «Ошол учурда ал да келип, Теңирди даңктап, Иерусалимдин эркиндикке чыгуусун күтүп жүргөндөрдүн бардыгына Ал жөнүндө айтып берди» (Лука 2:38).

Филиптин төрт кызы Теңирдин Сөзүн жарыялаганы кызык эмеспи? «Анын пайгамбарчылык кылган, турмушка чыкпаган төрт кызы бар эле» (Элчилер 21:9). Кудайдын шыктандыруусу менен алар Теңирдин Сөзүн жарыялашкан. Машаяктын Денесинин жарымынан көбү алардын чакырыгына көңүл бурбай жашап жаткан кезде, биз Улуу тапшырманы кантип аткара алабыз? Эркектер аялдарынын жашоосундагы Кудайдын чакырыгын азыктандырганда, алар чоң сыйлыктарды алышат. Мен муну жашоомдо көрүп турам.

(Эскертүү: Жаңы Келишимде менин жазып жатканыма бир караганда карама-каршы келген бир нече үзүндүлөр бар. Бул аяттар алардын чыныгы маанисин түшүнүү үчүн изилдениши керек. Бул китепте Ыйык Жазуудагы бул аяттарды изилдөө менин милдетим эмес. Бирок, эң сонун китеп бар. Бул аяттарды кылдаттык менен изилдеп чыккан кадырлуу лидерлер Лорен Куннингхам менен Дэвид Джоэл Гамильтондун «Эмне үчүн аялдар эмес» деген китеби.)

## Менин аялым

Беш жашында Лизага көзүн алуу үчүн операция жасалган. Ал торчо челинин рагы болгон. Мектеп курагынан ушул күнгө чейин оң көзүнүн оюгуна протез тагып жүрөт. Мектепте аны кантип шылдыңдаганын элестете аласыңарбы? Ага классташтары Циклоп жана Жалгыз көз деген лакап аттарды коюшкан. Ал үйгө ыйлап келген күндөр болгон. Апасы аны акылмандык менен колдоп, күчтүү болуп, бейбаштарды тоготпогонго

үйрөткөн. Бирок, классташтарынын шылдыңдоосу баары бир ага катуу жараат алып келген.

Лиза мектепте окуп жүргөндө бүтүрүү үчүн талап кылынган эки кошумча сабактан коркуп калган. Биринчиси сүйлөө, экинчиси машинкада терүү. Экөөнү тең чечүүгө болгон ийгиликсиз аракетинен кийин Лиза аны бул сабактардан бошотуу өтүнүчү менен мектептин жетекчисинин кеңешчисине кайрылган. Ал элдин алдында ээн-эркин туруп, алар менен баарлаша алган эмес. Ошондой эле, мейкиндикти начар сезгендиктен, ага машинкада терүү абдан кыйын болгон. Кеңешчи боорукердик менен макул болуп, Лизаны бул эки курстан бошотту. Анын ордуна ага дагы эки нерсе кошулду.

Мен мурда айткандай, Лиза Ыйса Машаяк менен университетте окуп жүргөндө жакындан таанышкан. Ошондон көп өтпөй биз үйлөнүп, Далласка (Техас штаты) көчүп, чоң жыйынга бардык. Ал убакта Лиза өзүнөн өзү четтеп, эч ким менен сүйлөшпөй калган. Жыйындагы аялдар анын жүрүм-турумун текебер жана бой көтөргөн катары кабыл алышкан.

Бирок, бул чыныгы себеп болгон эмес. Ал дагы эле көзүнүн алынышынан пайда болгон коркуу сезимин жана мектепте окуп жүргөндө аны коштогон шылдыңды көтөрүп жүргөн.

Турмуш курган алгачкы жылдары бизге кош киреше керек болчу. Ошондуктан, Лиза косметика таратуучу маркетинг компаниясы менен келишим түзүүгө аргасыз болгон. Анын сабагына катышкандан кийин, мен бул тармакта анын жөндөмү бар экенин жана продуктуну жакшы билерин байкадым. Бирок, Лиза коркуп, анын продуктусу тууралуу эч кимге айтчу эмес, ошондуктан мен ага байланыштарды таап, презентацияларды уюштурууга туура келди.

Бир жылдан кийин, биз Далластагы чоң дүкөнгө киргенибизде, мен кеп таштап: “Лиза, сен косметика бөлүмүнө жумушка орношушуң керек. Сен бул жерде косметика саткан аялдардын баарынан жакшысың” дедим.

Ал мени туура эмес айтасын деп каршы болду. Чынында, ушул жумада анын башка дүкөндө биринчи жумуш күнү болмок. Бирок, ал ошол дүкөндүн эшигинен кирген сайын менин сөздөрүм анын кулагына жаңырып турду. Ошондуктан, менден жашыруун түрдө ал өзүнүн резюмесин кароого тапшырыптыр, анан да таң калыштуусу, жумушка алынды!

Ал Элизабет Арден компаниясынын өкүлү болуп калды. Ага чейин иштеген кыз косметиканын бир катарын гана араң сата алган. Лиза бир

нече жуманын ичинде эле кампасында болгон дээрлик бардыгын сатып жиберген. Күндөрдүн биринде ал дүкөнүнүн текчесинен жабылып жаткан дипломаттын тырсылдаганын укту. Бул компаниянын аткаруучу директору эле. Ал: «Мен сизди чогуу түштөнүүгө чакырам. Лиза, сиз мындан ары бул жерде бир күн да иштебейсиз!» дейт.

Анын өтүнүчү боюнча ал маектешүүдөн өтүп, координаторлук кызматка дайындалган. Ал Далласта жана Форт Уортто жайгашкан он алты дүкөндү, Нью-Мексикодогу жана Оклахомадагы башка дүкөндөрдү көзөмөлдөө үчүн жооптуу болгон. Эки жылга жетпеген убакыттан кийин ал кайрадан компаниянын промоутерлигине көтөрүлүп, сегиз штатты башкарган. Анын айлыгы жана бонустары бир топ көбөйтүлгөн, анын ичинде Ford Thunderbird компаниясынын жаңы автоунаасы да бар. Машинада анын жанында отурган, кээде аны айдап жүргөн ким экен, тапкылачы? Анын айлыгынан ким пайда тапты? Бул мен болчумун. Мен муну ардактуу сыйлык деп атайм!

Бир нече жылдан кийин биз Флоридага көчүп келдик, мен ал жерде чоң жыйынга жаштар пастору болуп дайындалдым. Бир нече айдан кийин мен жаштарга Лиза кийинки аптада менин ордума кызмат кыларын айттым. Мен Теңирдин Лизага көп нерсе бергенин жана үйдө болуп туруп эле, ал жакшы кызмат кылып, үйрөтө аларын көрдүм. Мен аны бир топ адамдардын алдында жасай аларын билчүмүн. Бирок, менин жарыям жаштар тарабынан эмес, Лиза тарабынан катуу каршылык менен кабыл алынганын айтпай коюуга болбойт. Ал бир жума бою каршылык көрсөтүп: «Мени мындай кылууга мажбурлай албайсың. Мен аларга эмнени насааттайм? Мен эч нерсе айта албайм» дей берди. Мен аны Кудайдын жардамы менен баары жакшы болоруна ынандырдым. Андагы белекти көрүп, анын аткарылбай калышын каалабадым.

Бир жумадан кийин Лиза жаштардын жолугушуусунда сонун кабар айтты. Жаштар анын насаатына абдан ыраазы болушту. Кийинки айларда мен бир нече жолу ушундай кылдым. Ар бир жолу мен ал тараптан болгон каршылыкка кабылдым. Ал мени менен сүйлөшүп, билгенинин баарын айтып бергенин айтты.

Мен күлүп, ага мындай деп жооп бердим: «Мен муну жума сайын кылам жана ар бир жаңы жумада бул үчүн Теңирге таянышым керек болот». Бирок, менин аргументтерим аны сооротконжок.

Ошентсе да, ал улам насаат айткан сайын, улам кайра жакшыраак жана жакшыраак кылып айтып, жаштар аны жакшы көрүп калышты.

Пасторубуз бизди азыр иштеп жаткан кызматыбызга жөнөткөндөн кийин да ошондой кыла бердим. Чакан конференцияларда кабар айтканымда, Лиза менен кеңешпей эле, ал кийинки жолугушууда кабар айтаарын мезгил-мезгили менен жарыялачумун. Башында ал абдан тынчсызданып, түнү менен мени уктатпай койчу. «Убактыңды өз ыктыярың менен мага бергениңе ишене албай турам. Бул сенин жаштар тобуң эмес, көчмө конференция. Аны мен эмес, сен өткөрүп жатасың”. Анан ал ошол маалда бөлмөдө балдарыбызды жаткырып жаткандыктан, жыйналышта эмнени айтканымды сурады. Мен ага айтсам, ал ачууланып: «Эртең менен мен айта турганымды бүгүн кечинде насаатап коюпсуң. Мен эмне жөнүндө насаат айтышым керек?»

Мен жөн гана: «Жаным, Теңир сага көп нерсени үйрөттү, бул адамдар ал жөнүндө угушу керек» деп жооп бердим. Ал мени менен түнкү үчкө чейин уруша берди. Акыры күлүп баштадым, «Кымбатым, жолугушуу эртең менен тогузда башталат, болгону алты саат калды, жакшыраак уктап ал» дедим.

Албетте, эртеси эртең менен Лиза баарын таң калтырды. Анын билдирүүсү укмуштуудай болду, эл аны абдан кунт коюп угушту. Мен башка шаарларда да ошондой кылдым, ал дагы күчтүүрөөк кызмат кыла берди.

Эми дагы бир нерсени айта кетейин. Лиза үчүн оңой болгон жок. Ал биринчи жолу колледж курагындагы жаштардын аудиториясына насаат айтканда, жыйналыштагы бир нече эркектер аялдын окутуусун уккусу келбей, ордунан туруп, ызы-чуу менен эшикке чыгып кетишкен. Элестеткиле, ошол учурда Лиза өзү да алар менен кошо чыгып кеткиси келген. Ал эч качан элдин алдына чыгып, сабак берүүгө умтулган эмес. Ал муну Кудайга баш ийгендиктен гана кылган.

## Китептер менен да ушуга окшош

Китептерди да ошондой кылдым. Мен үч китеп жаздым. Лиза мага аларды басып чыгарууга жардам берди. Бул кызматташууда анын таланттуу жазуучу экенин түшүндүм жана үчүнчү китебим “Шайтандын азгырыгы” улуттук бестселлерге айланды.

Мен басып чыгаруучуга кайрылып, мындай дедим: «Аялымда жашоонун кээ бир тармактарында Кудай аны коркуудан жана башкаруудан кантип бошоткону жөнүндө кабар бар. Сиз Лиза менен китеп жөнүндө сүйлөшүшүңүз керек, бирок мен аркылуу эмес, түзмө-түз”.

Бир нече күндөн кийин басма кызматкери биздин үйгө келди. Бирок, ал мага келген жок, Лизага келди. Ал болсо мени суроолуу көз караш менен карап: - Бул жерде эмне болуп жатат? - деп таң калды.

Басмакер өзү жана анын кызматкерлери Лизанын жүрөгүндө эмне бар экенин угушу үчүн жолугушууну белгилеген. Ойлонуп отуруп: «Сизге китеп жазуу аркылуу бөлүшө турган сөзүңүз бар деп күйөөңүз ишенет. Сизди уккандан кийин, мен ага кошулгум келип атат» деди.

Ошондон бери Лиза алты китеп жазып, анын бешөө бестселлерге айланган. Анын китептеринин таасири аркылуу ал дүйнө жүзүндөгү адамдардын жашоосуна тие алган. Азыр ал жыл сайын он миңдеген адамдардын алдында турат жана биздин эки жүздөн ашуун элди камтыган телепрограммабыздын алып баруучуларынын бири.

Ойлонуп көрсөңөр муну: сүйлөгөндөн уялып, тамгаларды тере албаган аял. Ал азыр эмне кылып жатат? Трибунадан жана телевидение аркылуу миңдеген адамдарга жетет жана китептерди басып чыгарат! Ал муну кантип кыла алат? Ал Кудайдын ырайымынын күчү менен коркуу сезимин жеңген. Жараткандын кызындагы Кудайдын белегин таанып, урматтаган анын күйөөсүнүн аркасында канчалаган өмүрлөр берекелүү болду. Жыйындагы бардык күйөөлөр аялдарын сыйлай баштаса эмне болот?

Аялымды сыйлаганым үчүн кандай сыйлык алам? Көптөгөн жактарда, бир эле учурда, бардыгы жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Лизанын жашоосу кызматта гана эмес, анын бардык тармагында гүлдөдү. Эркиндикти алган адам, чындап эркин. Мен бир кезде Кудайдын ырайымы Лизага эшикти ачат деп ойлогом, бүгүн болсо, анын жөндөмү мага эшикти ачып жатат. Жубайымдын аркасында мага дүйнө жүзү боюнча көптөгөн мүмкүнчүлүктөр ачылды. Мени пасторлор «Сенин аялың биздин аялдарга катуу таасир тийгизгенден улам, биз сени чакырышыбыз керек болду" деп мени чакырышкан жерлер болду.

Дагы бир сыйлык, мен өзүндөгүнү бере алган аял менен жашайм. Кудайдын чакырыгын аткарбаган адам жүрөгүндө оордукту сезет, анткени ал Теңир ага берген нерсени бошотпойт-чыгарбайт. Андай адамдардын оордугу бар. Ыйса Кудайдын эркине ылайык жашаган адам жөнүндө Анын жүгү жеңил экенин айтат (Мт. 11:28-30). Теңир үчүн эмгекте кубаныч бар. Чабуулдар оор жана кайталанса да, Кудайдын планында алар менен күрөшүү оңой. Менин жубайым Кудайдын кызы, жубай, эне жана Жакшы Кабардын кызматчысы катары бардык жагынан бактылуу жана шыктанган. Эгерде бир эле жакта жетишсиздик болсо,

башка аймактар да жабыркайт. Ал туура артыкчылыктарга ээ экенине ынанган: биринчи кезекте үй-бүлө, андан кийин кызмат иши. Натыйжада, үй-бүлө тарабына н ага саякаттоого жана анын чакырыгын аткарууга уруксат берүү үчүн укмуштуудай ырайым бар.

Эгерде биз Кудай дын чакырыгына баш ийбесек, биздин никебиз эч качан мынчалык т о лук жана сүйүүбүз мынчалык күчтүү болмок эмес. Эң чоң сыйлык - Л изанын кызматынын натыйжасында түбөлүккө карай багытталган жүз м иңдеген өмүрлөр деп ойлойм. Бир күнү, Кудайдын тактысынын алдын д а, биз анын эмгегинин үзгүлтүксүз жемиштерин көрүү сыймыгына э э болобуз. Бир жолу уулдарыма мындай суроо бердим: «Балдар, апаңар менен атаңардын бат-баттан саякатка чыгуусун терс көрүнүш кат а ры карабайсыңарбы? Ата-энеңерди силерден тартып алышкандай сезип жатасыңарбы же бул силердин кызматыңардын бир бөлүгү деп о йлоп, ата-энеңерди дүйнө жүзүндөгү жардамга муктаж адамдардын жашоосуна сепкениңер туурабы?”

Биринчилерден бо л уп улуу уулум жооп берди: «Ата, биз муну кызматтын бир бөлүгү катары карайбыз. Мына ушундай жол менен биз адамдардын Падыш а чылык үчүн жашоосуна кол тийгизебиз». Калган үч уулубуз ага катуу макул болушту.

Ошол учурдан тар т ып, биз бири-бирибизди кубанычтуу карап калдык. Кудайдын ырайымы Ага моюн сунган Анын кызматчыларынын үстүндө канчалык улуу эк е ндигин билип калдык. Биз аны дароо көрбөйбүз бирок, ал бизге сөзсүз к елет. Биздин уулдарыбыз өз сыйлыктарын бул жашоодо гана эмес, сот т а ктысынын алдына барганда да алышат. Урмат үчүн алган сыйлыкты көрүү – бул укмуш керемет. Биз аны дароо көрбөйбүз, бирок, Кудайдын Сөзүндө г ү убадага ылайык, ал бизге жетери анык: «Эгерде сен мен бүгүн берип жаткан Анын осуяттарынын бардыгын так аткарып, Кудай-Теңириңдин үнүн угуп, тил ала турган болсоң, Кудай-Теңириң сени бардык элдерден жогору коёт. Эгерде Кудай-Теңириңди уксаң, анда Ал сага мына бул баталарды берет, сен ушул баталарды аласың» (Мыйз. 28:1, 2).

Биз сыйлык үчүн э мес, ал анткени, мында Кудайдын жүрөгү жана каалообуз б а р экендиги үчүн сыйлайбыз. Анын үстүнө, мөмө берген үрөнгө ок ш оп, сыйлык сөзсүз болот. Ал чыныгы сый-урматтын бардыгынын артынан ээрчийт. Андыктан, күйөөлөр, көпкө кармалбагыла. Аялыңарды сыйлоо жашоо образыңарга айлансын. Ал аркылуу ала турган сыйлык силер ойлогондон да алда канча көп!

# 16-БӨЛҮМ

# Баарын сыйлагыла

Эми үйүбүздөн, жыйыныбыздан же кеңсебизден тышкаркы адамдарды сыйлоо маселесин карап көрөлү. Булар биз күнүмдүк жашообузда байланышып турган адамдар. Петир мындай дейт:

“Баарын сыйлагыла”.

– Биринчи Петир 2:17

Келгиле, бул аяттын башка котормолорун карап көрөлү: “Бардык адамдарга урмат-сый көрсөткүлө [аларга урмат-сый менен мамиле кылгыла] жана“ Кимге жолуксаңар, ага урмат-сый менен мамиле кылгыла” жана ошондой эле, «Баарына урмат көрсөткүлө». Бул жерде сүрөттөлгөн адамдарды Ыйса биздин «жакындарыбыз» деп атаган. Келгиле, Жаңы Келишимдеги белгилүү окуяны карап көрөлү. Силер аны мурунтан эле билсеңер керек. Келгиле, аны Жаңы Келишимдин заманбап котормосунан окуп көрөлү:

> Буга Ыйса мындай деген: «Ошондо Ыйса ага муну айтып берди: «Бир адам Иерусалимден Жерихо шаарына бара жатып, каракчылардын колуна түшүп калат. Каракчылар анын кийимин сыйрып алып, сабап, араң жан кылып таштап кетишет. Бир ыйык кызмат кылуучу ошол жол менен өтөт да, аны көрүп, четтеп өтүп кетет. Бир леби да ошол жерден өтүп бара жатып, аны көрүп, четтеп өтүп кетет. Самариялык бир киши да өтүп

бара жатып, аны көрөт да, ага боору ачып, жанына келип, анын жарааттарына май менен шарап сыйпап таңат. Анан аны өзүнүн эшегине мингизип, мейманканага алып келип, ал үчүн кам көрөт. Эртеси күнү жолго чыгарында, эки динарий алып чыгып, мейманкананын ээсине берип: "Бул кишини кара. Эгерде ашыкча каражат жумшасаң, кайтып келгенимде төлөп берем", – дейт. Ушул үчөөнүн кимиси каракчылардын колуна түшкөн адамдын жакыны болот деп ойлойсуң?» – деп сурады. Мыйзам окутуучу Ыйсага: «Ага кайрымдуулук кылганы», – деди. Ошондо Ыйса ага: «Бар, сен да ушундай кыл», – деди. Ыйса шакирттери менен бара жатып, бир айылга кирди. Ал жерден Марта деген аял Аны үйүнө чакырып коноктоду».

– Лука 10:30-38

Ыйык кызмат кылуучу менен леби өлүмгө жакын адамды маанилүү деп эсептешкен эмес. Бейтааныш самариялык киши өлүп жаткан адамдын жашоосун жогору баалады. Ыйык Жазууда анын «ага боор ооруганы» айтылат. Урмат жүрөктөн чыгат. Самариялык адам жарадар кишинин өмүрү үчүн керектүү нерселерди берүүгө убакыт сарптады, ал тургай андан тышкары аны мейманканага алып барды. Чынында, ал эч качан көрбөгөн кишини эки күн багып, өз акчасын төлөп берген. Ал өлүп жаткан кишиге жардам бериш керекпи же жокпу деп сыйынган эмес жана Теңирден өзгөчө сөз күткөн эмес. Анын башка адамдарга болгон сүйүү, боорукердик жана сый-урматка толгон иш-аракети жүрөктөн чыккан. Бул бардык адамдарды сыйлоонун классикалык үлгүсү.

## Заманбап мисал

Адамдарды сыйлоонун эң сонун окуяларынын бири менин досум Билл Вилсон менен болгон. Биллдин энеси аны он бир жашында суу түтүгүнө отургузуп таштап кеткен. Ал кайра келгенге чейин отура бер деди. Бирок, ал эч качан кайтып келген эмес. Аны ошол жерден бейтааныш, машайакчы киши таап алып, өзү төлөп Биллди жайкы лагерге жөнөтөт. Машайакчынын өзүмчүл эмес аракети Биллдин чакырыгын ишке ашырды.

Бир нече жыл өткөндөн кийин, Билл Вилсон Нью-Йоркто жума сайын жыйырма миңден ашык балага жетүүчү «Metro Ministries» кызматын

негиздеген жана ушул күнгө чейин жетектеп келет. Билл автобусту өзү айдайт. Ал өзүнүн жумушчулары жана ыктыярчылары менен бирге Теңирдин жарыгы өзгөчө зарыл болгон оор аймактарда күч жана сөз менен Жакшы Кабарды таратат. Анын кызматы укмуштуудай: ал аркылуу Нью-Йоркто гана эмес, башка жерлерде да миңдеген адамдардын өмүрү куткарылган. Билл өлкөдөгү жана дүйнө жүзүндөгү адамдарды кароосуз калган балдардын өмүрүн баалоого шыктандырат. Ал дүйнө жүзү боюнча көптөгөн «Metro Ministries» кызматын ачат.

Биллге окшогондор көп. Алар үмүтсүз жана муктаж адамдарга жетет. Биз аларга жардам бере алабыз. Кандайча? Колдоого алуунун эң жакшы жолдорунун бири – бул сыйынуу жана кайрымдуулук. Эгер өзүн машайакчымын деп эсептеген ар бир адам мындай кызматка ай сайын белгилүү өлчөмдөгү акчалай жардам берип турса, эмне болорун элестете аласыңарбы? Машаякка канча адам келерин элестете аласыңарбы? Элестеткиле, самариялык чыныгы момун, ал эми жарадар күнөөкөр.

Самариялыктын камкордугунан кийин, күнөөкөр ага айтылган Жакшы Кабарды кубаныч менен угат. Бирок, леби менен ыйык кызмат кылуучу Ыйсанын жолдоочулары болсо, жарадар болгон адам алардын Жакшы Кабары менен жалпы эч нерсеге ээ болгусу келмек эмес. Жүрөгүбүздө Кудайдын сүйүүсүнө ээ болгондо, биз бардык адамдарды баалайбыз жана муктаж болгондорго жардам берген жана аларга Жакшы Кабарды жеткирген кызматтарга каржылык колдоо көрсөтөбүз.

Мындай кызматтарга жардам берүүнүн дагы бир жолу – аларга кошулуу. Бул үчүн Нью-Йоркко же Билл аткарган сыяктуу кызматтар бар башка шаарга көчүп баруунун кереги жок. Жергиликтүү жыйыныңыздагы жардам көрсөтүү программаларынын бирине катышыңыз. Аптасына бир жолу гана катышсаңыз да, чындап муктаж болгон адамдарга жете алсыз. Биз биргелешип жалгыз жасагандан көрө, биргелешип көптү жасай алабыз. Кең пейил самариялыктан үлгү алып, жекече жардам берүүнү да унутпашыбыз керек. Бирок, Ыйык Жазуу бизди биргелешип иштөөгө чакырат, ошонун аркасында биз дагы көп нерсеге жетише алабыз: «Силердин бешөөңөр жүз кишини, жүзүңөр он миңди кууп чыгасыңар» (Лебилер 26:8). Биргелешүү менен биз эффективдүүлүгүбүздү жогорулатабыз. Кудай жыйынды эффективдүү болушу үчүн ушинтип уюштурганын эске алуу менен, биз бирге болушубуз керек, анткени бири-бирибизге муктажбыз. Пабыл биз бирдиктүү иш кылганда Машаяктын Денеси өсө турганын айткан (Эфс. 4:16ны карагыла).

Бул маанилүү себептен улам, биз жергиликтүү жыйынга отургузулган болушубуз керек. Анткени, эгер ар бир ишенген адам жеке жана кызматта өзүнүн ролуна ээ болсо, Билл Вилсондун окуясындай окуялар канча болмок?

Биллдин алектенип жүргөн нерсеси абдан маанилүү. Бирок, биз муну менен гана токтоп кала албайбыз. Аянычтуу же начар көрүнгөн дагы башка адамдардын категориялары бар. Аларда керектүү нерселердин баары бар, жада калса люкс жашоодо жашашат, бирок жүрөгү жарадар же андан да, жалгыз. Аларды шаардын бай аймактарынан жана андан тышкары жерлерден көрүүгө болот. Кыскасы, аларды бардык жерден көрүүгө болот: азык-түлүк дүкөнүндө, супермаркетте же жумушта. Алар жалгызсырап, кыйналышат жана аларды баалай турган бирөө керек. Алар катарыбызда, алар биздин жакыныбыз.

Күн сайын биз алардын жанынан өтүп кетебиз. Кээде өзүбүздүн ишибиз менен алек болуп, айланадагылардын муктаждыктарын байкабай калабыз. Жашым өткөн сайын, адамдарга жетүү канчалык оңой экенин түшүнөм. Бардыгы жүрөгүңдөгү сый-урматтан башталат. Урматтоо менен, биз сезимтал боло баштайбыз жана өзүбүз билбей туруп эле, Ыйык Рухтун жетегинде болобуз. Биздин күнүмдүк жашообуз үзгүлтүксүз кызматка айланат. Элди сыйласаңар, Кудай силердин жолуңарга салгандарды көз жаздымда калтырбайсыңар, катуу сүйлөбөйсүңөр. Тескерисинче, силер суусаган жүрөктөргө асмандан тирүү суу алып келген Теңирдин агымында агасыңар. Мен сүйгөн жана көп жылдар бою ишенимдүүлүктү сактаган Ыйык Жазуудан үзүндү бул үзүндүнү айткым келет: «Чарчаганга сөз менен кубат берип турушум үчүн, Кудай-Теңир мага акылмандардын тилин берди. Ал ар күнү эртең менен ойготот, Мен шакиртке окшоп угушум үчүн, кулагымды ойготот» (Ыш. 50:4).

Бул убадада Кудайга ишенсеңер болот. Көп адамдар бир туура эмес сөздөрдү айтуудан коркуп, адамдар менен сүйлөшүүнү башташпайт. Эгерде силер Кудайдын Сөзүнө ишенсеңер, анда билгиле, оозуңарды ачуу менен силер чарчаган жана жан дүйнөсүндө жалгыз болгондорго өмүр, айыктыруу жана күч-кубат бересиңер.

Бирок, бул али баарысы эмес. «Баардыгын сыйла» деген сөз жалгыздыкка жетүүдөн да көптү билдирет. Биз менен байланышта болгон ар бир адам, биз аны урматтаган сайын гүлдөйт. Жүрөктөн айтылган ар бир сөз уккандарга жан берет. Негизинен, бул биздин күнүмдүк жашообузда жолуккан сансыз адамдарды камтыйт жана алардын көбүн

биз бир гана жолу көрөбүз. Мүмкүн бул лифттеги адам же учактагы саякатчы, же телефон линиясындагы оператор болушу мүмкүн. Биз аларды жылуу сөздөр менен же чын жүрөктөн жылмаюу менен сыйлай алабыз.

Жакында эле Лондондогу паркта сейилдеп баратсам, Жакынкы Чыгыштан келгендей көрүнүштөгү бир кемпир мени көздөй башын жерге салып басып келе жатты. Мен ага боорум ооруп кеттим. Ал айрыкча эркектердин урмат-сый менен мамиле кылганына көнгөн эмес деп элестеттим. Жүрөгүм аны аяп кетти, мен ага: - Кутман таң! - дедим. Муну кубаныч менен, чын жүрөгүм менен айттым. Ал мени дээрлик ишене албай карады. Ошондо мен анын оюн окугандай болдум: "Эмне үчүн батыштык адам бейтааныш адамга мынчалык жылуу сүйлөйт?". Бирок, ал ойлоно электе сый-урматка болгон каалоосу күчөп, өңү өзгөрүп, мени менен коркуп учурашты. Кыязы, мен аны бул жашоодо эч качан көрбөйм, бирок жүрөгүмдөн төгүлгөн Кудайдын сүйүүсү түбөлүктүү үрөндү сепкенине ишенем, ал бир күнү жемишин берет. Биз буга ишенсек болот. Келгиле, Рухта жашайлы жана биз бекер эле бар эмеспиз, бирок биз адамдарга өмүр тартуулоо үчүн Кудайдын табияттан тышкаркы күчү менен жашаган элчилер экенибизге ишенели.

Адамдарга жылмаюу өтө кыйынбы? Бейтааныш адамдарга жылуу сөз айтуу өтө кыйынбы? Ар бир айткан сөзүбүз кимдир бирөөгө өмүр берет дегенге ишенүү кыйынбы? Эгерде бизде Кудайдын кудуретине ишенимибиз жетишсиз болсо, жүрөгүбүздө бардык адамдарга сый-урмат жетишсиз болсо, бул өтө кыйын. Бирок, эгер сиз сыйынып, Кудайдан Ал кимдер үчүн өлгөн болсо, ошол адамдар үчүн чындап урмат көрсөтүүнү салуусун сурансаңыз, Ал ошондой кылат, анткени бул Анын каалоосу.

## Жашоо образы

Кудайдан жүрөгүңөргө башка адамдарды урматтоону жайгаштырып коюусун сурансаңар, жашооңор өзгөрөт. Силер официантка таптакыр башкача мамиле жасайсыңар. Дасторконуңарга келгенде менюну карап отура бербей, алардын көзүнө карап салам айтасыңар. Буйрутма берүүдөн мурун алардын атын сурайсыңар жана качан аларга кайрылсаңар, атын атайсыңар. Эң негизгиси, силерге көрсөткөн кызматы үчүн аларга сөз менен жана каржы жагынан ыраазычылык билдиргиле. Аларга 10 пайыз акча чайлык бербегиле, эгер силер аларды бааласаңар,

20, ал тургай 25 пайыз калтыргыла. Ар дайым нормадан ашык аткаргыла. Ортодогу эч нерсеге макул болбогула. Официант канчалык баалуу экенин өзүңөрдөн сурап көргүлө. Жоопту жатка билишиңер керек: Ыйса ал үчүн өлүүгө татыктуу болгончолук баалуу.

Ачуу, бирок кызматчылар мени тамакка чакырып, бизге кызмат кылгандарга аянычтуу чайлык калтырганын бир нече жолу көрдүм. Бир учурда чайлык ушунчалык аз болгондуктан, мен бир нерсе кылышым керек болчу. Пастор экөөбүз ресторандын унаа токтотуучу жайына баратканбыз. Ал ортодо мен ага жөн эле айттым: «Машинаңа бар, ресторанга кайра кирипчыгышым барышым керек». Ал машинага жакындап калганда мен ресторанга кайтып келип, столдун үстүнө чоң акча таштап койдум. Айрыкча, официант биздин кызматтан жаңы эле келгенибизди билип турганда, кантип бизге кызмат кылган адамга кемсинткендей чайлык бере алмакпыз?

Бир жолу Лиза экөөбүздү тейлеген официантка 50 пайыздык чайлык калтырганыбыз эсимде. Биздин сүйлөшүүбүздөн кызматта экенибизди билди. Биз ал үчүн Кудай менен болгон байланышыбыз жана ал Анын аны канчалык баалаарын билиши керек болчу. Биз ал биздин канча таштап кеткенибизди көрө электе эле кетип калчубуз. Бирок, мен анын жүрөгүн козгогонуна ишенем, ал Куткаруучуга боорукердик менен мамиле кылган. «Анткени Кудай үчүн биз куткарыла тургандардын арасында да, өлүмгө бара жаткандардын арасында да Машайактын жагымдуу жытыбыз» (2 Кор. 2:15).

Бул окуядан кийин ал ишенгендер жөнүндө жакшы пикирде калды деп ойлойм, ошонун натыйжасында ал Жакшы Кабарга ачык болот.

Кызматчыларыңарды көп жолу сыйлоо менен, алар тараптан жагымдуу мамилеге дуушар болосуңар: чоңураак порциялар, кошумча акы, жакшыраак тейлөө же башка күтүлбөгөн белектер.

Албетте, ишенген адам бул үчүн урмат-сый көрсөтпөшү керек, бирок ошентсе да, бул бир жакшылык. Лиза экөөбүз аэропорттун унаа токтотуучу жайына көп жолу кирдик. Биз көп каттагандыктан, эл биздин машинабызды мурунтан эле билишет, эгер унаа токтотуучу жайда бир нече тейлөө кызматкерлери иштеп жаткан болсо, алар бизге кызмат кылуу үчүн, бизди көздөй жарыша чуркап калышат. Эмнеге? Анткени, биз аларга жакшы чайлык беребиз. Бирок, биз алар менен баарлашабыз, алар менен жана алардын жакындары менен кандай болуп жатканын сурап билебиз. Аэропортто ачык жана жабык кызмат көрсөтүүчү парк

бар. Биздин унаа ар дайым аба ырайына туруштук бере алган чатыры бар, жабык унаа токтотуучу жайга токтойт. Мына ушуну мен урмат үчүн сыйлык деп атайм!

Үйүбүздүн жанындагы азык-түлүк дүкөнүндө да ушундай болот. Бир жолу башка шаардан келген конокторубуз биз менен чогуу дүкөнгө жөнөштү.

– Бул дүкөндө сизди бирөө тааныйбы? – деп байкашты. Алар биздин атактуу кызматчы же китептин авторлору катары таанылганыбыз үчүн эмес, ал адамдар менен сүйлөшүп, иштерин сураганыбыз үчүн сурашты. Эмне кылып жатканыбызды билгендер муктаждыктары үчүн сыйынууну сураныштьы. Дүкөнгө кирген сайын, ал жакта иштер жанданып, жакшы арзандатууларга гана ээ болбостон, өзгөчө жакшы тейлөөгө да ээ болобуз. Арзандатуулардын айынан гана аларды сыйлайбызбы деп кайрадан сурагым келет. Жок, миң жолу жок. Теңир бизге ушундай жөндөм бергендиктен, биз аларды урматтайбыз.

## Практикалык мисалдар

Бардык адамдарды сыйлоонун кээ бир практикалык мисалдарын келтирейин. Адамга жолукканда анын көзүнө карагыла, ага сылык кайрылгыла, анын силер үчүн маанилүү экенин көрсөткүлө. Буйрутма берүү, суроо-талап кылуу же сатып алуу сыяктуу максатыңарды ишке ашырууга умтулбагыла. Анын ал-абалын билүү үчүн бир нече мүнөт убакыт бөлүп, убакыт болсо, бир нече суроо берип, изилдеп, ар бир адам үчүн эмне маанилүү экенин издегениңер оң. Адам өзүнүн баалуу экенин түшүнгөндө, ага улуу белекти – Ыйса Машаяктын Жакшы Кабарын тартуулоо үчүн эшик ачык болот. Бирок, эгер силер аны баалай турганыңарды көрсөтпөсөңөр жана ага Жакшы Кабардын баарын дароо жеткирүүгө аракет кылбасаңар, анда ал өзүн жөн эле колдонулуп жаткандай сезет.

Адамдар үчүн алар күткөндөн да көбүрөөк эмне кыла аларыңарды ойлонуп көргүлө. Аларга кичинекей белек бергиле, күтүлбөгөн чайлык бергиле же бизнесине жардам бересиңерби? Тазалоочуга бир стакан суусундук заказ кылгыла же короодогу жумушчуга түшкү тамакты бергиле. Кошунанын гаражынын жанындагы карды күрөп салгыла же күтүлбөгөн жерден анын үйүнүн алдындагы чөптөрдү чаап койгула.

Башкаларды өзгөчө күтүүсүз сыйлоо абдан жакшы таасир калтырат. Ушул сыяктуу кичинекей нерселер Ыйса Машайактын Жакшы Кабарын угууга аларда каалоону пайда кылат.

Теңирден биздин жүрөгүбүздө бардык адамдарга карата чыныгы урмат көрсөтүүнү жайгаштырсын деп суранышыбыз маанилүү экендигин дагы бир жолу кайталайм. Жүрөгүңөрдө эч нерсе жок эле туруп, адамдарды сыйлоого аракет кылсаңар, бул жалган жана үстүртөн болуп калат. Чындыгында, ал силер күткөндөн такыр башкача таасир берет. Ыймансыздыкты таануу кыйын эмес, көпчүлүк аны айырмалай алышат. Акыркы бөлүмдүн аягында чогуу сыйынып, Кудайдан жүрөгүбүзгө чыныгы урмат-сыйдын орнотушун сурайбыз. Бул китепте жазылган Кудайдын Сөзү силердин ишенимиңерди жана ичиңерде урмат-сыйга болгон чаңкоону жаратты. Биз кыла турган нерсе, болгону сурашыбыз керек. Муну кылаардан мурун, бизге акыркы бөлүмдү карап чыгуу керек.

## 17-БӨЛҮМ

# Кудайды даңктоо

Акырында, бирок чындыгында эң бир маанилүүсү, чыныгы урмат-сый менен жүрүү үчүн, биринчи кезекте Теңирди урматтоо керек. Чыныгы урмат Аны баардык нерседен жана баарынан жогору урматтоого гана негизделет. Накыл сөздөр китеби (3:9) бизге «Теңирди урматтагыла» деп буйруйт.

Биз Аны башкалардан жогору баалап, барктап, кадырлап, урматташыбыз керек. Эгер кимдир бирөөнү же бир нерсени Теңирден жогору бааласак, Аны маскара кылабыз. Ал Улуу Падыша, Ал биздин бардык урмат-сыйыбызды кабыл алууга татыктуу, анын бир бөлүгүн гана эмес. Биздин кадыр-баркыбыз бир гана Кудайга табынуу менен көтөрүлөт.

Эсиңерде болсун, биздин түпкү максатыбыз Теңирди даңктоо экенин айтканбыз. Бийликтегилерге, биздин деңгээлдегилерге болгон урмат-сыйыбыз жана «бул кичинекейлерге» болгон урмат-сыйыбыз Ыйсага, акыры Атага берилет. Ошондуктан, Кудайга таазим кылуу менен баш ийүүнүн ордуна адамдарды коюп ала турган болсок, анда бул чыныгы урмат эмес, жалган сыйлоо же бурканга табынуу болуп калат.

### Жалган урмат

Эйли башкы ыйык кызматчы болгон. Ал Шемуелдин бала кезинде жыйын чатырын караган. Анын уулдары Теңирди, Анын элин урматтабаган жана жөн гана ыйык кызматчынын милдеттерин сыйлабагандар болчу. Алар эң жакшы курмандыктарды өздөрү үчүн алып

алышкан, эгерде лебилер нараазыланышса, алардан күч менен тартып алышкан. Эйли уулдарынын кыянаттык жоруктарын билген. Ал алардын курмандыктарга кандай мамиле кылышканын жана жыйын чатырынын кире беришинде отурган аялдарды кантип азгырып жатканын билген.

Анан акырында аларды оңдоп: «Эйли уулдарына мындай деди: «Эмне үчүн мындай иш кыласыңар? Мен силер жөнүндө элдин баарынан жаман сөздөрдү угуп жатам. Жок, балдарым, мен уккан бул кабар жакшы эмес. Теңирдин элин бузуп жатасыңар”» (1 Шемуел 2:23, 24). Эйли аларды ашкерелегенине карабастан, уулдарына ыйык кызматчы болуп кызмат кылууну улантууга уруксат берген. Алардын кызматы ага пайдалуу болгон: тамакка болгон ачкачылыгы уулдарынын жардамы менен тойгон.

Эгер чындап Кудайды сыйлаган болсо, анда аларды кызматтан кетирмек. Алардын ордуна Кудайга жана элге чын жүрөктөн кызмат кылган такыбаа адамдарды коймок. Эми Теңирдин Эйлиге пайгамбар аркылуу айткан сөзүнө кулак салгыла:

> “Анан Кудайдын кишиси келип, ага мындай деди: «Теңир мындай дейт: Атаң өз бүлөсү менен Мисирде, фараондун жеринде жүргөндө, Мен ага ачылбадым беле! Менин алдымда ал жапкыч кийип, Менин курмандык чалынуучу жайыма чыгышы үчүн, жыпар жыттуу зат түтөтүшү үчүн, аны бүт Ысрайыл урууларынын арасынан ыйык кызмат кылуучу кылып тандап албадым беле! Ысрайыл уулдарынын өрттөлүүчү курмандыктарынан атаңдын уруусуна бербедим беле! Өзүмдүн турак үйүм үчүн Өзүм осуят кылган, Мага алып келинген курмандыктарды жана нан курмандыктарын силер эмне үчүн бутуңар менен тебелейсиңер? Менин элим Ысрайыл алып келген тартуулардын алгачкыларына семирип, эмне үчүн уулдарыңды Менден артык көрөсүң”.
>
> – 1 Шемуел 2:27-29

Пайгамбар эң жакшы курмандыктарды тандап, аларды күч жана манипуляция менен ээлеп алууну артык көргөн Эйлинин ниетин ачыктады. Кудай пайгамбар аркылуу Эйли өз уулдарын өзүнөн жогору урматтаарын жарыялаган. Кылган иштери үчүн ал сыйлык алмак тургай, өз намысына шек келтирет. Кудайдын пайгамбар аркылуу айткан сөздөрүн уккула:

> “Ошондуктан Ысрайылдын Кудай-Теңири мындай дейт: Мен ошондо: “Сенин үй-бүлөң, атаңдын үй-бүлөсү Менин алдымда түбөлүк кызмат кылышат”, – деп айткам. Бирок Теңир эми мындай дейт: Андай болбойт, анткени Мени даңктагандарды Мен даңктайм, Мени жаманатты кылгандар уятка калышат. Мына, сенин жана атаңдын булчуңун Мен кесе турган күндөр келе жатат. Ошентип, сенин үйүңдө карыя болбойт. Теңир Ысрайылды сүйгөнүнө карабастан, Менин турак-жайымдын оор абалга учураганын көрөсүң, сенин үйүңдө эч качан карыя болбойт.
>
> Бирок көзүңдү талытыш үчүн, жаныңды кыйнаш үчүн, Өзүмдүн курмандык чалынуучу жайымдан сенин бардык тукумуңду жок кылып салбайм, бирок сенин тукумуң орто жаштарында каза болот. Сенин эки уулуң Копни менен Пинехас жөнүндөгү жышаан мындай: экөө бир күндө өлүшөт. Анан Өзүмө ишеничтүү ыйык кызмат кылуучуну коём. Ал Мага жаккандай, Мен каалагандай иш кылат. Анын тукумун бекем кылам, ал Менин майланганымдын алдында өмүр бою кызмат кылат”.
>
> Сенин тукумуңдан тирүү калганы бир гера күмүш жана бир кесим нан үчүн анын алдына келип жүгүнүп: “Тамак таап жеш үчүн, мага лебилик бир кызмат бер”, – деп айтат».
>
> – 1 Шемуел 2:30-36

## Ыбрайымдын урмат көрсөтүүсү

Ыбрайым Кудайды өзгөчө урматтаган. Ыскак уулу анын жашоосунда маанилүү роль ойногон. Ыбрайым жыйырма беш жыл бою убадаланган уулун күткөн. Ал аны баарынан жана баардык нерседен артык сүйчү. Бирок, бир түнү Кудай ага көрүнүп, Ыбрайымдан уулуна караганда Аны көбүрөөк урматташын талап кылган. Теңир Ыбрайымдан Ыскакты курмандыкка чалууну суранган. Силер Ыбрайымдын жүрөгүндөгү дүрбөлөңдү элестете аласыңарбы? Бул Ыбрайым элестетип көргөн нерселердин эң кыйыны болгон. Анын тукуму улана турган уулунан көрө, бүт мал-мүлкүн берип коюу оңой болмок. Бирок, Ыбрайымдын мисалында биз Эйлиге караганда таптакыр карама-каршы жүрүм-турумду көрөбүз. «Эртеси эртең менен Ыбрайым эрте турду» (Башталыш 22:3). Ал ойлонбой, эртеси эртең менен Теңир буйруганын аткаруу үчүн жөнөдү.

Ыбрайым өзүнүн даяр тургандыгы менен Кудайды баарынан да көбүрөөк даңктаган. Ошондуктан, периште аны чакырып, токтотуп: «Периште ага: «Балаңа кол көтөрбө, ага эч нерсе кылба, анткени Мен эми сенин Кудайдан коркоруңду, Мен үчүн жалгыз уулуңду да аябаганыңды билдим», – деди» (Башт. 22:12). Дагы бир жолу кайталайм, чыныгы сый-урмат ыйык коркуунун жемиши. Келгиле, Ыбрайым Теңирге эң жогорку урмат көрсөткөнү үчүн кандай сыйлык алганын карап көрөлү:

Теңирдин периштеси асмандан Ыбрайымды экинчи ирет чакырып, мындай деди:

> «Өзүңдүн жалгыз уулуңду аябастан, ушул ишти кылганың үчүн Өзүм менен ант берем, – дейт Теңир. Эми Мен сени алкагандан алкайм, сенин тукумуңду асмандагы жылдыздардай, деңиз жээгиндеги кумдай көбөйткөндөн көбөйтөм. Сенин тукумуң өз душмандарынын шаарларын ээлеп алат. Менин тилимди алганың үчүн, сенин тукумуң аркылуу бүт жер жүзүнүн элдери бата алышат».
>
> – Башталыш 22:15—18

Силер Кудайды түз же кыйыр түрдө Анын кызматчыларына урмат көрсөтүү аркылуу урматтайсыңарбы, айтор, урматтоо ар дайым сыйлык алып келерин унутпагыла.

## Мусанын туура эмес тандоосу

Адамды Теңирден да жогору урматтаганы үчүн бардыгынан ажырап кала жаздаган адамдын дагы бир мисалы. Бул киши - Муса.

Анын катасы олуттуу болгон. Кудай ушунчалык каарданып, Мусанын өмүр шамы өчүп кала жаздаган. Биз: «Жолдо түнөгөн жерде Теңир Мусага жолугуп, аны өлтүргүсү келди» дегенди окуйбуз (Чыг. 4:24).

Бул тууралуу сөздү улантуудан мурун эмне болгонун түшүндүрүп берейин. Теңир Мусага күйүп жаткан бадалдын ичинен көрүндү. Ал Мусага Ысрайыл уулдарын Мисирден алып чыга турган адам катары ал тандалганын жарыялаган. Муса тоодон түшүп, аялын жана балдарын чогултуп, Кудай ага тапшырганын аткаруу үчүн Мисирге жөнөдү. Андан ары эмне болот? Эгер Кудурети Күчтүү Кудай Өз элин бошоткула деп айткан адамды өлтүргүсү келсечи? Кудай эмне, шизофрениябы? Жок,

миң жолу жок! Анда эмне болду? Төмөнкү окуя болду.

Муса Жараткан менен жолуккан соң, тоодон түшкөндө эң биринчи жолуккан адам анын аялы болгон. Ал Мусанын башынан бир нерсени өткөргөнүн сезип, андан бул тууралуу сурады. Мен алардын сүйлөшүүсүн элестете алам.

«Кымбаттуум! – дейт Муса. - Кудай мага көрүнүп, Мисирге кайтып, элимди фараондун кулчулугунан бошотууну буйруду. Чынында, мен көптөн бери биз айтып келе жаткан боштондукка чыгаруучумун.» Аялы Сипора мындай деп жооп берди:

«Укмуш. Мен сени менен кетем, сүйүктүүм. Качан жөнөйбүз?» Муса мындай деп жооп берди: «Дароо, бирок адегенде бир нерсе кылышыбыз керек. Тоодо Кудай мага Ыбрайым менен түзгөн келишимин ачып берди. Ал мага эки уулубузду сүннөткө отургузушумду айтты».

Ал: «Макул, эң улуусу Герсондон баштайлы», - деп жооп берди.

Сипора Мусанын тун уулун кантип сүннөткө отургузуп жатканын көрдү.

Ушул жерден токтойлучу. Мен силерге бир нерсе айтып берейин. Мен үчүнчү уулумдун кантип сүннөткө отургузулганын көрдүм. Процедуранын алдында дарыгер өзүбүздү колго алышыбызды эскертти. Дарыгер сүннөткө отургузганда Аликтин бүт жаны менен кыйкырып жатканын көрдүм. Анын ооруганын көрүп, кыйналдым.

Келгиле, муну Сипорага колдонолу. Ал улуу баласынын кыйкырып, кычырап, сыздап ооруп жатканын көрдү. Ал коркуп баратат. Кантип күйөөсү сүйүктүү уулуна ушундай кылды? Бул ал күйөөгө чыккан адамбы? Ошол тоодо ага эмне болду? Ал жолуккан Кудай ушунчалык кандуу жана таш боор беле?

Ошентип, апасы чыдай албайт. Ал Муса менен алардын кичүү уулу Элиезердин ортосунда туруп алат. Нааразылык иретинде ал колун бөйрөгүнө таянып, буттарын ийинине тууралап, минтип айтат: «Бир да кадам жылба». Ал мындай дейт: «Сен экинчи муну кылбайсың. Бул менин балам! Сенин Герсонго ушундай ырайымсыз жана адилетсиз кыйноо жасаганыңды көргөнүм жетишет. Сен кандай күйөөсүң ?!»

Алардын ортосунда үй-бүлөлүк олуттуу чыр-чатак кантип чыкканын элестете алам. Ал талашып-тартышып, анан кыйкырып, балким, Мусаны коркутат. Алардын талашы күнү-түнү уланат. Анан эртеси күнү. Тамак жасалбай, коркутуулар саат сайын күчөп баратат. Бул Мусаны чарчатат жана ага мунун баары бүтпөчүдөй көрүнөт.

Акыры, Муса аялынын каршылыгынан чарчады, ошондуктан ал минтип ойлойт: «Мен урушкандан тажадым. Маанилүү тапшырмам бар. Менин бүтүндөй бир элди бошотууга чакырыгым бар. Менин баштоого убактым келди». Ошентип, ал ага берилип, «макул, жолго чыгалы» дейт.

Мисирге бараткан жолдо Теңир Мусаны өлтүрүш үчүн алардын чатырына келет, анткени ал аялын Ага караганда жогору койгон. Кудай Өзү тандаган лидеринин мындай кылышына жол бербейт. Ал Мусаны өлтүрүп, башкасын табат. Бирок, Мусанын аялы күйөөсү менен эмне болорун түшүнөрү менен, эмне кыларды дароо билип, уулун сүннөткө отургузат. Андан ары окуйбуз: «Ошондо Сипор таш бычакты алып, уулунун сүннөтүн кесип, Мусанын бут алдына таштады да: «Эми сен менин кан күйөөмсүң», – деди» – деди (Чыг. 4:25).

Ал ушундай кылары менен «Теңир аларды жалгыз калтырды» (Чыг. 4:26).

Бир жолу сыйынууда Кудай менден: «Мен Мусаны өлтүрүү үчүн келдимби же анын аялын өлтүрүү үчүн келдимби?» деп сурады. – “Мусаны”, – деп жооп бердим.

Ошондо Теңир мага мындай деди: «Ооба, ошондой. Анткени, уулдарын сүннөткө отургузууну Мусага айткам, ал үй-бүлөнүн башчысы болгон. Ал болсо, аялынын талаптарын Меникинен жогору коюуну чечти. Жоопкерчилик анын мойнунда болчу”. Муну менен Кудай мага, колубуздагыларга жагуу үчүн компромисске барбоо канчалык маанилүү экенин көрсөттү.

Муса тынчтыкты жаратуучу эмес, сактоочу катары аракеттенген. Ыйса: «Тынчтыкты сактоочулар бактылуу», - деп айткан эмес (Матай 5:9). Ал: «Тынчтык орнотуучулар бактылуу», - деген. Тынчтыкты коргоочу - бул жалган тынчтык сезимин алып келүү үчүн, компромисске баруучу адам. Лидерлер бул тузакка оңой эле түшүшү мүмкүн. Чындыгында, бул биз көрө албаган нерсенин үстүнөн, көрө алган нерсеге карата болгон урматтоо деп аталат. Бул Теңир үчүн жийиркеничтүү.

Экинчи жагынан, тынчтык орнотуучу керек болсо каршылык көрсөтөт. Ошол себептен Ыйса мындай дейт: «Чөмүлдүрүүчү Жакандын убагынан ушул убакка чейин Асман Падышачылыгы күч менен алынып келе жатат, ага күч жумшагандар ээ болушат» (Матай 11:12). Кудайдын Падышалыгы – бул тынчтык (Рим. 14:7ни карагыла). Чыныгы тынчтыкка ээ болуу үчүн, кээде туура эмес нерсеге каршы туруу керек.

Адатта тынчтык сакчыларынын жеке кызыкчылыктары бар. Алар өздөрүнүн ыңгайлуу жайынан  чыгып кеткиси келбейт же алар тил табышпай турган адамдарынан пайда тапкысы келет. Мисалы, Эйли жана анын уулдары сыяктуу.

Кыязы, Муса бул окуядан кийин кимдир бирөөнүн өтүнүчүн аткаруу үчүн кайра эч качан компромисске барбаганды үйрөнгөн. Чынында, анын кызматтын башында кетирген катасы ал үчүн өмүр бою чоң жетекчи болууга мүмкүндүк берген белги, таалим-тарбия чекити, бекем ишенимдин орду болуп калды.

Эйли башкача болчу. Ал Муса сыяктуу жаңы жетекчи эмес, тажрыйбалуу ардагер эле. Ал эмне кылып жатканын так билген. Муса балким, жөн гана жакшы күйөө болууга аракет кылгандыр. Ал чынчыл, бирок чын эле туура эмес кылган болчу.

## Үй-бүлө

Бул бөлүмдө келтирген мисалдардын баарын кылдаттык менен карасаңар, алардын баары үй-бүлө ичинде болгонун байкайсыңар. Эйли жана Ыбрайым балдары менен, Муса жана анын аялы. Бул маселе боюнча Ыйсанын сөздөрү мындай:

> “Мени жер үстүнө тынчтык алып келди деп ойлобогула. Мен тынчтык эмес, кылыч алып келдим. Анткени Мен баланы атасынан, кызды энесинен, келинди кайненесинен бөлүү үчүн келдим. Адамдын душманы – өз үйүндөгүлөрү. Ким атасын же энесин Менден артык сүйсө (урматтаса), ал Мага татыктуу эмес. Ким уулун же кызын Менден артык сүйсө (урматтаса) , ал Мага татыктуу эмес”.
>
> – Матай 10: 34-37 (кашаанын ичинде автордун сөздөрү)

Башкаларды урматтоо үчүн Кудайдын эркине карата компромисске барсак, алар өзүбүздүн үй-бүлөбүздөн болсо да, Теңирге каршы күнөө кылган болобуз. Силер бул маселенин олуттуулугун түшүнөсүңөр деп үмүттөнөм. Ыйсанын бул аяттагы сөздөрү түз жана кыйшаюусуз. Эмнеге? Жоопту биз жогоруда келтирилген мисалдардан көрөбүз. Эйлинин үй-бүлөсүнүн үстүнөн болгон жазадан кутулуу мүмкүн эмес эле. Уулдарын Кудайдан жогору урматтоо ага кымбатка турду.

Мен муну урмат-сыйдын туура таразасы дейм. Бул китепте мен урмат-сый көрсөтүүнүн маанилүүлүгүнө токтолдум, бирок башка бирөөнү Теңирден көбүрөөк урматтоо - бул урматтабоо же бурканга табынуу деген түшүнүккө кирет жана көп учурда олуттуу кесепеттерге алып келет. Эч ким, эч нерсе Кудайдан артык урмат-сыйга ээ болбошу керек. Ал-Теңир, Падыша жана биздин Куткаруучубуз. Биз муну дайыма эстен чыгарбашыбыз керек.

## Тил алчаак болуу аркылуу көрсөтүлгөн урмат

Ыйык Жазууда адамдар Кудайга караганда адамдарды көбүрөөк сыйлаган көптөгөн башка мисалдар да бар. Анын аягы дайыма кайгылуу болгон. Экинчи жагынан, бардык деңгээлдеги сый-урматтын натыйжасы ар дайым оң болуп келген.

I Падышалар китебинде жазылган жаш жана кары пайгамбарлардын сергектикке чакырган мисал бар. Кудай Жүйүт жеринен келген жаш пайгамбарга Бейтелге барып, Жоробамга курмандык чалган курмандык жайына каршы пайгамбарчылык кылууну буйруган. Ал баш ийип, жөнөдү, ошондо Кудай курмандык чалынуучу жайды экиге бөлүп, күлү чачырап кеткен. Баары жаш пайгамбар айткандай болгон.

Жаробам падыша Кудайдын Сөзүнүн аткарылышынын ылдамдыгына жана анын колун айыктырган Кудайдын күчүнө таң калган. Ошондуктан, падыша эс алуу жана сыйлык алуу үчүн пайгамбарды өз сарайына чакырат. Ага пайгамбар мындай деп жооп берди: «Мага үйүңдүн жарымын берсең да, сени менен барбайм, бул жерде нан да жебейм, суу да ичпейм. Анткени: “Ал жерден нан да жебе, суу да ичпе, өзүң барган жол менен кайтып келбе”, – деп, Теңир мага буйрук берген” (1 Падышалар 13:8, 9). Ошентип, ал башка жол менен, артка Жүйүт аймагына кетти. Ал жолдо баратып бир кары пайгамбарга жолугуп, ал аны үйүнө тамактанууга чакырат. Жаш пайгамбар ага дагы Кудай буйругандай: “жебе, ичпе, барган жолуң менен кайтып келбе” дегендей, ага да “барбайм” деп жооп берди. Ага карабастан, кары пайгамбар кубанып кетип, ага мындай деди: «Мен деле сендей пайгамбармын, периште мага Теңирдин сөзүн айткан: “Аны үйүңө кайрып кел. Нан жеп, суу ичип алсын”» деген. Бирок ал калп айтып койду” (1 Падышалар 13:18).

Жаш пайгамбар карыя пайгамбардын сөзүн сыйлап, үйүнө жөнөдү.

Үйдө, алар дасторкон үстүндө отурганда, жаш пайгамбарга Теңирден сөз келди, анын сөөгү ата-бабаларынын мүрзөсүнө кирбейт. Жаш пайгамбар Жүйүт жерине кайтып бара жатып, ага кол салган арстанга жолугуп калат. Бирок, арстан анын денесин да, өзү бара жаткан эшегин да жеген жок. Аны жолдон кайрып келген пайгамбар муну угуп: «Ал – Теңирдин сөзүнө моюн сунбаган Кудайдын кишиси. Ага айтылган Теңирдин сөзү боюнча Теңир аны арстанга салып берди, арстан аны жара тартып өлтүрдү», – деди (1 Падышалар 13:26).

Кантсе да, туура балансты сакташ керек. Жаш пайгамбар кары пайгамбарды сыйлачу. Карыларды урматтоо ага жаштайынан эле мүнөздүү болгон. Ал Кудайга кызмат кылган адамды урматташ керек экенине ишенген жана бул жакшы ниет. Бирок, туура тең салмактуулукту сактоо керек. Жаш пайгамбардын өлүмгө дуушар кылган катасы – ал кары пайгамбардын сөздөрүн Теңирдин сөзүнөн жогору койгондугунда. Бул үчүн ал өз өмүрү менен төлөдү.

Биз Петирдин жашоосунда Жаңы Келишимден бир мисал табабыз.

Элчи Пабыл мындай деп жазган:

> Петир Антийохеяга келгенде, мен ага ачык эле каршы чыктым, анткени анын кылганы туура эмес эле. Жакып жиберген кишилер келгенге чейин, Петир бутпарастар менен чогуу тамактанып жүргөн. Бирок ошол сүннөткө отургузулгандар келгенде, Петир коркуп, сүннөткө отургузулбагандардан четтеп, алыстай баштаган. Кээ бир жүйүттөр да ага окшоп эки жүздүүлүк кылышкан, атүгүл, Барнаба да аларга азгырылып, эки жүздүүлүк кылган.
>
> – Гал. 2:11-13 (азыркы котормо)

Бутпарастар менен мурда ээн-эркин тамактанышкан Петир, Барнаба жана башка ишенген жүйүттөр эмне үчүн алардан алысташкан? Жооп апачык: ушундай жол менен досторун чындыктан жогору коюшкандыктан, жыйынтыгында аларды бул нерсе коркуу жана эки жүздүүлүк жүрүм-турумга алып келди. Чындык Петирге Жападагы аян аркылуу ачылган. Теңирдин ага айткан сөздөрү мындай угулду: «Кудай тазалаганды сен таза эмес деп эсептебе» (Элчилер 10:15).

Дагы бир жолу кайталайм, кээде Көрбөгөндү сыйлаганга караганда, көргөндү сыйлаган оңой экенине ынандым. Бирок, андай болбошу керек.

Биз жашообузда ишенимдер үчүн чектерди белгилешибиз керек. Бул биз сыйлаган жана сүйгөн адамдар бизден Ыйык Жазууга карама-каршы келген нерсени суранса, азгырып же көндүрсө, биз алардын каалоолорун Кудайдан жогору коё албайбыз дегенди билдирет.

## Урматтоодон кармануу

Урматтоодон да кармана турган учур келет. Бул сейрек болгонуна карабастан, күнөөгө батпоо үчүн зарыл. Биз окуп көрөлү:

> "Акылсыз адамга көрсөтүлгөн урмат жайында жааган кардай,
> оруу-жыюу маалында жааган жамгырдай орунсуз"
>
> – Накыл сөздөр 26:1.

> "Асыл ташты салмоорго салып ыргытуу акылсызга урмат
> көрсөтүүгө барабар".
>
> – Накыл сөздөр 26:8

Баалуу ташты салмоорго салуу, өзүңдү кыйнагандан башка эч нерсеге алып келбейт.

Бул күнүмдүк жашоого кандай тиешеси бар? Келгиле, адегенде мындай акмак ким экенине токтололу. Бул өз жүрөгүндө Кудай жок деп айткан (Забур 53:1), ушак тараткан адам (Накыл. 10:18), ал үчүн кылмыш иштери оюн-тамаша (Накыл сөздөр 10:23), ага өзүнүн жолу түз көрүнөт (Накыл сөздөр 12:15), анын оозунда текебердиктин камчысы (Накыл сөздөр 14:3), ал өзүнө ишенген жана насаат, акылмандык жана билимге көңүл бурбаган адам (Накыл сөздөр 15:5, 18:2). Булар Ыйык Жазууда айтылган акылсыздын кээ бир өзгөчөлүктөрү. Кыскасы, бул Жаңы Келишимде көбүнчө Тажаал деп аталган адам, анткени ал Ыйса Машаяктын жолдоруна жана окууларына таптакыр карама-каршы жашайт.

Мындай адамды акылсыздыгы үчүн сыйласак, өзүбүзгө зыян келтиребиз; салмоордон ыргытылган таш бизге кайра келип тиет. Муну Жакан өзүнүн экинчи катында ачык айтат:

> Эгерде силерге келген адам Ыйсанын окутуусун үйрөтпөсө,
> аны үйүңөргө кабыл албагыла, аны менен саламдашпагыла.

> Анткени аны менен саламдашкан адам анын жаман иштерине ортоктош болуп калат Ким сага келип, бул таалимди алып келбесе, аны үйүңө киргизбе жана салам бербе. Анткени ага салам берген адам анын жаман иштерине катышат.
>
> – 2 Жакан 1:10-11

Машайактын окуусуна туура келбеген жүрүм-турумду жана ишенимди урматтоо - акылсыздык. Мындай кылган адам алардын күнөөсүнө катышкан болот.

## Урматка ээ болуу

Акыр-аягы, мен айткандай, Ыйык Китеп бизди урматтоону талап кылууга үйрөтпөйт. Эгерде күйөөсү урмат-сый кабарын уккандан кийин үйгө келип, аялынан жана балдарынан талап кылса, анда ал кабардын маанисин унуткан болот. Бул сөз башка бийлик позициясына да туура келет. Башка жагынан алып караганда, Ыйык Жазууда жашообузга урмат-сыйды тартуу үчүн эмне кылсак болору айтылат.

Даанышмандыкка ээ бол, акылмандуулукка ээ бол. Муну эсиңден чыгарба, менин айткандарымдан четтебе. Менин сөзүмдү таштаба, ошондо ал сени сактап жүрөт; аны сүй, ошондо ал сени коргоп жүрөт.

> Эң негизгиси – акылмандык. Акылмандыкка ээ бол, бардык мал-мүлкүң менен акыл-эстүүлүккө ээ бол. Аны бийик бааласаң, ал сени бийикке көтөрөт. Эгерде ага жабышсаң, ал сенин даңкыңды чыгарат.
>
> – Накыл сөздөр 4:5-8

Акылмандыкка жармашсаң, урмат-сый келет. Акылмандыктын башталышы – Теңирден коркуу. Теңирден корккондо, жашообуздун бардык тармагында Кудайдын Сөзүнө ишенебиз жана ага баш иебиз. Биз Анын бардык осуяттарын жана буйруктарын аткарууну каалайбыз. Өзүлөрүнүн жеке кызыкчылыгы жана пайдасы үчүн Ыйык Жазууну ылайыкташтырып алгысы келгендер да бар. Ошондуктан, алар Ыйык Китепти окуганда, окуган нерселерине ишенгендин ордуна, ишенген нерселерин окушат. Ишенген нерселерин окуу – бул алдамчылык, – Теңирден коркуу, ал акылмандыкка жетелейт. Окуган нерселерине

ишенгендик – Теңирден коркуу, бул акылмандыкка алып келет.

Чынчыл жашоого умтулган, ырайымдуулукту сүйгөн жана Теңирдин алдында момундук менен жүргөн адамдар тобо кылууга жана ишенимге бат келишет. Алар оңдоону кабыл алышат. Бизге: «Үйрөнүүдөн баш тарткан адамды жакырлык менен маскарачылык күтүп турат, ал эми акыл-насаатты сактаган адам урматка ээ болот» (Накыл 13:18) деп айтылган. Уяттын карама-каршы жагы – урмат. Оңдоодон баш тартуу менен силер уятсыздыкты чакырасыңар; өз жыргалынан жана ырахатынан артык чындыкты сүйүү урмат-сыйды тартат.

Мунун баары төмөндөгүлөргө байланыштуу: «Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу, байлык, атак-даңк (англисче - урмат) жана өмүр келет» (Накыл сөздөр 22:4). Эгер такыбаалыкты издесеңер, Кудай силерге урмат көрсөтүүнү убада кылат. Ал дароо келбеши мүмкүн, бирок сөзсүз келет. Жыйырма беш жылдан ашык убакыттан бери кызмат кылып жүрүп, мен адамдардын Кудайдын баталары менен жашап жатканын көрдүм. Алардын айрымдарына кээде ишенимдүүлүгү үчүн сыйлык берилбечүдөй сезилген, бирок чыдамкайлык аркылуу акыры тирүү Кудайдын улуу урматын жана батасын көрүшкөн.

## Урматты сактоо

Урмат менен жашоону улантуу үчүн, биз рухта момун болушубуз керек. Кудай бизге канчалык батасын берсе дагы, бизге берилбеген эч нерсебиз жок экенин унутпашыбыз керек. Лиза экөөбүз кызматыбызды жаңы баштаганда эч нерсебиз жок болчу, бизди эч ким чакырган жок. Биз өмүрүбүздү толугу менен Теңир бизге ачып бере турган нерселерге арнайлы деп чечтик. Анын көптөгөн жылдар бою биздин муктаждыктарыбызды канааттандыргандыгын көргөндөн кийин, кээде эң акыркы учурда, Теңир мага сыйынууда айтчу: «Уулум, мен сага, сенин үй-бүлөңө жана кызматыңа сенин кыялыңдан тышкары бата бере баштайм. Сенде толук камсыздоо болот, сенин кызматың бир топ таасирлүү болуп калат. Бирок, мында сен үчүн сыноо да болот. Кургакчылык маалында сен Мага бардык нерседе ишенгенсиң: эмне айтарыңды, акчаны кайда жумшашың керектигин, кайда барыш керектигиң ж.б.у.с. Мен сага көбүрөөк батамды бергенимде, сен өзүңдүн оюңду сүйлөй баштайсыңбы же эмне деп айтууну Менден издей бересиңби? Акчаңды туш келгендей

корото бересиңби же Менден кеңеш сурайсыңбы? Эмне кылуу керектигин жана эмне кылбоо керектигин билүү үчүн Мени издейсиңби? Өзүңдүн кайдан баштаганыңды эстейсиңби?»

**Анан Ал сөзүн улады**: «**Уулум**, жыгылгандардын көбү кургакчылык маалында эмес, молчулук убагында жыгылган». Үйгө бара жатканым эсимде (үйүбүздөн алыс эмес болчумун) укканымды аялыма айтып бердим. Ал мени сергек карап, мындай деди: «Джон, эгер сен мага Кудай бизге кандай батасын берери жөнүндө биринчи бөлүгүн айтып берсең, мен анда азыр бактылуулуктан бийлейт элем, бирок эскертүүнү уккандан кийин мага ыйык коркунуч кирди».

## Мен ага макул болуп баш ийкедим.

Пабыл өмүр бою өзүн «апостолдордун эң кичинеси», «бардык ыйыктардын эң кичинеси» жана «күнөөкөрлөрдүн биринчиси» деп эсептеген. Ал кайдан келгенин жана бул түбөлүктүү чындыкты: анда болгондун бардыгын ага Теңир бергенин унуткан жок. Ошол себептүү ал мындай деп жазган: «Ким сени башкалардан жогору эсептеп жатат? Бардыгын Кудайдан алган жок белең? Эгерде бардыгын Андан алган болсоң, анда эмне үчүн албагансып мактанып жатасың?» (1 Кор. 4:7). Качан биз Кудайдын алдында момундукта жашай турган болсок, анда эмненин үстүнөн эмгектенген болсок, аны жоготуп койбойбуз. Бул китепте биз караган Ыйык Жазуудагы биринчи аятты эстегиле: «Эмгегибиз текке кетпей, сыйлыгыбызды толук алышыбыз үчүн, өзүңөргө сак болгула» (2 Жакан 8). Эмгегибиздин үзүрүн сактап калууга жардам берүү үчүн бизге насаат берилет: “Адамдын текебердиги аны басынтат, ал эми руху момун адам урматка ээ болот*” Накыл сөздөр 29:23 (автордун басымы).

Сактоо деген сөзгө көңүл бурсаңар. Эгерде биз Теңирден коркуп жашап, чыныгы момундукта жүрсөк, урмат-сыйыбызды бекемдейбиз жана арттырабыз. Ыйса силерди бошоткон өлүмдүн канчалык зор болгонун эч качан унутпагыла. Ошондой эле, Анын сүйүүсүн унутпагыла жана силер менен байланышта болгон ар бир адамды баалагыла. Ошентип, Ал Өз өмүрүн берүү менен аларды урматтагандай эле, силер да аларды сыйлагыла. Ошондо сый-урматка ээ болосуңар, сыйлык аласыңар, жана алганыңарды сактайсыңар.

* Ыйык Китептин англисче котормосунда: сактайт. - болжолдуу котормо.

# КОРУТУНДУ

Чыныгы урмат-сый биздин жүрөгүбүздөн чыгаарын көп жолу баса белгилегенбиз. Жүрөгүбүздү өзгөртүүнүн эң эффективдүү жолдорунун бири – чын жүрөктөн сыйынуу. Мен силерди күн сайын Кудайдын сүйүүсү, ыйык коркунуч жана жүрөгүңөрдөгү урмат-сый үчүн сыйынууга чакырам. Мен силердин жашооңордо жемишин бере турган кабарды эмес, бирок – Теңир силердин жүрөгүңөргө Ал силердин жашооңордо жолуктурган адамдарга карата чыныгы урмат-сый көрсөтүүнү салсын деген сыйынуу менен бул китепти бүтүргүм келет. Эгерде силер урматка карата кайдыгер болгон болсоңор, мен сыйынууну тообо кылуу менен баштайм.

Келгиле**,** чогуу сыйыналы**:**

*Асмандагы Атаке, бул китеп аркылуу мага айткан сөздөрүң үчүн ырахмат. Мен Сага келем жана эң оболу Сенден кечирим сурайм. Менин өмүрүмө Сен жиберген адамдарга көңүл бурбай койгонум үчүн кечире көр. Менин үстүмдө тургандарга карата  кайдыгерлигим жана сыйлабастыгым үчүн кечире көр, менин даражамдагыларды жана менин бийлигимдин астындагыларды сыйлабаганым үчүн, акырында мен өз өмүрүмдө жолуккан бардык эркектерди жана аялдарды урматтабаганым үчүн кечир. Мени Ыйса Машаяктын каны менен тазалооңду суранам, анткени мен адамдарга карата сезимтал болбогондугум үчүн өкүнөм.*

*Менин жүрөгүмдү жана жан дүйнөмдү чыныгы сый-урматка толтурууңду суранам. Жүрөгүмө Теңирден коркуу жана Кудайдык сүйүү төгүлүшүн каалайм. Сенин жүрөгүң адамдардын маанилүү, сүйүктүү, урмат-сыйлуу жана кадыр-барктуу болушун канчалык кааласа, менин да жүрөгүмдү ошондой жарык кылып жандырууңду Сенден суранам. Мен ишеним менен сурайм жана аны азыр эле алам. Мен Ыйсанын атынан сыйынып жатам. Оомийин.*

Бул сөздөр менен күн сайын сыйынып, Кудайдын Сөзүнө баш ийүү менен жүргүлө жана өзүңөрдүн Асман Падышачылыгынын улуу кабарчысына айланганыңарды көрөсүңөр. Сыйлыгыңар чоң болот, жүрөгүңөр толуп, кубанычты баштан кечиресиңер. Падышага болгон сүйүүңөр жана кызматыңар үчүн ырахмат.

Кылымдар мурун жана азыр, түбөлүктөн түбөлүккө даңк, улуулук, кубат жана бийлик силерди жыгылуудан сактай ала турган, Өзүнүн даңкынын алдында кемчиликсиз кылып, кубанычыңарды сактап тура ала турган, биздин Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу Куткаруучубуз болгон жалгыз, акылман Кудайыбыздыкы! Оомийин.

- Жүйүт 1:24, 25

## Колдонмо

# Куткаруу, баарына жеткиликтүү

“Эгерде сен өз оозуң менен Ыйсаны Теңирим деп ачык таанысаң, Кудайдын Аны өлгөндөрдүн арасынан тирилткенине чын жүрөгүң менен ишенсең, анда куткарыласың, Себеби, адам чын жүрөгү менен ишенүү аркылуу акталат, оозу менен ачык таануу аркылуу куткарылат».

– Римдиктер 10:9, 10

Кудай силердин бактылуу өмүр сүрүшүңөрдү каалайт. Ал силерди чын жүрөктөн сүйөт жана жашооңордун планы бар. Бирок, өз тагдырына жетүү жолун тандоонун бир гана жолу бар - Кудайдын Уулу Ыйса Машайак аркылуу куткарылууну кабыл алуу.

Ыйсанын өлүмү жана тирилүүсү аркылуу Кудай, сүйүктүү уулу же кызы үчүн, Падышачылыгына жол ачты. Машаяктын айкаш жыгачтагы курмандыгы аркылуу түбөлүк мол жашоо силерге жеткиликтүү болот. Куткарылуу - бул Кудайдын силерге берген белеги жана аны иштеп тапканга дагы, сыйлык катары алганга дагы мүмкүн эмес.

Бул баалуу белекти алуу үчүн, өзүңөрдүн өмүрүңөрдүн Жаратуучусунан көз карандысыз жашагандыгыңар үчүн күнөөңөрдү моюнга алышыңар керек (анткени бул качандыр бир убакта силер жасаган бардык күнөөлөрдүн тамыры). Өкүнүү - куткарылуунун маанилүү бөлүгү. Петир муну Элчилер китебинде беш миң адам куткарылган күнү ачык айткан: «Күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн, тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла» (Элчилер 3:19). Ыйык

Жазууда ар бирибиз күнөөнүн кулу болуп төрөлгөнүбүз айтылат. Бул кулчулук Адам атанын күнөөсүнөн келип чыккан, ал өз эрки менен баш ийбөөнү баштаган. Тобо кылуу - бул өзүңөргө жана жалганчылыктын атасы шайтанга баш ийүүнү токтотуу дегенди билдирет жана мындан ары силер үчүн өмүрүн берген жаңы Кожоюнуңар - Ыйса Машаякка баш иесиңер.

Силер өзүңөрдү Машаякка баш ийдирип, Аны өз Кожоюнуңар кылып, Ага өзүңөргө жана колуңардагы бардык нерселерге өзүңөрдүн жашооңордо бийлик беришиңер керек (Ага рухуңарды, жаныңарды жана денеңерди багынткыла). Анын силердин жашооңордогу күчү абсолюттук болуп калат. Муну жасаганда, Кудай силерди караңгылыктан бошотуп, Өзүнүн Падышачылыгынын жарыгына жана даңкына жеткирет. Өлүмдөн өмүргө өтүп, Анын баласы болосуңар!

Эгерде силер Ыйса аркылуу куткарылууну кааласаңар, анда мындай деп сыйынгыла:

> *«Асмандагы Кудай, мен күнөөкөр экенимди жана Сенин адилдигиңдин ченемдерине ылайык жашай албайм деп мойнума алам. Күнөөлөрүм үчүн мен түбөлүк жазага татыктуумун. Мени ушул абалда калтырбаганыңа ырахмат, анткени Сен кыз Мариямдан төрөлгөн жалгыз Уулуң Ыйса Машаякты мен үчүн өлүп, менин жазамды айкаш жыгачка тартуу үчүн жибердиң деп ишенем. Үчүнчү күнү Ал тирилип, эми Сенин оң жагыңда деп ишенем. Ал менин Теңирим жана Куткаруучум. Ушул күнү*
>
> *Мен Сенден көз карандысыз болгонума өкүнөм жана өз өмүрүмдү Теңирибиз Ыйсага толугу менен берем.*

Ыйса, *мен Сени* Теңирим жана Куткаруучум деп кабыл алам. Менин жашоомо Рухуң менен келип, мени Кудайдын баласы кылып өзгөрт. *Мен* ушул кезге чейин болгон караңгылыктан баш тартам жана ушул күндөн баштап мен эми өзүм үчүн жашабайм, *бирок, Сенин* ырайымың менен мен Сен үчүн жашайм, анткени мен түбөлүк жашай алышым үчүн, *Сен* Өзүңдү бердиң.

Ырахмат Теңир, *Сага. Эми* менин жашоом Сенин колуңда, *Сенин* Сөзүң айтканда, *мен* уялбайм. Ыйсанын аты менен, оомийин.

Үй-бүлөгө кош келдиңер! Мен силерди жаңы эле болуп өткөн окуяны башка ишенгендерге айтып берүүгө чакырам. Ыйык Жазууга ишенген жергиликтүү жыйынга бара баштоо жана силерди ишеним менен бекемдөөгө даяр болгон ишенимдештер менен пикир алышуу маанилүү.

Силер эң бир укмуштуу сапарды баштадыңар. Ылайым Кудай силерге Аны менен болгон достукта күн сайын аян, ырайым жана достук менен өсүп-өнүгүүнү насип кылсын!

# КРИПТОНИТТИ ЖОК КЫЛУУ

*Сиздин күчүңүздү уурдап жаткан нерсени кантип зыянсыздандырса болот*




Кандай гана тоскоолдуктарды болбосун жеңип, бардык душмандарын талкалаган Супермен сыяктуу, Машаяктын жолдоочулары өз жолундагы бардык кыйынчылыктарды жеңүү үчүн табияттан тыш жөндөмгө ээ. Бирок, бизде Супермендики сыяктуу бир көйгөй бар – ал биздин күчүбүздү уурдап жаткан криптонит. Албетте, Супермен менен криптонит – бул фантазиянын жемиши. Бирок, руханий криптонит чындыгында эле бар.
Бул китептен сиз, эмне үчүн көптөрүбүз биринчи кылымдагы машайакчылар эч кандай шектенүүсүз ээ болгон Кудайдын күчүнөн куру калдык деген суроого жооп таба аласыз. Джон Бивердин «Криптонитти жок кылуу» аттуу китебинде руханий криптонит деген эмне экендигин, ал биздин коомго эмнеси менен коркунуч туударарын жана анын туткунунан кантип бошонуу керектиги айтылат.

Бул китеп жүрөктөрү алсыз адамдар үчүн эмес, эмнеси болсо да, таттууну жакшы көргөндөр үчүн кубаныч эмес. Бул Машаяктын жолдоочуларынын ар бири үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды башынан өткөрсө да, бирок сыйлык жана өзгөрүү жолун убада кылган олуттуу чындык.

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# ЫЙЫК РУХ: КИРИШҮҮ

*Силер Ал жөнүндө билесиңер – бирок,*
*Аны билесиңерби?*




Шакирттер үч жыл бою Ыйса менен болушкан, Аны менен жүрүшкөн жана Ал айткандын баарын угушкан. Анан ошого карабастан, Ыйса Өзүнүн жакын досторуна, Ыйык Рух келиши үчүн, Ал аларды таштап кетээрин жана мындан аларга жакшы гана болоорун айткан (Жакан 16:7, 13-14). Эгерде андай болгону күн сайын Ыйса менен убакыт өткөргөн шакирттери үчүн жакшы боло турган болсо, анда бүгүнкү күндө биз өз жашообузда Ыйык Рухтун активдүү болушуна канчалык муктажбыз?

Көптөгөн адамдар Ал ким жана Ал Өзүн кантип көрсөтөрлүгүн билбегендик менен, көбүнчө Ыйык Рухту туура эмес түшүнүп калышкандыгы абдан кейиштүү.

Ыйык Рух көбүнчө «кызыктай» бир нерсе катары көрсөтүлөт. Бирок, Библия Ыйык Рух – бул эмнедир бир нерсе эмес экендигин ачык айтат. Ал Кимдир-бирөө, Ал Инсан, Ал эч качан бизди таштабайм деп убада берген. Бул интерактивдүү китепте Джон Бивер сизди Жыйындагы эң көп көңүлгө алынбаган жана туура эмес түшүнүлгөн Инсанды: Ыйык Рухту сизге жеке өзүңүз ачылыш жасашыңызга чакырат.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# КУДАЙ, СЕН КАЙДАСЫҢ?!

*Өз чөлүңөрдү күч жана максатка айландыргыла*




Балким, сиз мурун Кудайдын үнүн уккандырсыз, бирок, эми сизге Ал унчукпагандай сезилип жаткандыр. Балким, сиз ишеним менен жүргөнсүз, бирок, азыр Анын катышуусун таба албай жатасыз. Кудайдын убадасын алуу менен аны аткаруунун ортосундагы жерге - чөлгө кош келиңиз.

Бирок, жакшы жаңылык - чөл бул, максатсыз жана бош жер эмес. Аны туура басып өтсөңүз, Кудай аны сиздин чакырылуу максатыңызга даярдануу жана жабдуу үчүн колдонот. Башкалардын оюу кандай болбосун, биз бул сезонду Кудайды күтүү менен эле өткөрбөйбүз. Аны өткөрүп берүүдө сиз өзүңүздүн ролуңузду ойношуңуз керек жана сиздин ролуңуз маанилүү. Эгер убактыңызды текке кетирип, тегеренип жүрө берүүнү каалабасаңыз, анда чөл эмне экендигин билүү маанилүү.

Бул ачылыштарга толгон китепте, бестселлерлерди жазуучу Джон Бивер сизди Ыйык Китептин негизги билимдери жана маңыздуу окуялар менен камсыз кылып, жашоонун оор жана кургак мезгилдеринен өтүп баратканда, Кудай сиз үчүн камдап койгон нерселерге толугу менен кирүүгө кадам таштоого жардам берет.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# ТҮБӨЛҮКТҮҮЛҮККӨ ЖЕТЕКТЕЛГЕНДЕР

*Бүгүнкү күндө жана бүтүндөй түбөлүктүүлүктө мааниге ээ жашоо*




Күндөрдүн биринде сиз Кудайдын алдында туруп, Ага өз жашооңуз үчүн отчет бересиз. Азыр өзүңүзгө бере турган эң маанилүү суроо – сиз даяр боло аласызбы?

Көпчүлүк машайакчылар алардын айкаш жыгачка берген жооптору, алар түбөлүгүн кайда өткөрөрүн аныктарын билишет. Бирок, түбөлүк жашоону кандайча өткөрөрүңүз, жашоодо жасаган ишиңиз менен аныктала тургандыгы сизге белгилүүбү?

Кудай сиздин чакырылууңузду билишиңизди каалайт; Ал сизди билбестикте кармоого аракеттенбейт. Анын үстүнө, Ал сиздин жердеги жашооңуздун себептерин түшүнүп, маани-маңызын табууңузду эңсейт.

Акыркы демден кийин жөн эле бара турган жер аныкталбайт, түбөлүктүү жашоо болот. Абдан кеч болуп калгычакты күтпөңүз. Кудай берген тагдырыңызды билип жана жер бетинде, түбөлүктө жашоо чоң мааниге ээ болушу үчүн жашаңыз.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# ШАЙТАНДЫН ТУЗАГЫ

*Шайтандын өлтүрө турган тузагынан эркиндиктеги жашоо*




“Шайтандын тузагы” биздин жаныбыздын душманы болгон шайтандын ишенгендерди Кудайдын эркин аткаруудан алыстатуу үчүн колдонгон эң бир митайым тузактарынын бирин ачыкка чыгарат, ал: азгырык. Көпчүлүк адамдар бул тузакка түшүп калышкан жана андан шектенип да коюшпайт.

Алданбагыла! Машаяк: «Азгырыктар келбей койбойт», - деп айткан (Лука 17:1). Силер алданып калууну же алданып калбоону тандай албайсыңар, бирок буга кантип жооп берүүнү чече аласыңар. Азгырыктарга туура жооп берсеңер, капа болбой, күчтүү болосуңар. Туура реакция гана силерге Кудай менен тоскоолдуксуз мамиледе болууга мүмкүнчүлүк берет.

Бул кабар аркылуу Джон Бивер силерге кантип Кудайдын эркине берилген бойдон калууну жана шектенүү менен ишенбөөчүлүктөн кантип арылууну үйрөтөт. Силер курмандыкка кабылган ойдон оолак болуп, апыртылган көйгөйлөрдүн жана нааразычылыктардын жүгүн албай жашай аласыңар. Качан силер Кудайга баш ийүүнүн эң жогорку деңгээлине жеткениңерде, жашооңор кечиримдүүлүккө, жарашууга жана тынымсыз кубанычка толот.

**MessengerX.com** сайтында жеткиликтүү

# X: КУДАЙ БЕРГЕН ПОТЕНЦИАЛЫҢАРДЫ КӨБӨЙТКҮЛӨ




Өзүңүздү качандыр бир кезде Кудайдын Падышалыгын байкоочу катары сездиңиз беле? Балким, сиз бир нерсе кылуу керектигин билишиңиз мүмкүн, бирок анын так эмне экендигин толугу менен түшүнө албайсыз. Көпчүлүгүбүз өз жашообуз менен чоң таасир тийгизгибиз келет, бирок, мүмкүн сизде жоопсуз суроолоруңуз болушу мүмкүн, мисалы:

- Мен өз өмүрүм үчүн Кудайдын эркин колдон чыгарып жиберип жатпаганымды кантип биле алам?
- Менин өзгөчө жөндөмдүүлүктөрүм Кудайдын Падышачылыгын курууда кандай ролду ойнойт?
- Кудай мага берген потенциалды колдонуп жатканыма кантип ишенсем болот?
- Эгерде мен «кызматта» болбосом, менин чакырылгандыгым азыраак маанилүү болуп калабы?
- Кантип биз Кудайдын ырайымында тынчтанып жана Анын Падышачылыгы үчүн иш алып барууда тең салмактуулукту сактай алабыз?
- Белгисиздикке жана тобокелдикке карабастан, кантип коркунучту жок кылып, алдыга жылуу керек?

Өзүңөрдүн чакырылгандыгыңар жөнүндө башкача ой жүгүртүп, түшүнүүңөр үчүн жана ал эмнеликтен Кудай үчүн ушунчалык маанилүү экендигин түшүнүүңөргө силерге жардам берүү үчүн автор Джон Бивер бул кыраакы китепте Ыйык Китепти кенен-кесири изилдөөгө негизделген жана ишенимдүү окуяларды колдонгон. Бул китептин беттеринен Кудайдан берилген жөндөмдөрдү кантип көбөйтүүнү жана потенциалыңарды пайдаланууну үйрөнөсүңөр!

**MessengerX.com** X сайтында жеткиликтүү

# MessengerX

*Шакиртчиликке карай жол ар бир адам үчүн жана бардык жерде*




- **115 дон ашыгыраак тилде бекер**
- Онлайн жана тиркеме катары жеткиликтүү
- Материалдар силердин рухий өсүүңөр үчүн арналган
- Өз таржымалыңарды жана шакиртичилик жолуңарды аңдагыла



Окуп үйрөнүү үчүн Messenger программасынын толук китепканасын - электрондук китептерди, видео жана аудио окууларды, аудиокитептерди, Ыйык Жазууларды алыңыз... Бардык түзмөктөрүңүздө көрүп, окуп жана угуңуз.




**MessengerX.com**

Download on the App Store

GET IT ON Google Play

App Store жана Google Play аркылуу дүйнө жүзү боюнча жеткиликтүү

**«Джон Бивер Ыйык Китептин текстин кылдат изилдей турган сейрек талантка ээ. Окурмандар анын жаңы жана кыраакы байкоолоруна таң калышат."**

*— USA ПАБЛИШЕРС УИКЛИ*

Эч бир машайакчы Кудайды чектегиси келбейт, бирок көбүбүз билип туруп жашообуздагы Анын иш-аракеттерин чектеп, өтө маанилүү рухий принципти: Урмат-сыйды этибарга албайбыз

Урмат – бул биздин маданиятыбызда көбүнесе жоголуп кеткен түшүнүк; бирок, бул китептин барактарында силер көрө тургандай, бул нерсе биздин жашообуздун бардык тармагында Кудайдын Падышачылыгын бошотуу үчүн негиз болуп саналат.

«Урмат-сый үчүн сыйлык» китебинде, бестселлерлердин автору Джон Бивер сый-урматка чакырыкты кабыл алуу менен, силер Кудайдын баалуулуктар системасына баш ийип, Ал силер үчүн аныктаган нерселердин бардыгын ала баштаарыңарды айтат.

Ыйык Китептеги терең принциптерди аларды иш жүзүндө көрсөткөн таасирдүү окуялар менен айкалыштыруу аркылуу, бул китеп силерге ушул унутулуп калган жакшылыкка жаңы көз караш жана андан да маанилүүсү, аны жашооңордун бардык тармагына киргизүү каалоосун берет.



**ДЖОН БИВЕР**— эл аралык насаатчы жана бестселлерлердин автору, ал Кудайдын Сөзүнө карата ымырасыз (компромиссиз) мамилеси менен белгилүү. Джон жана анын жубайы Лиза, биздин дүйнөнү өзгөртүп жаткан, Машаяктын артынан компромиссиз бара турган Анын жолдоочуларын көтөрүүгө арналган «Мессенджер Интернэшнл» кызматынын негиздөөчүлөрү болуп саналат. Джон Колорадодо үйүндө болгондо төрт уулу менен үстөлдөгү карта оюндарын ойнойт же Лизаны өзү менен гольф ойногонго көндүрүүгө аракет кылат.

Акысыз жүктөп алуу жана агымдык видеолор үчүн, **MessengerX.com** сайтына кириңиз

MessengerX

MESSENGER INTERNATIONAL
MessengerInternational.org

Бул китеп – автордун белеги
Жана САТУУГА БОЛБОЙТ

Көптү билгиңиз келеби?
Бул жерден сканироват этиңиз: